Б. Исаков

КЫРГЫЗ ТИЛИ

7-9

ENE TILIBIS

БЕКТУР ИСАКОВ

КЫРГЫЗ ТИЛИ

VII–IX класстары үчүн окуу китеби

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен

Толукталып, экинчи басылышы

Бишкек – 2012
«Билим-компьютер»

БИБЛИОТЕКА
СШ № 32
г. Бишкек

ББК 81. 2 Ки я721
УДК 373.167.1
И – 85

Биринчи басылышы 2003-жылы чыккан.

Исаков Б.
И 85 Кыргыз тили: VII–IX кл. үчүн. 2-бас. – Б.: Билим-компьютер, 2012. – 352 б.
ISBN 978–9967–452–27–5

Бул окуу китеби толукталып, «Кыргыз тили» сабагы боюнча базалык билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына, эне тилин сапаттуу жана натыйжалуу окутуунун сыналган тажрыйбаларына, педагогикалык жана практикалык өбөлгөлөрүнө таянылып түзүлдү. Окуучулар үчүн колдонмо иретинде да пайдаланышын камсыз кылуучу төмөнкү иштер берилди:

1) мукамы менен шар жана жеткиликтүү сүйлөө каражаттары;

2) бир нече класстагы билим уңгуларын бириктире кармоого мүмкүндүк берген, 18 топтомдон турган тил таанымы боюнча «Серектин сыр сандыгы»;

3) жазуу эрежелерин сабаттуу жазууга кызмат кылган, кештелерден турган «Сабат санжырасы» топтому;

4) дилбаян жазуу боюнча үлгүлөр.

И 4306020200-12

ББК 81. 2 Ки я721
УДК 373.167.1

© Исаков Б., 2012
© КР ББИМ, 2012
© КББИ, «Педагогика», 2003
© «Билим-компьютер», 2012

ISBN 978–9967–452–27–5

БЕТ АЧАР

Билим – бул келечекке көпүрө.
Үмөт Молдо

УРМАТТУУ ОКУУЧУМ!

Бул окуу китеби сага ак көрпө жайыл кызмат көрсөтөт, билимиңе өбөк, жөндөмүңө жөлөк болот жана төмөнкү төрт багытты туу тутат. Алар:

1) кыргыз тилинин нечен кылымдап калыптанган байлыгын үйрөтүү;

2) тилдин грамматикасын мектептик көлөмдө окутуу;

3) орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукка текши жеткирүү;

4) дилбаян жазууга көнүктүрүү.

Бирок ошол төрт багыттын ар бири ич ара эки бөлүктөн куралган. Маселен, тил байлыгы – аны үйрөнүүдөн жана колдоно билүүдөн, сабаттуулук эрежеден жана жат жазуудан, тил илими – урунттуу эрежелерден жана грамматикалык талдоолордон, дилбаян – чыгармачылык менен жазуудан жана талкуулоодон. Айталы, «Кеп куржунга» кирген «Санат сөз», «Илхам кеп», «Сөз берметтери», «Макал» топтому», «Чечендик жана сын сөз» топтому, «Мээр сөз» эң оболу үйрөтүлөт, анан ал сүйлөп жана жазып машыгуу иштери менен милдеттүү түрдө коштолот. Ошентип, жогорку төрт багыт класстан класска көчкөндө да сени ээрчип жүрөт, топтоштурулат, кайталанат, колдонулат.

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ

§ 1. ФОНЕТИКАЛЫК ТАЛДОО

Кебибиздеги тыбыштар бардык
башка тыбыштар сыяктуу
айланадагы абанын кыймылынын
дирилдөөсү болуп саналат.
Т. К. Акматов

Акыл Карачач. Силер V класста фонетиканы окугансыңар. Эми ошол билим көрөңгөңөр эмне болду? Эсте түгөл сакталдыбы? Же таптаза унутулдубу? Келгиле, мындай кылалы. Төмөнкү көнүгүүлөрдү оозеки иштөө менен өзүңдү өзүң текшер.

1-көнүгүү. Адегенде үндүү тыбыштарды, анан үнсүз тыбыштарды тап.

Алда кайдан кебез тартып келаткан
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып (*Алыкул*).

2-көнүгүү. Кең жана кууш үндүүлөрдү тап.

Ала-Тоо, Ысык-Көлдүн сыры терең,
Теренден термелсе күү угар белең (*Жусуп*).

3-көнүгүү. Жоон жана ичке үндүүлөрдү тап.

Санап-санап, эсептесем өмүрдү,
Өткөн өмүр балдан ширин көрүндү (*Жоомарт*).

4-көнүгүү. Ачык (эринсиз) жана эринчил үндүүлөрдү тап.

Туландан ыргып чыга албайт
Эликтин эрке баласы.
Кандай сонун,
Карачы, досум, карачы! (*Аалы*).

5-көнүгүү. Каткалаң, жумшак жана уян үнсүздөрдү ажыратып айтып бер.

Өзгөрүлөр, далай заман алмашар,
Далай чыгып, далай кайра күн батар (*Мукай*).

Чыпалак. Жогорудагы мисалдарды оозеки талдоодо өзүңдүн чамачаркыңды байкадың. Көрөңгөң канчалык экенин да билдиң. Бирок билгениң да, билбегениң да ичиңде болсун. Сыр ачпай коё тур.

Көрөгөч Маамыт. Мен сага азыр фонетикалык талдоо боюнча багыт берем. Ушул окуу китебинин этегинде VII – IX класстын окуучуларына арналган «Серектин сыр сандыгы» деген бөлүм бар, ошонун ичинен «Тыбыш топтому» дегенди тапсаң, ал унутканыңды эсиңе түшүрүп, чала билгениңди бышыктайт. Ошондон соң талдоодо ташыркабайсың.

6-көнүгүү. Жумшак үнсүздөрдү тап.

Качан жүрөк кагышынан танганда,
Бир тартылып өтүп кетер элесиң (*Мидин*).

7-көнүгүү. Жарылма үнсүздөрдү, андан соң уччул үнсүздөрдү тап.

Жел ырын желге шыбырап,
Желеде кулун тыбырап,
Кыянын баары кой-эчки
Куюлган кумдай шыгырап (*Сүйүнбай*).

8-көнүгүү. Я, Ю, Ё, Е, Ь,Ъ, Щ, Ц тамгалары катышкан сөздөрдү талда.

Гимназия, юмор, юрист, боёк, ниет, люлька, съезд, М. С. Щепкин – орус актёру, лагерь, цинк, цирк.

9-көнүгүү. Үндүү тыбыштар боюнча фонетикалык талдоо жүргүз. Кең жана кууш, жоон жана ичке, эринчил жана ачык үндүүлөрдү аныкта.

Теребелге кар оор түшкөн. Эки күн мурда албууттанган табигаттын өрттөй алоолонгон борошосу уйгу-туйгу салып өтүп, Ысык-Көлдүн кыркаар бөксөсүн башынан-аягына күрткү уруп, үстүн сапырылган тозоң менен үйлөп салды (*Ч. Айтматов*).

10-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды жасалуу орду боюнча оозеки талда.

Кыргыз элинин маданияты – миңдеген жылдардан бери карай түптөнүп, калыптанып келе жаткан маданият. Ошон үчүн ал дүйнөгө «Манасты», Калыгулдай олуяны, Токтогулдай ырчыны, Карамолдодой комузчуну, Чыңгыздай залкар жазуучуну жаратты (*А. Акаев*).

11-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды жасалуу ыгы боюнча оозеки талда.

Сен эми билекти түрүнүп, өз турмушунда бурулуш жаса. Күндөлүк турмушундун бир калыпта кылдыраган көндүм агымын өзгөрт. Өзүндүн жалкоолугуна, кенебестигине, жандын тынчын жакшы көрүүчүлүгүнө, чечкинсиздигине каршы аёосуз түрдө күрөш ач. Өзүндү өзүң башкара билүүгө өжөрлүк менен талаптанып, алдыңа бир айдындуу максат коюп, аны ишке ашырууга шымаланып кириш (*С. Байгазиев*).

12-көнүгүү. Ар бир сөздө канча тыбыш, канча тамга бар экендигин аныкта.

Кыргоол, буудай, жайлоо, суусар, төөнө, күүгүм, чаарчык, ачуулуу, жылбырска, жылаажын, жуушан, сөөлжан, караандуу, тоолуу, куюн, даярдан, сыяктуу, январь, юбилей, тыюу, боёо, энкеет, расписание, кыяктуу, ёлка, пьеса, рояль, адъютант, уюткулуу, Ньютон, кыргыек, жантаюу, плащ, щётка, центнер, офицер, абзац.

Үлгү: **ёлка** – 4 тамга, 5 тыбыш.

13-көнүгүү. Бир сөзүн да калтырбай текши фонетикалык талдоо жүргүз.

Кыштын кыска күнүндө тоонун күнгөй беттери аз убакка жылымта тартып, наристенин тыноосундай үлпүл мемирей түштү эле, көп узабай күн ырайы кайра бузулду, капилеттен өзгөрдү – мөңгүдөн ызгаар уруп, аюудай жылган эрте күүгүм кокту-колотту мелт-калт толтура жойлоп келатты, өзү менен кошо ал түндө түшөр көзгө көрүнбөгөн боз мунарык аязын ала келатты *(Ч. Айтматов)*.

Үлгү: **боз** – 3 тамга, 3 тыбыш.

б – кош эринчил, жарылма, түгөйлүү, жумшак үнсүз тыбыш, **о** – кыска, кең, жоон, эринчил үндүү тыбыш, **з** – уччул, жылчыкчыл, сызылма, түгөйлүү үнсүз тыбыш.

14-көнүгүү. Удаалаш талдоо жүргүзгүлө. Парта боюнча.

Мисалы, **көп** деген сөздөн биринчи окуучу **к**, экинчиси **ө**, үчүнчүсү **п** тыбышын талдайт. Калганы да ушундайча уланып кете берет.

Көп сүйлөбө, а көрөкчө так сүйлө,
Түмөн сөздүн оң мааниси бир сөздө.

Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү, өлбөйт ал.

Адамзатты эки сапат багыттайт –
Чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт.

Билим ал, менден калар алтын, күмүш,
Аларды сөзгө болбойт теңештириш.

Күмүштү ишке салсаң бүтүп калат,
Сөзүмдү ишке салсаң күмүш табат.

Ж. Баласагын

Көрөгөч Маамыт. Мен сага азыр фонетикалык талдоо боюнча багыт берем. Ушул окуу китебинин этегинде VII – IX класстын окуучуларына арналган «Серектин сыр сандыгы» деген бөлүм бар, ошонун ичинен «Тыбыш топтому» дегенди тапсаң, ал унутканыңды эсиңе түшүрүп, чала билгениңди бышыктайт. Ошондон соң талдоодо ташыркабайсың.

6-көнүгүү. Жумшак үнсүздөрдү тап.

Качан жүрөк кагышынан танганда,
Бир тартылып өтүп кетер элесиң (*Мидин*).

7-көнүгүү. Жарылма үнсүздөрдү, андан соң уччул үнсүздөрдү тап.

Жел ырын желге шыбырап,
Желеде кулун тыбырап,
Кыянын баары кой-эчки
Куюлган кумдай шыгырап (*Сүйүнбай*).

8-көнүгүү. Я, Ю, Ё, Е, Ь,Ъ, Щ, Ц тамгалары катышкан сөздөрдү талда.

Гимназия, юмор, юрист, боёк, ниет, люлька, съезд, М. С. Щепкин – орус актёру, лагерь, цинк, цирк.

9-көнүгүү. Үндүү тыбыштар боюнча фонетикалык талдоо жүргүз. Кең жана кууш, жоон жана ичке, эринчил жана ачык үндүүлөрдү аныкта.

Теребелге кар оор түшкөн. Эки күн мурда албууттанган табигаттын өрттөй алоолонгон борошосу уйгу-туйгу салып өтүп, Ысык-Көлдүн кыркаар бөксөсүн башынан-аягына күрткү уруп, үстүн сапырылган тозоң менен үйлөп салды (*Ч. Айтматов*).

10-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды жасалуу орду боюнча оозеки талда.

Кыргыз элинин маданияты – миңдеген жылдардан бери карай түптөнүп, калыптанып келе жаткан маданият. Ошон үчүн ал дүйнөгө «Манасты», Калыгулдай олуяны, Токтогулдай ырчыны, Карамолдодой комузчуну, Чыңгыздай залкар жазуучуну жаратты (*А. Акаев*).

11-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды жасалуу ыгы боюнча оозеки талда.

Сен эми билекти түрүнүп, өз турмушунда бурулуш жаса. Күндөлүк турмушундун бир калыпта кылдыраган көндүм агымын өзгөрт. Өзүндүн жалкоолугуна, кенебестигиңе, жандын тынчын жакшы көрүүчүлүгүнө, чечкинсиздигиңе каршы аёосуз түрдө күрөш ач. Өзүңдү өзүң башкара билүүгө өжөрлүк менен талаптанып, алдыңа бир айдындуу максат коюп, аны ишке ашырууга шымаланып кириш (*С. Байгазиев*).

12-көнүгүү. Ар бир сөздө канча тыбыш, канча тамга бар экендигин аныкта.

Кыргоол, буудай, жайлоо, суусар, төөнө, күүгүм, чаарчык, ачуулуу, жылбырска, жылаажын, жуушан, сөөлжан, караандуу, тоолуу, куюн, даярдан, сыяктуу, январь, юбилей, тыюу, боёо, энкеет, расписание, кыяктуу, ёлка, пьеса, рояль, адъютант, уюткулуу, Ньютон, кыргыек, жантаюу, плащ, щётка, центнер, офицер, абзац.

Үлгү: **ёлка** – 4 тамга, 5 тыбыш.

13-көнүгүү. Бир сөзүн да калтырбай текши фонетикалык талдоо жүргүз.

Кыштын кыска күнүндө тоонун күнгөй беттери аз убакка жылымта тартып, наристенин тыноосундай үлпүл мемирей түштү эле, көп узабай күн ырайы кайра бузулду, капилеттен өзгөрдү – мөңгүдөн ызгаар уруп, аюудай жылган эрте күүгүм кокту-колотту мелт-калт толтура жойлоп келатты, өзү менен кошо ал түндө түшөр көзгө көрүнбөгөн боз мунарык аязын ала келатты *(Ч. Айтматов)*.

Үлгү: **боз** – 3 тамга, 3 тыбыш.

б – кош эринчил, жарылма, түгөйлүү, жумшак үнсүз тыбыш, **о** – кыска, кең, жоон, эринчил үндүү тыбыш, **з** – уччул, жылчыкчыл, сызылма, түгөйлүү үнсүз тыбыш.

14-көнүгүү. Удаалаш талдоо жүргүзгүлө. Парта боюнча.

Мисалы, **көп** деген сөздөн биринчи окуучу **к**, экинчиси **ө**, үчүнчүсү **п** тыбышын талдайт. Калганы да ушундайча уланып кете берет.

Көп сүйлөбө, а көрөкчө так сүйлө,
Түмөн сөздүн оң мааниси бир сөздө.

Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү, өлбөйт ал.

Адамзатты эки сапат багыттайт –
Чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт.

Билим ал, менден калар алтын, күмүш,
Аларды сөзгө болбойт теңештириш.

Күмүштү ишке салсаң бүтүп калат,
Сөзүмдү ишке салсаң күмүш табат.

Ж. Баласагын

15-көнүгүү. Оозеки талда.

Беш мүчөдөн бөлөкчө баш да өзгөчө,
Кыйгач бүткөн чекеге каш да өзгөчө.
Кенчиликте дос да дос, касың да дос,
Тарчылыкта кайрылган дос да өзгөчө.

Абай

§ 2. МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО

Мүчө өзү жалганган уңгу сөздүн
тыбыштык түзүлүшүнө карай
фонетикалык жагынан өзгөрүп,
бир канча варианттарга ээ болот.

С. Кудайбергенов

1. Уңгу жана мүчө боюнча талдоо

16-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Анан уңгу, мүчөлөрдүн аралыгын тик сызык менен ажырат.

Жыландар сойлоп жүрүүчүлөр түркүмүнө кирет. Жер шарында алардын 13 тукумунан тараган 2500гө жакын түрү бар. Кыргызстанда жыландардын 10 түрү кездешет. Алардын эң узуну 10 метр, эң кичинеси 8–10 см болот. Омурткаларынын саны 200гө жетет. Денеси кооз кабырчык менен капталган. Анын угуу органы таптакыр өөрчүбөгөндүктөн, жыт алуу жана сезүү органынын милдетин негизинен тили аткарат. Ал айлана-чөйрөнү чебердеп байкоо үчүн учу эки ача тилин тез-тез соймондотот. Катуу сүйлөшүү, ырдоо жыланга таасир этпейт, бирок акырын шилтенген буттун дабышы аны сактандырат. Себеби, ал денеси менен ар кандай толкундарды, термелүүлөрдү сезе билет. Жер титирөөнүн болушун алдын ала сезип, ийинден сыртка чыга баштоонун сыры да ушундан. Көпчүлүгү жумуртка тууйт, кээ бир түрү каканак сымал жумурткаңы тууру менен, андан кичинекей баласы чыгат (*«Мугалимдер газетасы»*).

Үлгү: **жылан/дар, сойло/п, жүр/үү/чү/лөр,** калганы да ушул сыяктуу.

17-көнүгүү. Адегенде уланды, анан куранды мүчөлөрдү тап.

Жылан өзү түздөн-түз адамга же айбанга кол салбайт. Кимдир бирөө аны басып алганда же кыжырына тийгенде гана чагат. Жыландын уу чыгаруучу шилекей бездери түтүкчө аркылуу үстүнкү жаактагы тиштин жоон түбүнө бириккен. Ал чакканда, уу тиштин учундагы тешикче аркы-

луу чыгат да, чактырган жаныбардын терисине куюлат жана андан канга өтөт. Чекир жылан (кобра) чакса, ал нерв системасын ууландырып, бүткүл денени кыймылдатпай шал кылат. Ал эми кара чаар жылан чакканда, кан тамырлар жарылып кетет да, кан уюп, жүрбөй токтоп калат (*«Мугалимдер газетасы»*).

Акыл Карачач. «Серектин сыр сандыгындагы» **«Мүчө топтомун»** кара, ал V – VI класста өтүлгөндөрдү эсиңе түшүрөт жана морфологиялык талдоону туура жүргүзүүгө жардам берет..

18-көнүгүү. Оошмо мүчөлөрдү тап.

Азыркы кездеги жыландын уусунан жасалган дарылар кызыл жүгүрүктү, муун ооруларын, кептөөрдү айыктырууда пайдаланылат. Ал эми жыландын терисинен сумка, портфель, бут кийим ж.б. буюмдар жасалат. Кыргыз эли да жыланды ыйык деп, ага астейдил мамиле кылышкан. Жылан үйгө кирсе, ак чачып чыгарып коюшкан. Там-ташты, короо-сарайды байырлаган жыландарды ошол жердин ээси деп эч кимди тийгизбеген. Оболу, жыланды сактоого байланышкан укмуштай сонун жомокторду чыгарышкан. Ошонусу менен бала-бакырасына таалим-тарбия беришкен (*«Мугалимдер газетасы»*).

19-көнүгүү. Мүчөлөрдү өнүмдүү, аз өнүмдүү, сенек, ээрчиме, ээрчибес, туруктуу, оошмо, сыйлыгышма, сыйлыгыштырма түрлөрү боюнча талда.

Мал + чы + лар + га, камчы + ла + н + уу, кемир + чек, от + суз, кел + иш + ти, жуу + н, таш + ырка, жат + ырка + п, алт + оо.

20-көнүгүү. Муну да 19-көнүгүүгө окшоштуруп талда.

Тиш + те + н + ди, сай + ма + л + оо + чу + лар, жибер + ил + ди, кулун + чак, кундуз + дай, кичи + рээк, жет + өө, кетмен + де + п.

21-көнүгүү. Унгуга кандай мүчөлөр улангандыгын аныкта.

1. Кеште + ле, кеште + ле + н, кеште + ле + т + үү, кеште + лүү. 2. Жакшы + лык, жакшы + лык + туу, жакшы + на, жакшы + на + кай, жакшы + р, жакшы + р + т, жакшы + р + т + уу, жакшы + р + уу. 3. Тер + де, тер + де + т, тер + дик, тер + дик + чен, тер + д + өө, тер + чил.

22-көнүгүү. Унгуга кандай мүчөлөр уланганын аныкта.

1. Бир + ик, бир + дей, бир + дей + лик, бир + деме, бир + дик, бир + дик + түү + лүк, бир + ер, бир + иг + иш, бир + иг+ иш + үү, бир + ик + тир, бир + ик + тир + үү, бир + ин + де + т.

2. Кооз + до, кооз + до + л, кооз + до + луу, кооз + до + н, кооз + д + оо, кооз + д + от, кооз + до + т + тур, кооз + до + ш, кооз + до + ш + уу, кооз + дук.

23-көнүгүү. Ээрчиме мүчөлөрдү түрү боюнча талда.

Топ + то + ш + кон + дор + го, уюм + да + ш + тыр + ыл + ган + дар + дан + сыз + дар + бы, мээнет + түү + нүн.

24-көнүгүү. 23-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

Капа + лан + ба + са + ңыз + дар, уур + д + оо + чу +лук + ка, күдүк + төө + н + үш + тү, ийил + чээк + тик + тин, иди-рек + түү + лөр + дөн.

25-көнүгүү. Удаалаш талдоо. Шарты: 1) оозеки талдоо; 2) бир сөздү бир гана окуучу талдайт; 3) партанын катары менен улам кийинки окуучу кийинки сөздү талдап кете берет.

1. Жип + тин. 2. Балык + ты. 3. Узун + дук. 4. Бүк + төө. 5. Түр + үп. 6. Туура + сы. 7. Бөл + үү. 8. Тор + ду. 9. Бийик + тик. 10. Сап + тай. 11. Кырк + кан. 12. Жер + ге. 13. Сай + ыл. 14. Уч + у. 15. Байла + н. 16. Көз + дүү. 17. Кала + ган. 18. Ар-на + мак. 19. Кекилик + тер. 20. Тап + са. 21. Чап + ыш. 22. Кел + мейинче. 23. Студент + пиз. 24. Алма + ныкы. 25. Чы-канак + тай. 26. Боз + омук. 27. Алыс + ыраак. 28. Карагай + луу. 29. Арча + лар. 30. Саят + чы.

Үлгү: **-тин** – уланды, ээрчиме, оошмо, жөндөмө мүчө.

26-көнүгүү. 25-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

1. Ылаачын + дар + дын. 2. Ителги + лер + дей. 3. Кел + е + т. 4. Жүн + дөр + ү. 5. Кол + у + нан. 6. Уч + кул + ураак. 7. Көр + үн+ гөн. 8. Шилте + ген + иң. 9. Кал + са +к. 10. Үн + дө + сө. 11. Көз + ү + нө. 12. Жул + ун + ду. 13. Жыг + ыл + мак. 14. Чүрөк + төр + ү. 15. Туйгун + ум + ду. 16. Кон + дур + уп. 17. Кел + ген + де. 18. Шумкар + лар + ды. 19. Тун-жур + уң + а. 20. Бүркүт + ү + нөр. 21. Томого + су + нун. 22. Баг + уу-да + мын. 23. Кол + до + гу. 24. Шаш + тыр + а. 25. Уч + уш + мак. 26. Теб + иш + се. 27. Ат + чан + дар. 28. Же + дир + мекчи. 29. Шилте + се + низ. 30. Канат + туу + лар.

2. Сөз түркүмү боюнча талдоо

Көрөгөч Маамыт. Бул талдоодо да «Серектин сыр сандыгындагы» **«Сөз түркүмдөрү» топтомун** кара. Ал унутуп койгондоруңду эсиңе салат.

27-көнүгүү. Төмөндөгү сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирерин аныкта.

Жолой, аппак, он, кандай, энеси, уламдан-улам, жолукту, байбиче, эмне, кырк үч, бул, эски, келет, деди, келинибиз, ким, беш-бештен, түтүндүү, теменедей, жаңыча, силер, биздики, анын, терезелер, таң каракчысында, дайыма, колмо-кол, чакырып кел, келип кет, бара жатат, сонурка, мелткалт, былч, кокуй, сонурка, жүдөңкү, бийигирээк, жээкке, асман, Кудай, аалам, миллион, баса, ботом, катыгүн, тра-та-та, ме-ме, Ош, бырс, албетте, демек, бүдөмүк, ыйлап.

Үлгү: **Жолой** – зат атооч, энчилүү ат, суроосу – **ким?** атооч жөндөмөсүндө.

28-көнүгүү. Ар бир сөздү түркүмү боюнча топтоп жаз.

Чагым, көрдүң, айтмакчы, ким билет, бирок, же болбосо, гана, үчүн, соң, беш, суу, тамчы, жылуу, дарбаза, эч качан, биздики, сүйрөп, адам, келмек, эшик, жашыл, чымкый көк, таптаза, чөптүн, болду-болбоду, жетимиш, жазында, балача, кемпир-чал, ит-куш, отуз алты, ондон бир, муздак, жалгызсырады, күлмүндөп, жарк-журк, бытпылдык-бытпылдык, арийне, анткени, себеби, балким, таттуу, алмадай, каяша, күндөп-түндөп, дыйкан, сугаруу, фермер, кубулжумайынча, нак, өтө, ар кандай, табышмак, дары, аттиң, тигил, өх, ошол, эй, кандай, быйыл, баары.

29-көнүгүү. Сөз тизмегиндеги сөздөрдү түркүмү боюнча аныкта.

Күзгө чейин, бир чыны, жылуу суу, текчеге койду, эч ким билбейт, аттарды сугар, тез келгиле, өгүздөй кышылдап, ачууланган менен, так ошол, куду өзү, төркү үй, адам баласы, англисче сүйлөгөн, бүт чогулсун, алма менен өрүк, тамактан соң, китеп жөнүндө, Анаркан го, куду көпөлөктөй, миндей көчөт, кыркка жакын жигит, мен дагы, жол менен, ит менен мышык, барды өндөнөт, утат шекилдүү, жарк этти, пай-пай-пай, шуу этти, жолуң болгур, как чокуга, өңчөй иштермандар, алтын жана күмүш, андан кийин, жакшы окуйт, жакшы уста.

30-көнүгүү. Текши талда. Унгу, мүчө жана сөз түркүмү боюнча.

Көзүнө бүт жер бети өрт каптап келаткандай кыпкызыл болуп көрүндү, эрбейген чөптөр да, таштар да, өзүнүн кара түктүү, сөөктүү колдору да кыпкызыл болуп өрттөндү, окко чаап баратышкан атчандар кыпкызыл оттун ичинде кутулуп чыгар жолу жок чыңырып туйлап, эч аргасыз жалбырттап күйүп жүрүшкөндөй көрүндү. Анын көзүн кан чырмап баратты... (*Т. Касымбеков*).

зат

Үлгү: **көз+ү+нө.**

31-көнүгүү. Текши талда. Унгу, мүчө жана сөз түркүмү боюнча.

Таңкы Чолпон батканда,
Өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап,
Суудан кара буу чыгып буркурап,
Асмандан жылдызы качып дыркырап,
Токойдо гүлдөр гүл бурап,
Бутакта булбул ыр курап,
Шыбакта торгой чулдурап,
Жылгадан алты миң булак шылдырап,
Жарашкансың, аккан суу!..

Жеңижок

32-көнүгүү. Текши талда. Унгу, мүчө жана сөз түркүмү боюнча.

1. Эрте көктөмдөгү жаш шыбактын кыйгыл-кермек жыты аралашкан илеп бу тараптан урганда, Эдигейдин жүрөгү түрсө-түрс каккан: көптөн сагынган кыйырсыз кайран казак талаасы! Туулган жер ай!

2. Караңгы түндө деңиз бети күңүрт жылт-жулт шоола болуп, шарпылдаган толкундардын доошу угулуп, Эдигейи менен учурашкансып жатты. Таң алдындагы кетик ай сур булуттун колтугунан буланғыр көрүнүп төбөдө.

– Амансыңбы, Аралым! – деп өзүнчө күбүрөдү Эдигей (*Ч. Айтматов*).

§ 3. СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

1. Сөз айкашы боюнча талдоо

Көрөгөч Маамыт эскертет. Окуу китебинин этегиндеги «Серектин сыр сандыгынан» **«Сөз айкашы» топтомун** окуп, өзүңдүн билимиңди толукта.

33-көнүгүү. Багындыруучу жана багыныңкы түгөйлөрдү ажыратып айтып бер.

Жылдыздын жарыгы. Асманды тиктеди. Көк темир. Жыбыраган жылдыздар. Желбегей жамынып. Даана көрдү. Эшикке чыгып. Булуң-бурчун карады. Куш кармалган. Лакыйта тойгузду. Түнкүсүн акактап. Тоодактын эти. Чоң базар. Алуучусу көп. Сатуучусу да көп. Кардарлар жайнайт. Мал өтпөйт. Ошол күнү. Үйдү көздөй жөнөдү. Талаага чейин барды.

Үлгү: **Жылдыздын** – багыныңкы түгөй, **жарыгы** – багындыруучу түгөй.

34-көнүгүү. Этиштик жана атоочтук сөз айкаштарын ажыратып бер.

Жаш баатырлар. Жайык төр. Кыркалай көчтү. Курдаштары менен келди. Эшик ачылды. Муздак суу. Шытыраган жаан. Илимге арналат. Өлкөнү гүлдөтөбүз. Бийик тоолуу. Жүздөй киши. Бороон ышкырды. Өнөрлүү жигит. Саймачы кыз. Кар күрөдүк. Сенден шамдагай. Суудай таза. Адамдын ар бири. Эч бир коркпо. Бизден алыс. Жакшыга жалынсаң. Аталаштан алтоо.

Үлгү: **Жаш баатырлар** – атоочтук сөз айкашы.

35-көнүгүү. Сүйлөмдөн ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыштарды тап.

Карымшак Боомдун капчыгайында жалгыз келатат. Жалгыз жолоочуга жол арбымак өзүнчө бир балакет. Кеч күзгө чейин мөңгүсү эрибеген бийик тоолордун ала моюн кыл чокулары алыскы бийиктен бүлбүл көрүнөт (*С. Рыскулов*).

Үлгү: **Карымшак Боомдун капчыгайында жалгыз келатат.** Бул сүйлөмдө төрт сөз айкашы бар.

1. **Карымшак келатат** – ээрчишүү.
2. **Боомдун капчыгайында** – таандык байланыш.
3. **Жалгыз келатат** – ыкташуу.
4. **Капчыгайында келатат** – башкаруу.

36-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыштар боюнча талда.

Өзөндүн оң жаккы өйүзүндөгү калың токойдун арасынан чыккан бүркүттүн алсыз үнүн Карымшактын кулагы чалды. Улам токтой калып тыңшайт. Бат-бат шаңшыйт.

(*С. Рыскулов*).

ы!кт.

ыкт.

Үлгү: **Улам токтой калып тыңшайт.**

37-көнүгүү. Көчүрүп жаз. **36-көнүгүүгө** окшоштуруп талда.

Бүркүттүн аты – Бирөлөң. Бирөлөң түлкүнү коёндой алып жүрдү. Кай бир убактарда алган түлкүсүн кыр ашырып бөктөрүп кетет. Бирөлөң элик, аркар, тоо эчкиге чейин алды. Карышкыр менен түлкү колдогу жеминдей. Бул бүркүттү Карымшак он төрт жыл удаа салды. Бирөлөңдүн алган карышкыр, түлкүсүнүн териси ээсин орто байлыкка жеткирди. Келин алды, кыз узатты. Бирок Бирөлөң кокусунан өлдү. Күү менен келаткан бүркүт маңдайынан бирөө далдап туруп союл

менен чапкандай жалп деди. Музоо аркандаган казыкка төшү менен келип тийген. Казыктын башы чорт сыныптыр. Сыягы, бүркүттүн да жүрөгү үзүлүп кетсе керек. Бирөлөндөн кийин Карымшак бүркүт салган жок *(С. Рыскулов)*.

38-көнүгүү. Төмөндөгү сүйлөмдөрдөгү сөз айкаштарын таап, аларды төрт топко үлгүдөгүдөй кылып топтоштуруп жаз.Төрт топтогу сөз айкаштарынын саны боюнча кайсынысы көп, аз экендигин аныкта.

– Сиз эмне үчүн жанагы жерде кушуңузга бостектин бөйрөктөрүн, жүрөгүн, бөтөгөсүн бербединиз?

– Анын себеби бар, – Жамангул сөзүнүн аягын дагы улады, – таптагы кушка илбээсиндин бөйрөк, жүрөк, бөтөгөсүн бербеш керек. Алар куштун жемсөөсүндө дүмпүйүп туруп алат. Аларды туурда отурган кушка бериш керек. Салынып турган кушка өпкө, боор, илбээсиндин кол эттери жакшы. Булар куштун тула боюна тез синет *(С. Рыскулов)*.

Үлгү: 1. Ээрчишүү: **сиз бербединиз, ...** (өзүң таап жаз).
2. Башкаруу: **бөтөгөсүн бербединиз, ...** (өзүң таап жаз).
3. Ыкташуу: **тез синет, ...** (өзүң таап жаз).
4. Таандык байланыш: **анын себеби, ...** (өзүң тап).

2. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо

Акыл Карачач эскертет. Талдоо мезгилинде төмөнкү учурларды эске ал.

I. Жөнөкөй сүйлөмдүн талданышы.

1. Асманда аппак булуттар каалгыйт (талданды).

2. Түн (бир тутумдуу сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талданбайт).

3. Амантай менен Нурсултан шаардан келди (менен, жана, бирок, себеби, анткени, ал эми ж. б. байламталар талданбайт).

4. – Мектепке барасыңбы? (ээси көмүскөдө).

– Ооба («мен мектепке барам» деген сүйлөм бүт кыскарды).

II. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы ар бир сүйлөм өзүнчө талданат.

1. Күн бүркөлгөндүктөн, жамгыр жаады (эки сүйлөм бар).

2. Жылдызбек:

– Силер биздин үйгө кайрыла кеткиле, – деди.

(«Жылдызбек деди» өзүнчө, «Силер биздин үйгө кайрыла кеткиле» өзүнчө талданат).

III. Кириндди, каратма, сырдык сөздөр сүйлөм мүчөсү эмес, бирок жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн экөөнө тең кошулуп айтыла берет. Ошол себептүү каратма сөздүү же кириндди сөздүү, же сырдык сөздүү сүйлөм деп талданат.

М.: *Бали, биз жеңип чыктык* (бул – сырдык сөздүү сүйлөм).

39-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү түрү боюнча талда.

Эртең менен батыштан катуу шамал болду. Чаң учту. Даректар шуулдады. Анан дароо күн бүркөлдү. Күн күркүрөдү да, дыбырап жамгыр жаай баштады. Тоого жөнөдүм. Менимче, мындай учурда жаш балдарга жолго чыгууга болбойт. Өтмө катар суу болот. Бирок бир тайга учкаша минишкен эки бала өргө бет алып баратат. Жыланбаш. Көйнөкчөн. Жамгыр менен иши жок. Каткырып күлүшөт. Ырдап коюшат. Ысык-суукка көнгөн да. Мен аларга жете бардым.

– Саламатсызбы! – деди экөө жарыша.

– Саламатчылык, окшошуп кайда барасынар?

– Чоң атамдыкына.

– Эмнеге?

– Короо-сарайын тазалашабыз.

Үлгү: Мен аларга жете бердим.

1. Жайылма сүйлөм, анткени баш жана айкындооч мүчөлөрдөн түзүлдү.

2. Эки тутумдуу сүйлөм, анткени ээ менен баяндооч катышты.

3. Жөнөкөй сүйлөм, анткени бир эле сүйлөмдөн турат.

4. Жай сүйлөм, анткени жайынча баяндоо иретинде айтылды.

40-көнүгүү. Баш мүчөлөрдү тап.

КУМ-ТӨР АЛТЫН КЕНИ

Кум-Төр алтын кени деңиз деңгээлинен 3900–4150 метр бийиктикте жайгашкан. Изилдөө иштери 1978–1989-жылдарга чейин жүргүзүлгөн. 1993-жылдын 1-сентябрында Өкмөт Кум-Төрдү иштетүү боюнча Кыргызстан менен канадалык «Камеко» компаниясынын ортосундагы генералдык келишимге кол койгон. 1996-жылы июлда Кум-Төрдөн алгачкы руда алынды.

Кум-Төр алтын запасы боюнча дүйнөдөгү алдынкы он алтын кенинин катарына кирет. Геологиялык запасы – 514 тонна. Азыр жаңы ачылган фабрикада суткасына 150 тонна кесек кум иштетилет жана андан алтын бөлүнүп алынат. 19 жыл аралыгында Кыргызстан бул кенден 800 миллион доллар пайда табат.

«Ата журт» гезити

Үлгү: Эмне жайгашкан? Кум-Төр алтын кени – ээ.
Кум-Төр алтын кени эмне болгон? Жайгашкан – баяндооч.

41-көнүгүү. Көчүрүп жазып, ээнин астын бир, баяндоочтун астын эки сыз.

КАЛЕНДАРЛАР

Биздин доорго чейинки үч миң жылдын аралыгында өзгөчө так жана ишенимдүү байыркы кытай календары жаралган. Байыркы түрктөр да календарь колдонгон. Ал эми араб календары боюнча 2500 жылда бир суткага жетпеген айырма пайда болот. Ушул сыяктуу эле күндөрдөгү оош-кыйыштар христиан дининдеги калк колдонгон календарда да бар. Дүйнөдөгү эң жөнөкөй, так жана ишенимдүү календарь кайсы? Ал – биз күнүгө колдонуп жүргөн Григорий календары. Бул календардын оош-кыйышы 3300 жыл ичинде бир гана суткага айырмаланат. Григорий календары бизге 1918-жылдын февраль айында киргизилген.

«Ата журт» гезити

42-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Сүйлөмдүн аныктооч, толуктооч жана бышыктооч мүчөлөрүн тап. Астын тиешелүү сызыктар менен сыз.

ТАТЫБҮБҮ ТУРСУНБАЕВА

Кыргыз сахнасынын чолпону Таттыбүбү Турсунбаева – улуу инсан. Болгону 37 гана жаш курагында табият жоомарттык менен берген жаркын элесин, таң каларлык талантын өз элине калтырып кете берди. Ал өзү сүйгөн сахнасында 15 жыл гана жашады. Ошол он беш жыл ичинде ал өз элине өлбөс-өчпөс образдарды жаратуу менен, өзүн-өзү ачып, өзүнө-өзү эстелик тургузуп кетти. В. Шекспирдин «Ромео менен Жульетта», «Отелло» спектаклдеринде Жульетта менен Дездемонанын, Ч. Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым», «Жаныбарым Гүлсарысында» Асел менен Бүбүжандын, Ш. Садыбакасовдун «Ак боз атында» Эркеайымдын, К. Мамбетакуновдун «Омар Хайямдын махабатында» Эльпинин, Ф. Гарсиа Лорканын «Бернард Альбанын үйү» драмасында Омелиянын, М. Байжиевдин «Байыркы жомогунда» Зулайканын образдарын жаратты. Анда адамды өзүнө тарткан сыйкырдуу күч бар болчу. Ал таланттын тазалыгы, улуулугу эле. Айрыкча анын аты аталганда, аны Ак Мөөр менен Уркуянын элесинде эстешет, кыргыздын бул белгилүү кыздарына Таттыбүбү Афродитадай жаркын элес берген. Мындай улуу адамдардын талантына таазим этип, ыйык тутуу – атуулдук парзыбыз.

Б. Чотурова

43-көнүгүү. Ээни, баяндоочту жана аныктоочту тап. Оозеки.

104 ЖАШТАГЫ МАТАЗИМ УУЛУ ОМАРБЕК КАРЫЯНЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

Мен Курманжан датканы көргөмүн. Датка кара торурааак, чапжаак, мурду пасыраак, өңү-түсү кунигирээк, маңдайы жарык, көздөрү оттой жанган, сүйкүмдүү, бою узун, алибеттүү, жүрүш-турушу да эркекче, акылдуу, мээримдүү, боорукер, кайрымдуу, меймандос, анан да токтоо, сабырдуу, эрктүү, чечкиндүү, кайраттуу, сүрдүү жана каардуу аял эле. Сүйлөп жатканда шашпай, үнүн көтөрбөй сүйлөөчү. Чоң атам Элтойду Алымбек датка менен Кескен-Жарда жашап турганда тааныышкан экен. Чоң атам эки жолу чоң той бергенде да, Алымбек, Курманжан даткалар тойдун аягына чейин кызмат кылышкан экен. Чоң атам өлгөндөн кийин да, алар менен катаал тоо үзүлбөптүр. Курманжан датка менен үч-төрт жыл жайлоого бирге чыгып калдык. Датка чоң энем Бапик менен абдан ынак эле. Алар дөңсөө жерге – шиберге шырдак же көлдөлөң салып алышып, ар дайым сүйлөшүп отуруучу. Ары-бери бирге басышып, ойлорун жашырышпай тең бөлүшчү. Датка Каргаша айлында жашап турганда да, катташчыбыз. Ал айылга чоң энем менен мен да көп жолу барып, даткага учурашып, сүйлөшүп, сыйын көрүп келип жүрдүк.

– Балдарымдын көбү ар кайсы жерде даргага асылып кетти, өлтүрүлдү, камалды. Эми балдарым колдорундагы бийликти кармап кала алышпайт. Кедей-кембагалдарды, жетим-жесирлерди арачалап калыш керек эле. Антиш эми менин колуман келбейт. Аттиң ай, арман күн! Азыр 40–50 жаш курагым болсо, эл башкарышка жарайт элем. Мурункудан башкача башкарар элем, – деп Курманжан датканын айткан арманын уккамын.

«Жаштык жарчысы» гезити

44-көнүгүү. Талда. I, II бөлүктөн баш мүчөлөрдү, II, III бөлүктөн аныктоочту, IV, V бөлүктөн толуктооч менен бышыктоочту тап.

КЫМЫЗ КҮЧҮНӨ КҮЧ КОШОТ

I

Кымызда адам баласынын организми үчүн бардык зарыл болгон аш болумдуу заттар бар. Анын курамында тирүү организмдин өсүшүнө зарыл болгон заттар, майлар, белоктор, углеводдор, минералдык заттар ж.б. арбын. Ал сүт майынын, белоктун жана башка минералдык заттардын сапаттуулугу жана адамга жагымдуулугу жагынан эненин сүтүнө жакындашып кетет. Кымызды дайым ичкен адам карылыкка да оной менен жендирбейт.

БИБЛИОТЕКА
СШ №32 17
г. Бишкек

II

Биздин заманга чейинки 484 – 424-жылдарда жашап өткөн грек тарыхчысы Геродот кымыз жөнүндө жазып калтырган. Ал Кара деңиздин жээгинде жашаган скифтер жылкынын сүтүнөн суусундук жасап ичишерин кеп кылат. Ал эми көчмөн турмушту башынан кечирген кыргыз эли да кымызды үзбөй колдонуп келген.

II

Орустун улуу жазуучусу Л.Н. Толстой кымыз жөнүндө минтип жазган: «Бул ичимдиктин бардык эле куректагы адамдардын организмине, айрыкча жаш өспүрүмдөрдүн денесинин жана акыл-эсинин өсүшүнө, нерв жана кан жүрүү системаларынын нормалдуу иштешине тийгизген таасири бир кыйла орчундуу».

IV

Бүткүл Европага даңкы чыккан орус элинин окумуштуу врачы В. И. Даль 1841-жылы кымызга мындайча баа берген: «Кымыз адамдын суусунун кандыруу менен, кандай гана ысык болбосун, денени бирдей температурада кармайт. Кан жүрүү системаларын жөнгө келтирип турат. Адамдын тамакка болгон табитин ачат. Ички органдардын нормалдуу иштешине кеңири шарт түзүп, сергектикке алып келет. Кымызды үзгүлтүксүз бир жума ичкенде, өзүңдү сергек сезип, ден соолугуң чындалып, эркин дем алып каласың жана кишинин жүзүндө нурлуу өң пайда боло баштаганын байкайсың».

V

Антон Павлович Чеховдун аялы минтип эскерген: «Антон Павлович кымыз ичип калганда, өзүн сергек сезип, көңүлү куунак тартып, күлүп, жайдары болуп калуучу. Кымыздын жагымдуу өзгөчөлүктөрү жана көмүскө сырлары бар экендигине таң калуучу. Деги эле анын ден соолугуна таасир этип, чыгармачылык талантына да кымыз көмөк болуучу».

М. Акынбаев

45-көнүгүү. Текстти көчүр жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча толук талдоо жүргүз.

ОРЗУБЕК НАЗАРОВДУН 19-НОКАУТУ

Кыргызстандын Туусу дагы бир жолу Парижде желбиреди. Профессионалдык бокс боюнча дүйнөнүн жети жолку

чемпиону, кыргыз спортуна эмгек сиңирген чебер, жердешибиз Орзубек Назаров келишим боюнча Францияда машыгып жүргөн. Эсиңиздедир, жакында эле америкалык боксчу Левандара Жонсонду нокаутка жыгып, жетинчи жолу дүйнөнүн чемпиондук наамын жеңип алган. Ошондон кийин булгаары мээлейчендердин көпчүлүгү Орзубек менен рингге чыгуудан тайсалдап калышкан болчу. Франциянын профбоксерлор ассоциациясы Орзубек Назаров менен тайманбай рингге чыга ала турган боксчу таба албай бир топ убакытты текке кетиришсе да, акыры аргентиналык 33 жаштагы Оскар Лопестин макулдугун алышкан. Оскар буга чейин 36 беттешүү өткөрүп, жыйырма сегизин уткан, он төртүн нокаутка жыккан. Дүйнөлүк атактаңкын коргоо үчүн Орзубек Оскар Лопес менен Франциянын Корбей-Эссонн шаарында рингге чыкты. Миллиондогон күйөрмандар ойлогондой беттешүү он эки же он беш таймга созулган жок. Орзубек атаандашын 4-раундда эле сол колу менен башка таамай муштап, нокаутка түшүрдү. Бул анын он тогузунчу нокауту! Буга чейин өз көздөрү менен Орзубектин мындай ири жеңишин көрө элек француялык бокс күйөрмандары «Орзу, Орзу!» деп ыраазы боло кыйкырып жатышты.

Караңызчы, кандай сыймык! Ак мөңгүлүү Ала-Тоонун кулуну бүткүл Европа аймагында дагы бир жолу зор урмат-сыйга арзыды.

«Кыргыз Туусу» гезити

Үлгү: Кыргызстандын Туусу дагы бир жолу Парижде желбиреди.

§ 4. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ

Адам баласы өз оюн жазуу аркылуу
берери да белгилүү. Ошондуктан жазуу
жүзүндө берилген ой-пикир башка
адамдарга ачык, толук түшүнүктүү
болуш үчүн, ар түрдүү тыныш белгилери
кошо пайдаланылат.
А.Турсунов

Орфография – улуттук тилдеги сөздөрдү туура жазууну камтыган эрежелер жыйындысы. Ал грек сөзүнөн, туура (орфос), жазуу (графия) дегенди туюндурат. «Сабат

санжырасы» орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди кучагына алат да, катасыз жазууга үйрөтөт.

1. Энчилүү аттардын жазылышы

«КӨӨКӨР –1» кештеси

1.1. М.: Ат-Башы, Ак-Сай, Беш-Таш, Бакай-Ата, Ак-Суу, Талды-Булак, Базар-Коргон, Ак-Талаа, Мин-Теке, Ала-Бука, Кара-Буура, Сайма-Таш, Кара-Балта, Көк-Жаңгак, Ийри-Жылга, Кырк-Казык, Кетмен-Төбө, Кароол-Чоку, Суусамыр, Кур-Таш, Каркыра, Алай, Аркыт, Кемин, Чаткал, Арал, Шекер, Чоң-Муз-Төр, Баткен, Талас, Лейлек, Кочкор (Кочкорка эмес).

Ысыккөл эмес

1.2. М.: Касым Тыныстан уулу, Айша Эрдеш кызы, Бакбуркан Найзабек уулу, Казат Акмат уулу, Анвар паша, Мирзо Турсун заде, Мехти Гусейин оглы, Бүбүтай Шабек кели-ни, Калыйча Кожокул кызы, Нурсултан Ашым уулу ж. б.

Напасуулу эмес

1.3. М.: Женижок, Эламан, Уулкелсин, Бүбү, Нуржамал, Тынчтыкбек, Калкберди, Теңир-берди ж. б.

Сатып алды эмес

1.4. М.: Молдо Нияз, Жаңыл Мырза, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Кыз Сайкал, Акыл Карачач, Көрөгөч Маамыт, Бала Курман, Ынанчу Алп Билге, Эр Төштүк, Алп Сол, Эр Солтоной, ж. б.

Жаңылмырза эмес

1.5. Бөрү басар эмес

М.: Аккула, Акборчук, Сарала, Чалкуйрук, Тайбуурул, Керкашка, Акжал, Ачбуудан, Нарбуудан, Койкүрөң, Гүлсарат, Карткүрөң, Каранар, Акмая, Акшумкар, Суречки, Акжолтой, Кертайган, Актөш, Көкдобул, Кербилек ж. б.

1.6. Орусча жазылышы боюнча

М.: Бонч Бруевич, Жан Жак Руссо, Иоганн Себастьян Бах, Нью-Йорк, Ким Ир Сен, Хо Ши Мин, Эр-Рияд, Улан-Батор, Куала-Лумпур, Сан-Франциско, Буэнос-Айрес, Тель-Авив, Эль-Кувейт ж. б.

1.7. Асел (Аселя эмес)

М.: Назгүл, Эмил, Элмира, Гүлмира (Назгуль, Эмиль, Эльмира, Гульмира эмес), Жамийла, Дүйшөн, Чынар, Анар, Болот, Орозгелди, Жээнбек (Джамиля, Дюшен, Чынара, Анара, Булат, Уразгельди, Жиенбек эмес) ж. б.

1.8. Кыргызча айтылышы боюнча

М.: Алматы, Кокон, Букар, Дүйшөмбү, Самарканд, Ташкент, Маргалан, Турпан, Кордой, Жамбыл, Бакы, Семей, Жергетал, Анжыян, Кашкар, Үргөнч ж. б.

1.9. Кыргыз Республикасы

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Гимни, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ж. б.

2. Тырмакчага алынган энчилүү аттардын жазылышы

«КӨӨКӨР – 2» кештеси

2.1. 

М.: «Ак илбирстин тукуму» кинофильми, «Ак кеме» кинофильми, «Ак Мөөр» телефильми, «Сандардын чатагы» мультфильми, «Улан» кинофильми, «Маугли» мультфильми, «Сениби, шашпа!» мультфильми ж. б.

2.2. 

М.: «Насыйкат» күүсү, «Миң кыял» күүсү, «Кыргыз көчү» күүсү, «Эсимде» обону, «Кызыл гүл» обону, «Кыргыз жери» обону, «Адамзат» ыры, «Ук, жер жүзү!» ыры, «Атай» симфониясы ж. б.

2.3. 

М.: «Атадан калган туяк» аңгемеси, «Күүнүң сыры» аңгемеси, «Ажар» повести, «Капитан кызы» повести, «Тоо арасында» романы, «Кыямат» романы, «Сынган кылыч» романы, «Евгений Онегин» романы, «Кандуу жылдар» романы, «Мартин Иден» романы, «Акылдуу дыйкан» жомогу, «Алтын куш» жомогу ж. б.

2.4. 

М.: «Манас» эпосу, «Жаныш-Байыш» эпосу, «Курманбек» дастаны, «Эр Табылды» дастаны, «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы, «Фархад менен Ширин» дастаны, «Шахнаме» поэмасы, «Улуу марш» китеби, «Көрүндүк» жыйнагы ж. б.

2.5.

М.: «Эркин Тоо» газетасы, «Кырчын» журналы, «Жаш толкун» дубал газетасы, «Кыргыз маданияты» жумалыгы, «Кыргыз руху» гезити, «Асаба» газетасы, «Обо» жумалыгы, «Жайлоодон кат» макаласы, «Элетте» очерки, «Мөмөлүү дарак» очерки ж. б.

2.6. «... ...»

М.: «Абийир кечирбейт» драмасы, «Жапалак Жатпасов» комедиясы, «Отелло» трагедиясы, «Ажал ордуна» музыкалуу драмасы, «Айчүрөк» операсы, «Чолпон» балети, «Король Лир» трагедиясы, «Саадак какты» драмасы, «Ак куу көлү» балети, «Манас» операсы, «Саманчы жолу» балет-ораториясы, «Достук» театры, «Россия» кинотеатры ж. б.

САЛЫШТЫР

2.7. Билип ал

1. Мен бүгүн «Абийир кечирбейт» драмасын көрдүм.

2. Мен бүгүн «Абийир кечирбейтти» көрдүм.

3. Мен бүгүн «Абийир кечирбейтке» билет алып койдум.

4. Биз «Абийир кечирбейт» жөнүндө кызуу талашып-тартыштык.

5. «Абийир кечирбейт» – көрө турган жакшы чыгарма.

Демек, салыштырып көрдүңөр, «Абийир кечирбейт» деген энчилүү атка «драма» деген сөз кошулуп да (1-мисалда), кошулбай да (2–5-мисалдарда) жазылды. Ал эми 2–5-мисалдарда «драма» деген сөз түшүп калганы менен, алардын мазмунунда ошол драма жөнүндө сөз болгону бештен белгилүү болуп турат.

КОРУТУНДУ

Ошентип, «Абийир кечирбейт» деген энчилүү ат «драма» деген сөз кошулуп айтылса да, кошулбай айтылса да, дайыма тырмакчага алынып жазылат.

Бул корутунду жеке эле «Абийир кечирбейт» деген энчилүү атка тиешелүү дешке болбойт. Ал тырмакчага алынган энчилүү аттардын баарына таандык. Ошонун ичинде ушул топтомдун «Көөкөр» кештесиндеги 2.1, 2.2, 2.3, 2.4, 2.5, 2.6 белгилери коюлган үлгү-мисалдарды бүт теске салат.

3. Кош сөздөрдүн жазылышы

«БҮРКҮТ» кештеси

М.: курт-кумурска, калайык-калк, айыл-апа, чогуу-чаран, бак-таалай, эриш-аркак, кат-кабар, каршы-терши, кирели-чыгалы, көр-жер, очор-бачар, оруу-жыюу, өйдүк-сөйдүк, үрөң-баран, мөртөй-шөртөй, убай-чубай, чала-бучук, чөп-чар, шаан-шөкөт, шайма-шай, бетме-бет, ыгым-чыгым, элес-булас, карама-каршы, эски-уску, саат-сабыр, той-томолок, оош-кыйыш, премьер-министр, учкуч-космонавт, телефон-автомат, пресс-конференция, генерал-полковник, ары-бери, көп-көп, оору-сыркоо, ал-жай, алдым-жуттум, жаман-жакшы, суроо-жооп, илгери-кийин, илик-жилик, каран-куран, куйрук-боор, кыял-жорук, инженер-механик, матч-реванш, ойку-кайкы, оймо-чийме, оомалуу-төкмөлүү, келин-кесек, оор-женил, бала-бакыра, тоо-таш, чөп-чар, ууру-кески, бөлөк-бөтөн, балта-чот, ызы-чуу, күндүр-түндүр, ийне-жип, шорпо-шилең, кам-чом, ирең-баран, куда-сөөк, кат-сабат, жип-шуу, кызыл-тазыл, ит-куш, той-тамаша, жээн-таяке, гамма-нур, ачакей-жумакей, көйнөк-көнчөк, компьютер-автомат ж. б.

4. Киринди сөздүн (КРС) жазылышы

«УМАЙ ЭНЕ» кештеси



М.: балким, демек, кыязы, сыягы, менимче, сөзсүз, биздин оюбузча, шексиз, биринчиден, арийне, үчүнчүдөн, албетте, асыресе, баса, ооба, эң оболу, мүмкүн, айталы, кыскасы, башкача айтканда, тетирисинче, тилекке каршы, айтмакчы, ким билет, чамасы, ырас, кудай билет, болду-болбоду, унутпасам, көрсө, адатта, чынында, кокус, айтор.

Киринди сөздөр сүйлөмдүн башына, ортосуна жана аягына келе берет. Ошого жараша төмөнкү тыныш белгилери коюлат.

1. Эгер киринди сөз сүйлөмдүн башына келсе, анда үтүр киринди сөздөн кийин коюлат.

КРС , сүйлөм — М.: Баса, төргө өткүлө.

2. Эгер КРС сүйлөмдүн ортосуна келсе, анда андан мурда да, кийин да үтүр коюлат.

сүйлөм , КРС , сүйлөм — М.: Ал, албетте, эртең келет.

3. Эгер КРС сүйлөмдүн аягына келсе, анда киринди сөздөн мурда үтүр коюлат.

сүйлөм , КРС — М.: Сен бардың, ырас.

5. Сырдык сөздүн (СС) жазылышы

«КЫЯЛ» кештеси

М.: Бах, бали, баракелде, кокуй, катыгүн, капырай, ботом, ай, кап, апей, эй, өх, ой, аттиңай, аттиң, чиркин, чиркинай, пай-пай-пай, төх, ойбой, жолуң болгур, көп жашагыр, кудай ур, айланайын, мурдунду урайын, ура, алло, кыруу-кыруу, кош, чү, чып, пө-пө, бар болунуз ж. б.

Сырдык сөздөр төрт түрлүү жазылат.

1. (СС)! [сүйлөм] М.: Ура! Биз жеңдик.

2. (СС), [сүйлөм] М.: Бали, ырдап жибер.

3. [сүйлөм], (СС), [сүйлөм] М.: Сен, катыгүн, ушундай белең?

4. [сүйлөм], (СС) М.: Ал эмнең, кокуй.

6. Каратма сөздүн (КС) жазылышы

«СУУ» кештеси

Каратма сөздөр төрт түрлүү жазылат.

1. (КС)! [сүйлөм] М.: Кымбаттуу Алтынбек! Майрамың кут болсун. Жолдоштор! Ийри олтуруп, түз кеңешели.

2. (КС), [сүйлөм] М.: Кымбаттуу Гүлжайнар, туулган күнүң менен куттуктайм. Балдар, ашарга тез келе калгыла.

3. [сүйлөм], (КС), [сүйлөм] М.: Эртең, апа,чогулушка бара аласызбы?

4. [сүйлөм], (КС), М.: Нандан алыңыз, жээн.

САЛЫШТЫР

1. Өмүркан, атты сугарып кой.
2. Өмүркан атты сугарып койду.

Бул эки сүйлөм окшошпу? Эгер айырмасы болсо, өзгөчөлүгүн айтып бер. Салыштыруунун жол-жобосу:

1. Жогорку эки сүйлөмдү маниси боюнча салыштыр.
2. Эки мисалды сүйлөм мүчөлөрү боюнча талда.
3. «Сабат санжырасы» боюнча талда.

1. Ата, койго чөп салайынбы?

Бул сүйлөмдө *ата* – каратма сөз. Ал эми бул *ата* деген каратма сөздүн ордуна төмөндөгү сөздү коюуга болот жана ал сөздөр каратма сөздүн милдетин аткарат. Алар: *апа, эже, бөлө, курбум, уулум, энеке, чоң ата, аке, байке, жезде, кудагый, кудача, апче, эжеке, агай, курдаштар, Эсентур, Райымкан, Үсөнбек, Жаңыбай, Саркыт, Тууганбай, Ширин, Кубатбек, Кундуз ж.б.*

М.: *Энеке, койго чөп салайынбы?* Калганын да ушинтип өзгөртсө болот.

2. Койго, ата, чөп салайынбы?

3. Койго чөп салайынбы, ата?

Оозеки иште. Ушул 2–3-мисалды 1-сүйлөмгө окшоштуруп өзгөрт.

М.: *Койго, апа, чөп салайынбы? Койго чөп салайынбы, апа.* Калганы да ушундайча.

КРС, СС, КС – үчөөндөгү окшоштуктар жана айырмачылыктар

Ырас, бул үчөө оозеки сүйлөшүүдө жана жазууда өтө көп колдонулат. Аларды туура жаза алуу үчүн үчөөндөгү окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү ажырата билүү керек.

ОКШОШТУКТАР

1. КРС, СС, КС – үчөө тең сүйлөмдүн тутумунда турат, бирок ошого карабастан алар сүйлөм мүчөлөрү болуп эсептелбейт, анткени ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч катары сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткарбайт.

2. Үчөө тең сүйлөм мүчөлөрүнөн обочолонуп, алардан тыныш белгилери менен ажырымдалып турат.

3. Үтүрдүн коюлушу боюнча үчөөнүн тең эрежелери окшош. Эгер каратма сөз сүйлөмдүн башына келсе, андан кийин үтүр коюлат. Эгер каратма сөз сүйлөмдүн ортосуна келсе, өзүнөн мурда да, кийин да үтүр коюлат. Эгер каратма сөз сүйлөмдүн аягына келсе, анда өзүнөн мурда үтүр коюлат. Ушул «каратма сөз» дегендин ордуна кириндиси сөздү, же сырдык сөздү коюп, эреже чыгарып алуу жаңылыштык болбойт.

4. Демек, ушундай окшоштуктардын негизинде киринди сөз, сырдык сөз жана каратма сөз грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн тобун түзөт.

АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

1. Каратма сөз менен сырдык сөздүн жазуу эрежелери боюнча айырмачылыгы жок, бирок бул экөөнөн киринди сөз айырмаланат. Мисалы, КС менен СС сүйлөмдүн башына келгенде, айрым учурларда алардан кийин илеп белгиси коюлат.

М.: *Ура! Биз жеңдик.* Ал эми КРС сүйлөмдүн башына келгенде, андан кийин илеп белгиси коюлбайт.

2. КС менен ССтен КРС сүйлөмдүн мүчөсүнө айланып кетүү мүмкүнчүлүгү менен айырмаланат.

М.: 1. *Мүмкүн, мен жаңылып жаткандырмын.* Мында *мүмкүн* – КРС.

2. *Менин жаңылышым мүмкүн.* Мында *мүмкүн* киринди сөздүн касиетин жоготуп жиберди да, сүйлөм мүчөсүнө – баяндоочко айланып калды.

7. Төл жана бөтөн сөздүн жазылышы

«КЕРЕГЕ КӨЗ ЖАНА ТУМАР – 1» кештеси

7.1.

Бакай мындай деген: «Бөлүнгөндү бөрү жейт».

7.2. 

«Бөлүнгөндү бөрү жейт», – деген Бакай.

7.3.

Бакай: «Бөлүнгөндү бөрү жейт», – деген.

7.4.

«Бөлүнгөндү, – деген Бакай, – бөрү жейт».

7.5.

-гин
-ги жөнүндө
-ги тууралуу

1. Бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгын Бакай айткан.

2. Бакай бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгы жөнүндө айткан экен.

3. Бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгы тууралуу Бакай айткан.

7.6. «Б» Т

1. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген ошол.
2. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген тура.
3. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген эмеспи.
4. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген чын экен да.
5. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» болуптур ж.б.

7.7. Т «Б» (Т) Элди бөлүп-жарып, биримдикти жок кылса, анда «бөлүнгөндү бөрү жейт» (Бакай).

ЖАЛПЫЛОО

Мында *Бөлүнгөндү бөрү жейт* – бөтөн сөз (ал кээде цитата, тике сөз деп да аталат). *Бакай мындай деген* – төл сөз. Бул экөөнүн ашташа келиши түрдүүчө жазуу эрежелерин жаратат. Тыныш белгилерине бай. Жогоруда (7.1 – 7.7-кештелерде) алардын негизги түрлөрү берилип, ар бири үлгү-мисалдар менен чечмеленди.

1. Жогорудагы төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын 7 түрүн эң сонун билип ал, анткени бул – баарын эске салып туруучу үлгү, ошол эле учурда сабаттуу жазуунун алтын ачкычы.

2. Эл ичинде накыл кептер, даанышман нускалар, курч, таамай, учкул ойлор арбын. Аларды колдонууга туура келип калган учурда, албетте, ушул кештенин (7.1 – 7.7) мүмкүнчүлүгүнөн пайдалан.

3. Ушул окуу китебинде «Макал», «Санат сөз» топтомдору бар. Алар – сага издеп табылгыс эң сонун мисал. Ошолорду туура жазууда ушул эрежелер сага тикеден-тике кызмат кылат.

4. Дилбаянды катасыз жазышына итабар кол кабыш кылат.

Өз алдынча иште. Эреже түз

7.1-кеште боюнча: «Эгерде төл сөз бөтөн сөздөн мурда келсе, анда төл сөздөн кийин кош чекит коюлуп, бөтөн сөз баш тамга менен башталат жана тырмакчага алынат».

7.2, 7.3, 7.4-кештелердин ар бирине жогоркуга окшоштуруп өзүнчө эреже түз. «Эгерде ... , анда ... ».

7.5-кеште – кыйыр сөз. *Бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгын Бакай айткан.* Эми бул сүйлөмдүн тутумунда *«Бөлүнгөндү бөрү жейт»* деген өзүнчө баш мүчөлөрү бар (*бөрү* – ээси, *жейт* – баяндоочу, *бөлүнгөндү* – толуктооч) бөтөн сөз жок, себеби ал өзүнчө сүйлөмдүк касиетин жоюп, *бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгын* – толуктоочко айланып кетти. Демек, ал бүтүн сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарып калды. Эми ага тырмакча, үтүрлүү сызыкча өндүү белгилердин кереги жок. (8.5-кеште да 7.5-кештеге окшош).

7.6, 7.7-кештелерде бөтөн сөз сырткы турпатын өзгөртпөй сактап калды, ошол себептүү ал тырмакчага алынууда. Бирок бөтөн сөз төл сөз менен камыр-жумур болуп биригип кеткен, ошого жараша алардын чегин ажыраткан үтүрлүү сызыкча өндүү белгилерди коюунун зарылдыгы жок.

8. Диалог сөздөрдүн жазылышы

«КЕРЕГЕ КӨЗ ЖАНА ТУМАР–2» кештеси

8.1. ◇ :
– △(Д)

Асел мындай деди:
– Алманы тез үзүп алалы.

8.2. – △(Д), – ◇

– Алманы тез үзүп алалы, – деди Асел.

8.3. ◇ :
– △(Д), – ◇

Асел:
Алманы тез үзүп алалы, – деди.

8.4. – △(Д), – ◇, – △(Д)

– Алманы, – деди Асел, – тез үзүп алалы.

8.5. ◈(△)

Асел алманы тез үзүп аларыбызды айтты.

8.6. – △
– △

– Кайда барасынар?
– Алма үзүүгө. Үшүк жүрөт экен.

САЛЫШТЫР

Төл жана бөтөн сөз менен диалог сөздөрдүн жазылышын салыштыр. Кандай айырма жана окшоштук бар?

Төл жана бөтөн сөз	Диалогдор
7.1. : « »	8.1. :
7.2. « », –	8.2. – , –
7.3. : «  », –	8.3. : – , –
7.4. « , – , – »	8.4. – , – , –
7.5. -гин -ги жөнүндө -ги тууралуу	8.5

Төл жана бөтөн сөз менен диалог сөздөрдүн жазылышындагы жалпылыктар

7.1. Бакай мындай деген: «Бөлүнгөндү бөрү жейт».
Ушул сүйлөмдү мындайча жазууга да болот.
Бакай мындай деди:
– Бөлүнгөндү бөрү жейт.

8.1. Асел мындай деди:
– Алманы тез үзүп алалы.
Ушул сүйлөмдү мындайча жазууга да болот.
Асел мындай деген: «Алманы тез үзүп алалы».

ТАПШЫРМА

7.2 менен 8.2ни, 7.3 менен 8.3тү, 7.4 менен 8.4тү, 7.5 менен 8.5ти жогорку жалпылыкта белгиленген үлгүгө окшоштуруп иште.

КОРУТУНДУ

Демек, жогорку жалпылыктарга таянып, төл жана бөтөн сөз менен диалог сөздөрдүн жазылышында тырмакча, тиренин коюлушу, абзацтан баштоо сыяктуу өзгөчөлүктөрүнө карабастан, экөөнүн табияты окшош. Ошол себептен экөө тең «Кереге көз жана тумар» кештелери менен белгиленди.

9. Бир өңчөй мүчөлөрдүн жазылышы

«АК КУУ» кештеси

Бир өңчөй мүчөлөр байламта жана үтүр менен байланышат.

9.1.

менен


(байламта)

Амантай менен **Жылдыз** Суусамырга кетти.

9.2.

жана


(байламта)

Ата-энени жана **улууну** урматтоо керек.

9.3. 

, 

(үтүр)

Ак бантикчен кыз **бийледи, ырдады.**

9.4. 

да , 

да (байламта + үтүр, байламта)

Султан да, **Ширин** да келди.

9.5. 

, бирок 

(үтүр + байламта)

Үй **эски,** бирок **таза.**

9.6. 

, ары 

(байламта, үтүр + байламта)

Арал ары **кооз,** ары **малга жайлуу** жер экен.

9.7. же 

, же 

(байламта, үтүр + байламта)

Ордодо же **биз,** же **силер** утушунар керек, ит жыгылыш жок.

9.8.

, жана (үтүр, байламта)

Муктарканга, Аскарбекке жана **Алыбекке** жолугуп кел.

Бир өңчөй мүчөлөр, V класста окуганынардай, бирдей сурооого жооп берип, бирдей милдет аткарган сөздөрдөн түзүлөт. М.: *Түндө тоодон Жапар менен Абды келди.*

Мында бир өңчөй мүчөлөр: *Жапар, Абды.* Экөө тең *ким?* деген сурооого жооп берет, ээлик милдетти аткарат. Менен деген бириктиргич байламта байланыштыргандыктан, араларына үтүр коюлган жок. *Түндө тоодон Абыл, Райымберди, Өмүркан, Жапар, Ракман – баары машина менен келди.* Бул сүйлөмдө *«ким?»* деген сурооого жооп берип, жалаң ээлик милдет аткарышкан беш бир өңчөй мүчө бар. Бир өңчөй мүчөлөр кээде байламталар менен байланышса, кээде үтүр менен ажыратылат. Ошого жараша төмөндөгүдөй жазылышка ээ.

1. Бир өңчөй мүчөлөрдү *менен, жана* деген байламталар байланыштырган учурда, алардын араларына үтүр коюлбайт. Анткени бул байламталар өзүнөн мурунку жана кийинки бир өңчөй мүчөнүн экөөнө тең таандык («Ак куу» кештесин кара: 9.1, 9.2).

2. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасы жалаң үтүр менен да ажыратыла берет (9.3түү кара).

3. *Да* байламтасы өзү байланыштырып турган эки бир өңчөй мүчөнүн мурункусуна таандык, ошол себептүү үтүр андан кийин коюлат (9.4түү кара).

4. Эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырган *бирок, ары, же* байламталары өзүнөн кийинки сөзгө таандык, ошондуктан үтүр алардан мурда коюлат (9.5, 9.6, 9.7ни кара).

5. Ал эми *да, ары, же* байламталары бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырууда эки же андан ашык жолу кайталанышы мүмкүн. Ошондой учурда үтүр эки бир өңчөй мүчөнүн ортосуна (*да* байламтасынан кийин, *ары, же* байламталарынан мурда) коюлат. *Да, ары, же* байламталары эгер бир өңчөй мүчөлөрдүн ортосуна келбей калса, анда үтүр коюлбайт.

М.: *Султан да, Ширин да келди.* Мында биринчи *да* эки бир өңчөй мүчөнү – Султан менен Ширинди байланыштырды, үтүр туура коюлду. Экинчи *да* байламтасынан кийин бир өңчөй мүчө жок, ошол себептен андан соң үтүр коюлбады. Ал эми *Арал ары кооз, ары малга жайлуу жер экен* деген сүйлөмдө биринчи *ары* эки бир өңчөй мүчөнүн ортосуна келген жок, экинчи *ары* эки бир өңчөй мүчөнүн ортосунда турат, ошондуктан биринчи *ары* үтүрсүз, экинчи *арыга* үтүр коюлду. *Же* байламтасы да ушуга окшош (9.7-ни кара).

10. Жалпылагыч сөз

«КУМАЙЫК ЖАНА АК КУУ» кештеси

10.1. : 

Аларды баары: **атасы, бала-чакасы** тосуп алды.

10.2. 

Нургыз, Канышай – экөө эрте келиптир.

Жалпылагыч сөздүн милдетин *баары, бардыгы, алар, үчөө, төртөө, бешөө, төмөнкүлөр* өндүү сөздөр аткарат. Алар бир өңчөй мүчөлөрдү жалпылайт. Бир өңчөй мүчөлөрсүз жалпылагыч сөз болбойт.

М.: *Бардыгы тойго барышты.* Мында бир өңчөй мүчө жок, демек, жалпылагыч сөз да жок. *Бардыгы: Асан да, Үсөн да, Бермет да тойго барды.* Мында үч бир өңчөй мүчө бар, демек, *бардыгы* деген – жалпылагыч сөз.

Өзүнчө эреже түз

1. Эгерде жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда келсе, анда ...
2. Эгерде жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келсе, анда ...

11. Татаал сүйлөмдүн жазылышы

Татаал сүйлөм эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлөт. Ал экиге бөлүнөт: биринчиси – тең байланыштагы татаал сүйлөм (ТБТС), экинчиси – багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм (ББТС).

ТБТСтин жазылышы
«БОЗ ҮЙ» кештеси

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр (ЖС) өз ара байламтасыз да, байламта менен да байланышат. Ошого жараша алар төмөндөгүдөй жазылат.

11.1.

,

Күн бүркөлдү, жамгыр жаады.

11.2.

жана
жана да

Күн бүркөлдү жана жамгыр жаады.

11.3.

,
бирок
а
ал эми
ошондо да
анткени менен
ошондой болсо да
бирок да

Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жааган жок.

11.4.

, нары →
← дагы,
, ары →
← да,

Күн бүркөлдү да, жамгыр жаады.

11.5.

, себеби →
анткени →
андыктан →

Жамгыр жаайт, себеби күн бүркөлдү.

11.6.

, же →
же болбосо →

Жамгыр жаайт, же кар жаайт.

Эскертүү: Жебе (→) белгиси таандыкты билдирет.

ББТСтин жазылышы

«АЙ ЖАНА БОЗ ҮЙ» кештеси

Кештелер төмөнкүдөй туюнтулат.

– баш сүйлөм

– багыныңкы сүйлөм

Б – багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу

ББТС баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн өз ара тутумдашуусунан түзүлөт.

11.7. Мезгил БС

Б

-ганда,
-бай,
-майынча,
-майын,
-гыча,
-арда,
-ганча,

1. Күн бүркөлгөндө, жамгыр жаайт.
2. Күн бүркөлбөй, жамгыр жаабайт.
3. Күн бүркөлмөйүнчө, жамгыр жаабайт.
4. Күн бүркөлмөйүн, жамгыр жаабайт.
5. Күн бүркөлгүчө, чөптү чаап бүттүк.
6. Күн бүркөлөрдө, алар келип калышты.
7. Күн бүркөлгөнчө, чөптү чөмөлөп койдук.

11.8. Мезгил БС

Б

-гандан бери,
-ган соң,
-гандан кийин,
-ганга дейре,
-гандан мурда,
-ган маалда,
-ар замат,
-ган мезгилде,
-ган учурда,

1. Күн бүркөлгөндөн бери, бөлмө караңгы тартып калды.
2. Күн бүркөлгөндөн соң, ... (баш сүйлөмдү өзүң тап)
3. Күн бүркөлгөндөн кийин, ...
4. ...гөнгө дейре, ...
5. ...гөндөн мурда, ...
6. ...гөн маалда, ...
7. ...өр менен, ...
8. ...өр замат, ...
9. ...гөн мезгилде, ...
10. ...гөн учурда, ...

11.9. Себеп БС

Б

-гандыктан,
-ган үчүн,
-ган себептүү,

Күн бүркөлгөндүктөн, жамгыр жаады.
Күн бүркөлгөн үчүн, жамгыр жаады.
Күн бүркөлгөн себептүү, жамгыр жаады.

11.10. Максат БС

Б -оо -өө -уу -үү -ыш -сын -бас -басын үчүн, деп

1. Күн бүркөлүү үчүн, шамал булуттарды алыстан айдап келиши керек.
2. Күн бүркөлсүн үчүн, ... (баш сүйлөмдү өзүң тап)
3. Күн бүркөлүш үчүн, ...
4. Жамгыр жаасын деп, эл түлөө өткөрдү.

11.11. Шарттуу БС



Б -сам -са -саң -сак ,

Балаң ыймандуу болсо, жаның тынч.

11.12. Каршы БС

Б -са да -са деле -са дагы -ган менен -ганы менен -ганы болбосо ,

Күн бүркөлсө да, жамгыр жааган жок.
Күн бүркөлсө деле, жамгыр жааган жок.
Күн бүркөлсө дагы, ... (БСти өзүң кой)
Күн бүркөлгөн менен, ...
Күн бүркөлгөнү менен, ...
Күн бүркөлгөнү болбосо, ...

11.13. Сыпат БС


Б

-гансып
-багансып
-ып

,

Күн жаап өткөнсүп, талаа ыраңына чыга түштү.
Күн нөшөрлөп жаап, каксоо тарткан кайрак жер кулпурса экен.

11.14. а) Салыштырма БС


Б

-дай
-ган сыяктуу
-гандан бетер

,

Күн жаап өткөндөй, жел да, талаа да белден баткак.

б) Салыштырма БС кандай


Б -са,

ошондой

Жамгыр кандай болсо, түшүм да ошондой.

11.15. Өлчөм БС
канча,
канчалык


Б -са,

ошончо
ошончолук

Жамгыр канчалык көп жарса, түшүм да ошончолук көп болот.

11.16. Орун БС

кайда
кайсы жерде
кайдан


Б -са,

ошол жерде
ошерде
ошерден

Жамгыр кайсы жерде көп жарса, берекенин баары ошол жерде.

1. ТБТС боюнча. Эгерде жөнөкөй сүйлөмдөрдү *да* байламтасы байланыштырса, анда ал байламта өзүнөн мурдагы сүйлөмгө таандык болгондуктан, үтүр *да* байламтасынан кийин коюлат (калган 11.1–11.6-кештелерге да ушундай эрежелерди түз).

2. **ББТС боюнча.** Эгерде мезгил багынынкы сүйлөмдүн баяндоочуна *-ганда* мүчөсү уланса, анда багынынкы сүйлөмдүн аягына үтүр коюлат (калган 11.8 – 11.16-кештелерге да ушул өндүү жазуу эрежелерин түз).

12. -кк, -гг, -дд, -тт, -мм, -сс, -пп тыбыштарынын пайда болушу

«ШУМКАР» кештеси

-кк, -гг, -дд, -тт, -мм, -сс, -пп тыбыштарынын пайда болушу – бул кыргыз тилиндеги айрым сөздөрдүн ички түзүлүшүндөгү кубулуш. Ал уңгуга мүчөнүн жалганышынан улам пайда болот. Бирок бул кубулуш бардыгын эмес, төмөндөгүдөй урунттуу учурларды гана кучагына алат.

12.1.

М.: балыкка, суукка, Жыргалбекке, көккө, жээкке, табышмакка, уккун, аккан, жаккыч, эккиле, таккыч, баккан, булккан, жалккан, корккон, чаккыч, уккула, соккула, каккыла, тооккана.

Бир сөз ичинде *-кк* уңгуга мүчөнүн жалганышынын натыйжасында пайда болот. Бирок уңгу, сөзсүз, *к* тыбышы менен аякташы керек жана ага *-га, -ган, -гыч, -гыл, -гын, -кана* мүчөлөрүнүн бири уланышы зарыл. М.: *сабак + га = сабакка, жалк + ган = жалккан.* Мында *сабак, жалк* деген уңгулар *к* тыбышы менен аяктады жана алардын бирине барыш жөндөмөсүнүн *-га*, экинчисине атоочтуктун *-ган* мүчөсү уланды. Эгер уңгунун аягы, айталы, *т* тыбышы менен бүтсө, анда эч качан *-кк* тыбышы пайда болбойт. М.: *канат + га = канатка.*

12.2.

М.: биологго, шлангга, педагогго, геологго, хирургга, технологго, диалогго, монологго, социологго, митингге, металлургга, драматургга, носорогго, стоматологго.

Мында да уңгунун *г* тыбышы менен аякташы жана ага барыш жөндөмөсүнүн *-га* мүчөсүнүн уланышы бир сөз ичинде *-гг* тыбышын пайда кылат.

12.3.

М.: заводдун, заводду, заводдо, заводдон, велосипеддүү, отряддар, снаряддуу, параддык, йоддун, йоддо, йоддон, йоддуу, пароходдой, электродду, шоколаддын, лимонаддан.

Мында да үңгу *д* тыбышы менен аякташы керек жана ага *-нын, -ны, -да, -дан, -лар, -луу, -дай, -лык, -ла* мүчөлөрүнүн бири уланышы зарыл.

12.4. 

М.: канаттын, канатты, канатта, канаттан, канаттар, канаттуу, канаттай, космонавттын, самолёттой, канаттуу, отто, оттук, жатта, жаттоо, кетти, коркутту, жайнатты, уяттын, сууттун ж. б.

Сөзсүз, мында да үңгу *т* тыбышы менен аякташы жана ага *-нын, -ны, -да, -дан, -лар, -луу, -дай, -ды, -ла, -лык, -лоо (-ла+оо)* мүчөлөрүнүн бири уланышы зарыл, ошондо бир сөз ичинде *-тт* тыбышы пайда болот.

12.5.

М.: мугалиммин, кеммин, жеммин, киммин, Нурсалиммин.

Мында да үңгунун аягына *м* тыбышы келет жана ага *-мын* мүчөсү жалганат. Ошентип, бир сөз ичинде *-мм* тыбышы пайда болот. Бирок кыргыз тилинде мындай сөздөр өтө сейрек.

12.6.

М.: кессе, тоссо, басса, кусса, взноссуз, намыссыз, эссиз, оазиссиз, автобуссуз, барбассын, кетпессиз, коркпоссунар, кечпессин, урушпассыз, келишпессинер.

1. Мында да үңгүнүн аягы *с* тыбышы менен аяктайт жана ага *-са* же *-сыз* мүчөлөрү жалганып, бир сөз ичинде *-сс* пайда болот. М.: *кес+са=кессе.*

2. *Учпас* өндүү үңгү, мүчөдөн турган сөздөр да *с* тыбышы менен аяктап, ага *-сың, -сыз, -сыздар, -сыңар* өндүү экинчи жактын мүчөлөрүнүн бири уланса, *-сс* тыбышы жаралат.

М.: *учпас+сың=учпассың, учпас+сыз=учпассыз, учпас+сыздар=учпассыздар, учпас+сыңар=учпассыңар.*

12.7. -пп

М.: жаппа, таппайт, каппайт, жаппагыла, таппадым, сеппе, сеппеди, чаппагын, таппадык.

Мында да үңгү *п* тыбышы менен аяктайт жана ага *-ба, багы-ла (-ба+гыла), -бадым (-ба+дым), -падык (-ба+ды+к)* ж.б. мүчөлөрдүн бири уланат да, натыйжада бир сөз ичинде *-пп* тыбышы пайда болот.

13. Айрым сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы

«ЖАГАЛМАЙ ЖАНА ЧАБАЛЕКЕЙ» кештеси

13.1. -чт -шт

М.: чачтуу (чаштуу), көчтү (көштү), качты (кашты), учту (ушту), жыгачты (жыгашты), күчтүү (күштүү), ачты (ашты), кечти (кешти), учтоо (уштоо), кылычтай (кылыштай) ж. б.

Эскертүү: кашаанын ичиндеги сөздөр айтылышы боюнча жазылды. Кийинки мисалдар да ушундай.

13.2. -зс -сс

М.: музсуз (муссуз), тузсуз (туссуз), кагазсыз (кагассыз), бизсиз (биссиз), көзсүз (көссүз), азсынт (ассынт), жазса (жасса), үзсүн (үссүн), созсо (соссо), сызса (сысса), бөзсе (бессе), комузсуз (комуссуз).

13.3. -чс -шс

М.: күчсүз (күшсүз), кы-

13. 4. -нг -нг лычсыз (кылышсыз), чачсыз (чашсыз), жыгачсыз (жыгашсыз).

М.: нанга (наңга), эгинге (эгиңге), жонго (жоңго), ишенгени (ишеңгени), конгон (коңгон), ойгонгондой (ойгоңгондой), көнгөн (көңгөн), мейманга (мейманга), жуунган (жууңган), көрүнгөн (көрүңгөн).

13. 5. -нб -мб М.: сунбайт (сумбайт), жалганбы (жалгамбы), барганбы (баргамбы), таарынба (таарымба), ишенбе (ишембе), жүнбү (жүмбү), көрүнбөйт (көрүмбөйт), сүйүнбө (сүйүмбө), Тургунбу (Тургумбу) ж. б.

13.6. -нм -мм М.: ишенмек (ишеммек), ойлонмоюнча (ойломмоюнча), жашынмай (жашыммай), тунма (тумма), барганмын (баргаммын), күлгөнмүн (күлгөммүн), отурганмын (отургаммын), көргөнмүн (көргөммүн), менмин (меммин) ж. б.

13.7. -нк -нк М.: мурунку (мурунку), түнкү (түңкү), төмөнкү (төмөңкү), бүгүнкү (бүгүңкү), качанкы (качаңкы), түнкүсүн (түңкүсүн), жакынкы (жакыңкы).

Чыпалак. *Мурунку* менен *муруңкунун* кайсынысы туура? Жазууда *мурунку*, сүйлөөдө *муруңку* туура. Эгер *муруңку* деп жазып, *мурунку* деп айтсаң, экөө тең туура эмес. 13.1–13.6 кештелерин да ушундайча түшүнүү керек.

Апенди. *Чачтуу шайтан* деп сүйлөп, *чаштуу шайтан* деп жазсам ката болот экен да.

Чыпалак. Так ошондой. Сүйлөгөндө – *чаштуу*, жазганда – *чачтуу* .

14. Созулма үндүүлөрдүн жазылышы

«КЫРГООЛ» кештеси



М.: аары, араа, чоңураак, ээр, кичирээк, мээ, оор, бакалоор, саякаттоо, өөн, тоолор, жөө, уулу, улуу, уулуу, муунак, тоолуу, күүлөр, күмүштүү ж. б.

15. я, ю, е, ё тамгаларынын жазылышы

«ТӨӨ» кештеси

15.1.

я – йа

М.: кыяк (кыйак), сыяктуу (сыйактуу), жаян (жайан), аяк (айак), таяк (тайак), табият (табийат), жарыя (жарыйа), карыя (карыйа), дарыя (дарыйа) ж. б.

Эскертүү: кашаанын ичиндеги сөздөр айтылышы боюнча берилди. Кийинки мисалдар да ушундай.

15.2.

ю – йу

М.: уюштуруу (уйуштуруу), тоют (тойут), суюк (суйук), жоюлду (жойулду), буюм (буйум), союл (сойул), туюк (туйук), оюн (ойун) ж. б.

15.3.

ё – йо

М.: коён (койон), боёк (бойок), боёмо (бойомо), боён (бойон), соё (сойо), чоёке (чойоке) ж. б.

15.4.

е –йе

М.: ниет (нийет), чием (чийем), тиет (тийет), иет (ийет), киет (кийет), тиешелүү (тийешелүү), Бает (Байет) ж. б.

15.5.

яй – йай

М.: аяйлык (аяйлык), таяйлы (тайайлы).

15.6.

юу – йуу

М.: коюу (койуу), аюу (айуу), союу (сойуу), жоюу (жойуу), жыюу (жыйуу), кыюу (кыйуу), жаюу (жайуу), таюу (тайуу), баюу (байуу) ж. б.

15.7.

ёо – йоо

М.: аёо (айоо), боёо (бойоо), мыёолоду (мыйоолоду), баёо (байоо) ж. б.

15.8.

ёю – йойу

М.: соёюн (сойойун), жоёюн (жойойун), коёюн (койойун), боёюн (бойойун), чоёюн (чойойун), тоёюн (тойойун) ж. б.

15.9.

ее – ейе

М.: кичиреет (кичирейет), тикиреет (тикирейет), Бакеев (Бакейев), Какеев (Какейев), кекиреет (кекирейет) ж. б.

Апенди. *Кичирээт* деп жазсамчы?

Чыпалак. Ал ката болот. *Кичиреет* деп жазылат, анткени мында *ее* тыбыштарынын бири *е (й+э)*, демек, *ее* бул жерде созулма ээ тыбышы эмес.

16. Ташымалдоо

«ТАШ БАКА» кештеси

1. Эгерде эки үндүүнүн ортосуна эки үнсүз тыбыш келсе, анда бир үнсүз мурунку үндүүгө, экинчи үнсүз кийинки үндүүгө кошулуп ташымалданат.

2. Ташымалдоодо бир тамга жолдун этегине калтырылбайт жана бир тамга жолдун башына ташымалданбайт.

3. Эгер эки үндүүнүн ортосуна бир үнсүз тыбыш келсе, анда ал үнсүз тыбыш кийинки үндүүгө кошулуп ташымалданат.

4. Эгерде эки үндүү тыбыштын ортосуна үч үнсүз тыбыш келсе, анда эки үнсүз мурункуга, акыркы үнсүз кийинки үндүүгө кошулуп ташымалданат.

16.1.

М.: ба-ла, ки-теп, те-ре-зе-лер, сүмө-лөк, ба-ка, бо-роон, бээ-лер, тоолор, төө-лө-рүм, күү-лөр, бо-ёк, бо-ёмо, жи-бек, кү-рүч, ше-кер, көө-көр, на-мыс ж. б.

16.2.

таш-так

М.: кун-дуз, жыл-дыз-дуу, кыргыз-дар-га, жээк-ке, шум-кар-дын, жем-кор, пар-та, най-за, ал-тын, сүзмө, жар-ма, дос-тук ж. б.

16.3.

кенч-ке

М.: данк-туу, ант-кени, кант-туу, класс-та, алп-ка, ант-кор, талант-тар, кумурс-ка, жумурт-ка, курт-тун, жалкты, салт-ка, калк-тын, мүлк-кө, жалкпады, өрт-төндү, жулк-па, жанч-па, кубант-сын, ээлент-ме, уялт-тык ж. б.

М.: ата (а-та эмес), соё (со-ё эмес), экен (э-кен эмес), боё (бо-ё эмес),

16.4.



М.: ата (а-та эмес), соё (со-ё эмес), экен (э-кен эмес), боё (бо-ё эмес), А. С. Пуш-кин (А. С. -Пушкин эмес), Сыдык-бе-ков Т. (Сыдыкбеков –Т. эмес).

17. Ээ менен баяндоочтун ортосундагы сызыкча

«КҮН» кештеси

17.1.



Женижок – улуу акын. Эгер алкакты курчаган сөздөрдүн бири эле бор-бордогу сүйлөмдүн баяндоочуна улап айтылса, анда ээ менен баяндоочтун ортосундагы сызыкча жоюлат. М.: 1. *Женижок улуу акын болуп саналат.* 2. *Женижок улуу акын эле.* 3. *Женижок улуу акын эмеспи.* 4. *Женижок улуу акын экен ж. б.*

Кештеге окшоштур

1. Билим – келечекке көпүрө.
2. Башталгыч класс – билим башаты.
3. Картөшкө – экинчи нан.
4. Эмгек – бардык ийгиликтин ачкычы.
5. Суусамыр – сонун жайлоо.
6. Каныбек – жакшы токойчу.
7. Бийлеген – Ширин.

17.1.

Жер – дыйканга. Мында да алкакты курчап турган сөздөрдүн бири бор-бордогу сүйлөмгө улай айтылса сызыкча жоюлат. М.: 1. *Жер дыйканга берилет.* 2. *Жер дыйканга сатылбайт.* 3. *Жер дыйканга сунуш кылынды* ж. б.

Кештеге окшоштур

1. Эгин – элге.
2. Бакыт – ар бир адамга.
3. Тынчтык – ар бир үй-бүлөгө.
4. Дан – мамлекетке.
5. Электр жарыгы – ар бир үйгө.

18. Иреттик сан

«АРКАР МҮЙҮЗ» кештеси

18.1.



Жазылышы туура.

М.: 7-класс (VII класс), 19-кылым (XIX кылым), 22-берене (XXII берене), 10-бап (X бап), 5-том (V том), 4-бөлүм (IV бөлүм), 1-сорт (I сорт), 3-чейрек (III чейрек), 8-ай (VIII ай), 12-глава (XII глава), 9-параграф (IX параграф), 15–18-кылымдарда (XV – XVIII кылымдарда) ж. б.

Жазылышы туура эмес.

VII-класс, 10 бап, 5инчи том, XXIIчи берене, IV-бөлүм, Iинчи сорт, III-чейрек, IX-параграф, 15–18инчи кылымдарда.

19. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөнүн (ОТМ) жазылышы

«ҮЛҮЛ ЖАНА МОНЧОК» кештеси

19.1.



Биз, **сугатчылар,** быйыл эгинден мол түшүм алабыз.

19.2.



Биз **(сугатчылар)** быйыл эгинден мол түшүм алабыз.

19.3.



Биз – **сугатчылар** – эгинден мол түшүм алабыз.

19.4.

Эмгек берекеси бизде, **сугатчыларда.**

19.5.

Эмгек берекеси бизде – **сугатчыларда.**

Сугатчылар – бул ОТМ. Ал «мончок» кештеси, ал эми *Биз эгинден мол түшүм алабыз* деген «үлүл» кештеси менен белгиленди.

Оозеки түз

1. *Сугатчылар* деген сөздү *дыйкандар, кызылчачылар, 7-класстын окуучулары, эмгекчилер, колу кабаргандар, чеке терин төккөндөр* өндүү сөздөр менен алмаштыр.

2. *Биз* дегендин ордуна *силер, алар, сиздер* деген сөздөрдү коюп көрсөңөр. М.: *Силер, сугатчылар* ...

§ 5. ЖАЗЫП МАШЫГУУЛАР

(«Сабат санжырасы» топтому боюнча)

47-көнүгүү. 

: «Б» кештеси боюнча үч мисал жаз.

48-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдү көрсөтүлгөн кештелер боюнча өзгөрт. **Абай мындай деген: «Жүз кишинин ортосуна от жаккан адам бир кишини оң жолго салган адамдын тырмагынан айлансын».**

1. «Б» , – Т

2. Т : «Б», – Т

3. «Б, – Т, – Б»

4.
-гин
-ги жөнүндө
-ги тууралуу

49-көнүгүү. Төмөндөгү төл жана бөтөн сөз боюнча түзүлгөн сүйлөмдөр кайсы кештелерге туура келет?

«Кенешип кескен бармак оорубайт» деген ошол. «Ит менен дос болсоң, сөөк талашасың», – деген Чокойбек. Алмазбек: «Сыйга сый, сыр аякка бал», – деп айткан. Чакырганга барбаган ымдаганга зар боло тургандыгын кошуна айтып жаткан. «Ынтымактуу үйгө, – деген чоң эне, – ырыс түнөйт». Баарынар туура айтасынар, чын эле «ынтымак бар жерде, ырыс бар». Тууганбай мындай деген: «Ээсин сыйласаң, итине сөөк сал».

50-көнүгүү. «Кереге көз жана тумар–2» кештеси боюнча төмөндөгү тартипте мисал түз: 8.4, 8.2, 8.3, 8.1, 8.6.

51-көнүгүү. Төмөнкү мисалдар «Кереге көз жана тумар –2» кештесинин кайсы түрүнө кире тургандыгын ыраста.

– Күн көз ачырбай жаап туруп алды, – деди Бакбуркан, – чабылган чөп чирип кетпесе экен.

Темиркул мындай деп айтты:

– Картөшкөдөн мол түшүм алуу үчүн, жөөктүн таманына малдын чириген кыгын чуурута төктүм.

– Быйыл, – деди Мырзакөкүл, – чигит жылдагыдан бир жарым ай мурда себилди, буйруса, пахтадан мол түшүм алабыз.

– Кыргызстанда мындан ары таш буласы өндүрүлө баштайт, – деди шаардык жаш жигит.

– Кайдан уктунуз?

– «Кыргыз Туусу» гезитинен окудум.

– Завод курулуптурбу?

– Ооба.

52-көнүгүү. Адегенде «Ак куу» кештеси кайсы жазуу эрежесин кучагына аларын аныкта. Анан анын төмөнкү түрлөрүнө сүйлөм түз.

9.3.  , (эки сүйлөм)

9.4.  да,  да (эки сүйлөм)

9.5. , бирок

(эки сүйлөм)

9.6. ары , ары

(эки сүйлөм)

9.7. же , же

(эки сүйлөм)

9.8. , жана

(эки сүйлөм)

53-көнүгүү. «Кумайык жана ак куу» кештесинин ар бирине (10.1, 10.2) төрттөн сүйлөм түз.

54-көнүгүү. Татаал сүйлөмдүн жазылышын канчалык билесиң? Өзүңдү өзүң текшер.

«Боз үй» кештеси боюнча

11. 1– ? 11.2 – ? 11.3 – ?
11.4 – ? 11.5 – ? 11.6 – ?

«Ай жана боз үй» кештеси боюнча

11.7 – ?	11.8 – ?	11.9 – ?	11.10 – ?	11.11 – ?
11.12 – ?	11.13 – ?	11.14 – ?	11.15 – ?	11.16 – ?

55-көнүгүү. Төмөнкү тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн кайсы жазуу эрежелерине кирерин «Боз үй» кештеси боюнча аныкта.

1. Адилет адам азаттыкты жалпыга каалайт, ал эми адилетсиз жалгыз өзүнө каалайт. 2. Дүйнөнү акыл башкарат, бирок акыл күчкө таянат. 3. Ааламдын көркүн көз ачат, адамдын көөнүн сөз ачат. 4. Көзүм жокто мени жамандаган адам – менден корккон адам, көзүмчө мени мактаган адам – мени жек көргөн адам. 5. Тил топто сайрайт, булбул бакта сайрайт. 6. Он отузга берди, отуз Жалманбетке берди, Жалманбет жардан алыс ыргытып жиберди. 7. Жалбарып отурган Токон түндө түш көрүүгө мүмкүн эмес эле, анткени ал таң атканча кирпик ирмеген эмес. 8. Эртең менен төрт буттап басат, түштө эки буттап басат, кечинде үч буттап басат. 9. Бөдөнөнүн жатагын көр да, этине таарынба. 10. Мас киши адам эмес, анткени акылынан ажырап калат, адамды айбандан айырмалап турган акыл да *(А. Иманов, «Кыргыз тили» китебинен)*. 11. Бул сүрөттүн эч кандай ыксыз жайы деле жок, же болбосо ага «көз тийип кетет» дегендей ал ашкан сонун деле эмес *(Ч. Айтматов)*. Тарсылдатып атылган мылтыктын үнү жардам бербеди, же карангыда болжоп аткан мылтык огу эч кимге тийбеди *(К. Жантөшев)*.

Үлгү: **Адилет адам азаттыкты жалпыга каалайт, ал эми адилетсиз жалгыз өзүнө каалайт.** Бул «Боз үй» кештесинин 11.3-эрежесине таандык.

56-көнүгүү. «Ай жана боз үй» кештеси боюнча төмөнкү багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн жазылыш эрежелерин тап.

1. Бай канчалык байыган сайын, алар ошончолук битир болот деген чын тура. 2. Энелик сезим адамда кандай болсо, канаттууда да так ошондой. 3. Той-тамаша кайсы жерде болсо, Ыманбай Сараласы менен ошол жерде. 4. Ал кетер менен, Уркуя Бактыбаевди сөзгө алды. 5. Кыбырата желип өткөн желге эгин термелсе, тырс этип дан түшүп жаткаңы байкалат. 6. Калп эле сырты жымындаганы менен, түлкү ичинен аны жейин деп турду. 7. Мисирейген кара жер эч нерсени сезбегенсип, томсоргон бойдон кала берди. 8. Ак

жүзүндө бир тал кылы жок болгондуктан, бетиндеги бырыштар даана көрүндү. 9. Алар туюп калбасын деп, эч кимге айтпадык.

Үлгү: **Төө канча болсо, жүк ошончо.** Мында **Төө канча болсо** деген өлчөмдү туюнткан багыныңкы сүйлөм катышты. Бул кештенин 11.15-эрежеси боюнча жазылды.

СЫНАК

1. Сынак белеттер аркылуу жүргүзүлөт.

2. Ар бир белет боюнча адегенде өзүңө өзүң, анан бириңе бириң сынак жүргүзө аласың.

3. Сынактын негизинде өзүңө өзүң жана бириңе бириң баа берсең болот.

Биринчи белет

«Шумкар» кештесин билесиңби? Анда канча эреже бар? Ар бирине кандай мисалдар келтирилген?

12.1 –? 12.2 – ? 12.3 – ? 12.4 – ?
12.5 – ? 12.6 – ? 12.7 – ?

Экинчи белет

«Жагалмай жана чабалекей» кештеси боюнча эмне билесиң?

13.1 – ? 13.2 – ? 13.3 – ? 13.4 – ?
13.5 – ? 13.6 – ? 13.7 – ?

Үчүнчү белет

«Төө» кештеси кандай бөлүктөрдөн турат?

15.1 – ? 15.2 – ? 15.3 – ? 15.4 – ? 5.5 – ?
15.6 – ? 15.7 – ? 15.8 – ? 5.9 – ?

Төртүнчү белет

«Таш бака» кештеси эмнени билгизет?

16.1 – ? 16.2 – ? 16.3 – ? 16.4 – ?

Бешинчи белет

«Күн» кештеси боюнча тапшырма.

17.1 боюнча 5 сүйлөм жаз.
17.2 боюнча 5 сүйлөм жаз.

Алтынчы белет

«Кыргоол» кештеси боюнча 25 сөз жаз.

Жетинчи белет

«Аркар мүйүз» кештесинин негизинде араб саны менен айкалышкан 10, рим саны менен айкалышкан 10 сөз жаз.

Сегизинчи белет

«Үлүл жана мончок» кештесине мисалдар түз.
19.1, 19.2, 19.3, 19.4, 19.5-нин түрлөрү боюнча.

Тогузунчу белет

«Көөкөр–1» кештеси боюнча сөздүк түз.
1.2-ге 5 сөз, 1.3-гө 5 сөз, 1.4-гө 5 сөз, 1.5-ге 5 сөз, 1.6-га 5 сөз, 1.7-ге 5 сөз.

Онунчу белет

«Көөкөр–2» (түп жагы гүлдү элестеткени) кештеси боюнча мисал келтир.
2.1-ге 5 мисал, 2.2-ге 5 мисал, 2.3-гө 5 мисал, 2.6-га 5 мисал, 2.7-ге 5 мисал.

Он биринчи белет

«Бүркүт» кештеси боюнча 25 сөз жаз.

Он экинчи белет

«Умай эне» кештесинин үч эрежесин айтып бер жана ар бир эрежеге үчтөн сүйлөм түз.

Он үчүнчү белет

«Кыял» кештесине мисал келтир.
2-эрежеге үч, 3-эрежеге үч, 4-эрежеге үч сүйлөм түз.

Он төртүнчү белет

«Суу» кештесине мисал келтир. 1-эрежеге үч, 2-эрежеге үч, 3-эрежеге үч, 4-эрежеге үч сүйлөм түз.

Он бешинчи белет

«Ак куу» кештеси боюнча төмөнкүлөрдү аныкта:
1. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына кандай учурда үтүр коюлбайт. Мисал менен далилде.
2. Бир өңчөй мүчөлөр кандай учурда жалаң интонация (үтүр) менен байланышат? Мисал келтир.

3. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына кандай учурда байламта менен үтүр кабаттала келет? Мисал келтир.

4. Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырган кайсы байламталардан кийин үтүр коюлат? Мисал келтир.

5. Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырган кайсы байламталардан мурда үтүр коюлат? Мисал келтир.

6. *Ары, да, же* байламталары эки же андан ашык кайталанбаса, эмне үчүн үтүр коюлбайт?

ТАЛДАП МАШЫГУУ

Кандай гана текст болбосун, алардын тулкунда ондогон жазуу эрежелери кездешет. Албетте, биринде көп, экинчисинде аз. Окуучу үчүн аларды көрө билүү – милдет. Канчалык көрө билсең, ошончолук катасыз жазасың. Маселен, жатжазуу жазып жатканда, «тигил сөз тигиндей, бул сөз мындай эреже менен жазылат» деп билип турасың. Же болбосо сүйлөмдүн туура жазылышын купуя сезесиң. Сабаттуу жазасың. «Сабат санжырасы» топтомун толук билүү сени ушундай ишке тушуктурат. Талдап машыгуу сага тексттин турпатын көрө билүүгө, анын тулкундагы жазылыш эрежелерин баамдоого, катасыз жазууга жол көрсөтөт.

52-көнүгүү. Оозеки талдоонун үлгүсү боюнча карап чык.

НОБЕЛЬ СЫЙЛЫГЫ

Бул – жыл сайын берилүүчү эл аралык сыйлык. Ал 1833 – 1896-жылдардын аралыгында жашаган швед инженери, химик, ойлоп табуучу жана өнөр жай ээси Альфред Нобель тарабынан негизделген. Нобель сыйлыгы 1901-жылдан баштап физика, химия, физиология, медицина жана адабият жаатындагы мыкты эмгек авторлоруна, тынчтыкты чындоого зор салым кошкондорго берилет. Ал 1978-жылга чейин 340 адамга ыйгарылган. Нобель сыйлыгына татыктуу болгон адамга А. Нобелдин сүрөтү бар алтын медаль, диплом жана 30–70 мин доллар тапшырылат. Бул сыйлык өтө баалуу ийгилик жаратышкан М. Склодовская-Кюри (1903, 1911), Л. Полинг (1954, 1962) жана Ж. Бардинге (1956, 1972) эки мертебе берилген. Нобель сыйлыгынын лауреаттарынын арасында В. Рентген, А. Эйнштейн, И. Жолио-Кюри, И.П.Павлов, Р. Тагор, Б. Шоу, Э. Хемингуэй, П. Неруда, М. Шолохов ж. б. улуу адамдар бар.

«Кыргыз совет энциклопедиясы»

Оозеки талдоонун үлгүсү. 1-сүйлөмдө бир созулма үндүү бар, 17.1-кештенин негизинде *бул* деген сөздөн кийин сызыкча коюлду. 2-сүйлөмдө бир энчилүү ат, төрт бир өңчөй мүчө, бир иреттик сан, ичкертүү белгиси катышкан эки сөз бар. 3-сүйлөмдө бир энчилүү ат, бир иреттик сан, жети бир өңчөй мүчө, созулма үндүү катышкан эки, *я* тамгасы катышкан үч сөз бар. 4-сүйлөмдө бир иреттик сан, 5-сүйлөмдө эки энчилүү ат, үч бир өңчөй мүчө, ичкертүү белгиси катышкан эки сөз, бир созулма үндүү, 6-сүйлөмдө эки созулма үндүү, үч энчилүү ат, бир *я*, бир *ю* тамгасы, 7-сүйлөмдө он энчилүү ат, тогуз бир өңчөй мүчө, бир созулма үндүү, бир ичкертүү белгиси, *-тт* катышкан бир сөз, бир *ю* тамгасы бар.

Жыйынтыктаганда:

1) бир өңчөй мүчөлөр – 23 (1-орунда)
2) энчилүү аттар – 17 (2-орунда)
3) созулма үндүүлөр – 7 (3-орунда)
4) ичкертүү белгиси – 6 (4-орунда)
50 **я, ю** тамгалары – 6 (5-орунда)
6) иреттик сан – 3 (6-орунда)
7) **-тт** – 1 (7-орунда)

Демек, бул текстте 7 жазуу эрежесине ылайык келген 60тан ашык сөз бар, ошонун ичинде эң көбү – бир өңчөй мүчөлөр.

58-көнүгүү. Оозеки талдоонун үлгүсүнө окшоштуруп иште.

НИЯЗАЛЫ

Ниязалы Борош уулу (1856–1941) – комузчу, жомокчу, ырчы. Ал Аксы аймагындагы Кичи-Ак-Жол кыштагында туулган. «Кара өзгөй», «Кер толгоо», «Сары барпы», «Короо күзөтүү», «Өттү, кетти балалык» ж.б. күүлөрдү чыгарган. Ниязалыдан Коргол, Шекербектер таалим алган.

«Кыргыз тарыхы» энциклопедиялык сөздүгү

59-көнүгүү. Муну да жогоркудай иште.

ЭШМАНБЕТ

Эшманбет Байсеит уулу (1867–1926) – төкмө ырчы. Талас өрөөнүндөгү Кырк-Казык кыштагында туулган. Он беш жашынан ырдай баштаган. Ал Кетмен-Төбөгө барып, ал жерде көп жыл турган. Эшманбет – Токтогулдун эң жакшы шакирти. Анын «Токтогул менен Эшманбеттин эшен-калпаларга

карата ырдаганы», «Папы калпа», «Ак туяк» ж. б. алым-сабак ырлары белгилүү. Эшманбеттин Женижок, Жаңыбай, Курман, Найманбай, Алтынай, Нурмолдо, Чонду, Барпы, Калык менен айтышкан ар кыл мазмундагы айтыштары бар.

«Кыргыз тарыхы» энциклопедиялык сөздүгү

60-көнүгүү. Муну да мурунку көнүгүүлөргө окшоштуруп иште.

КӨЗҮМ ЖЕТПЕЙТ

Диогенден бирөө:

– Сен жашаган дүйнө аңтарылып кетсе, эмне кылар элең? – деп сураганда, ал:

– Дүйнөнүн менден мурда аңтарылып кетерине көзүм жетпейт, – деп жооп бериптир.

КИМИСИ АКЫЛДУУ

Бир философтон:

– Кандай адам акылдуу? – деп сураганда, ал:

– Колдон келген ишке умтулган адам акылдуу! – деп жооп бериптир.

«Залкар ойлор» китеби

61-көнүгүү. Муну да жогоркуларга окшоштуруп иште.

МАКАЛДАР

«Жакшы, – деген нуска сөздүү карыя, – сөзү менен күлдүрөт, назы менен күйдүрөт, мээрими менен сүйдүрөт». «Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – көктөгү жылдыз», – деген энекем. Мугалим окуучуларына мындай насаат айткан: «Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин иши, жамандыкка жамандык – кем кишинин иши, жакшылыкка жамандык – көр кишинин иши, жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши».

62-көнүгүү. Бул да мурункулардай эле иштелет.

ТЕРМЕ

Канатынды кур күүлөп,
Камгакча желге учпагын.
Бүгүн берип карызга,
Эртең тап деп кыспагын.

Өзгөгө барып сын такпай,
Өз жумушуң толукта.
Кадырлашкан кишиңдин
Калп айтып көөнүн оорутпа.

Осмонкул

63-көнүгүү. Бул да жогоркудай иштелет.

Базыл терең ойго чөмүлө, түнөрө үңкүйүп, кандайдыр мен укпаган мунҗдуу обонго салды. Комуздун көөдөнү боздогон каймалдын көмөкөйүндөй күңгүр чалып, чыйрак кыл баш бармактын уунда шыңгыр какты. Мукам ыр кандай кишини жолдо баратса, тык токтотуп, алда кайда белгисиз түпкүргө кыялын жетелеп, термелтип, башын төмөн ийдиргидей. Ырга, күйгөнгө караганда солуктаган ыйга ыкташ, чучук сыздаткан өкүнүчкө жакын. Бул кайрымдан баштатан кабардар болушса да, мындай так, мындай найын кыл ыргагын угушпаган көрүнөт, зайыбы да, балдары да, жада калса, Садыр да, токтогон суудай мелтиреп отуруп укту *(Т. Касымбеков)*.

§ 6. ЖАТ ЖАЗУУ

Акыл Карачач. «Сабат санжырасы» топтомуна кирген жазуу эрежелеринен канчалык майнап чыкты, эмнени иш жүзүндө билесиң, баары жат жазуудан көрүнөт. Жат жазуу – сыналуу майданы. Төмөндөгү жат жазуулар Кемчонтойдуку. Ырас, Кемчонтой катасыз жазууга жан үрөп далалат кылды. Ошентсе да андан кеткен каталар арбын. *Ошолорду түзөтүп, катадан арылтып жазуу сенин милдетиң.*

Чыпалак. Эгер мен башымды оорутуп отурбай эле, башка бирөөнүн катадан арылтканын көчүрүп алсам, эмне болот?

Акыл Карачач. Буюм, мал уурдалат – муну жакшы билесиң. Ал эми бирөөнүн катадан арылтып жазганын көчүрүп алганың да уурулук. Өзүң билесиң, уурулуктан көрө жалкоолук жакшы. Бирок мындай накыл эсиңдедир: «Кечмеликти кечпейлик, кечмеликти кечкен соң, кечеликпи, кечпейликпи дешпейлик». А сен кечмеликтин ортосундасың. Бир жагынан – таманыңдан таш өтсө, экинчи жагынан – күүлдөп-шаркыраган суу кулагыңды тундурат, чертилген тамчы жүзүңө чачырайт. Эмне, жүрөгү жоктук кылып, кайра артыңа тартасыңбы? Жок, чегинүүгө болбойт: «Тобокелчил тоо бузат, кыбыраган кыр ашат».

Чыпалак. Болуптур, «билим ийне менен кудук казгандай» экени чындык. «Мээнет кылсаң, татканың таттуу болот». «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң». Айталы, Кемчонтойдун кол жазмаларында төмөндөгүдөй сөздөр жазылган, аны кантип оңдоо керек?

АКСАК ТЕМИР

Аксак Темир (1336–1405) – темируйлер мамлекетин негиздөөчү барлас уруусунан чыккан кол башчы өзү негистеген мамлекеттин эмири. Ал 1389 жана 1391 жылдарда алтын ордонун ханы токтомушту талкалаган. 1393 жылы багдады Месопотамияны 1398–1399 жылдарда индиянын түндүк бөлүгүн 1401 жылы сириянын бир кыйла бөлүгүн элеген. Байтактысы самаркан шаарында болгон. Кытайга баратып, 1405-жылы 18-февралда отрар шарында каза болгон.

Акыл Карачач. Албетте, билсең, жарасы жеңил. Бирок мунун колдон келбей турган эч нерсеси жок. Мисалы, «темирди» «Темир» деп жазуунун кыйынчылыгы барбы?

Жок! Темир – адамга энчиленип коюлган ат, ошол себептен ал баш тамга менен башталып жазылат ж.б. Эми тексттин катадан арылтылган түрүнө көз тигип көр. Так ушундай катасыз жазуу керек.

АКСАК ТЕМИР

Аксак Темир (1336–1405) – Темируйлер мамлекетин негиздөөчү, барлас уруусунан чыккан кол башчы, өзү негиздеген мамлекеттин эмири. Ал 1389- жана 1391-жылдарда Алтын Ордонун ханы Токтомушту талкалаган. 1393-жылы Багдадды, Месопотамияны, 1398–1399-жылдарда Индиянын түндүк бөлүгүн, 1401-жылы Сириянын бир кыйла бөлүгүн ээлеген. Байтактысы Самаркан шаарында болгон. Кытайга бараттып, 1405-жылы 18-февралда Отрар шаарында каза болгон.

Чыпалак. Туура, катаны көрө билүү жана андан арылтып көчүрүү – сабаттуулуктун белгиси. «Изденүү – ийгиликтин жолу», – деген бир акылман. Дагы бирөө: «Кетенчиктеп отуруп да, чокуга чыгууга болот», – деп-тир. Анысы кандай, алдыга умтулган пенде нечендеген чокуларга чыкпайбы.

Акыл Карачач. Анда, калемиңди ал да, ишке кириш. Бет алдында Кемчонтойдун жат жазуулары турат.

Биринчи жат жазуу

Мен жакында жайкы теятырдан спартак женилбеген жете тарзан селсаяк кинопилимдерин гөрдүм. Телепестибал болду, анда гүлнур сатылганова күтүү деген ырды ырдады, г.тойгонбаева милийсанын капитаны деген ырды эң сонун ырдады. Ыбырай тумановдун тулган күнүнө карата бос салкын жениш жаш тилек деген күлөрдү радиодон уктум. Китепканада Чынгыс Айтматовдун гүлсарат, кылым карытар бир күн деңиз бойлой жорткон Аладөбөт биринчи мугалим деген китептери бар экен. Шотанын жолборс терисин жамынган батыр поемасы мага жакты. Үйгө келип аалам сырдуу дүйнө асаба кыргыс руху гезиттерине көс жүгүртүм. Кечинде дырам теятырдан жаңыл мырзаны гөрдүк.

Экинчи жат жазуу

Азармандан безерман, адабий тил, агайынтууган, азып тозуп, айран калуу, ак жаан, акыл эс, ала шалаа, албадалба, ак калпак, ак чөлмөк, ала бакан, базар учар, балабото, балтыр эт, балык жон, бетмебет, бир жарым, дамбыр таш, дүпө дүп жай жапсар, бир түп арча, жекжаат, илик жилик, ит оору, илкип калкып.

Үчүнчү жат жазуу

Казан аштуу, казы карта, кайданжайдан, кадыр түн, күн сайын, камыржумур, келе жатат, кебете кепшир, кызыл көйнөк, килем килче, кийим кечек, кир самын, колаяк, короо жай, көркөм адабият, көйнөк көнчөк, кыргыз тили, куулук шумдук, күрүлдөп шарылдап, кээ бирөө, кетмен чабуу, кыл кыбыр, кырк чилтен, кыймыл аракет, кылоо кылоо.

Төртүнчү жат жазуу

Сабака, стоматолого, пароходор, кантай, бараты, самолотор, мамысыз, келбесин, аптобусуз, Бишкеке, жээке, жалкан, талкан, чырака, укун, металлурга, йодуу, велосипеден, жатоо, кети, суюлту, космонавтар, автоматуу, хирурга, Санкт-Петербурга, Нью-Йорко, Ноокатан, шоколада, карагатуу, бир атык, оазисиз, кетпесин.

Бешинчи жат жазуу

Сүйүмбө, таарымба, жууңган, күштүү, ушту, ишенгени, ойгоңгондой, жууңган, Тургумбү, билимбейт, Дүйшөмбек,

Асамбек, баргаммын, болгоммун, жашыргаммын, качаңкы, түңкүсүн, мурунку, кешти, Тынштыкбек, кагассыз, комустуз, туссуз, эссиз, сысса, үссүн, кессин, даңга, жоңго, сумбайт, ойломмоюнча.

Алтынчы жат жазуу

Тикирээт, мыёоологон, боёоо, жойойун, коейун, аеоо, тыюуу, айайлык, кичирээт, кекирейет, Бекейев, тийешелүү, чойоке, тийет, бойомо, жойулду, дайардык, кийет, Эвропа, сыйактанат, кыйанаттык, уйуктуу, уюулгуду, телпейет, чойоюун, жаюууда.

Жетинчи жат жазуу

КОЖОМКУЛДУН ТАШЫ

Кыргыз элинин сыймыгы Каба уулу Кожомкул балбандын (1888–1955) 47 жаш курагындагы бою 1 метир 97 сантиметир салмагы 164 килого жеткен, 52 өлчөмдөгү өтүк кийген. Орустун балбандары И.Поддубный, И.Заикинден да зор болгон. Казак элинин атактуу балбаны Кажы Мукан Кожомкулдун көкүрөгүнөн келген. Кожомкул бабабыз 22 жашында сусамыр өрөнүндөгү арамза деген жердеги бийиктиги 1 метр 60 сантиметр, жондугу 1 метр 89 сантиметир келген ташты (салмагы 1 тоннага жакын) жүз кадам жерге көтөрүп барып жерге күч менен уруп киргизген. Эл аны Кожомкулдун ташы дешет. Мындай таштар бөйрөк, кеңсуу, жоожүрөк жайлоорунда кетментөбөдө да бар. Чүйдөн сусамырга баратканда аты баспай калып аны төөашуудан өзү көтөрүп ашкан. Атасы Каба балбан киши болгон, ал эми энекеси Алмадай да эр сайышка түшкөн. Кожомкул күрөштө да, эңиште да өмүр бойу эч кимге алдырган эмес.

Бирок ушунча зор күчкө эгедер болгон бабабыз бир да жолу мактанган эмес экен.

«Кыргыз совет энциклопедиясы»

Сегизинчи жат жазуу

КУЛАН ЧААР АРГЫМАК

Домбу дайыма кол алдына ууру алып жүрчү. Бир түндө Сарыбайдын семирип турган тору кашка атын урдатып алган болчу. Кыл арканды айабай бороктотуп кайнатырып туруп ысык боюнча атын мойнунан соорусуна чейин чырматып жиберген. Аркан тийген жерлери кашкайып күйүп тору кашка

чыңырып кишенеп тизелеп жыгылып так түйүлүп туйлап өлө жаздап араң чыдайт да муздаган соң арканды алып таштап өзүн жиптей катырып суутуп кайра баканда күйгөн жерлери жыдып түшөт бир кезде ордуна көгүш ак жүн кайра чыгып ат көз көрүнөө тору кашка эмес, кулан чаар аргымак болуп чыга келет. Ошол бойдон Домбу бий бир жанга байкатпай, түнкүсүн гана сыйрытпаса күндүзү үстүнөн жеңип кымкап үздүрбөй бактырып суутуруп мына эми чоң маракеге алып чыккан эле.

Чын эле те чете бир чабандес бала кымкап үртүк жабылган аты нары бери жай бастырып туруптур. Камыш кулагы үртүктүн көкүлдүгү ачыла түшсө мандайынан тумарча кашкасы жарк көрүнө калат. Куйругу карлыгачтын куйругундай болуп эки ача түйүлгөн. Күлүктүн көзү сүзүлүп үргүлөгөнсүп кетип кайра куш сыяктуу акырын селт этип ойгонуп жерге жукпай жепжеңил басып турду. Кандай ат болсо да куп табына келген кези окшоду.

Т. Касымбеков

Тогузунчу жат жазуу

ЭЛЕСТЕР ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМ

Биздин дордун өтө таңгаларлык ачылыштарынын бири – голографияны XX кылымдын керемети деп эң тура эсептешет. Голография (грекчеден которгондо – толук жазуу) – бул жарык толкундарын нерселердин үстүнө кою жардамы менен алардын көлөмдүү түстүү сүрөтүн алуу ыкмасы. Голограммадагы нерсенин сүрөтү ушунчалык дана жана дал өсүндөй сүрөтөлгөндүктөн, бакочу аны материалдуу сезилип турган нерсе катары кабыл алат. Аргасыздан ага жакындагысы кармалап көргүсү келип кетет. Голографиялык сүрөтү дана көрүгө болот, бирок сезүгө болбойт. Голограммадан биз материалдуу нерсенин өзүн эмес анын «арбагын» көрөбүз. Ошондуктан голографияны кээде образду арбактар жөнүндөгү илим дешет. Дүйнө жүзүнүн эң мыкты музейлеринен кайталангыс искусство чыгармаларын азыркы адам өз үйүндө отуруп көрүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Бул азырынча жападан жалгыс мүмкүнчүлүктү бизге атактуу илимпоз Россия илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти Лениндик сыймыктын ээси Юрий Денисюк ачкан ыкма менен атайын голографиялык пластинкаларга жазылган сүрөт голографиясы берет.

«Эркин тоо» гезити

Онунчу жат жазуу

ЛОБНОР ЭЛИ

Лобнор – Жаңыл Мырса эпосунда айтылган жер. Ал кытайдагы Уйгур автоном районунда жайгашкан. «Лобнор» деген ат негизинен атактуу Лобнор көлүнүн аталышынан койулган. 1946 жылга дейре Көнчү ооданы деп аталган. Лобнор ооданы – Таклимакан кумундагы бир каухар. Мындагы жашаган эл көптөгөн көптөгөн уру жана уруктардан турат. Алардын арасында аз сандагы кыргыз тукуму да бар. Лобнор эли өтө эмгекчил батыр шамдагай жана мерген келишет. Лобнордун эркектери жакасыс чапан, айалдары тик жакалу көбөлү узун чапан кийишет. Айалдардын чапанынын алды жагына кангүрө топчу ак седеп шуру сөлкөбөй жана мончок тагылат. Эркектери ак калпак кийишет. Лобнор элинин калпактарынын тарыхы өтө узак. 1981-жылы Лобнор ооданындагы байыркы көрүстөндөн бир мүрсө казылып текшерилген. Мүрсөгө кыздын сөгү койулган. Сөк шалчага оролуп башына кийис калпак кийгисилген. Баш жагына будай салынган бир себет койулган. Бул мүрсөгө 6412 жыл болгон деп жыйынтык чыгарылган.

«Эркин Тоо» гезити

Он биринчи жат жазуу

ЧОКМОРОВДУН ҮЛҮЛҮ

Чынында, Сүймөнкул абаны билбеген кыргыз барбы. Союзда Оскар – сыйлыгын беш жолу жеңип алган жападан жалгыз актер... Акындын сыртаны эмне жылдыздуу поэзиясын таберик калтырып жүрүп кеткен маркум Жолон Мамытов Сүкөмдүн портретин сөз менен ташка чегип койуптур. «Элестелип дүйнөгө бүт таркады, кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй». Акындан ашырып айтыш кыйын го!

...Иш бөлмөсүндө отурдук. Толгон сүрөт. Дубалда илингени канча. Көбү жерде биринин аркасынан бири шыкаалап, бизди карап турушат.

Кетеримде Сүкөм китеп текчесинде турган ташбаканын жону түспөл эки чоң үлүлдүн бирин мага сунду: Тыңшап көрчү». Кулагымдын түбүнөн деңиз шарпылдады. Деңиздин шоокуму! Үлүлдү кулагымдан албай сурадым. «Кайсыл деңиз». «Инди океаны. Жегинде жүрсөк, бир карыган балыкчы белек кылган эле. Мунусунан таза угулат». Алыста-алыста жердин аркы четинде мелмилдеген океанга чөгүп бараткан кызыл күндү элестетип а сүкөм жээк кыдырып көрүнгөнгө үлүл

таберик кылган балыкчысы өзүнчө... аны Хемингуэйдин өлөрман балыкчысына окшотуп колумдагы то текенин мүйүзүндөй үлүлдүн кайсыл бир жылдары океандын жашыл түбүндө сырдуу дүйнөдө түнөгөнүн тегерегинен супура боор араа тиш акулалар түркүн түс балыктарды кууп каршы терши сүзгөнүн анын касиеттүү үлүл кайсыл бир күнү толкундардын эркининен козголуп жек издеп күн жеген калак шилеп булчундары таштай каткан алиги балыкчыга кабылганын, ал табылгасын даңазалуу киноактерго тарту кылганын билди болду бекен...

А. Матисаков

Он экинчи жат жазуу

БҮРГӨ БААТЫРДЫН ТУУСУ

Кыргыз санжыраларында Атаке Бердике Эсенгул Садыр Кубат бий Ажыбек даткалар менен катар айтылып жүргөн XVIII – XIX кылымдарда жашап өткөн кыргыздын элдик батыры чачылган уруларды бириктирген эл башчысы Бүргө батырдын Туусу бар. Аны бүгүнкү күнгө сактап жеткирген – Саты Чалыке уулу.

Бүктөсө бир учка толбогон жазып жиберсе кулач жетпеген далай жылдар атадан балага өтүп сакталып кылым карыткан касиеттүү Туу!

Туунун өңү – жердиги кызыл, бетине сары ала оюулар салынган. Ортосунда төрт чарчы 0,45 сантиметир агы бар. Туунун узундугу 1,85 метир туурасы 1,35 метир. Учтарына үкүнүн канатары, көз мончоктор тагылган.

Ушул Тууну көкөлөтүп, «Каратал!» деп уран чакырып Бүргө батырлар жого каршы кирген. Солто менен Сарбагыштын чатагында бөдө кан төгүлөрдө, калыстыка Бүргө батыр аттанып барып, тирешкен эки урунун ортосуна ушул Тууну сайып отуруп алып, кыргынды токтоткон. Ушул Тууну көкөлөтүп көтөрүп Кокондон каптаган сарбаздарды сүргөн. Качан Кокон ордосунан атайын жиберилген тынчыдан Бүргө батыр бөдө мерт болгондо жалпы кыргыз казак анын сөгүн коердо, ушул Туу ошондо бир ийилген.

«Талас турмушу» гезити

Он үчүнчү жат жазуу

1. АР КАЛААГА ҮЙ САЛ

Мындай бир аңыз бар. Бир чал жарык дүйнө менен коштошуп жатып, баласына ар бир калага үй сал деп осуят кал-

тырыптыр. Атасы өлгөндөн кийин анын улу осуятын аткарууга киришет. Баардык байлыгын ар калага үй салуга жумшайт. Акырында жардыланып кайырчы болуп эл аралап калат. Ошентип жүргөндө бир акылман карыядан атам ушинти эле, анын айтканын аткарам деп минтип кайырчы болуп калдым. Бул эмнеси деп сурайт. Анда чал балам сен атаңдын осуятын туура эмес түшүнгөн экенсиң. Ар калага үй сал дегени – ар калада досуң болсун дегени. Досуңдун үйү сенин үйүң дейт.

2. ЖАКШЫЛЫК КЫЛ

Бала кезде асан деген досум бар эле. Күн сайын эң кеминде бир адамга жакшылык кылалык деп экөөбүз максат кылганбыз. Жакшылык кылу үчүн кеде атайылап адам издечүбүс. Көчөөгө чыгып адашып жүргөн адамдар болсо барчу жерине жеткирип койобуз. Базарга барып бирөөнүн жүктөрүн көтөрүшөбүз. Ошо жакшылыктын аркасында адам болдук.

М. Шаханов

Он төртүнчү жат жазуу

ЫРДА, САРЫ ЧЫМЧЫК

Кичинекейимен ыр менен келатам. Жаныбызда зыйнат деген энем бар эле. Ал э-эй, сары чымчык, ырда-а. Ырдап кой, сарала чымчык дечү. Эшигинин алдында уй байланган бир жыгач коро бар эле. Ошол коронун үстүнө чыгып, ырдай берчүмүн.

Театр деген – театр: бир жагы кызык бир жагы жомок бир жагы турмуш бир жагы азап тозок. Бизде артистин бир көргөнүн хан, бир көргөнүн ит көрөт дешет. Операда бир партияны 1–2-жыл даярдайт. Көздөгөнүнө жетсең – сенден бактылу киши жок. Тарткан азап тозогуңдун бары унутулат. Болот Миңжылкиев сахнада Петр Іни аткарган күнү куду Петрдун өзү болчу. Мен Манаста өзүмү Канайым, Айчүрөк операсында Калыйман, Аршин мал аланда Гүлчахра, Бойдоктордо Ширин, Аста секин, колуктуда Зиядадай сезчимүн. Бирок кээ бирөлөр «театр, театр» деп өмүрүн берип, бир күн эле караса же үй же баласы ... жок. Эки бакыт бир келбейт экен да. Мен турмуш жолумду карап кудайга тобо келтирем. Турмушка эч кандай наразычылыгым жок.

Ролду так аткаруу – професионалдулук маданият. Жөнөкөй көрүчүлөргө жагуу же аны күлдүрүү үчүн текстке сөз кошуп бурмало – ролдун оюндун деңгелин ылдыйлатып жиберет. Мыкты артист жөнөкөй көрүчүнүн деңгелине түшпөй, кайра таланты аркылуу анын сезимин өстүрөт.

Д. Жалгасынова

Он бешинчи жат жазуу

ШАБДАН БААТЫР

Шабдан Жантай уулу – кыргыз элине атын кашкасындай танымал инсан, ал 1839-жылы туулуп 1912-жылы дүйнөдөн кайткан. Анын башка манаптардан айырмаланган өзгөчө сапатары болгон. Алсак ага кең пейилдүлүк меймандостук жөнөкөйлүк мүнөздүү. Кыйналып кысталгандарга аянбастан жардам берүдө, журт ичиндеги урулук кагылыштарды тыйууда Шабдан ишти өтө кылдатык менен адилет жүргүзө билген. Ошондой эле бамчыл көз карашы кең киши болгон. Шабданды жакшы билген орус мугалими В.П. Ровнягин 1912 жылы минтип жазган батырга күн сайын алыскы жана жакынкы жерлерден жүздөгөн кыргыздар түркүн иштер менен кеңеш сурап келишчү. Көп сандаган үй-бүлөлүк жана турмуштук чаташкан маселелерди батыр кыргыз адатына таяп тура чече билчү. Ал жолашкандар менен тарынышкандарды элдештирип тынчтыктын үрөнүн себе билгендиктен урмат сыйга жеткен: «Шабдан батырдын адамдарды бай кедей дебей кабыл алып меймандагандыгы колунан келгенин аябагандыгы берешендиги 1907–1908-жылдардагы басылмаларда мындайча белгиленген: ар жерден келген жүздөгөн кыргыздар ар качан батырдын багусунда. Анын сиңирген эмгегин балап тынымсыз келип турган түмөндөгөн жылкы кой жана башка белектердин баардыгы кайрадан элдин өзүнө жумшалган. Батырдын аркасы менен ондогон жакырлар чалдар менен кемпирлер жан сакташат. Андыктан кыргыз комчулугу же кандай кыргыз болбосун батырдын сөзүн эки кылышпайт».

К.Усөнбаев

Он алтынчы жат жазуу

ЖЫЛКЫНЫН АСЫЛДЫГЫ

Жылкы жашыл төрлөрдүн бетеге туланын гүлдүн бүрлөрүн оттогондуктан желинин тээп чыккан сүтү – дары. Ал дайыма чуркагандыктан жегенин ичкенин жакшы сиңирет организми таза болот. Сабага бишкектелип бышылган сүтү ышталган чаначтарда көкөрлөрдө көбүрүп жакшы ачыйт. Айрыкча, ак кодол туралып куйрук май бал кошулуп бышылган кымыз күчтүү. Такай кымыз ичкен жигит алибетүү москоол күчтүү келет.

Башка малдын денеси жараланса чымын чычып курттайт учурунда дарылабаса мал өлүп калат. Ал эми жылкынын эти куртаса ирин сорулгуча жеп таза этине жеткенде курт өлөт. Жылкынын тери жытанган жерге жылан жоло-

бойт. Талага конгон адам жылан жолобосун деп ээр-токумун тердигин желдигин ичмегин жанына жайып салат. Жылан чакан кишиге атын терин ичирип айыктырышат. Демек жылкынын эти сүтү күчү гана эмес тери да пайдалуу.

Жылкы ылай судан, чөөтөн ичпейт. Ал тоо сусунан көк кашка муздак булактан тандап ичет. Ал эми жылкынын майы чыкылдаган суукта да эрип турат. Жылкынын этин канчалык жесе ошончолук денеге бат сиңип адамды сергек алып жүрөт. Жылкы алдынкы туягы менен чапчыганда күбүр кар-лар урап түшөт. Ураган карды чапчып ыргытып алдында уйпаланып жаткан туланды кар аралаш сугунат. Бээлер кар тээп эң мурда кулундарына чөп ачып берет алар кардыгып алган соң өздөрү оттоого киришет.

Э. Турсунов

Он жетинчи жат жазуу

АК КАЛПАК

Баш кийим улук болот дешет кыргыздар. Ошондон уламбы кийип жүргөн баш кийимин бирөгө белеке бербейт жерге таштабайт отурган жерине эсинен чыгарып унутуп кетпейт эскиргенде айрык чүпүрөк сапырака кошуп ыргытпайт. Кыргыздар өздөрү жөнүндө «Ала-тоону жердеген, ак калпак кыргыз эл деген. Атадан калган салты бар, ак калпак кыргыз калкы бар» деп ырдашат.

Ак калпактын алгачкы түрлөрүн «сак», «скиф» деген ат менен байыркы парсы, грек элдеринин тарыхый булактарына кирген огуз элдери кийишкен. «Кыргыз» деген этнонимдин ушул убака чейин чечиле элек бир варианты бар: хур (байыркы миф боюнча күндүн аты+гуз, өгүз), бул сөз «күн+өгүз» деген түшүнүктү берип турат. Кыргыз эли да ак калпагын ыйык тутуп, жерге таштабай жүргөнүн түшүнүү кыйын эмес. Анткени анда анын байыркы тарыхы бар. Ал – ата бабалардан хан теңирлик шоңшогой баш кийим кийген огуздардан калган ыйык мурас. Эмне үчүн ак калпакты кыргыз эли гана сактап калды деген суро тулат. Бул сурого биз ар бир элдин кан жанынан бүткөн маданият гана узака жашайт жана ал аны өзү жок болуп кетмейинче түбөлүк сактоого аракет кылып улам убакытка жараша боек ыргак берип өнүктүрүп байытып отурат деп жоп берер элек. Ошондой маданий мураска кыргыздын ак калпагы, ак өргөсү, комузу кирет.

«Кыргызстан маданияты» гезити

Он сегизинчи жат жазуу

КУРМАНЖАН ДАТКА

Алай канышасы аял сыртаны кыргыз аялдарынан чыкан алгачкы да акыркы да датка орус армиясынын полковниги Маматбай кызы Курманжан 1811-жылы Ош шарынын чөлкөмүндөгү жапалак айылында төрөлгөн. Ары катаал ары зобололуу өмүр кечирген бул тарыхый инсандын кеменгерди-ги зирек акылы өз элиндеги кадыр баркы анын көзүнүн ти-рүүсүндө эле татыктуу басын ала алган.

«Курманжан датканын акылы кайратулугу адилетүлүгү кыракылыгы жөнүндөгү аңыздар алыскы кыргыз көчмөн айылдарын аралап, Жетисуудан тартып Ооганстан Иран жана Кытай жергесинин чегине чейин жеткен», – деп жазган 1902 жылы барон Таубе Алай каникеси деген макаласында. Өз эли талапташтары гана эмес кайнаса каны кошулбаган кас душ-мандары да Курманжан датканын улулугун танып, ага Кокон хандыгынын акими Кудаяр, Букара эмири Сейид Мусафар Эд-дин мусулман тарыхында болуп көрбөгөн – аялзатына дат-калык намды ыйгаруга аргасыз болушкан. Ал эми орус арми-ясынын генералы М.Д.Скобелев Курманжанга кымбат балуу чапан жаап, Алай канышасы деген атакты, орус армиясынын полковниги деген чинди берген. Россиянын императору дат-кага асыл таштуу алтын шакек менен каухар салып кооздол-гон алтын саат тартулаган. Курманжан датка элинин башка мамлекетин бийликтин үстөмдүгү алдында болусун калабаган. Ал өз элинин жеринин толук эркин болусун биримдигин көз-дөгөн бүткүл өмүрүн ошол ыйык максатка багытаган инсан. Бул аял сыртаны Курманжан датка 1907 жылы 96 жаш кура-гында кайрымсыз сапарына кете берген.

«Дыйкандар гезити»

Он тогузунчу жат жазуу

СУЛТАН ИБРАИМОВ

Папан суу сактагычынын курулушу эчак башталыш ке-рек эле ар кандай себеп менен создуктурула берди. Алкынып акан акбураны толугу менен эл кызыкчылыгына жумшоо көптөн берки тилек. Султан Ибраимов курулуштун ишин тез-детүүнү колго алды. Курулушта кечке жүрүп кечкурун кай-ра тартмакчы болду шарга. Тээ алыстан жылт жылт от күйөт. Ким болду экен? Жалгыз үйдүн бул жерде эмне тирлиги бар Султан жанындагылар менен ошол жарык чыккан үйгө бу-

рулду. Чын эле жалгыз үй экен. Кирип келишсе, абышка кемпир, жалгыс кызы төшөктө ооруул жатыптыр. Келгиле айланайындар байбиче кесеге айран куйуп сунду кызыбыз ушинтип ооруул калыптыр.

Качантан бери? Султан сынар тизелей отура калып жаш кызды чекесинен сылады. Денеси от менен жалын. Чоочуп кетти. Бул жерде эмне кесип кыласыздар? Баланын эти ысып чыкан турбайбы?

Кароолчубуз, айланайындар карыя башка эч нерсе айта албай мукактанды.

Кызды биз алып докторго жеткиребиз. Сиздерге совхоздун жетекчилери байланышат деп шашылыш түрдө оору кызды машинасына отургузду. Ошко түн ортосуна жакын келишти. Кызды оруканага жаткырды. Кыз бир ай дегенде орукадан чыгып, кайда барарын билбеди. Ким түн ичинде алып келип оруканага жаткырганын да билбептир. Докторлор тандана карашат. Сени обкомдун биринчи катчысы алып келди. Ал эмнең болот? Билбейм. Биз Папанда болчубуз. Машинасына салып алып келген. Башкы врач айласыздан обкомго телефон чалып байланышты.

«Айыкса жакшы болуптур. Биздикине жеткирип койгула обкомдун катчысынын бул жообу башкы врачты ого бетер танданты. Султандын өмүрлүк жары Рева айыгып чыкан кызды үйүнө бөпөлөп, бир сыйра кийиндирди. Анан машина менен Папанга жеткирип койду.

Ие балам санама ар нерсе түшө берип алардын ким экенин да сурабай калыпмын кийин киши жибериптир. Ошолорго ырахмат сени тим эле кыдыр дарыган тура балам деп атасы кубангандан көзүнө жаш алды.

«Кыргыз Туусу» гезити

Жыйырманчы жат жазуу

ИСХАК РАЗЗАКОВДУН БЕЙНЕСИ

Арийне, Исхак Раззакович (1910–1979) өз дорунун мезгилинин артыкча бир кулуну болгон. Лейлек өрөнүндө тулуп жетимчиликтин азабын тартып балдар үйүндө тарбияланып өзгөчө зендүлүгү менен Ташкендеги педтехникумду Москвадагы пландоо институтун бүтүп бордош Өзбекстанда экономист болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки эл али тоюна элек жыртык жыланач оор жылдарда Исхак Раззакович республикабызда экинин бири болуп кызмат өтөп турганда, экономикабызда маданиятыбызда эң бир чоң иштер турмушка ашкан. Кыргызстан КП БКнын бирин-

чи секратары кызматында ал он бир жыл үзүрлүү эмгектенген. Анын тушунда не бир ири курулуштар ишке ашкан. Алсак отуздан ашык ири ишканалар, алардын ичинде Токмок, Аксуу, Кант комбинаттары ж.б. курулган. Анын инсандык мүнөзүн ачып көрсөткөн дагы бир касиет кыргыз тилинин орус жана башка мектептерде окутуу программасына киргизилиши. Дал Исхак Раззаковичтин демилгеси менен жогорку окуу жайларында кыргыз жаштарынын саны жетимиш пайызга жеткирилген. Кыргыз илимдер академиясынын, курортология анкология дыйканчылык мал чарба педагогика илим изилдөө институтарынын ачылышы да анын ысымы менен байланыштуу. Эгерде Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев белгилеген Манастын жети осуятына таянып Исхак Раззаковичтин өмүр жолуна көз чаптырсак анда биз анын өз элин чексиз сүйгөн бир тууган кошуна элдердин ортосундагы ынтымакты чындоо үчүн тынымсыз иш алып барган элибиздин намысын ар дайым ыйык сактаган мээнеткеч ары айкөл ары сабырдуу, кыргыз жеринин тагдыры үчүн күрөшкөн өз өмүрүн кыргыз эгемендүү республикасы үчүн арнаган каранғыда жол тапкан кысталышта сөз тапкан жөнөкөй жана маданияттуу улуу инсан болгондугун ачык көрөбүз.

А. Какеев

64-көнүгүү. Ташымал белгиси менен көчүргүлө.

1. Күнгөйү толгон карагат,
Күнчүлүк жол арасы
Күнүгө келсең аралап,
Күрпүлдөйт сайда суулары,
Күмүштөнүп шар агат,
Кочуштап ичсең бал татып,
Көңүлүң кубат ала алат.
Күйүшөр жарын табалбай
Күкүгү жүрөт сабалап.
Күрөң аюу капталда
Күржүйүп кетпей пааналап.
Күн ысый түшсө бир азга
Киринет сууга мамалак.

2. Түнкүсүн ойноп дүмпүлдөк,
Түрүнө чуркап акчөлмөк.
Жоолугун таштап бекитип,
Жонуна чапса дүңкүлдөп,
Келин-кыз күлсө шарактап,
Кемпир-чал үйдөн күңкүлдөп.

3. Ак мөңгү жаткан төрүндө
Ак тайлак болуп суналып.
Адырдан чууруйт кой-эчки
Ала аркан болуп чубалып.

4. Кишини тиктеп таңыркап,
Кайыбы качпайт бекинип.
Коктудан түшкөн булактан
Комуздун күүсү чертилип,
Кыймылдайт кайың бутагы
Көк кашка сууга серпилип!

5. Кызыктырат көргөндү
Кыналып өскөн кайыңы.
Күз болгондо атайлап,
Керене гүлдүү сарала
Кийгендей көйнөк шайыны.

6. Кур таштуу бийик аскасын
Кургандай уста чегелеп,
Аяктай булут топтолсо,
Асманда жамгыр себелеп.
Жан-жаныбар, тоо-таштар
Жаралган кандай керемет!
Жүгүрүп чыгып баландай
Жүрөбүз сени тебелеп.

7. Жаңгактары шагырап
Бир ажайып көрүнгөн,
Жүзүмдөрү салбырап
Талга асылып өрүлгөн.

Жеңижок

Үлгү: Жү - зүм - дө -рү сал - бы - рап.
Тал - га асы - лып өрүл - гөн.

КЕП КУРЖУН

Кеп куржун – бул шарттуу түшүнүк, ал кеп салынган куржундун маанисинде, б. а., анда ата-бабанын кашыктап жыйнап чогултkан, көздүн карегиндей сактап кастарлаган, атадан балага берилген түркүн-түркүн тил байлыгынан алынган үзүндүлөр бар. Ал – тике келечек ээсине – сага арналган, чыпчыргасы менен тартууланган улуулардын шыбагасы. Эми алардын ээси – *өзүңсүң*. Аны кут катары кемелине келтирип урунар да, жыйнап-термеп колдонор да, ал аркылуу

колунду узартар да, керек болсо аларды кийинки муунга төкпөй-чачпай ыйык мурас катары өткөрүп берер да – *сен-сиң*. Кеп куржундагы дүйнө кооздук үчүн төргө куйругу чубалжыта илинип коюлган кыргоолдун кызыл корозунун кебиндей нерсе эмес, ал – ойлосоң оюңа, сүйлөсөң сөзүңө канат бүтүргөн, угарман менен окурманга тез, маани-маңыздуу, элестүү, укмуктуу, таасирдүү түрдө жете алган кадыресе эле тилдин байланыш куралы.

Кеп куржунга салынган тил байлыктары төмөнкүдөй ыраатта жайгаштырылды: 1) «Макал» топтому; 2) «Санат сөз» топтому; 3) «Сөз берметтери» топтому; 4) «Мээр сөз» топтому; 5) «Санжыргалуу казына» топтому; 6) «Тил кутучасы» топтому; 7) «Илхам кеп» топтому.

§ 7. «МАКАЛ» ТОПТОМУ

Макалдар турмуштук тажрыйбалардын негизинде пайда болуп, ошол эл жашаган доордун бүткүл тармагын кучагына алат.
С. Закиров

Макал – тээ байыркы ата-бабадан берки келаткан курч, укмуктуу, таасын, учкул, таасирдүү жана куюлушкан нуска кеп. Анда жүйө да, акылгөйлүк да бар. Алар кулак курчун кандырган кара жаак, жез таңдай чечендерге, ырды көнөктөп төккөн ырчыларга, саймедиреген санжырачыларга гана тиешелүү эмес. Ал, баарынан мурда, карапайым калктын ар бир кулунуна, ошолордун ичинде кеп, сөздү дилгирлик менен үйрөнүп жаткан сага да таандык. Макалдар – бул сенин арка-жөлөгүң, таянычың. Аны колдонгондо бабырап көп сүйлөөдөн кутуласың, кыска, бирок нуска, бутага дал тийген таасын, курч сөздүн ээси болосуң, маектешиңди жүйөгө жыгасың, ошол эле учурда жыгыла билген нарктуулукту да боюңа сиңиресиң.

Макалдар – калктын акыл казынасы. Андан ар бир атуул чөмүчтөп сузуп алып, урунууга тийиш. Бул – кааласаң да, каалабасаң да аткарылчу жумуш. Сенин жарандык парзың.

Макалдар тогуздан тестеленип берилди.

Биринчи тесте

1. «Өнөр алды – кызыл тил». 2. «Отуз тиштен чыккан сөз отуз уруу элге тарайт». 3. «Куру сөз курсак тойгузбайт». 4. «Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыпырайт». 5. «Мактоо ма-

коого жагат». 6. «Кесирдүү ооздон кесепеттүү сөз чыгат». 7. «Катуу сөз – камчы, жылуу сөз – укурук». 8. «Ириген ооздон чириген сөз чыгат». 9. «Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт».

Экинчи тесте

1. «Бура сүйлөгөн күлөргө жакшы, булкунган ат минерге жакшы». 2. «Бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан мүдүрүлгөн турбайт». 3. «Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы». 4. «Баш кесмек бар, тил кесмек жок». 5. «Беткe айткан сөздүн заары жок». 6. «Аркандын узуну, сөздүн кыскасы жакшы». 7. «Айың кеп айылды иритет». 8. «Айткан сөз – алышкан кол». 9. «Сөз билбеген муштуму менен коркутат».

Үчүнчү тесте

1. «Өткүр бычак кынга кас». 2. «Сөз бирөө, кулак экөө». 3. «Кептен кемтик, сөздөн сөлтүк болбо». 4. «Сөздү сөз келгенде айтпаса, атасы өлөт». 5. «Сөз сөөктөн өтөт, жүлүнгө жетет». 6. «Сөздү сөз табат». 7. «Сөз сурамак – ызаат, ат сурамак – сүннөт (милдет)». 8. «Сөздүн айгагы – сөз». 9. «Оозуң менен орок орбо, көзүң менен машак тербе».

Төртүнчү тесте

1. «Сөөксүз тил сөөктү сындырат». 2. «Сууну көп кечсе, чалчык болот, сөздү көп сүйлөсө, тантык болот». 3. «Жамандыкты амандык жеңет». 4. Тамашага – тамаша, каяшага – каяша». 5. «Тарс эткендин баары – тамаша, карс эткендин баары – күлкү». 6. «Ок жарасынан тил жарасы жаман». 7. «Тешик ооз тек турбайт». 8. «Тилазар тилге кирбейт». 9. «Тил таш жарат, таш жарбаса, баш жарат».

Бешинчи тесте

1. «Тилде сөөк жок». 2. «Тили таттуу аш жейт, тили ачуу муш жейт». 3. «Тиш өтпөгөнгө тил өтөт». 4. «Тууган катары кучакташтырган – тил, душман катары бычакташтырган – тил». 5. «Туура сөз кылычтан өткүр». 6. «Туура кеп тууганга жакпайт». 7. «Үй мүйүзүнөн, адам сөзүнөн сынат». 8. «Ушак уксаң, унутуп сал». 9. «Каап айтканча, таап айт».

Алтынчы тесте

1. «Койдун каргышы карышкырга жетпейт». 2. «Бөдөнөнүн үйү жок, кайда барса бытпылдык». 3. «Бөдөнөнүн жа-

тагын көр да, этине таарынба». 4. «Бөрү арыгын билгизбей сырткы жүнүн дүгдүйтөт». 5. «Бөрү атар уулду бөркүнөн тааны». 6. «Бөрү баласы ит болбойт». 7. «Касапчыга мал кайгы, кара эчкиге жан кайгы». 8. «Жоголгон бычактын сабы алтын». 9. «Битке өчөшүп, көйнөгүндү отко салба».

МАКАЛ ЖАТТОО

Ар бир тесте өз-өзүнчө жатталат.

1. Биринчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
2. Экинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
3. Үчүнчү тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
4. Төртүнчү тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
5. Бешинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
6. Алтынчы тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.

МАКАЛ АЙТЫШУУ

1–2-тесте боюнча

ШАРТЫ. Класс эки топко бөлүнөт. Ар бир топ макалды көп билген окуучусун доскага чыгарат. Анан экөө кезеги менен макал айтышат. Бири токтоп калса, экинчи чуурутуп айта берет. Бир макал эки кайталанбайт. Кимиси көп макал айтса, ошол женет.

3–4-тесте боюнча

Мунун шарты да 1–2-тестеникиндей.

5–6-тесте боюнча

Мында да макал айтышуу жогорудагы 1–2-тестенин шартына окшош.

1–6-тесте боюнча

Мында да класс эки топко бөлүнөт. Ар бир топ макалды көп билген окуучусун чыгарат да, алар макал айтышат. Демек, шарты да жогоркуларга (1–2-тестеге) окшош.

«Айдан, айдан ай көрөк» оюну

Мында да класстагы окуучулар эки топко бөлүнөт. Бирок мында таймашчу окуучуну каршы топ чакырып алат. Демек, макалды эң мыкты билгендер эмес, өтө начар же чала билгендер таймашка чыгарылат. Төмөндөгүдөй тартип сакталат. Айталы, биринчи топтун окуучулары хор менен:

«Айдан, айдан ай көрөк,
Айдын башы төгөрөк.
Таймаштан намыс алдырбас,
Бизге тээтиги Кундуздун өзү керек!» –

деп өздөрү каалаган окуучуну доскага чакырышат.

Экинчи топ да ыр менен биринчи топтон керектүү деген окуучусун доскага чыгарат. Анан кезеги боюнча улам бирден макал айтып беттешет. Бирөө токтоп калса, экинчиси макалды токтобой айта берсе болот. Эсепти мугалим жүргүзөт. Ушундай тартип менен макал айтышуу оюну төмөнкүлөрдү кучагына алат:

а) 1–2-тесте боюнча;
б) 3–4-тесте боюнча;
в) 5–6-тесте боюнча;
г) 1–6-тесте боюнча жүргүзүлөт.

Сүйлөп машыгуу

Үлгү. **«Тек жүрсөң, ток жүрөсүң».** Бул макалды оозеки сөзүндө төмөнкүчө пайдаланса болот.

1. «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң» дегендин эмнеси жаман. Сен «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң» дегенди эсиңден чыгарып койбо.

Мен «тек жүрсөң, ток жүрөсүң» деген макалды күндө угам, кулагыма кумдай куюшат. «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң» дегендей, кудайга шүгүр, бирөөдөн жаман тил угуп көрө элекмин. «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң» да. Тек жүргөндүн ток жүрөрү чын, мунун жалганы барбы ж.б.

2. Назгүл: «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң», – деди. «Тек жүрсөң, – деген Айдай, – ток жүрөсүң». «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң», – деп айткан Нурсултан. Дастан минтип айткан: «Тек жүрсөң, ток жүрөсүң». Тек жүргөн ток жүрөрүн Ширин айтыптыр ж. б.

Үлгүгө окшоштуруп иште.

1. Биринчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
М.: «Өнөр алды – кызыл тил» дегендин мааниси өтө терең ж.б.
2. Экинчи тесте да жогоркудай эле иштелет.
3. Үчүнчү тесте боюнча да жогоркудай оозеки сүйлөм түз.
4. Төртүнчү тестени да өйдөкүлөрдөй аткар.
5. Бешинчи тесте да ошондой аткарылат.
6. Алтынчы тесте боюнча да ошондой иште.

Жазып машыгуу

65-көнүгүү. 1-тестедеги 9 макалды катыштырып сүйлөм түз.

Үлгү: **«Өнөр алды – кызыл тил» дегенди доскага бадырайта жазып койдум. Нуржан: «Өнөр алды – кызыл тил», – деди** (мында «Сабат санжырасындагы» «Кереге көз жана тумар» кештелерин эсине ал).

66-көнүгүү. 2-тестедеги макалдарды катыштырып бир нече сүйлөм түз.

67-көнүгүү. 3-тестедеги макалдардын ар бирине өүнчө бирден сүйлөм түз.

68-көнүгүү. 4-тестедеги макалдардын ар бирин катыштырып сүйлөм түз.

69-көнүгүү. 5-тестедеги ар бир макалга сүйлөм түз.

70-көнүгүү. 6-тестедеги макалдардын маанисин чечмелеп жаз.

§ 8. «САНАТ СӨЗ» ТОПТОМУ

«Сөздүн көркү – санат»
Макал

Санат сөз – бул да жалпы калайык-калк колдонгон маанеге бай ыргактуу кеп. Ал ырдалып да, ырдалбай да айтыла берет. Аны жалаң адабиятка таандык кылып коюуга болбойт, ал – тилдин да энчиси. Калыгул Бай уулу санаттарды ырдабай эле сүйлөп айткан. Мындай учурлар башка акындарда да кездешет. Нечен карыялар ат үстүндө баратып эле тиешелүү окуяга, же кырдаалга карата милесин санат сөздөр менен тизмектетип айтып салган. Ошол себептүү XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жерине келген академик В.В. Радлов минтип жазган: «Кыргыздар эч буйдалбастан, токтоосуз, шар сүйлөшөт. Алар оюн ачык, так айта билишет. Сүйлөгөндө сөздөрүндө белгилүү деңгээлде көркөмдүк сезилип турат. Жөнөкөй эле сүйлөгөн сөздөрүндө, айтыштардын курулушунда мезгил-мезгили менен ритмикалык өлчөмдөр байкалып турат. Сүйлөм артынан сүйлөм, ыр сабактары түрүндө келе түшкөндөй пикир калтырат». Санат сөз эмне үчүн керек? Угуучуну ынтаа менен тыңшатуу, ойдун сулуулугу менен башкаларга таасир этүү, таң калтырып кабыл алдыруу үчүн керек. Ал – укканды ыракат алдырган канаттуу кеп. Аны

менен акыл айтылып, тарбия берилет, эмне жакшы, эмне жаман экендиги, жашоо, адам, жаратылыш, заман жөнүндө санат айтылат.

Урматтуу окуучум, санат сөздөр – сенин да энчиң, сүйлөшүүдө колдонулуучу тил каражатың. Бир кезде кеңири пайдаланып, анан изи китептерде калып, колдонулушу сээлдеп, аягы өчүп бараткан канаттуу кептин отун кайрадан тутант, от кала!

Биринчи кайрык

1. Дениң соодо эринбей, бекерликке берилбей, эркин менен жумуш кыл, «эринчээк, жалкоо» дедирбей.

2. Аз өмүрдүн ичинде амандашкын күнүгө, өлбөгөнгө табылат аздыр-көптүр дүнүйө.

3. Өнөрүң болсо өргө чап, кор кылбай асыл жанды бак. Эрдин көркү эл менен, эмгегиң менен элге жак.

4. Дайранын көркү – кемеде, баланын көркү – энеде.

5. Ынтымак болсо калкында, душманыңдан тартынба. Күжүрмөн элдин күчү өтөт, күмүш менен алтынга. Күчүң барда, эр жигит, күмүш өңдүү жалтылда *(Токтогул)*.

Экинчи кайрык

1. Бар болсоң, сага тууган көп, жок болсоң, арттан кууган көп.

2. Билгенге билген киши арыз айтпайбы, мокок бычак, кашаң ат, жаман аял эрте эле эр жигитти картайтпайбы *(Эшманбет)*.

3. Жамгырдын кыян, сели жерди бузат, адамдан чыккан бузук элди бузат.

4. Ушакчы ырыскылуу элди бузат, кээ бирлер карматпастан кетсе узак, ага да астыртадан коет тузак.

5. Ынтымактуу биригет, ынтымаксыз бүлүнөт *(Барпы)*.

Үчүнчү кайрык

1. Арыктын көркү болбойт, тал болбосо, чарбанын көркү болбойт, мал болбосо. Дыйканга түшүм кайда, жер болбосо, Ала-Тоо көрккө келбейт, эл болбосо *(Барпы)*.

2. Жери жатык, көк шибер түздөн жакшы бар бекен?
Жемиштин баары тең бышып, күздөн жакшы бар бекен?

3. Карчыга салып, каз алса, уудан жакшы бар бекен?
Суусап жүрүп бир жутса, сууктугу музча бар, суудан жакшы бар бекен?

4. Жамандан суук сөз чыгат, уруша кетсе көз чыгат.

5. Эр канаты ат болот, бергендин баары март болот *(Молдо Нияз)*.

Төртүнчү кайрык

1. Эшигинен туташып, төрү күйсүн бузуктун. Түтүн чыгып өлгөндө, көрү күйсүн бузуктун *(Молдо Нияз)*.
2. Жаман айткан суук сөз сөөккө баскан тамгадай.
3. Акылы бар азамат зымга тарткан күмүштөй, айткан сөзү ширелүү демдеп койгон күрүчтөй.
4. Айыл бузган азамат уй качырган сайгактай. Сөз бербеген жөө чечен учуп жүргөн камгактай *(Молдо Кылыч)*.
5. Коркок миң өлөт, артында тарпы калат. Баатыр бир өлөт, артында даңкы калат *(Шапак баатыр)*.

Жаттоо

Ар бир кайрык өзүнчө жатталат.

1. Биринчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
2. Экинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
3. Үчүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
4. Төртүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.

Сүйлөп машыгуу

71-көнүгүү. Биринчи кайрыктагы санаттарды өз сөзүңө кошуп сүйлө.

Үлгү: Токтогул Сатылгановдун **«денин соодо эринбей, бекерликке берилбей, эркин менен жумуш кыл, «эринчээк, жалкоо»** дедирбей» дегени эч качан маанисин жоготпойт.

72-көнүгүү. Экинчи кайрыктагы санаттарды да 71-көнүгүүнүн үлгүсү менен иште.

73-көнүгүү. Үчүнчү кайрыктагы санаттар да 71-көнүгүүнүн үлгүсүндө аткарылат.

74-көнүгүү. Төртүнчү кайрык да 71-көнүгүүнүн үлгүсү менен иштелет.

Жазып машыгуу

75-көнүгүү. Биринчи кайрыктагы санат сөздөрдү катыштырып, өз алдынча сүйлөм түз. Мында төл жана бөтөн сөздүн жазылыш эрежелерин пайдаланасын. 7.1 – 7.2-кештелер боюнча, ал «Сабат санжырасы» топтомунда бар.

76-көнүгүү. Экинчи кайрыктагы санат сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түз. Төл жана бөтөн сөздүн жазылыш эрежелерин 7.3-кеште боюнча колдон.

77-көнүгүү. Үчүнчү кайрыктагы санат сөздөрдү төл жана бөтөн сөздүн 7.4-кештеси боюнча жаз.

78-көнүгүү. Төртүнчү кайрыктын ар бирин төл жана бөтөн сөздүн ар башка жазылуу эрежелери менен жаз.

§ 9. «СӨЗ БЕРМЕТТЕРИ» ТОПТОМУ

Сөз берметтери (же туруктуу сөз айкаштары) – ой-пикирди таамай, курч, жеткиликтүү, көркөм кылып берүүчү эң бай тилдик каражат (ал илимде «фразеология» деген грекчеден кабыл алынган термин менен туюндурулат). Жана да калктын кебинин каймагы. Өзүң салыштырып көр.

1. Ал иштебейт.

2. Ал чырпык башын сындырбайт.

Бул эки сүйлөмдүн кайсынысы жагат? Албетте, 2-сүйлөм жакшы. Эмне үчүн? Анткени «чырпык башын сындырбайт» (анын «куурай башын сындырбаган» деген да түгөйү бар) – бул күчтүү, кооз, образдуу каражат, ал – жандуу жана учкул. Аны колдонуу менен пикириңди угуучуга тез жеткире аласың. «Ал иштебейтке» караганда «Ал чырпык башын сындырбайт» деген сүйлөм тез кабыл алынат, эстен да чыкпайт, анткени көз алдыңа чырпык башын сындырып отун алуудан эринген жалкоо кишинин кейпи келе калат. Демек, мындай тилдик бай каражаттын ээси – мен, сен, ал – баарыбыз. Ал эми төмөндөгү тестелер мурдун көтөрүү, сиркеси суу көтөрбөө, мурдуна суу жетүү, жонунан кайыш алуу, төбө чачы тик туруу өңдүү жүздөгөн сөз берметтерин ийгерип алышыңдын баштапкысы болмокчу.

Биринчи тесте

1. **Жаа бою качуу** (өзүнө жакын жуутпоо, уккусу, көргүсү келбей качып туруу).

2. **Жаагы жап болуу** (кеп кайыра албоо, унчуга албай, сүйлөй албай калуу)

3. **Жаагын жануу** (безеленип көп сүйлөө, безеленип тынбай ырдоо).

4. **Жаактан башты айыргыдай кылуу** (жакын адамдарынан ажыратып коюу, ыркын бузуу, арасын ажыратуу).

5. **Жаалы катуу** (ачуулуу, каардуу).

6. **Жабуулуу кара инген** (көтөрүмдүү, токтоо, текебери жок, кадырман, баарына бирдей караган).

7. **Жабылуу аяк жабуусу менен калсын** (эч ким билбесин, билинбеген иш билинбеген боюнча кала берсин).

Экинчи тесте

1. **Жайыл дасторкон** (үйүнөн тамак-ашы үзүлбөгөн, казан-аштуу, кең пейил, берекелүү, берешен, март).
2. **Жалпак тилге салуу** (бирөөнү жайкама тилге салып алдоо, азгыруу, өзүнө тартуу, жасап сүйлөө).
3. **Жан бакты** (өз алдынча аракет кылбаган, жанынын тынчын издеген, кыйналбай жан бакканды жакшы көргөн, бирөөнүн эсебинен жашаган).
4. **Жан бычактын мизинде** (өтө коркунучтуу, кооптуу абалда, өлүм алдында).
5. **Жанга тенебөө** (өзүн башкалардан жогору саноо, эч кимди тенсинбөө, бой көтөрүү).
6. **Жанга батуу** (бир нерсенин запкысынан абдан кыйналуу, жаны кейүү).
7. **Жандан түңүлүү** (жашоодон үмүт үзүү, катуу коркуу).

Үчүнчү тесте

1. **Жандан аша кечүү** (өзүн-өзү өлүмгө кыюу, өлүмдөн баш тартпоо, коркконду, сактанганды билбөө).
2. **Жан деп** (кубанып, сүйүнүп, кым дей түшүп).
3. **Жан-дили менен** (чын жүрөктөн, абдан берилип, ыкласы менен, ынтаасын коюп, бардык күчү менен).
4. **Жанды оозго тиштөө** (баарына тобокел кылуу, өлөр-тирилерине карабай киришүү, абдан коркуу, титиреп жүрөк заада болуу).
5. **Жакасын карманууу** (бир нерсеге аябай таң калуу, таңдануу).
6. **Жаны жер тартуу** (чарчап-чаалыгуу, жаткысы, уктагысы келип талмоорсуу).
7. **Жаны калбоо** (жакшы көргөн, көңүлү каалаган кишисине, жакынына сый-сыпат кылуу, эпилдеп жакшы мамиле жасоо, сүйүнүү).

Төртүнчү тесте

1. **Жаны кашаюу** (абдан ачууланууу, туталануу, түнөрүп ызасы келүү).
2. **Жанын жеген** (эчтемени мойнуна албай, каратып туруп танып кеткен, калп айткандан уялбаган кара өзгөй, жандими).
3. **Жанын сеп алдырбоо** (жанын жай алдырбоо).

4. **Жанын таштап жиберүү** (абдан берилип иштөө, бардык күчү менен катуу киришүү, бүт мүмкүнчүлүгүн жумшап аракет кылуу).

5. **Жан этин жеп** (катуу кыйналып, кыйноо тартып, азап чегип).

6. **Жарма дос** (атайын дос болушпаган, бирок бир аз катышы бар жолдош).

7. **Жарма таарыныч** (анча-мынча, майда-чүйдө нааразылык, араздашкандык).

Бешинчи тесте

1. **Жегени желим, ичкени ирим болуу** (кандайдыр бир нерседен кооптонгондой тынчы кетүү, абдан санааркоо, сары саная болуу, санаасы тынбай ойлой берүү, айласы кетүү).

2. **Желкеси тырышуу** (ачуусу келүү, тырчый түшүү).

3. **Жемин жедирбөө** (башка бирөөгө акысын кетирбөө, аны менен тең тайлашуу, алдатып жибербөө).

4. **Жем салды кылуу** (азыраак болор-болбос гана таткантып коюу, кыныктыруу).

5. **Женилдик асты, оордук үстү менен** (жанын кейитпей, ишке белсенип киришпей, тийди-качты болуп, кайпактап, оңой-олтон, эптеп-септеп).

6. **Жер баспай калуу** (эч нерсени көзүнө илбей, дөөгүрсүгөн абалда болуу, мурдун көтөрүп, көөп кетүү, текеберленүү).

7. **Жерге-сууга тийгизбөө** (аябай мактоо, көтөрө чалып, ашыра мактап жиберүү).

С ү й л ө п м а ш ы г у у

79-көнүгүү. Биринчи тестедеги ар бир сөз берметине бирден оозеки сүйлөм түз. Кааласаң эки-үчтөн сүйлөм түзсөң да болот. Анткени ага көп убакыт коробойт.

Үлгү. Биз көчөдөгү тамтандаган мастан **жаа бою качып** өттүк. Ал бизден жаа бою качып калыптыр, өзү билсин. **Жаа бою качып** кайда барасың? **Жаа бою качкандан** мүйүзүң чыктыбы?

80-көнүгүү. Экинчи тесте боюнча оозеки сүйлөм түз. 79-көнүгүүнүн үлгүсүнө салып иште.

81-көнүгүү. Үчүнчү тестедеги сөз берметтери менен оозеки сүйлөм түз. 79-көнүгүүгө окшош аткар.

82-көнүгүү. Төртүнчү тестедеги сөз берметтерин катыштырып оозеки сүйлөмдөр түз. 79-көнүгүүдөгүдөй.

83-көнүгүү. Бешинчи тестедеги сөз берметтерин катыштырып оозеки түзгөн сүйлөмдөрүң 79-көнүгүүнүн үлгүсүндө болсун.

Жазып машыгуу

84-көнүгүү. Биринчи тестедеги сөз берметтерин катыштырып сүйлөм түз жана жаз. Сөз бермети сүйлөмдүн башына келсин.

Үлгү: **Жаа бою качкандан** ушу сени көрдүм, ой тооба, иш сени тиштеп калат беле.

85-көнүгүү. Экинчи тестедеги сөз берметтерин сүйлөмгө катыштырып жаз. Сөз берметтерин сүйлөмдүн ортосуна келтир.

Үлгү: Биздин кошунабыз **Бурул жайыл дасторкон,** качан барсаң этеги элек, жеңи желек болуп тосуп алат, аман болсун бечара.

86-көнүгүү. Үчүнчү тестедеги сөз берметтерин сүйлөмдүн аягына келтирип сүйлөм түз.

Үлгү: Ал ажалга тике карап, **жандан аша кечиптир.**

87-көнүгүү. Төртүнчү тестедеги сөз берметтерин өзүң каалагандай сүйлөмдүн башына, ортосуна жана аягына келтирип жаз.

88-көнүгүү. Бешинчи тестедеги сөз берметтерин да өзүң каалагандай сүйлөмдүн башына, аягына жана ортосуна келтирип жаз.

89-көнүгүү. Адегенде ушул «Сөз бермети» топтомуна кирген беш тестедеги сөздөргө көз жүгүртүп чык, анан алардын эки-үчөөнү мааниси боюнча бир сүйлөмгө катыштырып жаз.

Үлгү: Тынбас деген кыштоодо мал баккан Жапардын зайыбы Алча – текебери жок **жабуулуу кара инген** жана тамак-ашы үзүлбөгөн **жайыл дасторкон** жан.

90-көнүгүү. Төмөнкү сөз берметтерин топ-тобу боюнча сүйлөмгө айландыр.

1. Жаагын жануу – жалпак тилге салуу.
2. Жан этин жеп – желкеси тырышуу – жегени желим, ичкени – ирим болуу – жаны кашаюу.
3. Жарма таарыныч – жаагы жап болуу.
4. Жарма дос – жан бакты – жеңилдин асты, оордун үстү менен.
5. Жерге-сууга тийгизбөө – жер баспай калуу.
6. Жакасын кармануу – жанды оозго тиштөө.
7. Жанын сеп алдырбоо – жаны жер тартуу.
8. Жанга батуу – жаалы катуу.

Үлгү: 1. Болгон окуя **жанына батты,** жаалы катуу келди.

91-көнүгүү. Көп чекит коюлган жерге тиешелүү сөз берметин коюп жаз.

Сөздү чекир көз Шаршен алды, баланы ... мактап салды. Байкуш Сакен күнү бүгүнкүгө чейин ... болуп, кан какшап жүргөн имиш. Эки айылдын ортосунда анча-мынча ... болбой коймок беле. Татыбек жумуш дегенде ... . Ал ... жүрүп күн өткөрдү. Ошондон кийин молдо Ыбырайымдын ... Толгонайга баш ийип калган. Ыраматылык эжебиз Данакан зайып заттын ырыска шерик ... болгон. Өз айыбын өзү ачып, күлкүгө калгандан көрө, ... жакшы.

(Жабуулу кара инген; жабуулуу аяк жабуусу менен калганы; жерге-сууга тийгизбей; жаагы жап болуп; жарма таарыныч; жегени желим, ичкени ирим;жеңилдин асты, оордун үстү менен; желкеси тырышат).

§ 10. «МЭЭР СӨЗ» ТОПТОМУ

Кеп куржундан энчилеп ала турган буюм-тайымдарыңдын бири – мээр сөздөр. Алар топтоштурулган. Чынында, өзүң байкап жүргөндүрсүң, жазуучулардын тилинде мээршыбага, кут, сулуулук жана асылзаадалык бар. Ал – акын Байдылда Сарногоев айткан алмадай баштын ичине баткан өзүнчө бир көлкүгөн жан дүйнө, рухий күлазык, аалам. Сүрөткердин көмөкөйүнөн төгүлгөн тил байлыгы. «Ундун барар жери – тегирмен» дегендей, бул тил байманасынын барар жери – окурман. Үзүрүн көрөрүдө – келечек ээси. Ошондуктан мындай алтындай уюган сөздөрдү сага арналган чачыла деп атадык.

Биринчи чачыла

1. «Тулпар тушунда кымбат», «атты арыганда көр» дегендей, эми сага окшогон чыпка сакалдан кайыр сурап отурам! Заман оңолсо, жараланган жүрөк жазылар. Албаган алигиң үчүн бизге салам айтарсың *(А. Токомбаев)*.

2. Мезгилдин канатындай учкул канат жоктур?.. Ооба, мезгил учат, канатсыз учат (*А. Токомбаев*).

3. Адамдын оюнан тентек, андан күлүк эчтеме жок. Кыял барды жок кылып, жокту бар кылып ойлойт *(А. Токомбаев)*.

4. Эчен түстө байчечекей чайытын ачат, сонун кулпурат. Көк тайпанда тызылдаган балдардын кызандаган балтырларына шибер оролот, гүл чабылат *(Т. Сыдыкбеков)*.

5. Бөрү тытышса – бөрүлүгү. Ит кабышса – иттиги... Киши уулу кабышып-тытышпайт болучу. Киши уулу жер бетине келгенде, ач-ток болду. Азды, адашты. Жалгыз калган уулкыз бөрү эмчегин эмди. Адам уулунда эки кишинин урушу да, эки уруунун чабышы да ошол бөрү мүнөзүнөн уланып калды *(Т. Сыдыкбеков)*.

Экинчи чачыла

1. Анан, Алтынкөкүл Раушан Алтынкөкүл Раушан эле. Бою ноода чыккан кырчын талдай, кашы жаңы тууган айдай, көзү карагаттай, жаагы субагай, бети талдырмач кызылдуу, аркар көкүрөк. Башында жекей, көйнөгү – жашыл тубар, сары ноколуу кызыл манат бешманты бар; чачтары төрттөн өрүлүп, ай далы менен эки жаактан төгүлүп, алдынкы чачы тизеден, арткы чачы толорсугунан өтүп турат *(К. Жантөшев)*.

2. Түпкүрү жок, чеги жок апачык көгүлтүр асманда көркү жупуну боз чымчык, адамдын асманга учуп чыккан жүрөгү сымалы тыным албай, канат кагып дыркырап, томуктай гана болсо да, не бир назик, не бир толукшуган күүлөрдү төгүп, безеленип жатты *(Ч. Айтматов)*.

3. Мени жоктобо, апа. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баары мен, мен деп жүргүн, апа! *(Ч. Айтматов)*.

4. Түн ортосунда тээ жылдыздуу төбөнү карасам, Саманчынын жолу ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан кези экен. Асмандын ошол күмүш жолу менен кандайдыр бир зор дыйкан кере кучак саман көтөрүп өткөн экен го, анын мол кучагынан себеленип түшкөн дан, топон береке төгүлгөн из чубатып кеткен турбайбы *(Ч. Айтматов)*.

Үчүнчү чачыла

1. Бул обон, күндүн мурду, кылтыйып жаңы көрүнөрүндө, саманда жаткан жеримден тура калып, жылаңайлак, жылаңбаш шүүдүрүм беде менен сайдагы тушалган аттарды көздөй чуркаганымда, жүрөгүмдө күү чалып угулгандай *(Ч. Айтматов)*.

2. Күрөккө ченеп сузуп, алтын жаандай чачыратып кызыл сапырган чалдардын кыймылында да, асманда жай баракат керилип учкан айры куйруктун каалгып учушунда да бул обон угулат *(Ч. Айтматов)*.

3. Турналар көк мухитке киринип, кээде жабыла, кээде жалгыздап үн салып, канаттарынын учтарын гана эрине какылап, каалгып сүзүп баратты. Бүгүнкү тунук, таза абада сурнай сымал кооз созулган моюндары, учтуу ничке тумшуктары, бири бооруна бекем кыскан, бири бошураак каткан кара шыйрак буттары даана көрүнөт *(Ч. Айтматов)*.

4. Комуздун көөдөнү боздогон каймалдын көмөкөйүндөй күңгүр күү чалып, чыйрак кыл баш бармактын учунда шыңгыр какты. Ортоңку чың толгонгон чыйрак кыл сөөмөй менен терилген сайын, тырмак менен чертилген сайын өпкө кага солуктайт, эмшеңдеп зарыйлайт, сыздайт *(Т. Касымбеков)*.

5. Жазгы кара килең келген кез эмеспи, карлар түтөп эрип, буланҗыр суулар көздүн жашындай мөлтүлдөп таамп, көбөйүп, чарык жиптей чубалып жылжып, туш-туштан өзөнгө куюп жатат *(Т. Касымбеков)*.

Көркүү окуу

1. Адегенде ар бир чачыладагы мээр сөздөрдүн ар бирин ичиңен үч сыйра оку. Үндүн кырааты кандайча болорлугун болжо.

2. Анан чачыладагы мээр сөздүн ар бирин көркүү оку:
1) удаалаш, 2) алым сабак түрүндө.
Биринчи чачыла: 1, 2, 3, 4, 5.
Экинчи чачыла: 1, 2, 3, 4, 5.
Үчүнчү чачыла: 1, 2, 3, 4, 5.

Сүйлөп машыгуу

92-көнүгүү. Биринчи чачыладагы мээр сөздөрдү өз сөзүнө кошуп сүйлө.

Үлгү: Аалы Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестинен алынган «тулпар тушунда кымбат», «атты арыганда көр» дегендей, эми сага окшогон чыпка сакалдан кайыр сурап отурам! Заман оңолсо, жараланган жүрөк жазылар. Албаган алигиң үчүн бизге салам айтарсың» деген үзүндүдөгү Бектурган карыянын сөзүндө кайрат да, чечендик да, жүйө да бар.

93-көнүгүү. Экинчи чачыладагы мээр сөздөрдү да 92-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп иште.

94-көнүгүү. Үчүнчү чачыладагы мээр сөздөрдү да 92-көнүгүүнүн үлгүсүндө аткар.

Жазып машыгуу

95-көнүгүү. Биринчи чачыладагы мээр сөздөрдү төл жана бөтөн сөздүн төмөнкү эрежелери боюнча жаз.

1. ◇ : «△»

3. ◇ : «△», – ◇

6. «△» ◇

96-көнүгүү. Экинчи чачыладагы мээр сөздөрдү төл жана бөтөн сөздүн төмөнкү эрежелери боюнча жаз.

2. «△», – ◇

4. «△, – ◇, –△»

6. «△» ◇

97-көнүгүү. Үчүнчү чачыладагы мээр сөздөрдү диалогдун төмөнкү эрежелери боюнча жаз.

1. ◇ :
– △

2. –△, – ◇

3. ◇ :
–△, – ◇

4. –△, – ◇, –△

Үлгү: Төлөгөн Касымбеков мындай дейт:

– Жазгы кара килең келген кез эмеспи, карлар түтөп эрип, буланҕыр суулар көздүн жашындай мөлтүлдөп таамп, көбөйүп, чарык жиптей чубалып жылжып, туш-туштан өзөнгө куюп жатат.

§ 11. «САНЖЫРГАЛУУ КАЗЫНА» ТОПТОМУ

... Туюнтмалар ооз ачырган кооз,
тамшандырган ийги, сыдыргыга
салгандай текши болушу күтүлгөн.
Ж. Мукамбаев

Санжыргалуу казына – элдин керемет тили, башкача айтканда, чыгы кургабаган ширелүү кеп. Бир жолу сүйлөнүү, бир жолу ырдалуу менен өмүрүн токтоткон эмес, ал электен-элекке, муундан-муунга эстафета сымал кастарлана тартууланып отуруп, жышылган, иргелген, сомдолгон жана да сары майдай сакталган, алтындан артык асыралган кундуу кеп. Ал – «Манас» эпосунан тартып, элдик дастандардын баарын кучагына алган орток байлык, казына. Жана да ата-бабадан урпактарга тартууланган шыралга.

ШЫРАЛГАЛАР

Биринчи шыралга

1. Казгалдак деген бир куш бар, кайрылбай учат талаа үчүн, карып болду Элеман, бир перзент көрөр бала үчүн.
2. Отко салса күйбөгөн ойрондук жайы дагы бар, сууга салса акпаган султандык жайы дагы бар (Төштүк).
3. Кермесин кенен кердирип, кермедеги тулпардан садагага бердирип.
4. Кара кычы эттерин кылыч менен кырды эле, кымыз менен жууду эле.
5. Бир атадан тогузбуз, айбандардан өйдөрөөк, адамдардан көп төмөн арада жүргөн доңузбуз.

Экинчи шыралга

1. Кирерине чөл таппай, кечерине көл таппай.
2. Эбедейи эзилип, эт тырмагы созулуп, эрте сөзү кеч болуп, эки көзү төрт болуп.
3. Көкөтөйдүн Кызылнар, маң-маң-маң басып, чуудаларын чаң басып, эки өркөчүн коркойтуп, өрдөктөй мойнун койкойтуп.
4. Эт жүрөгү болкулдап, дене бою солкулдап (Көкөтөй).

5. Чалды кудай колдоду, Элемандын эшикке май көл, сүт көл орноду.

Үчүнчү шыралга

1. Ашка барбай апат бол, Төштүк! Тойго барбай топот бол, Төштүк! (Кыздардын акыйнеги).

2. Ат бороюн сыдырып, жердин баарын кыдырып, жел өтпөс торко кийбесем, желбеген жорго минбесем, кулак угуп, көз көргөн жерге чейин жүрбөсөм.

3. Кызылдан буурул ат минип, кыл куйругун чарт түйүп.

4. Ай эсебин алган жок, айда тынып калган жок, күн эсебин алган жок, күндө тынып калган жок.

5. Тобулгу жакса, чок өтпөс, таамайлап атса, ок өтпөс чайиңги тонду беремин.

Төртүнчү шыралга

1. Жолсуз жерге жол салган болот өгөөм ошо бар, өкчөп койсо ат болгон алтын сакам кошо бар.

2. Мал көөнүнө карабай, малын берди аябай. Тон көөнүнө карабай, тонун берди аябай.

3. Бөдөнөдөй кара көз, бөлөк-бөлөк жаш кетти. Карагаттай кара көз, камчы бою жаш кетти.

4. Жаактууга жай бербес, жайдак атка бой бербес.

5. Карылыктын айынан отурамын окшоюп, улуган иттей шоңшоюп.

Бешинчи шыралга

1. Тикилдеген сөзү бар, тик караган көзү бар. Жан казандай башы бар, кылдан ичке мойну бар. Көккө, жерге бир тийген, тегирмендин бир ташы моюнуна илинген (Жейрен секиртпес Маамыт).

2. Күн чыгыш менен күн батыш элине кабар угулса, азыр айтып беремин. Жоого кирсең болжошмун, мен өзүңө жолдошмун (Жер тыңшаар Маамыт).

3. Атка минсе кишидей, жөө жүрсө оңбогур, желмогуздун тишиндей.

Карыш болгон бою бар, ай-ааламдын баарысын биле турган ою бар (Куюн көтөн Маамыт).

4. Өчкөн бир отум тамызчы, Төштүк, өлгөн жаным тиргизчи, Төштүк (Жолборс).

5. Андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча, жейренге учуп жетчи элем, бура тарта бергиче, эки-үчөөн илип кетчи элем.

(1–5-шыралгалар «Эр Төштүк» дастанынан алынды).

Жаттоо

1. Ар бир шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү ичинен бир сыйра оку. Анан катары боюнча хор менен көркүү окугула.

2. Жаттагыла.

Биринчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Экинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Үчүнчү шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Төртүнчү шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Бешинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.

Сүйлөп машыгуу

98-көнүгүү. Биринчи шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү өз сөзүңө кошуп сүйлө.

Үлгү: **«Эр Төштүк» эпосунда мындай деп айтылат: «Казгалдак деген бир куш бар, кайрылбай учат талаа үчүн, карып болду Элеман бир перзент көрөр бала үчүн»** ж.б.

99-көнүгүү. Экинчи шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү 98-көнүгүүнүн үлгүсүнө окшоштуруп иште.

100-көнүгүү. Үчүнчү шыралгадагы сөздөрдү да 98-көнүгүүнүн үлгүсүнө салып аткар.

101-көнүгүү. Төртүнчү шыралга да 98-көнүгүүнүн үлгүсүндө иштелет.

102-көнүгүү. Бешинчи шыралганы да 98-көнүгүүнүн үлгүсүнө окшоштуруп иште.

Жазып машыгуу

103-көнүгүү. 1–5-шыралгадагы «1» деген номердеги сөздөрдү

: « » кештеси боюнча жаз.

Үлгү: **Кыздар Төштүккө минтип айтышат: «Ашка барбай апат бол, Төштүк! Тойго барбай топот бол, Төштүк».**

104-көнүгүү. 1–5-шыралгадагы «2» деген номердеги санжыргалуу сөздөрдү « », – кештеси менен жаз.

105-көнүгүү. 1–5-шыралгадагы «3» деген номердеги санжыргалуу сөздөрдү : « », – кештеси боюнча жаз.

106-көнүгүү. 1–5-шыралгадагы «4» деген номердеги санжырга-луу сөздөрдү « △, – ◇, – △ » кештеси боюнча жаз.

107-көнүгүү. 1–5-шыралгадагы «5» деген номердеги санжырга-луу сөздөрдү төмөнкү кештелер боюнча жаз.

1. ◇ :
   – △
2. – △ , – ◇
3. ◇
   – △ , – ◇
4. – △ , – ◇ , – △
5. – △

§ 12. «ТИЛ КУТУЧАСЫ» ТОПТОМУ

Тил маданиятынын байлыгы бүткүл
турмуш тарыхы менен өмүрлөш.
Э. Абдылдаев, Д. Исаев

Акыл Карачачтын нускасы

Куту – бул кичинекей сандык. Ал эми «кутуча» – андан да кичинекей, жарашыктуу, ичине аспеттеп баалуу нерсе сала турган буюм. Сөздөн баалуу нерсе барбы? Ошондуктан төмөнкү жети кутучанын ар бирине жетиден сөз салдык. Кашаанын ичинде ошол сөздүн мааниси чечмеленген. М.: Астейдил (чын жүрөктөн, чын дили менен, чыныгы ниет менен) делип берилди. Максаты мындай: «Астейдил» деген өңдүү сөздөрдүн баары эми сенин тилиңе кириш керек.

Биринчи кутуча

ажайып (сонун, укмуштуу, таңгаларлык)
ажайыпкана (музей)
ажардан (сүйкүмдүү, көрктүү болуп көрүнүү, жадырап жайноо)
ажат (муктаждык, зарылгандык, бир нерсеге кысылгандык)
ажыкызданuу (орунсуз сөздөрдү айтып маңызданuу)
азарман – азармандан безерман болуу (өзүнө жакын жуут поо, жанын сабоо)
айкел (адамдын куюп алынган же таштан чегилген тулкусу)

Экинчи кутуча

азелил (шайтан, азыткы, азгырып туура жолдон тайдыруучу)
азыноолак (бир аз, анча-мынча, аздыр-көптүр)
айбардуу (каардуу, сүрдүү, айбаттуу)
айбык (ийменүү, жазгануу, тартынуу, уялуу)
айгай (катуу кыйкырык)
айгине (ачык, дааналап көрсөтүү)
айдарым (желаргы, жумшак жел)

Үчүнчү кутуча

айкөл (кең пейил)
айнукей (убадага турбоочулук, айтканын тануучулук, көздөгөн оюнан баш тартуучулук)
айчыктуу (жарым ай түспөлүндөгү оймо-чийме менен кооздолгон)
айың (ушак сөз, имиш-имиш)
айырмач (жаш балдардын ээри)
акак (кооздоо, жасалгалоо үчүн колдонулуучу тунук таш)
акактай (мөлтүрөгөн, тунук)

Төртүнчү кутуча

акжуумал (агышынан келген)
аксым (албуут, ажаан, кыялы чатак)
акшам (күн батып, кеч кирген мезгил)
акыбет (синирген эмгектин, иштин акыры, натыйжасы)
акылдуусунуу (өзүн акылдуу көрсөтүүгө аракет кылуу)
алабарман (шашкалактаган, анча-мынчаны жана алды-артын көп байкабаган)
алакчыла (тымызын оолактатуу, алыс болуу, тең көрбөө)

Бешинчи кутуча

албуут (ачуулуу, кой-айды билбей чамына берген, долу, бейжай)
алгоолошуу (өз ара жардамдашуу, көмөктөшүү)
алешем (кургак эмес, ным, нымдуу)
алибеттүү (күчтүү, кубаттуу)
алмустак, алмустактан бери (эзелден бери, атам замандан бери)
алоо (жалын, оттун жалыны)
алпеште (эркелетүү, кадырлоо, урматтоо)

Алтынчы кутуча

алпурушуу (кызуу иштөө, жан-дили менен аракет кылуу, күрөшүү, алышуу)

алтүндө (түн ичинде, түнкүсүн)
алымсак (сатып алуучу)
амалкөй (айлакер, илелүү, амалдуу)
анткор (өзү иштеп коюп билмексен болгон адам)
аңкоолон (аңкоо болгон, билбеген, түшүнбөгөн сыяктанып калуу)
аңылдак (ичине сыр сактабаган, аркы-беркини баамдабай сүйлөгөн, даалдак)

Жетинчи кутуча

апапта (бала корккондо оозун ачтырып, сөөмөй менен таңдайын кичине-кичинеден көтөрүп коюу)
апкаaруу (корккондо, сүрдөгөндө, шашылганда эмне кыларын билбей калуу, аптыгуу)
аралжы (арадагы себепчи, арачы)
арамзалык (жаман ойлуулук, кара ниеттүүлүк, ичи бузуктук)
арампөөш (сасык ойлуу, кытмыр)
алпейим (тынчтык, жайчылык)
астейдил (чын жүрөктөн, чын дили менен)

108-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдө жети кутучадагы сөздөрдөн кайсылар колдонулганын аныкта.

Алар Кызыл Армияны күтүп, жеңишке астейдил ишенишкен. Алпейим заман. Ал арампөөш качып кетиптир. Мамат ортого аралжы болду. Мансурдун шойкомдуу митаам көзү арамзалык менен күлүндөгөндөй болду. Бир топко чейин апкаарып барып сүйлөдү. Каныбектин оозуна сөөмөйүн салып апаптады. Ичине сыр сактай албаган аңылдакка кайдан жолдош боло калдың? Канчалык аңкоолонсоң да, чыныгы сырың бизге белгилүү. Анткор кемпирдин аты Айнагүл болчу. Айла тапчу амалкөй аксакал Кошой кары жок. Базарда алымсак аз, мал арзан болду. Алтүндө энең экөөңөр тээтиги ашууну ары ашасыңар. Бир сааттай алпуруштук. Алсыз кезде алпештеди, жөлөдү. Ортосунда алоо күйүп чатырап, от жанынан оолак-оолак качырат. Бул жерге арпадан башка эчтекенин өнбөй тургандыгы алмустактан бери белгилүү. Нуркасым алибеттүү, салкын кандуу жигит экен го. Алешем отун тутанбады. Айдады алгоолошуп конок, таруу. Ызырынып камчы үйүрөт, кай бир албуут зорлору. Башка койлордон алакчылап өзүнчө жем берилген койлор жемди бурдуга сугунушту. Даалдап алабарман жүрө берчү. Муну карасаң деги акылдуусунуп калыптыр. Акыбетим кайтып, балдарымдын алды үйлүү-жайлуу болду. Кечки акшамда

жанды сергиткен жел сокту. Анча-мынча аксым сөз оозунан чыгып кетти дейт. Акжуумал келин дасторкон жайды. Көк шибердүү колотчонун ортосунан акактай тунук суу агат. Кыздар акырекке тагылган акак, седеп мончокторун жылтылдатышып, беш көкүлүн сылашат. Айырмач токуп, тай мингизген. Бул айың өрдөштөгүлөрдүн көбүнө угулат. Асаба, желек калкылдап, айчыктуу туулар жаркылдап. Анын айнykейи кармап калыптыр. Айкөл Манас кабылан. Айдарым желге эгин талаасы ыргалат. Алыстагы караан айгине көрүнөт. Ан сайын айгайын баспай үн салды. Ал чоочун үйгө басып кирүүдөн айбыга турган. Арстандай айбардуу баатыр бар. Чуру-чуу азыноолак тынчтана түштү. Оюнга азгырган азезилдериң келдиби? Бурма азарман-безерман болду. Манастын айкели мага жакты. Ата менен эненин ажатын ачтың. Ак жүзү ай нурундай ажарданат. Инисинин ажыкыздыгынан Султанмурат чыдай албай, көк желкеге коюп калды. Жамбылдын Атчабар деген жерине көчмө ажайыпкана орноп калган экен. Түндө жатып түш көрдүм, бир ажайып иш көрдүм. *(Мисалдардын көпчүлүгү «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн» алынды).*

Сүйлөп машыгуу

1. Биринчи кутуча боюнча.
2. Экинчи кутуча боюнча.
3. Үчүнчү кутуча боюнча.
4. Төртүнчү кутуча боюнча.
5. Бешинчи кутуча боюнча.
6. Алтынчы кутуча боюнча.
7. Жетинчи кутуча боюнча.

Кутучадагы ар бир сөзгө өз алдынча сүйлөм түзүп, таймашка даярдан. М.: Бала жайлоонун **ажайып** кооздугун суктана карады.

Оозеки тайма ш

Иштин 1-түрү

Бул эки топтун ортосунда болот. Мында биринчи топтун өкүлү өзү каалаган кутучадан бир сөздү (м.: **айдарым**) айтат, экинчи топтун өкүлү ошол сөздү катыштырып (м.: **Айдарым жел беттен сылайт)** тез сүйлөм түзөт. Ушул өңдүү сүйлөм түзүүлөр удаалаш же алмак-салмак болушу мүмкүн. Ага топтун мүчөлөрү толук катышат. Сүйлөмдү кем түзгөн тарап утулат.

Иштин 2-түрү

Доскага эки топтон тандалган эки окуучу чыгат. Аларга отургандар бата беришет. Анан бирөө кутучадан каалаган беш сөздү бирден айтат, экинчиси тездик менен оозеки сүйлөм түзөт. Ар бир беш сөздөн кийин топтун өкүлдөрү милдетин алмаштырат, суракчы сүйлөм түзүүчүгө, тетирисинче, сүйлөм түзүүчү суракчыга айланат.

Жазып машыгуу

Иштин 1-түрү

Доска бор менен экиге ажыратылат. Таймашкан эки топ эки катарга тизилет. Ар бир топтон улам бирден окуучу чыгып, бирден гана сүйлөм жазат. Эгер ар бир топто он экиден окуучу болсо, анда он эки сүйлөмдү туура жана мурда жазып бүткөнү утат. Сүйлөмдүн саны топтун мүчөлөрүнүн санына жараша азайышы же көбөйүшү мүмкүн. Бирок, кутучадагы бир сөзгө бир эле сүйлөм түзүлөт. Эгер эки сүйлөм түзүлүп калган болсо, анда анын мурда түзүлгөнү эсепке алынат.

Иштин 2-түрү

Доскага эки топтон бирден окуучу чыгат. Өзү каалаган кутучадагы сөздөрдөн сүйлөм түзөт. Экөөнүн кимиси туура жана көп түзсө, ошол утат. Бул иштин түрү убакытка жараша 3–4 жолу кайталанышы мүмкүн.

Иштин 3-түрү

Кутудагы сөздөр боюнча ар бир окуучу отурган ордунда өз алдынча сүйлөм жазат. Мында жалпы класс боюнча 1–5-орундар белгиленет. Туура жана баарынан көп сүйлөм жазган окуучу биринчи орунду жеңип алат.

Иштин 4-түрү

Бул иште окуучунун сүйлөм түзүүдөгү чеберчилиги кароолго алынат. Маселен, таймашкан окуучунун бири бир сүйлөмгө кутучадан төрт сөздү, экинчиси үч сөздү катыштырып түзүшү мүмкүн. Мында бир сүйлөмгө кутучадагы сөздөрдөн ким көп катыштыра алса жана да түзгөн сүйлөмү маанилик жактан биримдикте болсо, ошол окуучу жеңип чыгат.

§ 13. «ИЛХАМ КЕП» ТОПТОМУ

Илхам кеп – акындык эргүүдөн жаралган ыр саптары. Маселен, залкар акын Сүйүнбай Эралиев бир ырында: «Кырыңда кызгалдактар жабалактайт, калгандай кан чачырап туландарга. Жазгы суу чабалактайт, чабалактайт, бууradай башын уруп улам жарга», – дейт. Акын эргүү менен жазгы суунун бууradай башын улам жарга урган, ээ-жаа бербеген бейжайлыгын, жээгин жеп долуланганын көз алдыбызга тартып койду. Балким, бул көрүнүштү художник тарта албас, чама-чаркы жетпес, композитор кармай албас, чабалдык кылар. Бирок ал сөз менен кармалды. «Жазгы суу долуланды» деп койсо да болмок. Бирок жазгы суунун чабалактап, бууradай башын улам жарга урганы – акындын акыны, сезгичтин сезгичи кармай ала турган жандуу кыймыл, жарк этип көрүнгөн таасын элес. Акындын илхамынан жаралган ыр – бул анын жаны, бирок ал жараткан эгесине гана таандык нерсе эмес. Ал акын көөдөнүнөн кайнар булактай оргуп атылды. Эми аны ким тыңдайт, ким пайдаланат? Албетте, андай кереметти сактоочу да, керектөөчү да – калайык-калк, көпчүлүк. Ошонун ичинде сен да барсың. Аларды эмитен үйрөн, жадыңда сактап, сөзүңдө колдон. Ошондо кебиң уккулуктуу, кулакка көнүмдүү болот, окуучум.

Биринчи түрмөк

1. Оргуштап чыккан мөл булак
Колоттон ылдый кулдурап,
Эзелтен агат чарчабай,
Бирдеме сүйлөп былдырап *(А. Токомбаев)*.

Эскертүү. Ушул сыяктуу ыр саптары тестеленбей, кара сөз түрүндө жазылды.

М.: Оргуштап чыккан мөл булак колоттон ылдый кулдурап, эзелтен агат чарчабай, бирдеме сүйлөп былдырап *(А. Токомбаев)*.

2. Шибери белден жайкалат, төккөндөй жыпар абасы. Туландан ыргып чыга албайт эликтин эрке баласы *(А. Токомбаев)*.

3. Эртең менен шүүдүрүм сымаптай болуп көлкүлдөйт. Беш көкүл кыздын чачындай сарымсак, текей селкилдейт *(А. Токомбаев)*.

4. Өмүр – өзөн, тынбай агар, зымырар, эрдин күчү зор майданда сыналар *(М. Элебаев)*.

5. Санап-санап эсептесем өмүрдү, өткөн өмүр балдан ширин көрүндү. Жел жетпеген желмаяндай мал минип, жетип кууп жеңер белем өлүмдү *(Ж. Бөкөнбаев)*.

Экинчи түрмөк

1. Көк асман даңгыр жолго окшойт, сур булут чыккан чаңга окшойт, үнкүргө дайра киргендей уюлгуп шамал, жел боздойт *(Ж. Бөкөнбаев)*.

2. Жаман киши жакшылыкты унутуп, жамандыктын мыгын кагат таманга *(Т. Умөталиев)*.

3. Көрүнгөнгө урунба да, таарынба, кишисиң сен ийнинде баш барында. Күн астынан өз жолунду издегин, калкыбастан белгисиздик шарында *(Т. Умөталиев)*.

4. Сөз көп, иш аз болбосун, эрибейт сөзгө коргошун *(Т. Умөталиев)*.

5. Бул жакты карайм – тоо турат, ал жакты карайм – тоо турат. Асманга чейин тоо тоого учкашып жүрүп отурат *(С. Эралиев)*.

Үчүнчү түрмөк

1. А табият салтынан жок жаңылган, жумурткадан жаңы гана жарылган балапандай баш көтөрүп чыйпылдап, күн көрүндү таңдын нары жагынан *(С. Эралиев)*.

2. Улам качкан көлөкөнү сугунуп, күн аңтарып кирди жердин коюнун *(С. Эралиев)*.

3. Жерде жалт-жалт, жаш күчүктүн көзүндөй, шүүдүрүмдөр – түн жоготкон берметтер *(С. Эралиев)*.

4. Бийик-бийик тоолордун чокусунда кары бар, тоолор окшоп бир дөңдө отурушат карылар *(С. Эралиев)*.

5. Тарасак таңга аз калып, чарчаган белем ай дагы, аскынын мизин жазданып, үргүлөп калган назданып *(С. Эралиев)*.

Жаттоо

а) Түрмөк катары боюнча ыр саптарын үч кайталап, бир сыйра жекече, 2 сыйра хор менен көркүү окугула.

б) Түрмөктөгү ар бир ыр сабын өзүнчө жаттагыла.

1. Биринчи түрмөк: 1,2,3,4,5.
2. Экинчи түрмөк: 1,2,3,4,5.
3. Үчүнчү түрмөк: 1,2,3,4,5.

в) Үч түрмөктөгү ыр саптарын хор менен жатка айткыла.

Сүйлөп машыгуу

109-көнүгүү. Биринчи түрмөктөрдөгү ыр саптарын өз сөзүңө кошуп сүйлө.

Үлгү: **Мен Терек өзөнүндө болдум. Туш тарабымдын баары – көк кашка булак. Ушул көрүнүш Аалы Токомбаевдин «Оргуштап чыккан мөл булак колоттон ылдый кулдурап, эзелтен агат чарчабай, бирдеме сүйлөп былдырап» деген ыр саптарын эске түшүрдү.**

110-көнүгүү. Экинчи түрмөктөгү ыр саптарын да жогорку үлгүдөгүгө окшоштуруп, өз сөзүңө кошуп сүйлө.

111-көнүгүү. Үчүнчү түрмөктөгү ыр саптарын да жогорку үлгүгө окшоштуруп иште.

112-көнүгүү. Биринчи окуучу түрмөктөрдөгү өзү каалаган бир ыр сабын айтат, экинчи окуучу аны өз сөзүнө кошуп, илгиртпей улап кетет. Бул адегенде кол көтөргөндөр менен, анан калган окуучулар менен иштелет.

Жазып машыгуу

113-көнүгүү. Биринчи түрмөктөгү ыр саптарын төл жана бөтөн сөздүн 1-, 2-, 3-, 4-эрежелери боюнча төрт түрлүү жаз. Ар бир эрежеге ар башка мисал келтиресиң.

Үлгү: 1. **Аалы Токомбаев мындай деген: «Оргуштап чыккан мөл булак колоттон ылдый кулдурап, эзелтен агат чарчабай, бирдеме сүйлөп былдырап».**

114-көнүгүү. Экинчи түрмөктүн ыр саптары да 113-көнүгүүдөгүдөй аткарылат.

115-көнүгүү. Үчүнчү түрмөктүн ыр саптары да 113-көнүгүүгө окшош иштелет.

§ 14. ДИЛБАЯН

Байытып баянда

Тоолор ... кетик ай ... жылдыздар ...
(Ыр кошуп жазсаң да болот).

Катасы барбы? Оңдоп жаз.

1. Бүркөлгөн жамгыр шатырата төктү.
2. Суу неметип, айдоо талаасын каптап кетиптир, андап

салбаса болду. Кетмен көтөрүп жүргөндөр арыкты неметип койгонду билбейт, ой тооба.

3. Нан бышырган отко-жамга түшүп азап эле го.

Сөздөрдү өз ордуна кой

1. Муз сыныктарын – түртүп–жээкке–чыгарат–толкундар–көмөлөтө–кээде.

2. Ким экенин – келген – үй ээсине – меймандардын – кабарлады.

3. Суусар тебетей – кемселине – кара кылкандуу – башындагы – түспөлдөш.

Байланыштырып жана байытып чакан аңгеме жаз

Кырда кызыл көз аяз ... Себелейт шыбыргак ... ышкырат ... Улунуп-жулунуп ... Бурганак ... Сууда шыргалаң ... Мен атчанмын (муну ыр кылып жазып көрсөң да болот).

Сүйлөм түз

1. Ар бири *к* менен башталган сөздүү сүйлөм түз.
2. Ар бири *б* менен башталган үч сөздүү сүйлөм түз.
3. Ар бири *а* менен башталган беш сөздүү сүйлөм түз.

Үлгү: **Кырда кызыл кызгалдак кылтыят.**

Дилбаян жаза билүү – бул кызыктуу эмгек. Ал изденүүнү, шыктанып жазууну сүйөт. Анткени дилбаян жазуу көчүрүү эмес, чыгарма жазуу. Бирок аны кантип издеп, кантип шыктанып жазуу керек? Албетте, бул – колдон келерлик жана окуучулардын баары текши жаза алар-лык оңой эле иш. Ал үчүн милдеттүү түрдө төмөнкү жети үлгүнү беш колдой билип алуу зарыл.

үлгүсү

Үлгү кылынып жаткан нерсени бул али жазыла элек көкүрөктө турган ой, кагазга түшүрүлмөкчү болгон мазмун деп түшүнүү абзел. Эгер үлгүнү орхон-энесай жазуусундагы « » деген (бизче «т») тамга менен белгилесек, анда ошол үлгүнүн ордуна каалаган нерсени коюп, дилнаама жаза берүүгө болот. Айталы «  » үлгүсүнүн мисалы катары силерге толук тааныш, көкүрөгүңөрдө кыттай уюган «Карышкыр менен түлкү» жомогун коёлу да, ал жазыла элек,

бирок көкүрөгүнөрдө турат, силер аны жазууга ниет кылдынар дейли (баса, ушуга окшош нерселер турмушта мин-сан эмеспи, андайлардын айрымдарын VII – IX класстарда да жазууга туура келерин унутпа).



үлгүсүнүн мисалы

«Карышкыр менен түлкү» сага VI класстан эле тааныш. Ал бул окуу китебинде да атайы толукталып кайталанды, анткени ага утуру кайрылып туруу зарылдыгы бар.

КАРЫШКЫР МЕНЕН ТҮЛКҮ

Бир күнү түлкү куйругун булактатып, тилин саландатып, ээн жерде келе жатып, жалгыз аяк жолдун таманында жаткан койдун куйругун көргөндө кубанып кетти. Аны тегерене карап, салып койгон капканды көрдү да, шилекейин чуурутуп, эмне кыларын билбей туруп калды. Анғыча желип-жортуп карышкыр келди. Түлкү жагалданып:

– Каке, келиңиз, куйруктан көп жеп коюп, май кекирип турам. Алдагыны сизге сактап койдум, – деди.

«Астында капкан болбосун?» – деп шектенген карышкыр анчалык көңүлсүнбөй мыкчыя тигилди.

– Кээде ушинтип кекирейип каласыз ... Жебесеңиз өзүм үйгө алып кетейин, – деп түлкү баягы май куйрукка тап бергенде, карышкыр түлкүдөн мурда озунуп сугунмак болду эле, тумшугу капканга чабылып калды. Куйрук четке ыргыды. Түлкү аны илип алды да:

– Жат, бөрү аке, жабышып, капкан менен кабышып, эртең эрте ушерден ээси менен табышып, – деп шаттанып ырдап, желе-жорто жүрүп кетти.

Бул үлгү али жазыла элек, сенин дилинде, көкүрөгүндө уюп турат дейли. Эми аны кантип жазуу керек?

1. Көкүрөгүндө тургандар кандай болсо, ошондой кылып чүргөй салууга болот.

2. Көкүрөк менен дилде турган нерселер кагазга кандайдыр бир түр-түспөл, жарашык жана тилдик бай каражат менен шөкөттөлүп жазылышы керек. Ошондо ал баарына жеткиликтүү жана кулакка конумдуу болот. Демек, даярдык көп нерсени чечет.

ЖАЗУУГА ДАЯРДЫК

Керегиңе жараша пайдалан

Көкжал, кынжыйган, канчык карышкыр, эки уурту саландаган дөбөт карышкыр, азуусу бычак тай карышкыр, ач көз карышкыр, куу түлкү, кырда ойногон кызыл манат түлкү, «Бөрү азыгы – белде, түлкү азыгы – чөлдө», «Бөрү менен дос болсоң, корооңо сак бол», «Бөрүнүкү тең орток, кузгундуку куу жыгачтын башында», «Бөрүнүн оозу жесе да кан, жебесе да кан», «Бөрү жок дебе бөрк астында», «Карт түлкү капканга түшпөс», «Андабаган жерден түлкү чыгар, абайсыз жерден күлкү чыгар», «Көбүк карда түлкү ойнойт, түлкү менен күлкү ойнойт» ж. б.

Албетте, жазууга даярдануунун чеги кенен.. «Кеп куржундагы» (бул окуу китебиңде бар) «Макал», «Сөз берметтери», «Тил кутучасы», «Санат сөз», «Санжыргалуу казына» топтомдорунан (кайсы класска таандык болсо да) тиешелүү тил каражаттарын каалаганыңдай пайдалансаң болот.

Ошентип, «⌒» үлгүсүнүн негизинде дилбаян жазышың керек, тил каражаттары боюнча даярдыгың да бар дейли. Эмесе, дилбаян жазуунун төмөндөгү үлгүлөрүн үйрөн.

ДИЛБАЯНДЫН 1-ТҮРҮ

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, илгери-илгери ушул эле чөлкөмдө көргөндүн көзүн кычыштырган бир кызыл манат түлкү жашаган экен. Көбүк карга каршы-терши из түшүрүп, өзүнүн куйругу менен өзү ойнойт. Аңгыча – жыт! Шилекейи чууруп кетти. Шимшилеп жетип барса, эт, болгондо да куйрук. Бирок темирдин жыты аны токтотту. Капкан! Чый-пыйы чыгып, куйрук жаткан жерде бир нече жолу тегеренди. «Карт түлкү капканга түшпөс» деп ойлонду. «Бөрү жок дебе бөрк астында», аттиңай, бир ач көз карышкыр келип калса» деп ойлоду чуштуйган тумшугун жаланып. Аңгыча ... (Мындан аркысы да ушул өңдүү улантылат).

Талдоо. Бул дилбаян «⌒» үлгүсүнүн өзүнө эле окшош, бирок «бар экен, жок экен», «көргөндүн көзүн кычыштырган бир манат түлкү», «көбүк кар» өңдүү сөздөр менен байытылып жазылган. «Карт түлкү капканга түшпөс» деген макал да орундуу пайдаланылган. «Чый-пыйы чыгып, куйрук жаткан жерди бир нече жолу тегеренди» деген сүйлөм ач түлкүнүн чыйпалактаганын көз алдыга элестетет. Аңгеме сыңары жазылган. Демек, дилбаянды өзөк окуянын эле негизинде тил каражаттары менен байытып, мазмундуу жана кызыктуу жазса болот.

БИБЛИОТЕКА
СШ № 32
г. Бишкек

ДИЛБАЯНДЫН 2-ТҮРҮ

Мен – кырда ойногон кызыл манат түлкүмүн. «Көбүк карда түлкү ойнойт, түлкү менен күлкү ойнойт» – деп коюшат. Калп! Тамак табуу – азап. Адатымча жумурума жук болор бирдеме издеп чыкканмын. Ачкамын. Башым айланып, ичим чурулдайт. Ошондо кайдан-жайдан экени белгисиз, майлуу эттин жыты жыттанды. Байкуш шамал, ачка түлкүнү бир тоюнтуп коёюн деп боору ооруса керек. Багытты жоготпой учуп баратам, шимшилеп баратам!.. (Калганы да ушул өңдүү улантылат)

Талдоо. Бул дилбаяндын өзгөчөлүгү биринчи жак менен баяндалышында. Болгондо да түлкүнүн өзү сүйлөйт. Ырас, турмушта түлкү өзү сүйлөбөйт. Бирок дилбаянда кыялдануу басымдуулук кылган. Ошол себептен түлкүнүн сүйлөшү, анын адамга окшоп ой жүгүртүүсү кемчилик эмес, анткени жомоктордун өзүндө айбанаттардын сүйлөшү – кадыресе эле нерсе.

ДИЛБАЯНДЫН 3-ТҮРҮ

Мен – эки уурту саламдаган дөбөт карышкырмын. Ач элем. «Бөрү азыгы – белде, түлкү азыгы – чөлдө» деп жортуп келаткам. Анчыча кызыл манат түлкүнү көрдүм. «Бөрүнүкү – орток, кузгундуку – куу жыгачтын башында» – дейт, балким, түлкү бирдеменин шек-шыбаасын билип жүрбөсүн» деп ойлодум да, түлкүгө жетип бардым... (Калганы да ушундайча улантылат).

Талдоо. Бул дилбаян да 2-түр менен окшош. Ошол сыяктуу эле баа берүүгө болот. Болгону түлкүнүн ордуна карышкыр сүйлөйт. Бирок баяндалышы боюнча экинчи дил баяндын көчүрмөсү эмес. Пайдаланылган тил каражаттары (М.: «Бөрү азыгы – белде, түлкү азыгы – чөлдө», «Бөрүнүкү – орток, кузгундуку – куу жыгачтын башында» ж.б.) боюнча өзүнчө бир бүтүн чыгарма сыяктуу.

ДИЛБАЯНДЫН 4-ТҮРҮ

Пьеса-дилбаян

Катышуучулар: түлкү, карышкыр.

Окуя бузулуп-талкаланган эски таш короонун жанында өтөт.

Түлкү *(жойпуланып)*. Каке, Каке! Өзүңүздү айбандардын пашаасы, азуулуунун арстаны катары сезем. Калп айтсам кара башыма, как чокума көрүнсүн. Сиздин баатыр элесиңизди

түшүмдө да көрөм. Менин пиримсиз, таянар тоомсуз. Бирок «жоктук жоомарт эрдин колун кесет» дейт, шарт келишпей, сизге бир сый көрсөтө албай, иттей уят болуп жүрчү элем. Ондой берди болуп, сизге бир куйрук камдап отурдум эле, Каке. Ал оозго тийгенде эле эрийт.

Карышкыр. Кана?

Түлкү. Тигине, тигине! Болгондо да, баглан козунун куйругу.

Карышкыр. Эй, митайым, алдаган жоксунбу?

Түлкү. Каке, айтарын айттым. Жебесең кой, азыр өзүм жейм.

(Калп эле куйрукка тап берип коёт. Карышкырдын ач көздүк сезими дүрт этип ойгонот да, түлкүдөн мурда басып калат. Капкан тумшуктан чабат. Ыргып кеткен куйрукту түлкү акең шып илип алып, сугунат да, жолго түшөт).

Талдоо. Бул дилбаян пьесалаштырып жазылган. Түлкү карышкырды алдоо үчүн бал тилге салат. «Менин пиримсиз, таянар тоомсуз»,– дейт. Сый көрсөтө албай, уят болуп жүрүптүр. Эми оңтою чыгып отурбайбы. Ал аз келгенсип, карышкырды айбандардын пашаасына, азуулуунун арстанына теңейт. Бул – куулугуна салган кейпи, дилинде карышкырдын капканга түшүп калышын, жемтик эттин өз оозуна тийишин каалап турат.

Демек, пьеса-дилбаян айтылчу өзөк ойго басым кылгандыгы менен артыкчылык кылат.

ДИЛБАЯНДЫН 5-ТҮРҮ
Диалог-дилбаян

– Сен мага «Карышкыр менен түлкү» деген жомокту айтып бере аласыңбы? – деди Айсулуу.

– Ананчы, айтып берем, бирок жакшылап кулак төшө. Артынан кайра сурайм, – деди Толкун. (Бул сүйлөшүү андан ары ушул өңдүү улантылат).

Талдоо. Бул дилбаян эки адамдын маектешүүсү катары жазылган. Бир жагынан пьеса-баянга окшош. Бирок жазылышы боюнча айырмаланат. Диалог-дилбаян да өзүнчө түр катары эсептөөгө болот. Анткени дилнаама окуучунун көп түрдүү аракет-ишмердигинин бирин толук чагылдыра алат.

ДИЛБАЯНДЫН 6-ТҮРҮ

Ой толгоо. Ошентип, түлкү түркүн аракетке салып, карышкырды алдады да, жемтикти жеп алды. Муну менен эмнени айтууга болот? Биринчиден, бул жерде эптеп оока-

тын өткөргөн куу түлкү жөнүндө сөз болуп жаткан жок. Куу түлкү аркылуу түлкүдөй куу, ашкан митаам адамдар жөнүндө кеп болууда. Чынында эле андай кишилер өзүнүн максатын, ит кыялын, бирөөгө жабыр көрсөтүү аркылуу табуучу пайдасын аярлык менен жашырып-жаяптап, ичи-бооруна кирип, чыгышкан дос, кыйышпаган өз болуп көрүнөт да, анан капканга чаптырат. Анан так ушу кылган кыянат ишинен кадыресе ыракат алат, оболу кыңылдап ырдайт. Бул кылганым мыктылыгым деп эсептейт. Экинчиден, карышкырдын алданышын анын аңкоолугу деп эсептешке болбойт. Ал шек санаган. Бирок ач көздүгү жеңип кетти да, капканга чабылды. Мында деле карышкыр аркылуу карышкырдай ач көз адам жөнүндө тамсилденип айтылып жатат. Алар ач көздүгү аркасында башкалардын мал-мүлкүн, буюм-тайымын улкуп-жулкуп алып коюшат. Күч колдонот, урушат, согушат. Бирок урунуп-беринип, зордукчулук кылып жүрүп капканга да түшүп калат. Үчүнчүдөн, бул экөө тең – келечек ээлерине сабак. Түлкүчө куулуктан, карышкырдай ач көздүктөн качууга үйрөтөт. Төртүнчүдөн, түлкү алсыздыгына карабай амал менен күчтүү карышкырды жеңип кетти. Бул – акылайла кара күчтөн артыкчылык кылат дегендик. Аны «арстандай күчүң болсо да, түлкүдөй куулукту үйрөн» деген макалда далилдеп турат.

Талдоо. Бул ой толгоодо окуя сүрөттөлгөн жок. Көңүлгө тутулган башкы нерсе – окуянын натыйжасы. Так ушул бутага алынат да, «Эмне үчүн мындай?» «Аны менен эмнени айткысы келген?» деген өңдүү суроолор коюлуп, маани-маңыз талданат, иликтенет. Жеке өзү үчүн окурман тыянак-корутундуларды чыгарат. Демек, мындай дилбаянда аны жазган окуучунун акыл ишмердиги, иликтеп-изилдөө, баа берүү, сындоо жөндөмү өнүгөт.

ДИЛБАЯНДЫН 7-ТҮРҮ

Ыр түрүндөгү дилбаян

1. Шимшилеп куурай түбүн түлкү келет,

... ...

... ...

... ...

2. Карышкырды көргөндө, жым дей түштү,

... ...

... ...

... ...

3. Капкан чапты, жемтик эт ыргып кетти,

... ...
... ...
... ...

Иштөөнүн тартиби. 1. Үч чекит коюлган жерге ыр саптарын өзүң таап толтур. **2.** 1-сапка 2, 4-сап уйкашат. М.: келет–желет–демек–себеп,түштү–күчтүү–түздү–күлкү–түлкү, кетти–жетти–этти ж.б. **3.** Ар бир ыр сабы 11 муундан турсун. **4.** «Илхам кеп» топтомунан үлгү ал.

Сунуш. Дилнааманы ыр түрүндө жазса да болот. Ал кол жеткис нерсе эмес. Ырас, таланттуу ырды жаратуу бардык окуучунун колунан келе бербес. Бирок ыр жазуунун майда бурама-тетиктерин билүүгө неге болбосун. Арийне, болот. Ойлогон оюңду, кыялыңды уйкаштык менен шөкөттөп ыргакка келтирип, ыр кылып токуу – бул да адам мүмкүнчүлүгүнүн бир кыры. Аны билүү артыкбаштык кылбайт.

Үлгүнү жалпылоо

Байыркы түрк тамгасы « » (бизче «т») менен үлгү белгиленип, «Карышкыр менен түлкү» жомогу анын төл башы мисалы болгону эсинерде. Анын жети түрдүү жазылышын да үйрөнүп алдынар. Буйруса, жолду андан ары узартабыз. Эми «Карышкыр менен түлкү» жомогунун ордуна «Кыргыз адабияты» китебинердеги «Жараланган жүрөк» повестинен бир чакан үзүндүнү (мындай мисалды «Кожожаш», «Эр Табылды» эпосторунан, «Эрте келген турналар», «Атанын тагдыры», «Адам болгум келет», «Ыр сабындагы өмүр» деген ж. б. чыгармалардан да алса болот) келтирели. Темасы – «Бектурган карыя».

Окуянын кыскача мазмуну

Муну мурда окугансың, билесиң, ошентсе да үйрөнүү ишинин кызыкчылыгы үчүн кыскача мазмуну баяндалат. Бирок бул мазмунду сенин көөдөнүңдө турат деп эсептейли.

1917-жыл. Ачарчылык. Бектурган карыя Токмок шаарынын башындагы ачкадан өлгөн өлүктөр жаткан сай менен келаткан. Аңгыча бир карга өлүккө конгону келатып, кайра от менен ургандай чочуп, уча качты. Анткени өлүктүн боорунда көкүрөктү тырмалап, наристе бала жаткан. Бектургандын денеси дүр этти. Тааныды. Баягы аял. Аты Айша болучу. Ит капкан балтыры салбырайт. Колунда кир ороодо

бала. Бул кайырчы аял жардам сураган болучу. Бектурган да ошол Айша сыяктуу тилемчи эле. Ошентсе да беш-алты боорсок, бир тутамга жетпеген текей, алаканына талкан салып берген. Ошондо ал аял: «Аке, мен бул жерден козголо албайт окшоймун. Мага карабаңыз. Мен жер үстүнөн көрүнбөсөм, куран окуп, менин атыма атап коёр бекенсиз. Мынын кымбатым бул шордуу бала артымда калып эмне болот? Ким багат? Ким алат?» – деген. Мына эми көкүрөгүн катырмалаган баласын да сезбей өлүп жатат. Бектурган карыя дароо баланы колуна алып, талканды суюк чайнап, тили менен ага сордурду. Анан суунун кемерин чукулап, ал жерге аялдын сөөгүн жашырды да, куран окуду. Андан соң баланы багып алуу үчүн көтөрүп кетти.

Сунуш. Жогоруда дилбаян жазуунун 7 түрү менен таанышкансың. Эми ошол мүмкүнчүлүктү пайдаланып, өз алдыңча дилбаян жазышың керек.

1. Кыялың менен «муну минтип, тигини антип» деп иштейсиң. Тагыраак айтканда, биринчиден жетинчиге чейин кандайча жазууну кыялыңдан өткөрөсүң.

2. Мында каалооңо жараша экинчи же үчүнчү үлгүнү тандап аласың да, татынакай дилбаян жазасың. Узун же кыска жазуу өзүңдүн ыктыярың. Кеп мазмундуулугунда. Биринде карыя болуп сүйлөсөң, экинчисинде карганы сүйлөтөсүң.

«Бектурган карыя» дилбаянын жазууда сага төмөндөгүдөй **кызмат көрсөтүлөт.**

1. «Санат сөз», «Макал», «Сөз бермети» топтомдорунан пайдалан.

2. Керегиңе жараша колдон: «Жоктун жону катуу», «Тулпар тогунда эмес, ачында сыналат», «Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт», «Жакшынын жакшылыгы тиер ар жерде, жамандын жамандыгы тиер тар жерде», «Балыкчыны балыкчы алыстан тааныйт», «Карысы бардын ырысы бар», «Бир буту жерде, бир буту көрдө», «Жаманчылыкты аманчылык женет», «Тең жегенди теңирим сүйүптүр».

3. **Залкар ойлор.** «Таш боор адамдын өзүнөн башкага пайдасы тийбейт» *(Публиций Сир–Рим акыны)*. «Кайрат тагдырдын соккусун жокко чыгарат» *(Демокрит – грек акылманы)*. «Жүрөктүн мээрими марттыктан жогору» *(моңгол макалы)*.

КОЖОЖАШ МЕРГЕН

Ойго өбөлгө. Суречкини туткактап артынан сая түшкөн мерген жуп жетерде, коюу кара туман каптап калат. Эч нерсе көрүнбөйт. Анан туман суюлуп барып тарайт. Кожожаш

тегерегин караса, баары өзгөргөн, аска асман тирейт, аяк-башы керилип чалкаят. Өзү жалама зооканын боорунда тердиктей тектирде калган. Кылт этсең учасың, сөөгүң сөпөт болот. Төмөнтөн шаты, жогортон аркан жетпес аралык. Ылдый карасаң баш айланта аска шуулдайт. Эмне болуп кетти? Куугундун кызыгына түшкөн мерген ушундай жерге барганын билбей калдыбы? Ооба, мындай болушу да мүмкүн. Же тукумун курутуп, Алабаш текесин өлтүрүп, туягы ташка жешилип түгөнгүчө кууп, эсин оодаргандыгы үчүн Суречкинин кудайдан тилеген тилеги кабыл болуп, Кожожаш асканын боорунда калдыбы? Балким, бул зоо аска эмес, элдин анын таш боордугу үчүн ойлоп тапкан жазасы болушу да мүмкүн эмеспи. Ушул жаза менен кийинкилерди ойлонтуп, таалим-тарбия берейин деген ниет болуп жүрбөсүн? Анда Кожожаштын асканын боорунда калышы тозокко барабар жазадыр. Мергендин башына келген, атайы ага эл-журт ыйгарып берген акыр замандыр. Же кандай?

Сунуш. 1. Бул дил баянды ой толгоо түрүндө жаз. 2. Же пьеса-дил баянга айландыр. Катышуучулар: Суречки, Адамзат, Кожожаш. Үчөө тең мергенчинин асканын боорунда камалышын өз ой-пикирлери менен түшүндүрүшөт. 3. Кайсы түрдү жазсаң да, мында «Сөз бермети» топтомунун VII, VIII, IX класстардагы материалдарын пайдалан.

Дилбаян «Жакшылык кылуу»

Суроолор:

1. Жакшылыкты кандайча түшүнөсүң?
2. Башкаларга жакшылык кылуунун пайдасы барбы?
3. Өзүң бирөөлөргө канча жолу жакшылык кылдың?
4. «Жакшылыкка жакшылык ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык эр кишинин иши» деген макалды чечмеле.

Сунуш. 1. Бул дилбаянды диалог түрүндө жаз. 2. «Макал», «Сөз бермети» топтомдорундагы тил каражаттар менен жазганыңды шөкөттө.

Дилбаян «Аёо сезими»

Суроолор:

1. Аяй билүүнүн зарылдыгы барбы?
2. Сен өзүң боор ооруп, аяй билүү сезимине канча жолу дуушар болдуң (жан-жаныбарды, чөп-чарды, адамды) !?

Сунуш. 1. Дилбаянды 1-түр боюнча жаз. 2. «Сөз бермети» топтомун пайдалан.

Дилбаян «Ким күчтүү?»

Катышуучулар: 1) Сом, 2) Ууру, 3) Арак, 4) Өнөр, 5) Мээнет, 6) Ыйман. Булардын ар бири өздөрүнүн күчтүүлүгүн далилдеп, талаш-тартышка чыгышат.

Сунуш. 1. Албетте, дилбаян пьеса түрүндө жазылат. 2. «Сөз бермети», «Санат сөз», «Макал» топтомдорунан тиешелүүлөрүн дилбаян жазууда пайдалан.

Дилбаян «Айлуу түндөгү эгин талаасы»

Ырга көрөңгө. Төө өркөчтөнгөн адырдан төптөгөрөк ай көтөрүлдү. Сары багелек болгон буудай талаасы чайпалат, көөлгүйт. Бөдөнө бытпылдыктайт. Токой тараптан үзгүлтүксүз чардаган бакалардын үнү угулат. Аркандалган ат үргүлөйт...

Сунуш. 1. Ыр жаз, уйкаштыр, уйкашпай калса да, аракет кылып көр. Ырдын көлөмүнө чек коюлбайт.

Адырдын кетигинен ай көрүндү,
... ...
... ...
... ...
Жумшак желге дан талаасы чайпалат,
... ...
... ...
... ...

2. «Илхам кеп» топтомун окуп таасирлен.

Дилбаян «Шаркыратма»

Ырга көрөңгө. Жайлоо. Шаркырап аккан, кулак тундурган кашка суу. Суу агымы бири-бирине кептелген жайпак таштардын үстүнөн, бир жарым кулач бийиктиктен кулап түшөт. Ошол – шаркыратма. Суу түшкөн жер – боз үйдүн ордундай көлчө. Ичи толгон чаар балык. Жел сокпой тымып калган маалда көрсөң, балыктар шаркыратманын шары менен өйдө жалт этип атылып чыгат да, жарым кулач бийиктен кайра чулп этип сууга түшөт. Бул – өзүнчө керемет кубулуш. Канча тиктесең да танбайсың. Бирөө эле эмес, бир нечеси удаама-удаа секиргенин айт.

Сунуш. Ушул керемет көрүнүштү кудуретиңдин жетишинче ырга айландыр.

... ... кашка суу,
... ... шашма суу.

Секирсе да, мөңкүсө да кээ жерде,
Көлмө болуп көбүктөнүп калма суу.
Шаркыратма шары менен атылат,

... ...
... ...
... ...

§ 15. ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Кандай кошмо сүйлөм болсо да, анын бөлүктөру биригип, биримдик бүтүн ойду билдирет.
К.К. Сартбаев

... тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр татаал сүйлөмдүн адепки да, байыркы да түрү болушу мүмкүн. Ал эми багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр соңку пайда болгон түрү болуп саналат.
А. Жапаров

Сөздүн жасалышынын материалы – тыбыш, жөнөкөй сүйлөмдүн материалы – сөз жана сөз менен сөздүн айкашы татаал сүйлөмдүн материалы – жөнөкөй сүйлөмдөр.
А. Иманов

Татаал сүйлөм – бул оозеки кепте да, жазмада да кеңкесири колдонулган тилдик каражат. Ал жөнөкөй сүйлөм сыяктуу эле ой-пикирди билдирет, бирок өз тутумуна бир нече сүйлөмдү бириктирип тургандыгы менен татаал. Ошентип, эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара уюмдашып бир татаал сүйлөмдү түзөт.

М.: *Көч шаанисн коңгуроо шыңгырайт, көч арасында тайлагы адашып келаткан каймал боздойт, жай каалгый көч бейпил (Т. Касымбеков).*

Бул татаал сүйлөмдө үч жөнөкөй сүйлөм бар.

1. Көч шаанисн коңгуроо шыңгырайт.

2. Көч арасында тайлагы адашып келаткан каймал боздойт.

3. Жай каалгый көч бейпил. Бул үч сүйлөм биригип, бир татаал сүйлөмгө айланды.

116-көнүгүү. Төмөнкү татаал сүйлөмдөрдүн тутумунда канчадан жөнөкөй сүйлөм бар, ажыратып айтып бер.

Жер деңиздин жүрүшүн тороп көшөрөт, деңиз болбой жерди омуроолоп сүрдүгөт. Таң атар маал таяп келди. Дагы бир түн карып, дагы бир күн жаралып келатты. Шоолаланган ала күү-

гүмдө таноосунан буу бурулдаган бугунун шалпык эрдине окшоп, көбүк бүркүп күрпүлдөгөн жээк көрүнө баштады. Деңиз менен жер тийишкен узак жээк туташ оргуштап кайнап, жер менен деңиз тийишкен узак жээк үстүндө муздаган буу туман болуп уюп, туман асты күркүрөп-шаркырап жатты. Деңиз көшөргөнүн койбой, толкун артынан толкун кубалап, тоңголок кумдуу жээкти жаба берет, кара күрөң былжыр таштарга шабыраган көбүк жабышат. Түн тарап, таң агарды. Жарык шоола жайылып, теребел айкындала берди. Жер сүрөтү таанылып, деңиздин кыяпаты ачылды *(Ч. Айтматов)*.

Үлгү: **Түн тарап, таң агарды.** Бул татаал сүйлөмдө эки жөнөкөй сүйлөм бар. 1. **Түн тарап.** 2. **Таң агарды.** Демек, эки ЖСтен бир ТС түзүлдү.

117-көнүгүү. «Макал» топтомун кара (ал ушул окуу китебинде бар). Оозеки аныкта. Канча макал ТС түрүндө түзүлгөн?

118-көнүгүү. «Санат сөз» топтомун кара да, канчасы ТС экенин оозеки аныкта.

119-көнүгүү. «Мээр сөз» топтомун кара да, канчасы ТС экенин оозеки аныкта.

120-көнүгүү. «Чечендик жана сынчы сөз» топтомунан татаал сүйлөмдөрдү тап.

ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН БӨЛҮНҮШҮ

ТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бирине окшош болуу менен бирге, бири экинчисине окшобой турган да өзгөчөлүктөрү бар. М.: *Жарык шоола жайылды, теребел айкындала берди.* Мында эки сүйлөмдөгү «жайылды», «айкындала берди» деген баяндоочтор ойду так бүтүрө айтты. Так ушул касиети менен жогорку ТСтин тутумундагы эки сүйлөмдү бири-бири менен тең тайлаш, тең ата жана багынычсыз кылып койду. Демек, бул эки сүйлөм ТСтин тутумунан чыгып, интонациялык жактан аякталган өз алдынча сүйлөм болуп кетишке толук мүмкүнчүлүгү бар. М.: *Жарык шоола жайылды. Теребел айкындала берди.* Ошентип, ТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышы бош, керек болсо алар маани-маңызы кемибей, өз алдынча сүйлөм болуп да ажырап кете алышат.

Бирок мындан башкача да кырдаалга тушуктурган өзгөчөлүктөр бар. Ал ТСтин тутумундагы сүйлөмдөр бири-бири менен тыгыз байланышкан, аларды бөлүп-жарып жибериш-

ке болбойт. М.: *Жарык шоола жайылгандыктан, теребел айкындала берди.* Мында биринчи сүйлөмдүн «жайылгандыктан» деген баяндоочу ойду так бүтүрө айта алган жок, ошол себептүү *«Жарык шоола жайылгандыктан»* деген сүйлөм өзүнчө бөлүнүп кетүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калды. Күнкор кейипке келди. Ал качан *«теребел айкындала берди»* деген омоктуу сүйлөмгө жөлөнгөндө гана ажары ачылып, кулпуруп, өзүнчө бир ырааттуу шайкештикке ээ болот, ойпикирди, маанини толуктап турат. Демек, *«Жарык шоола жайылгандыктан»* деген *«эмнеликтен?»* деген суроого жооп берип, кийинки сүйлөмгө багынынкы, көз каранды абалда.

Ошентип, жогорку бири-бирине окшошпогон эки мисалдагы өзгөчөлүктөрдүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылат. Татаал сүйлөм (ТС) экиге бөлүнөт, бири – тең байланыштагы татаал сүйлөм (ТБТС), ал *«Жарык шоола жайылды, теребел айкындала берди»* деген, экинчиси – багынынкы байланыштагы татаал сүйлөм (ББТС), ал *«Жарык шоола жайылгандыктан, теребел айкындала берди»* деген мисал менен тастыкталды.



§ 16. ТЕҢ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ (ТБТС)

Эскертүү. ТБТСти окуп-үйрөнүүдө ушул эле окуу китебиндеги төмөнкү материалдар кенен пайдаланылат.

1. «Серектин сыр сандыгын» кара. Анын ичиндеги «Татаал сүйлөм» топтомун оку. Анда тиешелүү маалыматтар, эреже, мисалдар бар.

2. «Сабат санжырасы» топтомундагы «Боз үй» кештеси толугу менен сенин карамагында.

ТБТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен эки түрдүү байланыш жасайт, биринчиси – интонация, экинчиси – байламта аркылуу.

Өз алдынча иштөө

11.1.

,

Күн бүркөлдү, жамгыр жаады.

121-көнүгүү. 11.1 кештеси ТБТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара интонация менен байланышын чагылдырарын байкадың.

Бүркөлдү жана **жаады** деген баяндоочтор эки сүйлөмдө тең ойду так бүтүрө айтты. Эми ушул үлгүгө окшош сүйлөмдөрдү «Макал» топтомунан тап да, окуп бер (бул топтом да ушул окуу китебинде).

М.: 1. *«Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт».*

Мында эки сүйлөм өз ара интонация менен байланышты жана баяндоочтору ойду так бүтүрө айтты.

2. *Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт.*

Мында да эки сүйлөм интонация менен байланышты, бирок алар ТБТС боло албайт, анткени 1-сүйлөмдүн баяндоочу *чыкса* ойду так бүтүрө айта албай, 2-сүйлөмгө багынынкы абалда калды.

122-көнүгүү. «Санат сөз» топтомунан жөнөкөй сүйлөмдөрү интонация менен байланышкан он ТБСТти тап жана окуп бер.

Үлгү: «**Дайранын көркү – кемеде, баланын көркү – энеде».**

123-көнүгүү. «Мээр сөз» топтомунан интонация менен байланышкан беш тең байланыштагы татаал сүйлөмдү тап жана окуп бер.

Үлгү: **Асмандын ошол күмүш жолу кандайдыр бир зор дыйкан кере кулач саман көтөрүп өткөн экен го, анын мол кучагынан себеленип түшкөн дан, топон береке төгүлгөн из чубатып кеткен турбайбы?** (*Ч. Айтматов*).

124-көнүгүү. Күн бүркөлдү, жамгыр жаады. Ушуга окшош беш ТБТСти өз алдынча жаз.

125-көнүгүү. Ооба, аңгыча күн бүркөлдү, анан түнү бою шатыра-та жамгыр жаады – бул **Күн бүркөлдү, жамгыр жаады** деген үлгүнүн байытылып жазылганы. Сен да 124-көнүгүүдөн үч ТБТСти алып, аны байытып жаз.

11.2

жана
жана да

Күн бүркөлдү жана жамгыр жаады.

126-көнүгүү. Ушул 11.2-кештеге окшоштуруп алты сүйлөм түз. **Жана** катышканына 3, **жана да** катышканына 3 сүйлөм.

11.3

,
бирок
а
ал эми
ошондо да
анткени менен
ошондой болсо да
бирок да

Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жаабаган жок.

127-көнүгүү. 11.3-кеште боюнча жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырган ар бир байламтага бирден сүйлөм түз жана жаз.

11.4

, нары
дагы,
, ары
да,

Күн бүркөлдү да, жамгыр жаады.

128-көнүгүү. 11.4-кеште боюнча 6 ТБТС түз, **нары** –1, **дагы** – 1, **ары** – 1, **да** – 3 сүйлөм.

11.5

,
себеби
анткени
андыктан

Жамгыр жаайт, себеби күн бүркөлдү.

129-көнүгүү. 11.5-кеште боюнча сүйлөм түз. **Себеби** – 2, **антке-ни** – 2, **андыктан** – 2, **баары** – 6 сүйлөм.

11.6

, же болбосо

же

Жамгыр жаайт, же кар жаайт.

130-көнүгүү. 11.6-кештеге 4 сүйлөм түз. **Же** – 2, **же болбосо** –2.

11.

,

жана

Күн бүркөлдү, жамгыр жаады жана талаа жашыл ыраңга бөлөндү.

131-көнүгүү. 11-кеште бул өзгөчө түр деле эмес. Болгону ТБТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара интонация менен да, байламта менен да байланышат. Ушул үлгүгө окшоштуруп 3 сүйлөм түз.

132-көнүгүү. Күн бүркөлдү жана жамгыр жаады, бирок биз кол-чатыр менен түк суу болгон жокпуз деген сүйлөмдү үлгүсүнө ок-шоштуруп, каалаган байламта менен 3 сүйлөм түз.

§ 17. БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ – ББТС

Ырас, ББТСтин түзүлүшү ТБТСке караганда көп түрдүү жана татаал. ТБТС тең ата сүйлөмдөрдүн тобунан турса, ББТС андай эмес. Ал баш жана багыныңкы сүйлөмдүн тутумунан түзүлөт. Баш сүйлөм ТСтеги негизги ойду туюндуруп, айтыл-ган ой-пикирди жыйынтыктайт, ал эми багыныңкы сүйлөм (БС) баш сүйлөмгө (БШС) баш иет жана анын түрдүүчө кырда-алын билдирет.

Баш сүйлөмдүн түрдүүчө кырдаалын билдиргенине жа-раша багыныңкы сүйлөм тогузга бөлүнөт, алар; 1) мезгил, 2) себеп, 3) шарт, 4) максат, 5) каршы, 6) сыпат, 7) салыш-тырма, 8) өлчөм, 9) орун багыныңкы сүйлөмдөр.

1. Мезгил багынынқкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдөгү ойдун мезгилин билдирет. Сурооло-ру: качан? кайсы? убакта? качантан бери? качанга дейре? качанга чейин? кайсы учурда?

11.7

Б

-ганда,
-бай,
-майынча,
-майын,
-гыча,
-арда,
-ганча,

качан?

М.: Күн бүркөлгүчө, чөптү чаап бүттүк.

11.8

Б

-гандан бери,
-гандан кийин,
-гандан мурда,
-ган соң,
-ганга дейре,
-ганга чейин,
-ар менен,
-ар замат,
-ган маалда,
-ган мезгилде,
-ган учурда,

качан?

М.: Күн бүркөлөр замат, жамгыр жаады.

Эскертүү. 1. Эми ББТСтин түзүлүш өзгөчөлүктөрүн көз алдыга даана элестетиш үчүн, ушул эле окуу китебиндеги «Сабат санжырасы» топтомунан «Ай жана боз үй» кештесинин жардамын кенен-чонон пайдаланмакпыз. Мисалы, жогорку 11.7-кештеде «Ай» багынынқкы сүйлөмдү «Боз үй» баш сүйлөмдү, «Б» багынынқкы сүйлөмдүн баяндоочун, -ганда ж.б. ага уланган мүчөнү билдирет (мындай кештелөө кийинки багынынқкы сүйлөмдөрдө да колдонулат).

2. Ушул кештени минтип окуса да болот: «Эгер баш сүйлөмгө багынган сүйлөмдүн баяндоочуна *-ганда, -бай, -майынча, -майын, -гыча, -арда, -ганча* мүчөлөрүнүн бири уланса, анда

мезгил багыныңкы сүйлөм түзүлөт». Мындай эрежени багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүнүн ар бирине бир нечелеп түзүп алууга болот. Бирок минтүү жооп берүү үчүн эмес, так тааныпбилүү үчүн зарыл.

3. Ал эми 11.8-кештени минтип окуу керек: «Эгер багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна *-гандан, -ган, -ганга, -ар* мүчөлөрү уланып, алардын ар бирине удаа *бери, кийин, мурда, соң, дейре, чейин, менен, замат* деген жандоочтор, же *маалда, мезгилде, учурда* деген өндүү сөздөрдүн бири жалганса, анда мезгил багыныңкы сүйлөм түзүлөт».

133-көнүгүү. Баш сүйлөмдү жана мезгил багыныңкы сүйлөмдү тап. Багыныңкы сүйлөмгө кандай суроо берилерин, кандай мүчө уланарын аныкта.

Сугатчы эгиндин ортосуна келгенде, бөдөнө бырп этип учту. Ал учкан соң, дыйкан аны көпкө чейин аңкайып карап турду. Узаган жок, бир түп гүлкайырга жакын барып конду. Керилип кетмен чабар менен, туктан төмөн суу каптады. Талааны сугарып болгондон кийин, эгин өзгөчө бир көйкөлөт дейсиң. Буудай тегиз богок байлап калган кезде, аны сугарууга болбойт. Оруу-жыюу башталганга дейре, комбайн ондолуп бүтсө экен.

Үлгү: **Күн бүркөлгөндө жамгыр жаайт. Жамгыр жаайт** – баш сүйлөм. Анткени ал татаал сүйлөмдөгү ойдун натыйжасын билдирди.

Качан жамгыр жаайт? **Күн бүркөлгөндө** – бул мезгилди билгизген багыныңкы сүйлөм. Себеби **«качан?»** деген суроого жооп берди жана анын баяндоочуна **-гөндө (-ганда)** мүчөсү уланды.

134-көнүгүү. Багыныңкы сүйлөмдү уюштуруучу **-ганда, -майынча, -майын, -гыча** деген мүчөлөрдүн ар бирине бирден сүйлөм түз.

Үлгү: **Огунун баары түгөнгүчө, Тентимиш эчкиге тийгизе албай коёт** *(жомоктон)*. **Огунун баары түгөнгүчө** – БС. Анткени аны уюштурууга **-гүчө (-гыча)** мүчөсү катышты.

135-көнүгүү. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна **-арда, -ганча** мүчөлөрүн ула. Ар бир мүчөгө экиден сүйлөм түз.

Үлгү: **Таң кулан өөк болордо, жылдыздардын жарыгы солгундай баштайт. Таң кулан өөк болордо** – мезгилди көрсөткөн БС. Себеби баяндоочко **-ордо (-арда)** мүчөсү уланды жана БС **качан?** деген суроого жооп берди.

136-көнүгүү. **-гандан бери, -гандан кийин, -гандан мурда, -гандан соң** деген грамматикалык каражаттарды пайдаланып, ар бирине бирден мезгил БС түз.

137-көнүгүү. -ганга дейре, -ганга чейин, -ар менен, -ар замат деген грамматикалык каражаттарды пайдалан да, ар бирине бирден мезгил БС түз.

138-көнүгүү. -ган мезгилде, -ган маалда, -ган убакта, -ган учурда деген каражаттарды пайдаланып, ар бирине бирден мезгил БС түз.

2. Себеп багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдүн себебин билдирет. Суроолору: эмне үчүн? эмне себептүү? эмнеликтен?

11.9



Б

-гандыктан,
-ган үчүн,
-ган себептүү,

эмнеликтен?
М.: Күн бүркөлгөндүктөн, жамгыр жаады.

139-көнүгүү. Себеп багыныңкы сүйлөмдүн үстүнө суроосун жаз жана көп чекиттин ордуна баш сүйлөмдү толтур. Эки сүйлөм кандай каражат менен байланышкан?

1. Капыстан астындагы тору аты үрккөндүктөн, ...
2. Ай сүттөй жарык тийгизгендиктен, ...
3. Шарт ойдогудай түзүлгөндүгү үчүн, ...
4. Аптапка чыдабай помидордун көчөттөрү солуп барат-кандыктан, ...
5. Ал өзү эрке бала болгон себептүү, ...
6. Кыштын мойну узарып кеткендиктен, ...
7. Тилеги ишке ашпагандыктан, ...

Үлгү: **Капыстан астындагы тору аты үрккөндүктөн, жаш өспүрүм кулап кала жаздады.** Мында баш сүйлөм – **Жаш өспүрүм кулап кала жаздады.** Эмнеликтен жаш өспүрүм кулап кала жаздады? **Капыстан астындагы тору аты үрккөндүктөн** – бул БС. Байланыштырган мүчө **-көндүктөн (-гандыктан).** Калганын да ушундайча иште.

140-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна баш сүйлөмдү жаз. Кандай грамматикалык каражат менен байланышканын аныкта.

1. Кар очойто жаап салгандыктан, ...
2. Кар очойто жаап салганы үчүн, ...
3. Кар очойто жаап салган себептүү, ...

4. Быйыл бышыкчылык эрте келгендиктен, ...
5. Быйыл бышыкчылык эрте келген себептүү, ...
6. Быйыл бышыкчылык эрте келген үчүн, ...

141-көнүгүү. Салыштыр: биринчи менен экинчини, үчүнчү менен төртүнчүнү, бешинчи, алтынчы, жетинчи сүйлөмдөрдү, алардын өз ара окшоштугу жана айырмасы барбы?

1. Жамгыр көп жаагандыктан, быйыл ташка да чөп чыкты.
2. Жамгыр көп жааса, быйыл ташка да чөп чыкты.
3. Театрга эл көп келгендиктен, бош орун калбаптыр.
4. Театрга эл көп келсе, бош орун калбаптыр.
5. Күлүгү чыкпагандыктан, саяпкер мүнкүрөдү.
6. Күлүгү чыкпай, саяпкер мүнкүрөдү.
7. Күлүгү чыкпаса, саяпкер мүнкүрөдү.

3. Максат багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдүн максатын билдирет. Суроолору: эмне үчүн? эмнеге? эмне максат менен?

11.10

Б -уу -үү -оо -үү -ыш -бас -сын -басын -са үчүн, деп,

эмне үчүн?

М.: Балага суук тийбесин деп, апасы ичик тигип берди.

142-көнүгүү. Максат багыныңкы сүйлөмдөгү багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдү кандай грамматикалык каражаттар байланыштырып турганын аныкта.

Үйдүн жерпайы бекем болсун үчүн, таманына киши бою цемент куюп чыгышты. Баласынын ден соолугу чың болсун үчүн, атасы аны күнүгө эки маал жарым сааттан чуркап турууга көндүргөн. Жаш малдын эти толсун деп, эрте жазда эле быштыны жайлоонун төрүнө чыгарып жиберген. Жан сактоого бүйрө адам болуш үчүн, Нурбек соода менен алпурушуп жүрөт. Үч-төрт торпок болуп калсын деп, Медербек ылайдай семиз бээсин сатууга базарга алып барды. Мөрөй биздики болуш үчүн, биз тынымсыз машыктык.

Үлгү: **Мөрөй биздики болуш үчүн, биз тынымсыз машыктык. Биз тынымсыз машыктык** – баш сүйлөм. **Мөрөй биздики болуш үчүн** – максатты көрсөткөн БС. **«Эмне үчүн?»** деген суроого жооп берет. Баяндоочуна **-уш (-ыш)** мүчөсү, **үчүн** жандоочу жалгашты.

143-көнүгүү. Жогорку көнүгүүнүн грамматикалык каражаттарын өзгөртүп жаз.

Үлгү: 1. **Үйдүн жерпайы бекем болсун үчүн, таманына киши бою цемент куюп чыктык. 2. Үйдүн жерпайы бекем болсун деп, таманына киши бою цемент куюп чыктык. 3. Үйдүн жерпайы бекем болуу үчүн, таманына киши бою цемент куюп чыктык. 5. Үйдүн жерпайы бекем болуш үчүн, таманына киши бою цемент куюп чыктык.** Демек, 1-сүйлөм беш түрлүү болду, а калганычы?

144-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна кандай баш сүйлөм келет? Таап жаз.

1. Чабылган чөп чирип кетпесин үчүн, ...
2. Чабылган чөп чирип кетпесин деп, ...
3. Чабылган чөп тез кургап кетсин үчүн, ...
4. Чабылган чөп тез кургап кетсе деп, ...
5. Чабылган чөп тез чирип кетпесе деп, ...
6. Чабылган чөптүн бүрү күбүлүп калбаш үчүн, ...
7. Чабылган чөп талаада чирип калбас үчүн, ...

4. Шарттуу багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдөгү ойдун шартын билдирет. Сурооло-ру: эмне болсо? эмне болбой?

11.11



Б

-са
-саң
-са
-сак

,

эмне болсо?
М.: Балаң ыймандуу болсо, жаның тынч.

145-көнүгүү. Төмөнкү шарттуу багыныңкы сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө байкоо сал.

I. 1. Мен барсам, сен кел. 2. Сен барсаң, ал келсин. 3. Ал барса, мен келейин.

II. 1. Биз барсак, силер келгиле. 2. Силер барсаңар, алар келишсин. 3. Алар барышса, биз келелик.

III. 1. Мен барбасам, сен келбе. 2. Сен барбасаң, ал келбесин. 3. Ал барбаса, мен келбейин.
IV. 1. Биз барбасак, силер келбегиле. 2. Силер барбасаңар, алар келишпесин. 3. Алар барышпаса, биз келбейлик.

Үлгү: **Сен кел** – баш сүйлөм, **мен барсам** – шартты көрсөткөн БС.

146-көнүгүү. Жогорку көнүгүүнү байытып жаз.

Үлгү: **Мен барсам, сен кел.** Бул ТС мындайча байытылат.
1) **Эгер мен эртең мектепке барсам, сен да кечикпей келип кал.**
2) **Эгерде мен жайында Таластагы балдардын эс алуу лагерине барсам, сен да досторуң менен кел.** Калган I, II, III, IV топтогу сүйлөмдөрдү да ушундайча кайра түзөсүн.

147-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна баш сүйлөмдү жаз.

1. Эрланды атасы окууга жиберсе, ...
2. Мал каралбай калса, ...
3. Сүрөтчү болуу тилеги ишке аша турган болсо, ...
4. Кулун кезинен жакшылап бакса, ...
5. Эгер техника менен технологиянын тилин баарыбыз тегиз өздөштүрсөк, ...
6. Ичи тардыгын жойсо, ... 7. Ал арак ичүүнү биротоло таштаса, ...

5. Каршы багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдөгү ойго каршы мааниде айтылат.
Суроолору: эмне болсо да? эмне болгону менен? кантсе да?

11.12



Б
-са да
-са деле
-са дагы
-ган менен
-ганы менен
-ганы болбосо

,

эмне болсо да?
М.: Күн бүркөлсө да, жамгыр жаабаган жок.

148-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Анан баш сүйлөм менен БСны аныктап айтып бер.

Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт. Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. Кумурсканын өзү кичинекей болсо да, кайраты тоо томкорот. Өпкөнүн өзү чоң болсо да, кубаты

бир кесим майча болбойт. Ашым калса да, ишим калбасын. Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн *(макалдар)*. Калкайып турган кара таш кар болуп эрип кетсе да, түшүрбөй колдон бул тууну түбөлүк алып жүрөбүз *(Жоомарт)*. Оозундан чыккан сөзүнө зоо куланып учса да, эл менен сен адамсың *(Арстанбек)*. Жараткан көзүн алса да, жүрөгү ырдап турчу эле *(Осмонкул)*.

149-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тиешелүү баш сүйлөмдү жаз.

1. Минген аты жүрбөй калса да, ...
2. Кар жааганы менен, ...
3. Күпүлдөп суу ташыганы менен, ...
4. Айдоо талаасы тез айдалып бүтсө дагы, ...
5. Алчалар эрте бышканы менен, ...
6. Карышкыр качса да, ...
7. Башына Алыкулдун китебин жазданып жатса дагы, ...

6. Сыпат багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдөгү ойдун сапатын билдирет. Сурооло-ру: кантип? эмне болгонсуп?

11.13



-гансып
-багансып
-ып

,

кантип?
М.: Күн жаап өткөнсүп, айлана тазара түштү.

150-көнүгүү. Адегенде көчүрүп жаз. Анан баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн кандайча тутумдашканына байкоо жүргүз (11.13-кештенин негизинде).

Чагылгандар булуттун арасына көгүлтүр жалын ойнотуп, күн күркүрөдү. Асмандын ирени бузулуп, кар аралаш жаан башталды. Көзүмө август түнү түркүн кубулуп жаркырап, талаа жаздын күнкүдөй гүлдөгөн өңдүү жайнады. Ошол чек ааламдын кыйыры сыяктанып, күн айласыз алыста балбылдап турду. Өнү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү *(Ч. Айтматов)*. Акбоздун көкүл-жалында күн нуру кубулуп ойноп, анын жылуу илеби уландын бетин, колун ысытты *(Т. Сыдыкбеков)*.

151-көнүгүү. Адегенде жаз, анан салыштыр. Окшош сүйлөмдөрдүн айырмасы эмнеде?

1. Бирөө атайы эле үйлөп жибергенсип, бутактан күмүш бубак күүлдү. 2. Кимдир бирөө атайылап силкип жибергенсип, даректан үрпөк баш баланын мойнуна күмүш кыроо куюлду. 3. Бирөө сыйкырчылык менен күбүп жибергенсип (же күүп жибергендей болуп), бутактан кар чууруду.

1. Асканын мизине иче-карды жарылып калгансып, бороон жер челип боздойт. 2. Зооканын курч мизи боорун тилип кеткенсип (же тилип кеткендей), бороон улуп-уңшуп ыйлайт. 3. Асканын курч мизине боору тилинип кала тургансып (же тилинип кала тургандай), ызырынган бороон ышкырат.

152-көнүгүү. Биринчи сүйлөмдөгү **«боёп койгонсуп»** деген баяндоочту кийинки өзүң түзгөн төрт сүйлөмдө **«боёгонсуп», «чайып койгонсуп», «чайыгансып», «кештелеп койгонсуп»** деп өзгөрт.

1. Бет алдыбыздагы кең жайык алтын түс менен боёп койгонсуп, көөлгүгөн жана көйкөлгөн эгин талаасы карагынды келтирет. 2. ... 3. ... 4. ... 5. ...

7. Салыштырма багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдөгү ойго салыштырылып айтылат. Суроолору: **кандай? эмне болгон сыяктуу? эмне болгондон бетер?**

11.14



Б

-дай,
-ган шекилдүү,
-ган сыяктуу,
-гандан бетер,
-ган сыңары

эмне болгондой?

М.: Нөшөр төгүп өткөндөй, талаа белден баткак.

11.15

Кандай  Б -са,

ошондой

М.: Жамгыр кандай болсо, түшүм дал ошондой.

153-көнүгүү. Салыштырма БС баш сүйлөм менен кандайча байланышканына байкоо сал. 7–9-сүйлөмдөрдөгү бош орунга тиешелүү сөздөрдү жаз.

1. Атай комуз черткендей,
2. Атай комуз черткенден бетер,
3. Атай комуз черткен сыяктуу,
4. Атай комуз черткен сынары,
5. Атай комуз черткен шекилдүү,

} баарыбыз кулак түрүп калыптырбыз

6. Тегирмендин ташы калдырттап кулап келаткандан бетер, күн күркүрөйт. 7. Тегирмендин ташы ... келаткан сыяктуу, ... 8. Тегирмендин ташы ... келаткан шекилдүү, ... 9. Тегирмендин ташы ... келаткан сынары, ...

154-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Баш сүйлөм менен БСти ажыратып айтып бер.

Баланын дээри кандай болсо, иши да ошондой. Окуучунун зээни кандай болсо, билими да ошондой. Мээнеткечтин тапканы кандай болсо, татканы да ошондой болот. Сыйлык кандай болсо, сыймык да ошондой болот да. Мугалим кандай болсо, анын окуучусу да так ошондой экени жалганбы. Пейилиң кандай болсо, адамдык парасатың да дал ошондой.

8. Өлчөм багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдөгү ойдун өлчөмүн билдирет.

11.16



канча ошончо
Б -са,
канчалык ошончолук

М.: Жамгыр канчалык көп жааса, түшүм ошончолук көп болот.

155-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Анан баш сүйлөм менен өлчөмдү билгизген БСти айырмалап айтып бер.

Төө канча болсо, жүк ошончо *(макал)*. Досуң канча болсо, душманың да ошончо *(макал)*. Күчүм канча жетсе, ошончо окутам *(Ч. Айтматов)*. Айдоо канчалык кеч айдалса, ал түшүмгө ошончолук залалын тийгизет. Канчалык эрте турсаң, көңүлүң ошончолук сергек болот. Баласы канча болсо, түйшүгү да ошончо. Дүнүйө канчалык көп болсо, жерге кирсин, анын азабы да ошончо *(эл оозунан)*.

156-көнүгүү. Көп чекиттин ордун туура толтур.

Мен канчалык көп окусам, ошончолук көптү билем.
Сен канчалык аз окусаң, ...
Сиз канчалык көп окусаңыз, ...
Ал канчалык аз окуса, ...
Биз канчалык ...
Силер канчалык ...
Сиздер канчалык ...
Алар канчалык ...
Бош убактысында ... окуса, ... көп билет.

9. Орун багыныңкы сүйлөм

Ал баш сүйлөмдө айтылган ойдун ордун билдирет.

11.17

кайда
кайсы жерде Б -са,
кандай

ошерде
ошол жерде
ошерден

М.: Жамгыр кайсы жерде жааса, берекенин баары ошол жерде.

157-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдү ажырат.

Мээнет кайда болсо, береке ошерде *(макал)*. Оору кайда болсо, жан ошол жерде *(макал)*. Соку кайда болсо, сокбилек да ошерде *(макал)*. Алтын кайдан чыкса, ошерди каз *(макал)*. Саанчы кайда болсо, сабаа ошол жерде *(макал)*. Мергенчилер кайда барышса, Жапар экөөбүз ошол жерге барабыз *(К. Жантөшев)*. Той-тамаша кайсы жерде болсо, Ыманбай Сараласы менен ошол жерде *(Т. Сыдыкбеков)*.

158-көнүгүү. Көп чекиттердин ордун толтур. Ошондо ар биринин баш жана багыныңкы сүйлөмү бар 15 татаал сүйлөм түзүлөт.

I. 1. Мен кайда окусам, сен да ошол жерден окуйсун.
2. Сен кайдан окусаң, ...
3. Сиз кандай окусаңыз, ...
4. Ал кайдан окуса, ...

II. 1. Биз кайдан окусак, ...
2. Силер ...
3. Сиздер ...
4. Алар ...

III. 1. Мен каерде болсом, ...
2. Сен ...
3. Сиз ...
4. Ал...

IV. 1. Биз каерде болсок, ...
2. Силер ...
3. Сиздер ...
4. Алар ...

§ 18. СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО
(Татаал сүйлөм боюнча)

Окутуунун майнаптуулугун жогорулатууда
синтаксистик талдоонун мааниси зор.
Б. Өмүралиев

Талдоо аркылуу гана татаал сүйлөм ийне-жибине чейин таанылат жана аңдалып түшүнүлөт. Бул аны, баарынан мурда, көрө билүү үчүн да керек. Анан таанылган, көрө билинген нерсени өзгөчөлүктөрү боюнча кароолго аласың. Бул – малдын этин жиликтегендей кеп, биринин эти экинчисине кетирилбейт, чеберчилик, этияттык менен так иштелет. Минтүү – катуу тартип. Так ошондой эле татаал сүйлөм да жиликтелет, башкача айтканда, жик-жиги менен бөлүктөргө ажыратылат да, маани-маңызы, орду, байланыш каражаттары көңүлдөн өткөрүлөт. Бирок эң негизги жана эң башкы нерсе – ушунун баарын өз акылың менен иштейсиң. Анда ишиңди илгерилетүү үчүн колуңду узартар төмөнкү төрт үлгү сага тартууланат.

1-үлгү

Талдоо туура башталышы үчүн, баарынан мурда, татаал сүйлөмдү көрө билүү керек.

1. **Урматтуу эл-журт, бүгүнкү бейкутчулук баарыбыздын байлыгыбыз.**

2. **Ал анчалык мазасыз, күчсүз, коркок эмес.**

3. **Айгайлаган кыйкырык-чуу күчөйт, абыр-дабыр дүбүрт калың жерди дүңгүрөтөт** *(Т. Сыдыкбеков)*.

Ушул үч сүйлөмдүн ичинен кайсынысы татаал сүйлөм? Карап көрөлү. 1-мисалда **Урматтуу эл-журт** – бул каратма сөз жана ал өзүнчө сүйлөм эмес. Демек, бул мисал ТС боло албайт. 2-мисалда үч бир өңчөй мүчө бар, алар сүйлөмдүк касиетке ээ боло албайт. Демек, бу да ТС эмес. 3-мисалда эки жөнөкөй сүйлөм бар: 1) **Айгайлаган кыйкырык-чуу күчөйт, 2) абыр-дабыр дүбүрт калың жерди дүңгүрөтөт.** Бул – ТС.

Демек, үтүрү бар сүйлөмдүн баары ТС боло бербейт, алардын ичинен тутумунда эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмү

бары гана татаал сүйлөм боло алат. Ошентип 3-мисал – татаал сүйлөм. Демек, биринчи шарт – татаал сүйлөмдү көрө билүү жана тааный алуу керек.

2-үлгү

1-үлгүдө татаал сүйлөмдү башкалар менен чаташтырбай туура аныктадың дейли. Эми кадамды андан ары шилтейсиң. Бул ТС тең байланыштагы татаал сүйлөмбү, же багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмбү? Аныктоо керек. Ал үчүн төмөнкү эки сүйлөм салыштырылат.

1. **Үлп эте жел сокту, чөйчөктөй көлмөнүн бети чыбырчыктады.**

2. **Шамал болгон соң, тулаң чөп менен буудайык аралаша өскөн талаа көлдөй толкуду.**

Биринчи мисалда эки жөнөкөй сүйлөм интонация менен байланышты. Бирок айырмалуу өзгөчөлүк – экөөнүн тең баяндоочторунун ойду так бүтүрө айткандыгы. Бул **сокту, чыбырчыктады** деген баяндоочтор эки сүйлөмгө тең аталык, багынбастык касиет берет жана ТС өз алдынча эки сүйлөмгө ажыратып жиберүүгө да кудурети жетет. М.: 1. **Үлп эте жел сокту.** 2. **Чөйчөктөй көлмөнүн бети чыбырчыктады** (кошмоктошпой өз алдынча жашаган мындай сүйлөмдөр толуп жатпайбы). Демек, 1-мисал – ТБТС. Ал эми 2-мисал 1-мисалдан кескин айырмаланат. Анын биринчи сүйлөмү өзүнчө сүйлөм болгону менен, **болгон соң** деген баяндоочу ойду так бүтүрө айта албайт, өксүйт. Жана да **Тулаң чөп менен буудайык аралаша өскөн талаа көлдөй толкуду** деген сүйлөмгө күнкор, баш иет. **Качан?** деген суроого жооп берет. Демек, **Шамал болгон соң** – багынынкы сүйлөм. Ошентип, 2-мисал баш жана багынынкы сүйлөмдөн түзүлгөндүктөн, ал ББТС болот.

Демек, талдап билүүнүн негизинде эки мисалдын биринчиси – тең байланыштагы татаал сүйлөм, экинчиси – багынынкы байланыштагы татаал сүйлөм. Мындай түрлөрдү ажырата, көрө билүү – экинчи шарт.

3-үлгү (ТБТС боюнча)

Эми сен тең байланыштагы татаал сүйлөмдү айрып таанып алдың, эми ага талдоо жүргүзүшүң керек. Кантип? Дагы мисалга кайрылабыз.

1. **Таң кулан өөк салды, биз сугатка кеттик.** Мында жөнөкөй сүйлөмдөр интонация менен гана байланышты.

2. **Таң кулан өөк салды жана биз сугатка кеттик.** Жөнөкөй сүйлөмдөр **жана** байланыштыргыч байламтасы менен байланыш-

ты. Үтүр коюлбайт, себеби **жана** өзүнөн мурунку, өзүнөн кийинки келген сүйлөмдүн экөөнө тең таандык болуп айтылат.

3. **Таң кулан өөк салды да, биз сугатка кеттик.** Эки сүйлөмдү байланыштыргыч **да** байламтасы жалгаштырды, ал өзүнөн мурунку сүйлөмгө таандык болуп айтылгандыктан, андан кийин үтүр коюлду.

4. **Таң кулан өөк салды, бирок биз сугатка кеткен жокпуз.** Мында эки сүйлөмдү **бирок** деген каршылагыч байламта байланыштырды, ал өзүнөн кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылгандыктан, үтүр андан мурда коюлду. Демек, мында жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай каражаттар менен байланышкандыгы ачык көрүнүп турат. Ал эми ар бир сүйлөм жөнөкөй сүйлөм сыяктуу эле талданат.

4-үлгү (ББТС боюнча)

Багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмдү төмөнкүдөгүдөй талдоого болот.

М.: **Таң кулан өөк салар замат, биз сугатка кеттик.**

Адегенде баш жана багынынкы сүйлөмдөрдү аныктап алабыз. **Биз сугатка кеттик** – баш сүйлөм, **Таң кулан өөк салар замат** – багынынкы сүйлөм. Анткени **качан** деген суроого жооп берет, **-ар** мүчөсү менен **замат** деген жандоочтун жардамы аркылуу уюштурулду. Демек, мезгил багынынкы сүйлөм. Калган багынынкы сүйлөмдөр да ушундай талданат.

159-көнүгүү. Татаал сүйлөмдү тап.

1. Кара кундуздан тигилген кыргак тебетейинин жылбырска тышталган шоңшогой төбөсүнө тагылган кызыл чачык желге лепилдейт. 2. Көкүлү түйдөктөшүп, көзү жалооруйт. 3. Төшүнөн, соорудан, колтуктан ак көбүк боржоктойт. 4. Арийне, бала салмагын сезген азоо кайрадан чыйралат, туйлайт. 5. Булар кандайдыр бир жоноюлдун ачыгына келген кезде, наркы калың чердин караңгылыгынан чыга калган караан буларды тике качырды. 6. Ошентсе да жер тамыры жыш, терең болгондой эле, эл тамыры да жыш, терен. 7. Билгилигиң мокосо, кара күчүң жетим *(Т. Сыдыкбеков)*.

160-көнүгүү. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы багынынкы, кайсынысы тең байланыштагы татаал сүйлөм экенин оозеки аныкта.

I

Мылгун канча сөгүп жер-жеберине жетсе да, шамалдын бакшысы былк этпей койду. Агүкүктүн көзү курч болот, туманда да, түнкүсүн да күндүзгүдөй көрө берет *(Ч. Айтматов)*. Тоолор, андан ары калдайган булут, анан асман.

II

Атаганат, ушу түн ичинде капилет жел туруп, капилет добул согуп, аалам астын-үстүн түшсө, асман ачылып, жылдыз көрүнсө ээ! Бирок бул түн да пейилин жумшартпады, желдин эпкини сезилбеди, толкундун шапатасы урбады, дүйнө тилсым тынчтыкка басылып, тырп этпей жатты *(Ч. Айтматов)*.

III

Май чырактын өлүмсүк жарыгында үстүнөн апасынын жаны ачыган жүзү көрүнүп, айланып-кагылган үнү угулуп, өзү алсырап суусап жатканы эсинде. Күн менен Аалам жарала электен мурдагы каранғылык, бүгүн анын туткунунда калган чалдыбары жок кайыктагы төрт адам *(Ч. Айтматов)*.

IV

Анан караса, өзү эле жалгыз калыптыр. Жан да жок, үн да жок, көлөкө да жок. Көзү көргөн жакка чуркагысы келди, бирок тегеректе жалаң толкун, жалаң суу, башка эчтеме илинбейт *(Ч. Айтматов)*. Өзү барып катылбаса, жылан эч кимди чакпайт экен. Алынбаган өчү бар сыяктанып, кээ бир балдар аны өлтүрүүдөн кайра качпайт.

V

Даркан Билги колун тартып да койбойт, эчтеме болбогондой бейпил кейипте туруп берет. Кан дирилдеп атып, сүттөй аппак кунандын алтындай саргыч жалынан, зээринен ылдый кызыл гүл болуп төгүлөт. Кишилигиң – эсиң, бул касиетиң болбосо өңгө макулуктан ашыкча эмессиң *(Т. Касымбеков)*.

VI

Жети атасы кул болгон эрге келкел бир келет, кие өнбөс кум толгон жерге келкел бир келет, жети жолу чабылган, кетпес шорго кабылган элге келкел бир келет *(Т. Касымбеков)*. Тунарып турган бийик тоо түз болуп жерге чөксө да, түшүрбөй колдон бул тууну түбөлүк алып жүрөбүз *(Жоомарт)*.

VII

Ийрилип аккан чоң өзөн ийнеде учук жипке окшойт, чытырман токой, калың бак чырымтал бетте түккө окшойт *(Жоомарт)*. Мен өзүмдү эр көкүрөк көрсөм да, ээрчип жүргөн көлөкөндөй санадың *(Мидин)*. Айрыкча шандуу байкасаң, аткanda тоодон кашка таң *(Байдылда)*.

VIII

Көгөрүп жаткан Ысык-Көл, жел менен ойноп турчу элең, жээгиңди бойлоп жүргөндө *(Жоомарт)*. Мен өлүп, сени экинчи көрбөсөм да, эскирген сары кагазда ырым калат *(Мидин)*. Көп жолу тиктеп түпкүрүн, көрбөдүм мунун түк кирин *(Байдылда)*.

IX

Качан жүрөк кагышынан танганда, бир тартылып өтүп кетер элесиң *(Мидин)*. Акса да ташка соктуга, аялдоо мында жок тура, күүлөнүп келип бир тиет көбүргөн бойдон коктуга. Көл болбой эгер кыз болсо, көз тиймек экен капкачан *(Байдылда)*.

161-көнүгүү. Адегенде жаз. Анан ТБТСтин өз ара байланышуу жолдорун айтып бер.

I

Эр-Кишинин жээрде сакалы чачырайт, ал бирде оң жагына, бирде сол жагына моюн бура бөрү карашты салат *(Т. Сыдыкбеков)*. Кириск чаңырып ыйлап жиберди, бирок аны укkан жан болбоду, эч кимде аны карар арга жок эле *(Ч. Айтматов)*.

II

Ойдо, тоодо, тээ адыр жайыктарда ар түлүк мал жылдыздай чачырап жайылууда, аларды көзөмөлдөгөн уйчу-койчулары көрүнсө көрүнөт. Тирүүсүндө жанындагы уланды көптүкөргөн Эр-Киши тестеги кайыштай ийлейт – аны өзүндөй коркпос этет *(Т. Сыдыкбеков)*.

III

Ой-тоону оттогон жапайы кайберендер тынч, бейкапар: черден чыга калган бугу атчандарга маңкая карайт *(Т. Сыдыкбеков)*. Балыктан кийин кичине суу ичишкен, бирок аз өтпөй мурдагыдан беш бетер суусап чыгышты (*Ч. Айтматов*).

IV

Адашкандар түнү бою күдөр үзбөй күтүштү, бирок эч өзгөрүү болбоду, асман ачылбады, жылдыздар жыбырап жайнап чыкпады, деңиз түнөргөн көр караңгынын астында көрүнбөй көлбүп жата берди. Анан колундагы калакты деңизге ыргытып ийди да, бетин баса өңгүрөп-өксөп ыйлады *(Ч. Айтматов)*.

V

Түн бир убак, бирок Курманжан отту өчүрбөйт. Киши кишиге жакшы күндө жакын, а башына иш түшкөн чагында

киши кишиге калыс, алыс – кошо өрттөнбөйт, кошо өлбөйт. Дагы бир түркүн адам кездешет – өзү келип ыкташпайт, өзү жагынып сырдашпайт *(Т. Касымбеков)*.

VI

Түрү жай, кабактары ачык, булар жаман кабар жеткирчү чабарман да эмес, же айдап кетчү болуштан келген жасоол да эмес. Күрпөндөн бирди сойдура бер, коңшуларды кечкиге чакырт, бу колунан күү, оозунан мээри төгүлгөн баланы көрүп калышсын *(Т. Касымбеков)*.

VII

Өргөө жасалгалуу – улагадан төрүнө дейре талдырма ала кийиз, кызыл төрбөлжүн төшөлгөн, үстүнө шайы төшөктөр эки бүктөлө салынган, он эки канат керегесине сыйралай калың килем тартылган. *(Т. Касымбеков)*.

162-көнүгүү. Адегенде жаз, анан ББТСти түрлөрү боюнча аныкта.

I

Кургак жерде эки буттун күчүнө сыйынсаң, деңизде эки колдун күчүнө сыйынасың. Ан сайын таноолору дердеңдеп, бетиндеги ууру сепкилдери таруудай жайнап чыга келет.

II

Түндөгү алааматтан кийин алдан тайгандар кана жутуп алсын деп, бу жолу баарына аз бөксө ожоо суу берди. Кириск уктап жатса да, кээ бир сөздөр алыстан үзүл-кесил угулат.

III

Кириск кичине басылганда, Эмрайин өз ордуна барып отурду. Туман тараса, асмандагы жылдыздар менен багытты аныктап алса болот.

IV

Табиятынан алибеттүү жаралган Эмрайин канча кайраттанса да болбой, ачкалык менен суусагандык ал-кубатын курутуп баратты.

V

Бара-бара таптакыр алсырап, калган сууну ичүү да оюна келбей калды. Күүгүм мунарык аз-аздап суюлуп, асмандын этек жактары жээктене баштаган *(Ч. Айтматов)*.

VI

Колунан көөрү, тилинен мээри төгүлүп турса да, ойлогон оюна, каалаган мудаасына жеталбай өксүп кете бергенби?! Күн жайылган кезде сурнай үнү чыга баштады.

VII

Эми гана кылтыя жарылган чанагы көтөрүлө бой салып, кызгылт сары ыйык нурдун шарапаты гүл таажыларын тойго жасанткан эрке, көйрөң кыздарындай кылка-кылка сеңселтип жиберди.

VIII

Ал мээр таш дубалды тешип өткөн нур таризде анын тула боюна куюлуп, жүрөгү гана аптыга бүлкүлдөп, арбала телмирип калгансыды. Биртике өмүр сүрсөң да, азиз өмүрдү адилет ишке зарптамак абзел экен *(Т. Касымбеков)*.

IX

Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку. Тартип кайда болсо, жеңиш да ошол жерде. Дили кандай таза болсо, тили да ошондой таза.

X

Ээси кандай болсо, малы да ошондой. Билек бир болгону менен, манжа башка. Канчалык тырышып эмгектенсең, ошончолук үзүрүн көрөсүң.

XI

Чагылган жарк эткенде, корккон бала жүккө жабыша түштү. Бороон учуруп кете тургансып, Үсөнтур кабат-кабат кийинип алыптыр. Ал эми кышында күн ысып тургансып, Санжар биздикине жука кийим менен келди.

Өзүңдү сынап көрсөң ...
(Ыктыярың боюнча)

Төмөндө бир кылка эмес, түрмөк-түрмөк болуп чокмороктошкон сүйлөмдөрдү талдоо сунуш кылынат. Ырас, алар жеңил эмес. Атүгүл атайылап талдоонун үлгүсү да берилбейт. Албетте, багыныңкысы да, багыныңкы эмеси да өтмө катар аралаш, бири-бирине эптеше, машташа кыналышкан сүйлөмдөр – булар сен үчүн белгисиздик. Ойлон. Изден.

I

Эрге келкел келгенде: адилети бек болот, айткан сөзү эп болот, кыйышпасы көп болот, туугансынып душманы төгөрөгү төп болот. Эрге кеткет келгенде: уурулук кылып келини, уруусу доого жыгылат, эр өлтүрүп баласы, эли доого жыгылат, жакалашып жакыны, улагадан жоо чыгат *(Т. Касымбеков)*.

II

Жерге келкел келгенде: жылан сойлоп өтө албай, калың болот туланы, эгини чайлайт сегиздеп, малы төлдөйт эгиз-

деп. Жерге кеткет келгенде: эки айрылып өнө албай, кодура болот эгини, бала салып мал атпай, кара болот желини, дарагы куурап жыгылат, илбээсини суюлат *(Т. Касымбеков)*.

III

Элге келкел келгенде: пашасы адил башкарат, ит ыркырак тыйылат, ынтымак куруп жыйылат, азаматы туу жайып, акылманы чуу басып, тынччылыгын жайгарат, үч чабылса үч чыгып, күлүгү күндө байге алат. Элге кеткет келгенде: пейил кетет бийинен, береке качат үйүнөн, калыстык кетет чоңунан, ит ыркырак башталат, өзүн өздөй күтмөк жок, баары жатка жагынат, баары торго чалынат, башы шорго малынат *(Т. Касымбеков)*.

IV

Туман түшүп, дүнүйө аппак сүт дайрасына чөмүлүп, жер бетиндеги заттын баары буланғыр арасынан күүгүмдөп көрүнүп, көңүлдү белгисиз түпөйүл үрөй ээлеп, жомоктун ажайып окуяларын күттүрчү туман моминтип арга түгөтөр жоо болорун ойлобогон *(Ч. Айтматов)*.

V

Түнү аяз, боз кыроо, таң эртең менен баш-аягына көз жетпеген керилген өзөн күмүш чапкан сынары көгүлтүр акчыл түрлөнүп, ар кай жери жалтырап, бирткелеп кыроо эриген сайын көздүн жашындай мөлтүлдөп тамып, сарыгып, жер нымыгып, жер бети алтындай саргаймактап, күн жылымдаган ченде көзгө илеше-илешпей буланғыр чарым көк буу көтөрүлүп, аба да мемиреп, бир түркүн кенирсий дымып турат *(Т. Касымбеков)*.

VI

Саз, сай жээктей арасына тобу менен төө кирип кетсе табылбагандай шыкала өскөн кара камыш, миң түрлүү чөп чаялаган, калың чий те алыстан ак каймалдын чуудасындай үлпүлдөйт. Коён серендеп, бир тартым жалын болуп чубала кызыл кыргоол учуп, түркүн үн алышып, тири макулук бейпил *(Т. Касымбеков)*.

VII

Кыштын кыска күнүндө тоонун күнгөй беттери аз убакка жылымта тартып, наристенин тыноосундай үлпүл мемирей түштү эле, көп узабай күн ырайы кайра бузулду, капилеттен өзгөрдү, мөңгүдөн ызгаар уруп, аюудай жылган эрте күүгүм кокту-колотту мелт-калт толтура жойлоп келатты, өзү менен кошо көзгө көрүнбөгөн алтүндө түшөр мунарык аязын ала келатты *(Ч. Айтматов)*.

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ

§ 19. ФОНЕТИКАЛЫК ТАЛДОО

Кептеги тыбыштар үн түйүндөрүнүн
дирилдегени менен өпкөдөн чыгып
келе жаткан абанын агымынын
сүйлөө органдарыбызга
сүрүлүшүнөн пайда болот.
Т. К. Акматов

163-көнүгүү. Фонетикалык талдоо жүргүз.

Эгер сен бир нерсени кесип кылган болсоң, ошого бардык күч, бардык өмүрүңдү адал сарп кыл. Көпчүлүктү алдаба. Көңүл улап ишендирип жан бакпа. Андайды өлгөнчө жек көрөм *(Мукай)*.

Кемчонтойдун талдоосу:

э – дирилдеме, жылчыкчыл, үнсүз тыбыш
г – жоон, эринчил, кууш үндүү
е – талданды
р – ичке, уччул, жарылма үнсүз тыбыш

Көрөгөч Маамыт. Мына, балдар. Кемчонтой байкеңердин фонетикалык талдоосун көрдүңөр. Бир гана «р» тыбшынын уччул экени туура белгиленген. Калганы бүт ката. Кана эмесе, өзүң талдап көр. Кыйналган жериңде ушул окуу китебинин этегиндеги «Серектин сыр сандыгында» «Тыбыш» топтомун кунт коюп окуп чык. Анан фонетикалык талдоодо жаңылбайсың.

Апенди. Сөз экен да! Анда ар бир тыбышты «Серектин сыр сандыгынын» жардамы менен талдай берсе, иттин уулу Байбарак да жаңылбайт!

Көрөгөч Маамыт. «Сыр сандык» – таяныч! Фонетикалык талдоо мезгилинде аны карабайсың. Бирок талдап бүткөндөн кийин аны менен өзүңдү текшерип, билген жана унутуп койгон жерлериңди аныктап алсаң болот. Жана да ошол унутулгандарды эсте сактоо үчүн кайталап алууга сага жардам берет. Демек, «Сыр сандыкка» жөлөн. Эмне үчүн? Анткени андан ары шыр кетүү, жолду узартуу үчүн.

164-көнүгүү. Үндүү жана үнсүз тыбыштар боюнча талда.

Ажо – Эне-Сайдагы Кыргыз кагандыгынын алгачкы феодализм доорундагы бийлик ээсинин кытай жылнаамаларында эскерилген чини, титулу *(«Кыргыз тарыхы» сөздүгүнөн).*

165-көнүгүү. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды ажырат.

Кыргызча ай аттары: бирдин айы – февраль, жалган куран – март, чын куран – апрель, бугу – май, кулжа – июнь, теке – июль, баш оона – август, аяк оона – сентябрь, тогуздун айы – октябрь, жетинин айы – ноябрь, бештин айы – декабрь, үчтүн айы – январь.

166-көнүгүү. Үндүүлөрдү тилге, жаакка жана эринге карата бөлүнүшү боюнча талда.

Кыргызча жыл аттары: 12 жаныбардын атына негизделген. Жыл сүрүүнүн 12 жылдык циклинин биринчи жылы – чычкан, экинчи жылы – уй, үчүнчү жылы – барс, төртүнчүсү – коён, бешинчиси – улуу (кытайча «лу» – ажыдаар), алтынчысы – жылан, жетинчиси – жылкы, сегизинчиси – кой, тогузунчусу – мечин (маймыл), онунчусу – тоок, он биринчиси – ит, он экинчиси – доңуз (кара кийик). 1997-жыл – уй жылы, 1998-жыл – барс, 1999-жыл – коён, 2000-жыл – улуу жылы. Андан ары жылан, жылкы, кой болуп катары менен кете берет. 2009-жылы кайра уй жылы башталат.

167-көнүгүү. Уян, жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү ажыратып айтып бер.

Каган – орто кылымдарда көпчүлүк түрк элдеринин мамлекет башчысына берилүүчү наам. VI кылымдын ортосунан тартып Түрк кагандыгынын бийлик ээлери да каган наамын алышкан. Кийин аварлар, Эне-Сай кыргыздары, печенегдер, хазарлар, караханийлер ж. б. түркий элдер мамлекет башкаруучуларын «каган» деп аташкан. Моңголдордун жапырыгынан кийин «каган» термини «хан» болуп биротоло өзгөргөн *(«Кыргыз тарыхы» сөздүгү).*

168-көнүгүү. Үнүз тыбыштарды жасалуу ордуна карата талда.

Кыргыз кагандыгы – Эне-Сай дарыясынын боюндагы Миң-Суу өрөөнүндө VI кылымда пайда болуп, XIII кылымдын башына чейин өкүм сүргөн мамлекет. IX кылымдын ортосу – X кылымдын башындагы Кыргыз кагандыгынын доорун В. В. Бартольд «Улуу кыргыз дөөлөтүнүн мезгили»

деп атаган. 904-жылы кыргыз аскерлери Кытай Таң сулалесинен такты талашуу күрөшүнө катышкан. Түштүк Сибирь, Моңголия, Байкал боюнун бир кыйла бөлүгү, Иртыш дарыясынын бою Кыргыз кагандыгына баш ийген. Бул доорду археолог-кыргыз таануучу Ю. С. Худяков кыргыз тарыхынын «жылдызды туткан сааты» деп атаган *(«Кыргыз тарыхы» сөздүгү)*.

169-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды жасалыш ыгына карата талда.

Кызыл-Суу Кыргыз автономия областы – Кытай Эл республикасынын Синьцзян-Уйгур автономия районундагы кыргыздар жашаган аймак. Борбору – Артыш шаары. Калкы негизинен мал чарбасы, дыйканчылык менен кесип кылышат. Бүгүнкү күндө араб алфавитиндеги жазманы колдонушат (*«Кыргыз тарыхы» сөздүгү*).

170-көнүгүү. Фонетикалык талдоону толук жүргүз.

Токтоо эрдин мүнөзү
Тойбосо да тойгондой,
Жүрө берет бир калып,
Эчтемени ойлонбой.
Эмне кылса өөнү жок,
Калыпка салып койгондой *(Осмонкул)*.

171-көнүгүү. Парта боюнча ар бир тыбышты биринен сала бириң талда. Удаалаш талдоонун тартиби мындай. Айталы, ***ыйман*** деген сөздүн ***ы*** тыбышын биринчи окуучу, ***й*** тыбышын экинчи, ***м*** тыбышын үчүнчү, ***а*** тыбышын төртүнчү, ***н*** тыбышын бешинчи окуучу талдайт. Калганы да ушундайча кете берет.

«Кайран кыргыз эл кайда, ордолуу Талас жер кайда?» – деп күңгүрөнүп, сакалы ылдый коюнуна кубанычтын жашы куюлуп, Акбалта шайтандай жүргөн Көкчологун теминип, Алтай тоону бөксөлөп, Шабырлууга бет алды. Эзелтен берки ата теги эсине түштү Акбалта бабанын. Балдардын тукуму көбөйүп, кыргыздар дүркүрөп өнүп-жайнап, Көк-Теңирдин Көк Туусун күн астында ай-ааламга булгалап, бел-белесте беш удургуп, Теңирин тааныбай ай чапчып, анда Теңир терс толгонсо, кумга сиңген суудай соолуп, таруудай чачылып, ошондо да кыргыз аты көгөн мисалы мөңгү сүзүп жоголбой, камгак болуп доордун кара шамалына кетпей, ата-бабаларынан мурас калган Алтай менен Ала-Тоону таянып, эгизинин түгөйү Эне-Сайда ыйлап, жүз чайса, түгөйү Ысык-Көлдө жүз чайып, ыйлап сагынышып, баба жайын, ата конушун көздөп, мелжеп келген тура *(А. Жакыпбеков)*.

172-көнүгүү. Муну да 171-көнүгүүнүн шарты боюнча иштегиле.

Кыз баланын жакшысы
Күмүш, шаңшур жамбыдай.
Жаман болсо кыз бала
Жазгы конгон коноктой,
Үй-бүлөсүн жүдөтөр
Мизи мокок ороктой.
Акылы бар азамат
Зымга тарткан күмүштөй.
Айткан сөзү ширелүү
Демдеп койгон күрүчтөй.
Боз баланын жаманы,
Чатак болгон кыялы *(Молдо Кылыч)*.

173-көнүгүү. Окуп баратып, уян жана жумшак үнсүздөрдү токтолбой айтып бер.

Хосров чочугандай жалт караса,
Шоола жок, жалгыз калган өзү гана.
Айланды булак боюн эчен курдай,
Жана эле толукшуган жок жарык ай.
Кузгундай кара болду ак туйгуну,
Бакчасы дарттуу болду, жемиш уулуу.
Солкулдап сонун чыккан зор ак кайың,
Майышты, бороон басты, төктү ыйын *(азербайжан акыны Ганжеви Низами)*.

174-көнүгүү. Окуп баратып, кең, эринчил жана жоон үндүүлөрдү дароо ата.

Алпештеп, мээрин төгүп баккан энем,
Өзүнө бала чактан сырдаш элем.
Ичиңе кытмырданып сактабай кир,
Кубаныч, кайгым болсо тартыштың бир.
Энеке, бир сөз уктум жан оорутар,
Тумчуктум табыттан да дүнүйөм тар.
Аябай жүрөгүмдү муң-зар эзди,
Уу-чуудан зээним кейип, көңүл безди *(Алишер Навои)*.

175-көнүгүү. Жарылма үнсүздөрдү тап (оозеки).

Турмушту ак ниеттиктен артык эч нерсе көркүнө чыгара албайт. Элдин ынтымагына жолто болуп, бирин-бирине кайраштыруудан корк *(Лев Толстой)*.

§ 20. МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО

1. Уңгу, мүчөлөр боюнча талдоо

Уңгу сөздүн негизги маанисин
туюнтат жана өз алдынча сөз катары
колдонуу касиетине ээ. Ал эми мүчө
мындай мүмкүнчүлүккө ээ эмес.
Т. Садыков

176-көнүгүү. Адегенде көчүрүп жаз, анан уңгу, мүчөлөрдүн аралыгын тик сызык менен ажырат.

Ар бир инсан өз дооруна милдеттүү. Кайсыл доордо жашабайлы, улуттук тарыхты, рухий маданиятты, салтты, мурасты унутпоого тийишпиз, аларды ардактоо, сактоо, үйрөнүү жана изилдөө керек. Дил, тил, оозеки мурас, ырым-жырым, акылмандык бардык доордо болуп келген. Өлкө буларсыз өнүкпөйт. Ар адам кайда иштебесин, кайда жүрбөсүн, улуттук рухий кутту, маданиятты сыйлап, асырап албаса, салтын сактабаса, адегенде жеке өзүнө зыян жана жалпы элдик ырыскы аброюна залалы тиет *(К. Жусупов)*.

Үлгү: **доор/уна.** Андан соң **доор** – уңгусу, **-уна** – мүчөсү деп айтып бер.

177-көнүгүү. Мүчөлөрдү түрү боюнча талда.

Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда.
«Көк арчадай өндөн азбас болсун» деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга *(Алыкул)*.

Кемчонтойдун талдоосу:

мүрөк – уңгу
-түн – куранды, ээрчибес, сыйлыгышма, сенек мүчө
-суу – уңгу
-су – куранды, сенек, ээрчиме, өнүмдүү мүчө...
... (Калганын талдай албай койду)

Көрөгөч Маамыт.

1. 177-көнүгүүнү сен да өзүңчө талдап көр.

2. Күчүң жетпесе, «Серектин сыр сандыгындагы» «Тыбыш» топтомун кара да, окуп чык.

178-көнүгүү. Мүчөлөрдү түрү боюнча талда.

Эртең менен болгондо
Тоо башынан күлөсүң.
Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң *(Барпы)*.

179-көнүгүү. Ар бир сөздү жана мүчөнү өзүнчө талда.

Жылкы + чы + га, жат + ырка + ды, кол + д + о о + чу+лар + дын, сапыр + уу + чу + нун.

Үлгү: **Жылкы** – уңгу.

-чы – куранды, өнүмдүү, ээрчиме, туруктуу, зат атооч жасоочу мүчө.

-га – уланды, ээрчиме, оошмо жана барыш жөндөмөнүн мүчөсү.

180-көнүгүү. Муну да 179-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

Сереп + чи + ле, тиз + мек + теш + тир, төр + күн + сөөк, таш + ырка + ган + дай.

181-көнүгүү. Муну да 179-көнүгүүдөй талда.

Түз + үл + үш, тыз + ыл + да + т + уу, чаң + да + т + уу, шибеге + лүү + лөр + дөн.

182-көнүгүү. Кара тамга менен жазылган сөздөргө унгу, мүчө боюнча талдоо жүргүз.

Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдракманов, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев, Төрөбай Кулатов, Исхак Раззаков – **булар өз заманынын кеменгер ишмерлери, көрөгөч саясатчылары,** дааныпшман **көсөмдөрү болушкан.** Алар кыргыз эли кылымдар бою эңсеп келген арман-тилекти **ишке ашырышып, тарыхта миң жылдан** кийин алгачкылардан болуп кыргыз мамлекетин кайра түзүшкөн (*«Кыргыз Туусу» гезити*).

183-көнүгүү. Бул ырдагы сөз мүчөлөрү кайсы түргө кирет (оозеки талда).

Канча калың жыгачтар:
Кайың, моюл, чынары,
Алма, чие, анары
Жийде менен өрүгү *(Молдо Кылыч)*.

184-көнүгүү. Мүчөлөрдүн түрүн оозеки аныкта.

Чакчыгайдын месели,
Куудулданып туураган
Кулун менен текени,
Бир жагынан кыңшылап
Күчүк болуп кетеби?
Байкап турсаң тили так
Балакеттин көсөмү (*Молдо Кылыч*).

185-көнүгүү. Унгу, мүчөнү оозеки талда.

Безилдеген безбелдек,
Кара кашка кашкалдак,
Зыяны жок жаныбар
Суу бойлогон ак чардак.
Уста чымчык куркулдай
Уя кылат кастарлап (*Молдо Кылыч*).

186-көнүгүү. Удаалаш талдоо. Шарты: 1) оозеки талданат, 2) бир сөздөн гана талдоо, 3) парта боюнча.

1. Улут + тук. 2. Кандай + дыр. 3. Заман + дан. 4. Бала + сы. 5. Намыс + ы. 6. Уул + ум. 7. Көр + сө. 8. Жемиш + түү. 9. Сүр + үш. 10. Жагдай + лар. 11. Муун + дун. 12. Ойгон + -ду. 13. Чач + ып. 14. Кут + туу. 15. Мезгил + де. 16. Илим - + поз. 17. Сиз + дики. 18. Жосун + суз. 19. Жет + өө. 20. Жи-лик + те. 21. Отур + гуз. 22. Ор + ул. 23. Тара + н. 25. Өт + мөй. 26. Түш + мөк. 27. Жөлө + н. 28. Кет + се. 29. Манас + чы. 30. Кырк + ынчы.

187-көнүгүү. Удаалаш талдоо. Шарты 186-көнүгүүгө окшош.

1. Тарбия + ла. 2. Иш + кер + лик. 3. Эркин + дик + ти. 4. Чыг + уу + га. 5. Эпос + то + гу. 6. Дүйнө + сү + нө. 7. Жол + дор + у. 8. Кара + ш + кан. 9. Айт + уу + чу. 10. Баары + быз + га. 11. Түшүн + дүр + үү. 12. Бороон + до + п. 13. Шакирт + тер + и. 14. Бар + са + ңыз. 15. Майыш + тыр + ган. 16. Найза + ла + ш. 17. Жылы + н + ды. 18. Жыг + ы л + мак. 19. Мамлекет + түү + лүк. 20. Сын + дыр + а. 21. Ошо + лор +дуку. 22. Акыл + м ан + ым. 23. Оожал + ып + мын. 24. Ык- + ма + лар. 25. Май + ла + н + ган. 26. Аздек + т + өө + дөн. 27. Ынтымак + та + ш + уу. 28. Сак + т + оо + нун. 29. Керек - + т + өө + чү. 30. Сый+ мыг + ы + на.

2. Сөз түркүмдөрү боюнча талдоо

Кыргыз тилинде сөздөрдүн сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүлүшү 1930–1940-жылдардагы түзүлгөн алгачкы грамматикалардан эле башталат. Буга белгилүү окумуштуу Касым Тыныстанов негиз салган.
И. Абдувалиев

188-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү сөз түркүмүнүнүн түрлөрү боюнча талда.

Велосипед, даамдуу, төх, келгиле, баракелде, үч-үчтөн, дабыш, далдыраган, калдыр-шалдыр, эң мыкты, гой, далил-

де, армансыз, талда, мен деле, тизме, боюнча, күн сайын, мисалы, же болбосо, чамасы, саал-паал, бүткүл, өзүнөр, эрбең-сербең, топтомолок, желп, жүз миллион, өтө чоң, тыз, чек, түт, алмалар, кыш, түшөй, четте, түшүндүрдү, айтмак, сөзсүз, баракелде, ырдап келе жатат, сырдаш, кара тору, тулпар, кар, айлакер, барбайбыз, го, сен эле, калдың.

189-көнүгүү. Сөз түркүмү боюнча талда.

Үй чымыны өзү менен бирге алты миллион микробду алып жүрөт. Ал эми анын ичегисинде 30 миллионго чейин микроб бар. Чымын кайда консо, ошол жерде жайнаган микроб болот. Апрель айында чээнден чыккан бир эле чымындан майдын этегинде 7200, июндун орто ченинде 432000, сентябрдын орто ченинде 5 триллион 598 миллиард чымын пайда болот. Демек, апрель айында чээнден чыккан бир эле чымынды өлтүрүү менен, биз айлана-чөйрөнү ушунчалык көп булгануудан сактайбыз *(«Мөңгү» гезити)*.

190-көнүгүү. Сөз түркүмү боюнча талда.

АДАШКАН КАЙБЕРЕН

Бир кайберен келди адашып
Койлор менен айыл жакка.
«Тур, кийик ат» деп кемпири
Илди чалын кайырмакка.
Даярдалып жаландаган
Курч бычактар, ала жиптер...
Ага бачым жетсек дешип,
Бирин-бири талады иттер.
Аттар туйлап... балдар чуулдап,
Айыл ичи чаң-тополоң.
А кайберен бөрүлөрдүн
Куугунан атып чыгып,
Ажыраган улагынан –
Солкулдаган жашыл чыбык!
Туш-тушта үн арс-арс эткен,
Туш-тушта үн тарс-тарс эткен.
Куду өрттөнүп жаткансыган
Тал-теректер, арча беттен.
Бир түйүлдү түйүлгөндө,
Он метрге бир түйүлдү,
Калбас үчүн кыкка айланып
Кара жерге бүрсүгүнү...
«О, кайберен, тоо сезими,

Сунулууда жутунуп кек,
Мендей сынып турсаң дагы
Кутулуп кет, кутулуп кет!» –
Ушуну айтып бир карт мерген
Сарайында – чөп үстүндө
Жатты онтоп... бу күтүүсүз
Окуяны көрүп мүлдө *(Т. Муканов)*.

191-көнүгүү. Сөз түркүмү боюнча талда.

1. –О-о, ке-ел, Токо! – деп ырчынын атын тизгинден алып, жетелеп, эшигине кетер замат колтуктап сүйөй аттан алып, кучакташып көрүштү.

Көптөн бери үн тартпай буулугуп калган белем, Токтогул тааныган ар кишинин атын атап, баланы бетинен сүйүп, зайыпка баш ийкей, баарын берметтей чууруган көркөм ыр тизмегине алып, амандык сурап, учурашып, үн баспай тыштa көпкө ырдап турду.

2. Төргө чыгар замат Токтогул комузун колуна алды. Сакалым, кадырым бар дегендин баары улагага дейре шыкалып, сыртта эл улам көбөйдү белем, уу-дуу болуп, үй тегеректей тыңшаган элдин өбөгүнөн керегелер кычырап майышып баратты. Нары дегенди ким угат?! Мындайда ууктар дабырап түшүп, каланган чий, жабылган туурдук шара-шара тилинип калары бышык. Тезинен боз үйдү кызыл кереге кылып сыйрып жиберишти. Тыштан тегеректей тизилген ар түркүн көз жайнап, ырчынын комузу, азем үнү ансайын айлана, кыйырга шаңкылдап тарап угула баштады (*Т. Касымбеков*).

§ 21. СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

1. Сөз айкашы боюнча талдоо

... өз ара байланышкан сөздөрдун тутумунда аныкталгыч жана аныктагыч, багындыруучу жана багыныңкы, башкаруучу жана башкарылуучу сөздөр болушат.
Б. Өмүралиев

192-көнүгүү. Төмөндөгү сөз айкаштарынын багындыруучу түгөйлөрү кайсы?

Бөксө жайлоо, желге ыргалат, кулундар кишенейт, тоонун боору, данктуулар гана билет, кара алачык, асманга карай созулат, ошол үйлөр, жамандыгынан корунгансыйт, көргөн кордугу, терең ойлонду, тунук суу, биз иштейбиз,

мыкты курулуш, тигилүү кийим, жакшыга жанаш, чилденнин суугу, эненин көөнү, жайлоонун көркү, какшыктап сүйлөдү, бажырая күлдү, өзүбүз кам көрөбүз, экөөбүз чаап бардык, алмалар бышкан, артист келген бейм, элден безе албайсың, көпчүлүгү катышты, күн сайын отойт.

Үлгү: **жайлоо** – багындыруучу түгөй, **«бөксө»** ага көз каранды, жайлоонун жапыз жерде экенин билдирет.

193-көнүгүү. Адегенде этиштик, анан атточтук сөз айкаштарын өзүнчө бөлүп көчүр.

Алты жыл, эгемендүүлүккө жетиштик, түтүн булаттык, жылдыздай жан, элдин ырысы, ордолуу журт, ынтымагы бар, ынтымаксыз бүлүнөт, эмгегинди көрсөт, өзүнө ишен, атуулдук парз, илхамы келди, инсандыгына шек келтирбе, жаңы доор, Республиканын калкы, рухий кенч, маданий дөөлөттөр, бабалардын руху, туугандарга бардым, тарыхын жыйнадык, санжырасын уктук, чыгармачылык өнөр, жаштарды куттуктайлы, аброй алып келет, көйгөйлөр көп, кредиттик карыздар, фермердик чарба, өнөр жайды жакшыртабыз.

194-көнүгүү. Төмөнкү сөз айкаштарындагы сөздөрдү өз ордуна койсоң, жалпыга белгилүү эл макалдары пайда болот.

1. Көтөргөн жүк, жүк жеңил, жабыла көтөргөн.
2. Жаман мактайт, өзүн мактайт, өтө жаман.
3. Жаманды кабат, ит кабат, төө үстүнөн кабат.
4. Жүнүн дүгдүйтөт, бөрү дүгдүйтөт, сырткы жүнүн, арыгын билгизбей, билгизбей дүгдүйтөт.
5. Жердин топурагы, туулган жердин, топурагы алтын.
6. Чаңы чыкпайт, аттын чаңы, жалгыз аттын.
7. Суу ичет, күрмөк ичет, күрүчтүн аркасы менен, аркасы менен ичет.
8. Үйдө жатпайт, кыл жатпайт, кыздуу үйдө.
9. Сүт менен бүткөн, нерсе кетет, сөөк менен кетет, бүткөн нерсе, кошо кетет.

Үлгү: **Үйдө жатпайт, кыл жатпайт, кыздуу үйдө. – Кыздуу үйдө кыл жатпайт.**

Чыпалак эскертет.

1. Досторум, кулагыңарга күмүш сырга!

М.: *Ата, айылга кар жаады. Мында айылга жаады, кар жаады* деген сөз айкаштары бар, *кар* – ээси, *жаады* – баяндооч, *айылга* – бышыктооч. Бирок *«ата»* деген каратма сөз сөз айкашына кирбейт. **Каратма сөздүү сүйлөм** делип талданат. Сырдык сөз да, киринди сөз да ошондой.

2. Байламта сөздөр да сөз айкашына түгөй болуп катышпайт.

3. Ал эми жандоочтор, бөлүкчөлөр негизинен өзү жандаган түгөйгө кошулуп талдана берет.

195-көнүгүү. Төмөндөгү тексттен төрт сүйлөмдү тандап алып, аны сөз айкашынын (ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш) түрлөрүнө ажыратып жаз.

ШОКОЛАД

Акылбек менен Жыпарага атасы таттуу шоколад алып келди. Жыпара шоколадды колуна алып, артына бекитти да, инисине минтти:

– Акыл, шоколад менин кайсы колумда? Эгер тапсаң, азыр жейбиз. А таба албасаң, эртең жейбиз.

Акыл ойлонбой туруп эле шашып кетип: – Сол колунда! – деди. А шоколад Жыпаранын оң колунда эле. Өзү да жегиси келип турса, Акылдын минтип таба албай калганын карачы. Айткандан кийин сөзгө туруу керек го. Ошентсе да Жыпара акыл тапты:

– Акы, бул ирет таппай калдың, эми ойлонуп кайра айтчы.

С. Рысбаев

196-көнүгүү. Адегенде окуп чык, маанисин көңүлүнө түй. Анан сөз айкашынын түрлөрү боюнча топтоштуруп жаз.

АСАНБЕК ТАБАЛДИЕВ

Асанбек Табалды уулу тээ элүүнчү жылдардын башында алыскы Тянь-Шандын бир бурчунан окуу издеп Бишкекке келген. Ал кезде ал орусча эки сөздүн башын кошуп сүйлөй алчу эмес. Билими жагынан айырмаланбаган карапайым балдардын бири болгон. Асанбек университеттин тарых факультетинин студенти болгондон баштап, жашоо образын чукулунан илим жакка бурду. Эки жакка максатсыз басканды токтотту. Сөздүктөрдү жазданып жатат. Жадегенде автобуста, троллейбуста баратып да китеп окуйт. Көп өтпөй аспирантурадан окуп, кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоду. 36 жаш курагында философия илимдеринин доктору деген илимий даражаны алууга жетишти. Ал өзүн көрүнүктүү окумуштуу, жөндөмдүү публицист, ийкемдүү уюштургуч, тажрыйбалуу педагог, чоң адамгерчиликтүү, мээнеткеч инсан катары таанытып кетти. Асанбек Табалдиев өзүнүн ушул жаркын, бараандуу элеси менен бизге үлгү болоруна шек жок.

С. Байгазиев

Үлгү:

1) Ээрчишүү: **Асанбек Табалды уулу келген,...** (калган ээрчишүүлөрдү тексттен өзүң тап).

2) Башкаруу: **Бишкекке келген**, ... (калганын өзүң тап).

3) Ыкташуу: **элүүнчү жылдардын, ...** (калганын өзүң тап).
4) Таандык байланыш: **Тянь-Шандын бурчунан, ...** (калганын өзүң тап).

197-көнүгүү. Төмөнкү текстте канча сөз айкашы бар? Эсептеп чык.

Суусамырдын асманында керт этим булут жок. Жайдын жадырап тийген күнү жер кендигин алаканга салгандай көз алдыга тартат. Зейнептин бадырайган көздөрү ого бетер жадырап, тоттуккан буудай жүзү токтоо тартты. Ооба, ал тээ төмөнтөн жумурткадай аппак үйлөрү быжыраган чоң кыштактан көзүн албай ойго баткансыды. Азыр бул жер өзүнчө эле шаарчаны элестетет. Тасмадай чубалган жолдор, азем менен салынган үйлөр, коомдук мекемелер, оюн-шоок жайлары көз жоосун алат. Азыр Суусамыр өрөөнүндө эмгектенип жаткан адистердин дээрлик бардыгы – Зейнеп иштеген мектептин тарбиялануучулары. Алардын баары Зейнепти эже дешет. Анан аларга өзүнүн бүткүл билимин, күч-кубатын, акыл-эс туйгусун берип жатканына кубаттанат (*А. Жунушалиев*).

Үлгү: 1. **Булут жок.** 2. **Керт этим булут.** 3. **Асманында жок.** Калган сөз айкаштарын катары боюнча улап жаз.

2. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо

...ээ менен баяндооч сүйлөмдүн негизги
уюткусун түзөт да, айкындооч мүчөлөр
мына ушуларга карай гана орун алат.
А. Жапаров

Чыпалак эскертет.

Өзүңөр билесиңер, мен анчалык көп сүйлөбөйм. Сөздөрүм кыска. Биринчи – VII класста «Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо» деген темадан кийин Акыл Карачач эжеңердин талдоо боюнча айткан сунуштарын окугула.

Экинчиси – китептин этегиндеги «Серектин сыр сандыгынан» «Сүйлөм мүчөлөрү» деген топтомду карагыла.

198-көнүгүү. Төмөнкү талдоолор туурабы? Текшер, катасын оңдоп көчүр.

Кемчонтойдун талдоосу.

Улуу-Чаттын тоолору өмүр бою кубарып турат. Алайдагы Айдарбек, Тойчу даткалар, Кашкардын беги Зуннахундар жүздөгөн кишилер менен

келгенине бир жумача болуп калган. Мына бул ак асабасынын учунда ак желеги бар үйдө Айдарбек датка өзүнүн жан жөкөрлөрү менен отурат *(К. Жантөшев)*.

***Үлгү*:** Улуу-Чаттын тоолору өмүр бою кубарып турат.

199-көнүгүү. Оозеки талда.

МУРАТБЕК БЕГАЛИЕВ – КЫРГЫЗ МУЗЫКАСЫНЫН ГЕНИЙИ

1997-жылы 1-мартта Бишкектеги филармониянын чоң залында композитор Муратбек Бегалиевдин чыгармачылыгынын 25 жылдыгына арналган автордук концерти болуп өттү. Ошол концертте Чыңгыз Айтматов минтип айткан:

– Мен бүгүнкү Мураттын концертине үлгүрүп жеткениме Кудайга ыраазымын. Концерт угуп отуруп, көп нерселер ойго келди. Айланайын Мурат, Кудай сага не деген керемет өнөрдү тартуу кылган. Адамзатка берген өнөрлөрдүн ичинен музыкадан өткөн эмне өнөр бар деп өзүмчө толкундандым. Биздин ички жан-дүйнөбүздө музыканын чексиз күчү бар экендигин сен далилдеп кеттиң. Биз сени менен мактанбай коё албайбыз.

Музыканын бакыбат күчүн ойлоп отурсак, өтө терең экен. «Бороондуу бекетти» алалы. Аралда, кургак жээкте кара казан сыяктуу калтырылып кеткен кеменин жаткананын канча айтабыз. Бирок сенин музыкаң бүгүн аны башка деңгээлден түшүндүрдү. Болбосо Толгонайдын дүйнөгө келген жаңы перзентти колуна кармап отурган көрүнүшүн музыканын кудурет-күчү менен түгөнгүс жылдыздарга, ааламга көтөрүп баргандыгы – не деген дүйнө. Мен муну айтпай коё албаймын. Сен, Мурат, кыргыз элине жаралган чоң талантсың. Коркпой эле айтайын, сен – кыргыз элинин генийисиң.

«Кыргыз руху» гезити

Үлгү: **Коркпой эле айтайын, сен – кыргыз элинин генийисиң.** Биринчи сүйлөмдүн ээси – **мен,** көмүскөдө, **айтайын** – баяндооч, **коркпой эле** – бышыктооч. Экинчи сүйлөмдө **сен** – ээ, **генийисиң** – баяндооч, **кыргыз элинин** – аныктооч.

200-көнүгүү. Эки топко бөлүнгүлө. Биринчи топтун аты – «Насыйкат», экинчи топтун аты – «Саадак кактыы». Айталы, «Насыйкат» I, «Саадак кактыы» II бөлүктү талдайт. Талдоо чогуу жүргүзүлөт. Бөлүктөр талданып бүткөн соң, бул эки топ бирин-бири текшерип чыгат.

МУРАТААЛЫНЫН КҮҮ МЕНЕН АТАСЫН АЖЫРАТЫП АЛГАНЫ

I

Мен айылда дуулдап жүрсөм, келиндердин бирөө минтип калды:

– Сен кыйын болсоң, атанды ажыратып алсаң болбойбу. Бугунун комузчулары жыгып, атандын комузун колунан тартып алып, өзүн четке чыгарып коюптур.

Буга аябай ызаланып, боз атым бар эле, аны минип жөнөдүм. Жүрүп отуруп топко жеттим. Эл кырмандын ордундай болуп тегерете отурушкан экен. Ортодо көгала сакал эки комузчу отуруптур. Атамдын баягы күмүш кулак комузу ошолордун колунда экен. Атам четте. Мен атчан карап турганымда, дагы бирөө чаап жибердиби, атым элдин ортосуна аттап өтсө болобу. Аңгыча бирөө:

– Бул жинди кайда барат? – деди. Мен «чертишем» деп жибериптирмин. Төр жакта отурган кодогой кара киши:

– Атын алып байлап койгула, ошо бала чертишет, – деп калды. Тигилердин жанына барып отурдум.

II

– Аксакалдар, ошо балага бир күү кайрып берип койгула,– деп калды жанагы кодогой кара киши. Көрсө, Чоко деген ушул киши экен. Алардын бирөө күү кайрып келип, черткен комузун мени көздөй акырын жылдырып койду. Ал кайрылган күү мен жакшы билген күү эле. Чындап келсе, андан жакшы билчүмүн. Ал баш-аягын кемчил черткенин байкадым. Комузду колума алганда эле озунуп:

– Бул баш-аягы жок кандай күү? – деп эскерттим.

– Эмне кыласың, черте берсенчи, «Тултуйган кызыл күү» дейт муну, – деди бири. Мен ал кезде мотурайган тултуйган кызыл тоголок бала элем. Бул сөзгө ызалана түштүм. Экинчиси:

– «Ызаланган сакалчан күү» деп жүрбөгүн, – деп калды. Мен да сакал койдуруп алгамын. Ал күүнү башынан-аягына чыгара чертип токтодум.

– Дагы күүнөр барбы? – деп комузду таштап койгондо, алардын бирөө:

– Бул, бала, башы бир бөлөк, аягы бир бөлөк болгон кандай күү? – деп калды. Алардын бирөөнүн көзү чалыр экен. Мен элди карап туруп:

– «Кош көгала өгүз» деген күү ушул, – деп көзүмдү

чалырайтып койдум. Баягы кодогой кара киши санын чаап каткырып:

– Эмне дейт бала,– кайрадан сурап калды.

– «Кош көгала өгүз», –деп мен көзүмдү чалырайтып жооп кайтардым. Отурушкандардын баары дуу этип каткырып күлүп калышты. Ошентип, ал экөөнү күлкү менен жыгып, атамды ажыратып алгам.

«Кыргыз Туусу» гезити

Үлгү: **Муратаалы:**

–Мен Турпандан келе жаткам, – деди.

Биринчи сүйлөмдө **Муратаалы** – ээ, **деди** – баяндооч.

Экинчи сүйлөмдө **мен** – ээ, **келе жаткам** – баяндооч, **Турпандан** – бышыктооч.

201-көнүгүү. Сүйлөмдү түрлөрү боюнча талда.

«Ак Мөөр». Төрт актылуу, 8 сүрөттүү драма. Биринчи сүрөт. Соң-Көлдүн түнкү көрүнүшү. Кыз оюн курган келинкыздар, бозойлор Баяндын сөзүнө жыгылышын табалап күлүп жатышат. Оюн-күлкү.

Мөөр. Кана, Болот, мени түз карап туруп ырда.

Болот. Айтканың болсун, Мөөркан. Түз карап туруп ырдайлы...

Тажалбүбү. Какылдаган кагындар, безилдеген бейбактар, түн баласы уктатпай, мазамды жаман алдынар! Карагылачы асманды, жылдыз суюлуп, түн түрүлүп баратат. Болду, какшабай үй-үйүңөргө тарагыла, тарагыла! *(Алыкул).*

Үлгү: **«Ак Мөөр»** – атама сүйлөм, баш мүчөлөргө ажыратылбайт, айтылышы боюнча жай, түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөм.

202-көнүгүү. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча (астын сызуу менен) толук талдап көчүр.

СПОРТ ЖЫЛДЫЗЫ РОККИ МАРЧИАНО

Бул италиялык адам өмүр бою утулуп көргөн эмес. Рокки баш-аягы 51 беттешүү өткөрүп, анын бирөөндө гана атаандашын топтогон упайы аркылуу уткан, калган 50 беттешүүсүндө каршылашын саналуу мүнөттөрдө эле көмөлөтө муштап жеңип алган. Роккинин соккусу чоюн темирдей катуу болгон. Ага туруштук берүү мүмкүн эмес эле. Америкалык боксчу Джо Луис 1935–1945-жылдарда дүйнөнүн чемпиону болуп турган. Ал дөө сымал турпаты менен жаалданып, алды-артын карабай арстандай бир тийген айбаттуу

түрү менен «жеңилбес» деген атка конгон. Бирок Рокки Марчианодон жеңилип калган. Джо Луис жеңилүү ызасын башынан өткөргөн менен, дүйнөдө Рокки Марчианого туруштук берип, кулабай мушташкан жападан жалгыз спортчу катары тарыхта аты калган. Джо Луис Рокки менен боксташкандан кийин, жарым айга чукул колу калтырап, тиш щётканы кармай алган эмес. Көрсө, Рокки анын бүт денесин, колун жанчып, эзип салган экен. Джо Луис Роккиге алдырып жибергенден кийин, экинчи рингге чыккан эмес. Көп жылдардан соң Рокки аба кырсыгынан күтүүсүз каза болгондо, аны Джо мындайча эскерген: «Рокки – залкар, улуу спортчу. Мындай адамдын кайрадан жаралары белгисиз. Мен аны менен мушташканда, тозокко түшкөндөй болгомун. Ал беттешүүнү эстегенде анын күчтүү соккусун тоскон колдорумдун сөөгү, ушу күндө да зыркырай түшөт».

«Кыргыз Туусу» гезити

Үлгү: Бул италиялык адам өмүр бою утулуп көргөн эмес.

§ 22. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ

Акыл Карачач: VII класста «Сабат санжырасынын» 19 түрүн окугансың. Андан бери бир топ убакыт өттү. Алардын бир тобу жадыңдан чыгып кетиши да мүмкүн. Ошондуктан «Сабат санжырасына» кайрылып туруу, жаңыртып кайталоо, жазып машыгуу зарыл. Ошого ылайык сага төмөндө иштин үч түрү сунуш кылынат.

I. Кештенин атын аныкта



Үлгү: – бул кештенин аты – «Боз үй»

II. Кеште аркылуу кайсы жазуу эрежеси туюндурулат?

1. «Төө» кештеси – ? 2. «Кумайык жана ак куу» кештеси –? 3. «Кыргоол» кештеси –? 4. «Таш бака» кештеси –? 5. «Күн» кештеси – ? 6. «Аркар мүйүз» кештеси –? 7. «Жагалмай жана чабалекей» кештеси –? 8. «Ай жана боз үй» кештеси – ? 9. «Ак куу» кештеси – ? 10. «Көөкөр –1» кеш-

теси – 11. «Шумкар» кештеси – ? 12. «Үлүл жана мончок» кештеси –? 13. «Боз үй» кештеси – ? 14. «Кереге көз жана тумар –1» кештеси–? 15. «Кереге көз жана тумар–2» кештеси – ? 16. «Умай Эне» кештеси – ? 17. «Бүркүт» кештеси –? 18. «Кыял» кештеси – ? 19. «Көөкөр–2» кештеси – ? 20. «Суу» кештеси – ?

Үлгү: «Кыргоол» кештеси созулма үндүүлөрдүн жазылышына таандык.

III. Кайсы кештеде эреже көп же аз?

1. Эрежелердин саны боюнча кайсы кештелер алдыда? Алардын үчөөнү ата.

2. Эрежелердин саны боюнча кайсы кештелер артта? Үчөөнү ата.

«Сабат санжырасы» топтомуна толуктоолор

«КӨӨКӨР-1» кештесине

1.10. М.: Улуттук банк, Ички иштер министрлиги, Ош мамлекеттик университети, И.Арабаев атындагы педагогикалык университет, Улуттук илимдер академиясынын академиги ж. б.

Улуттук илимдер академиясы

1.11. М.: Акбартегин, Култегин, Казаттегин, Молдокултегин, Жаныбайтегин, Ырайкантегин, Чокойбектегин, ж. б.

Чоротегин
Чоро тегин эмес

1.12. М.: Умай эне, Тенир ата, Жер эне, Чолпон ата, Камбар ата, Ойсул ата, Кыдыр ата, Аяз ата, Зенги баба, Чычан ата, Жел кайып (шамалдын пири). Жылдыздар: Жети Аркар, Алтын Казык, Чон Жетиген, Саманчы жолу, Үркөр.

Умай Эне эмес

1.13. Ыраак Чыгыш (Ыраакы чыгыш эмес)

М.: Россия Федерациясы, Кытай Эл Республикасы, Америка Кошмо Штаттары, Иран Ислам Республикасы, Борбордук Азия, Кичи Азия, Түштүк Корея ж. б.

1.14. Жаны жыл (Жаны Жыл эмес)

М.: Аялдардын эл аралык күнү, Курман айт, Билим күнү, Алай тоо кыркасы, Балдарды коргоо күнү, Жаңы жыл, 8-Март майрамы, 9-Май майрамы, ж. б.

1.15. «Манас» ордени эмес

М.: Манас ордени, Баатыр эне ордени, Акшумкар ордени, Эрдик медалы, Данк медалы, Эне данкы медалы, ж. б.

1.16. Талас-лык= таластык

М.: нарындык, оштук, ысык-көлдүк, токтогулдук, ат-башылык, баткендик, аксылык, марксизм, лениндик, манасчы, гегелчил, ж. б.

1.17. Джек эмес – Жек

М.: Жек, Жонсон, Кембриж, Жеймс, Жорж Сорос, Жолдошов Жаныбек (Джек, Джонсон, Кембридж, Джейм, Джорж Сорос, Джолдошов Джаныбек эмес).

1.18. саяк (Саяк эмес)

М.: Солто, адигине, катаган, сарбагыш, бугу, кушчу, кытай, бешкүрөн, отузуул, жетиген, мундуз, саруу, багыш, суумурун, байсуу, хакас, орус, татар, еврей, грек, түрк ж. б.

1.19. Бирге жазылат

М.: Кенкол, Каракол, Чаткал, Улакол, Торугарт, Балгарт, Аламүдүн, Алайкуу, Көкөмерен, Каракужур, Мырзаке, Чалдыбар ж. б.

«КӨӨКӨР–2» кештесине

2.8. «... ...»

М.: «Амантай» дыйкан чарбасы, «Жетиген» дыйкан чарба бирикмеси, «Таалай» ассоциациясы, «Манас Ордо» комплекси, «Ак кеме» мейманканасы, «Семетей» кошууну, «Айпери» ишканасы ж. б.

2.9. «... ...»

М.: «Билим» программасы, «XXI кылымдын кадрлары» программасы, «Алга» командасы, «Дени сак улут, дени сак эне, дени сак бала» программасы, «Аялзат» программасы, «Жибек жолу» фирмасы, «Гималай» минералдык суусу ж. б.

2.10. «... ...»

М.: «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер», «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими», «Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер» ж. б.

Эскертүү. Кээде мындай наамдар тырмакчасыз да жазыла берет. М.: К. Аюпова – республикасынын эмгек сиңирген мугалими. Чогулушта айыл чарбасына эмгек сиңирген дыйкан Ж. Байтерек уулу сүйлөдү ж. б.

2.11. «... ...»

«Марс» тобу, «Ысык-Көл шеринеси», «Миң кыял» чыгармачыл өндүрүштүк бирикмеси, «Бир ырдын сынагы» телеконкурсу, «Ош–3000» мааракеси, «Талас таншыйт» фестивалы, ж. б.

«КӨӨКӨР-2» кештесине

2.12. «... ...»

1. Өз маанисинде эмес, какшык, мыскыл иретинде колдонулган сөздөр тырмакчага алынып жазылат: М.: *Бүтүмгө келишкен «жакшыларды» Саадат бээ союп ко-*

ноктоду. Чортонду Баатырбек баш болгон «мыктылар» жек көрүшчү (Т. Сыдыкбеков).

2. Сүйлөм ичинде башка бирөөнүн сөзүнөн бөлүп алып киргизилген айрым сөздөр тырмакчага алынып, кичинекей тамга менен жазылат. Төл сөзгө тиешелүү кош чекит, сызыкча коюлбайт. М.: *Мен «жаанга калыптыр» дегенди угуп, чыдай албадым (Н. Байтемиров). Тойчубектин «аттиң» дегени айласы кеткендиктен айтылган сөз эле (К. Баялинов).*

3. Өзгөчө бөлүнүп алынган сүйлөм, сөз, муун, тамга тырмакчага алынат. Ал эми китептерде кара же курсив шрифт менен жазылышы мүмкүн. М.: *«Биз эгинди сугардык»* деген сүйлөмдүн ээси – *«биз»*, баяндоочу – *«сугардык»*. *«Э»* – кең, эринсиз, ичке үндүү тыбыш. *«Эгин»* – унгусу, *«-ди»* – мүчөсү.

«КЕРЕГЕ КӨЗ ЖАНА ТУМАР–2» кештесине

8.7. –△, –◇. –△

– Оюна бирдеме келип турат а, азамат? – деди Шердатка эркелете жылуу жүз багып. – Кайсы уруктансыз? *(Т. Касымбеков).*

«БОЗ ҮЙ» кештесине

11.17.  —

ТБТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси боюнча бири-бирине кескин түрдө каршы же күтүлбөгөн жыйынтык иретинде айтылса, алардын арасына сызыкча коюлат.

1. Уулду төрөйт – уятын кошо төрөбөйт (макал). Мында ЖСтер бири-бирине кескин каршы мааниде.

2. Кабыл алынган милдеттенменин баары аткарылууга тийиш – азыркы талап ушундай. Мында экинчи ЖС кескин жыйынтыкты билдирди.

11.18.

ЖСтин биринчисинде негизги ой айтылат, ал эми кийинки сүйлөмдөр анын маанисин чечмелейт, тактайт.

М.: *Азаттыкты каалабаган адам жок: адилет адам азаттыкты жалпыга каалайт; адилетсиз адам азаттыкты жалгыз өзүнө каалайт (К. Берне).*

«ШУМКАР» кештесине

12.8.

Төмөнкү мисалдар кыргыз тилине сиңип кеткен сөздөрдүн негизинде түзүлдү.

мм: программа, килограмм, телеграмма, коммерсант, коммерция, коммуналдык, коммунисттик, грамм.

лл: бюллетень, коллегия, коллекция, интеллигент, металл, целлофан, аллея, триллион, кристалл, миллион, миллиард, иллюстрация, параллель, бриллиант, балл, троллейбус ж. б.

нн: тонна, антенна, ванна, колонна, теннис ж. б.

кк: аккумулятор, хоккей, аккордеон ж. б.

рр: территория, корректор, коррупция, террорчу, фотокорреспондент ж. б.

сс: режиссёр, касса, кассир, ассоциация, масса, массаж, комиссия, искусство, профессор, бассейн ж. б.

тт: аттестат, киловатт, либретто ж. б.

пп: ипподром, аппарат, грипп ж. б.

20. ь, ъ белгилеринин жазылышы

«ЖӨРГӨМҮШ» кештеси

20.1.

ь

М.: пальто, консультация, батальон, варенье, октябрь, июль, факультет, хрусталь, печенье, король, спектакль, статья, фельдшер, бильярд, фольклор, форель, премьер, калькуляция, жень-шень, компьютер, скульптор, мебель, асфальт, пьеса, бульдозер, альбом, фильм, календарь, Обь, Сибирь, Польша, Эльбурс ж. б.

20.2.

ъ

М.: Съезд, адъютант, подъезд ж. б.

21. Кошмок сөздөрдүн жазылышы.

«БУГУ» кештеси

21.1.

М.: быйыл, жыланайлак, унчук, байке, агайын, бүрсүгүнү, антип, улутун, айдөш, ж. б. Булар – түгөйлөрү биригип кеткен тарыхый кошмок (бириккен) сөздөр.

21.2.

М.: аксарбашыл, кечкурун, көбүнесе, арабөк, акиташ, балжууран, карагат, алмончок ж. б., (түгөйлөрдүн биринин маниси күнүрт, м: мүртөз).

21.3.

М.: коң карга, кол кап, ишеним кат, ж. б.

21.4.

М.: асыресе, тиригарак, жексур, ачарбак, ачкүсөн, ж. б. (Эки түгөй тең өз алдынча лексикалык маанига ээ эмес).

21.5.

М.: көз карандысыз, жол башчы, кол башчы, көз караш, басма сөз, кол жазма, араң жан, үч эм, тогуз кат, арык чырай, ач көз, кош ооз, айры куйрук, ат тиш, ай балта, ат кулак, козу карын, таш бака, алп кара куш, көз айнек, ж. б.

21.6.



М.: ойлоп табуучу, айылдык кенеш, бүткүл дүйнөлүк, башкы редактор, башкы командачы, калай кашык, беш жылдык, ж. б. (түгөйлөр толук лексикалашпаган).

21.7.



М.: сурап чыга кал, алып барып бер, таап кел, жыгылып кете жаздап барып токтоду, келе жатат, кете бер, жүгүрүп чык, ж. б.

21.8.

М.: сүйлөбатат, апкелатат, алпаратат, баратат, иштебатат, келатат (жатат» деген жардамчы этиш «атат» деп айтылып, мурунку түгөй менен бирге жазылат).

21.9.

М.: 1) алып бар (алпар), алып кел (апкел), алып бер (алпер), ж. б. (Эки түрү тең колдонулат).
2) эч нерсе (эчтеме, эчтеке), бир нерсе (бирденке, бирдеме) ж. б. (Эки түрү тең колдонулат).

21.10.

М.: жардам кыл, кол сал, баш ийдир, баш тартты, өч ал, кол койду, курман болду, ж. б.

21.11.

М.: төбө чачы, тик турду, мурдун балта кеспөө, жумурткадан кыр издөө, колтугуна суу бүркүү, куурай башын сындырбаган, тили буудай кууруган, кара кылды как жарган, кой үстүнө торгой жумурткалаган, ак төөнүн карды жарылган, ж. б. (Туруктуу сөз айкаштарынын ар бир сөзү бөлөк жазылат).

21.12.

М.: 1) алтымыш төрт, сексен миң, бир миң тогуз жүз жетимиш беш, ж. б.
2) эч качан, кимдир бирөө, ар качан, ар бир, тоону көздөй, жыйындан кийин, ага сөрөй, киши сымал, эң сонун, өтө кооз, ж. б.

§ 23. КЕМЧОНТОЙДУН КӨЧҮРҮП АЛГАНДАРЫНАН

(Максатың: катадан арылтып көчүрүү)

Биринчи жат жазуу

АКАДЕМИК АЛТЫМЫШОВДУН АДАПТОГЕНДЕРИ

Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын академиги Арстанбек Алтымышов гезитин кабарчысына төмөнкүлөрдү айтып берген.

–1962-жылы Ленинграда космонавтардын ден соолугун чыңдай турган дарылардын башкача айтканда күл азыгын дайардоонун үстүндө иштей баштадым. Ошентип 15–20 жыл космонавтика жаатында иштеп келдим. Натыйжа жаман болгон жок жемишин берди. Кыскасы 1965 жылдан баштап космонавтарга учканга чейин да учуп жүргөндө да учуп келгенден кийин да биздин колдон жаралган адаптогендер колдонулуп келди колдонулуп да жатат. Адоптоген деген дары менен тамак аштын ортосундагы заттардан жасалган, организмге зыяны жок акыл-эс жана күч кубат жумшап иштей турган иштерди аткарууда адамды төрт-беш эсе кубатандырган зат. Ар бир адаптогендин тутумунда жаратылыштагы вйтаминдер, микроэлементтер, белоктор, органикалык кис-

лоталар ж.б. болот. Алар организмдер түгөнүп бараткан затардын ордун толтурат да ар бир клетканын органдын иштөөсүн күчөтүп, жөнгө салат. Алар адамдарга колдонуудан мурда жүздөгөн миндеген лабараториялык изилдөөлөрдөн өткөрүлөт. Жан жаныбарларга эксперимент жасалат. Мындайча айтканда бир эле адаптогенди талкудан алып чыгаруу үчүн миндеген машакаттуу жумуштар иштетилет. Ондогон медициналык мамлекетик камисияларда өткөрүлөт. Жакшырылгандан кийин гана патентке ээ болуп космонавтарга колдонууга уруксат берилет. Окумуштуулар тобу менин түздөн түз катышуум менен 12 түрлүү адаптогенди (гипкос, гипрекс, Арстанбап ж.б.) космостук тажрыйбага киргизип, ар тараптуу колдоого ээ болдук.

«Эркин Тоо» гезити

Экинчи жат жазуу

АТАЙДЫН КОМУЗУ

Бүгүн консертке ушул комуз менен чыгам. Сиз да барып артистердин өнөрүн көрүңүз,–деп Атай Бөлөкбайды филармонияга алып келди. Анғыча консерт башталды. Үчөнөн кийин Атайга кезек келди. Бөлөкбай Атайдын мынчалык жылдыздуу жигит экендигине мурда анча көңүл бурган эмес экен сахнага чыга келгенде тим эле кол менен жасап койгондой жарашыктуу көрүндү. Кыргызча тигилген кемселди кемер кур менен курчанып башындагы сусар тебетей бутундагы кара хром өтүк Атайга куюп койгондой. Эки бетинин ортосу билинер билинбес кызарган чап жаак кырдач мурун арыкчырай жүзгө тегизделген кыр мурут. Колунда асемделип жасалган ак боор өрүк комуз. Атай сахнага чыгары менен, залдагылар дулдата кол чабышты. Күйдүм чокту Алымканды куп гана келтирди бейм узака созулган кол чабулардан кийин Ак тамак, көк тамакты чертти. Элдин кол чабусу басандаганча Атай колун көтөрүп, бир нерсе айтмакчы болду. Эл да муну туура түшүнгөндүктөн тынчый түштү. Тугандар өнөргө дем берип менин үнүмө үн кошуп жаткан – ак боор өрүк комуз. Бул комуздун ээси кыргыздын улуттук аспабын астейдил билген колунан көрү төгүлгөн уста Бөлөкбай аксакал. Атайын ат арытып жол басып алыскы Тондон келди. Ушул аксакалга ыразычылыгымды билдирем деп Бөлөкбайды колтуктап, көпчүлүккө көрсөттү. Зал ичи дүркүрөгөн кол чабуга жаңырып турду. Ошентип бул жолку консерте жаңы ак боор өрүк комуздун тушоосу кесилди. Ушун-

дан баштап бул комуздун аты «Ак боор» деп аталды. Атайдын көзү өткөндөн кийин, Ак боор көпкө чертилбей сумсайып илинип турат. Ордолуу журтун коломтосу куру эмес экен. Акыры колдон колго өтүп отуруп соңунда, Ысмайыл Борончиевдин колуна тийет.

«Чүй баяны» гезити

Үчүнчү жат жазуу

АЛГЕБРАНЫН ТЕГИ – «ЭЛ ЖЕБР»

Омар Хайям (1048–1122-жылдар) перс жана тажик акыны, математик, философ. Анын өмүрүнүн көбү Орто Азия менен Иранда Балх Самаркан Исфахан ж.б. шарларда өткөн. Алгебра физика жана астрономия боюнча манилүү илимий ачылыштары бар Омар Хайямдын Эл-Жебр атуу китеби 1851 жылы немисче, 1957 жылы французча 1918 жылы англис тилине которулган. Кырк жыл (1052–1092) Султан Мелихшахтын кызматында, Нишапур обсерваториясынын башында мүдүр болуп турганда жазылган Эл-Жебр китеби азырынча бир да түрк элдеринин тилине которулган эмес. Алгебра менен байланыштуу эки чоң математикалык формула Омар Хайямга тийешелүү болгон менен, бүгүн мектептерде окуу китептеринде биринчи формула Омар Хайямдан үч жүз жыл кийин жашаган (1642–1727) Ньютондун атынан «Ньютон формуласы» же «Бином формуласы» деп, экинчиси болсо Паскалдын (1828–1662) атынан «Паскаль үч бурчтугу» деп аталып жүрөт. Омар Хайямдын илимий эмгектери Россиядагы Германиядагы музейлердин архивинде Англиянын Улуу Британ Оксфорд университетеринде сакталып турат. Америкалык белгилүү тарыхчы Билл Дурот минтип айткан Омар Хайямдын ыр саптарына карап өкүм чыгаргандар катуу жаңылышат анткени анын 85 жылдык өмүрүндө ырлар аркылуу айткан ойлорунун тасири чектелүү болгон. Аны көчө кыдырган акын катары эмес үчүнчү даражадагы тендемелерди астрономиялык карталарды изилдеген түзгөн улуу окумуштуу инсан катары изилдешибиз керек.

КСЭ, «Заман Кыргызстан» гезити

Төртүнчү жат жазуу

КҮЧТҮҮ ДАРЫЛАР

Кытай медицинасында «Адамдын эң күчтүү дарысы адамдын организминде» деп айтылат. Бул адамдын ички энерги-

ясы «чи» – адамдын шилекейи, заарасы ж.б. Кенеш Жусупов түзгөн кыргыздар деген эки томдук китептин ичинде «Кыргыздар жоокерчилик заманда батырлардын ичине найза сайылып калса, ал адамды териге ороп заарасын ичирип туруп, айыктырып ийишкен» – деген жери бар. Экинчиден мен аксакалдардан уктум илгери адамды тулуптай кылып сабап таштаганда аны жаңы союлган малдын терисине ороп өзүнүн заарасын ичире берип айыктырып жиберишкен. Ошондой эле уринанын (зааранын) дагы бир касиети–адамдын ичиндеги ысыкты соруп алат. Күйүп калган жерге уринаны басса айыгып кетет. Малга көз тийип жатып калса ага уринаны шыбап жиберип айыктырып жиберген учурлар көп болуптур. Шилекейде лизацин деген зат бар. Бул зат жыландын уусун таратпай токтотуп койот. Ошондой эле денеге жарат чыканда шилекей менен сүртүп койсок айыктырып койгон касиети байкайбыз. Шилекейди кытайлар «өмүргө өтө керектүү сок» деп айтышат. Адамдын шилекейи түнкү саат 3.30 да эң күчтүү кубатына кирет. Ошол учурда туруп бир жаратың болсо шилекейиң менен сылап койсоң жакшы айыгып кетет.

«Кыргыз руху» гезити

Бешинчи жат жазуу

КЫДЫР АКЕНИН ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Кыдыр аке кара кылды как жарган калыс данышман жылкынын күлүктүгүн сырткы келбетинен билген саяпкер куштун кыраанын дабышынан аныктаган мүнүшкөр бир айткынын эки кайталабаган токтоо оор басырыктуу адам болгон. Ошону менен катар ойлогонун башкаларга күү менен жеткире алган чеберчиликке эгедер экен. Кыдыр акеге саяк сарбагыш солто уруусунан арык белек тукумунан албандык казактардан ал жай түшүндүрүп акыл кеңеш сурап дайыма адамдар келип турган. Ошондой бир күндүн эртесинде күүгүм кирип, асманга жылдыз толгон маалда Кыдыр аке мейман күтүп жайбаракат отуруптур. Жакадан атынын өлүп-тирилерине карабай чаап келаткан чабаган аны-мунуга аялдабай шашылыш Кыдыр акени сыртка чакырып чыгып баласы Тогочунун оор абалда экенин айтат. «Болору болуп, боёсу канган тура муну кечээ эле жүрөгүм сезген меймандар тамагын жеп колдорун жууп бата кылмайынча эч шек алдырбагыла», – деп кайра кирип кетиптир. Айтканындай ошол

тегеректеги Кыдыр акенин кошуна жакын эл журт үн чыгарбайт. Меймандар беймарал тамагын ичип колун жууган соң Кыдыр аке керегеде илинип турган комузун алып кандайдыр жүрөк сыздатып көңүл чөгөргөн күү чертет. Ошондо төрдө отурган сакалдуу карыя ордунан турат да: «Ким болсо да акыретен ыйман берсин өткөнгө өкүнбөйлү, кеткенге кейибейли андан көрө көз көрсөтүп, үй-бүлөсүнө көңүл айталы», – дептир. Ошол муң-зар какшатып жүрөк үшүн алган терең сырдуу күүнү Кыдыр аке өлөр-өлгөнчө черти. «Тогочунун арманы» деп койчу дешет укан эл журт.

«Мугалимдер газетасынан»

Алтынчы жат жазуу

АК ТАЙЛАКТУУ КӨЧ

Көч жармы ченде ак тайлактуу топ көрүндү. Чачпактай кара бээ минген зайып жүгүнүн үстүнө кызыл шырдак жабылган каймал жетелеп келет. Ак тайлак жай булутундай таза. Селкилдеп логлоп кайра жөн басып энесинин артында. Айрымач эрлүү жорго тай минген жаш бала демитип камчы менен түртүп коюп ак тайлактын жинине тийип ойноп келет. Ак тайлак ойдолой бере балага кичине айбат кыла «буу» деп тегерек капкара көздөрүн жайнатып башын чулгуп ал дагы бала да, оюнга өзү шерик, сеңселип маңган сайын мойнундагы жылаажын шыңгырап барат. Алардын соңунда үйдүн бойго жеткен кызы.

Кыздын мингени күмүш жабдыктуу тору кашка айгыр. Кызыл манат темингинин чачылуу жибек түймөлөрү эки үзөңгүдөн төмөн самсалап айгырдын ак шыйрагына кылтылдатып сеңселип келет. Кыз жолдо жардап турган кишилерди карап жашыл жердин сый чапанына түшкөн жамачыдай болуп жаткан чарчы эгин тилкелерине сонуркап колдорун жайган бойдон былк этпей катып тарунун ичинде турушкан каракчыларды кишиби деп, былк этпегенине таңыркап уйку толгон көздөрүн сүзүлтүп көч аягында. Кундуз бөрктүн үкүсү үлпүлдөп күндүн абазкөй көзү күлүп алатамак шуруга ойноп жылтылдап кыздын сулууча жүзүнө нур тартты. Кара чачтары беш көкүл. Мажүрүм талдын кырчынындай майда.

Т. Касымбеков

§ 24. СТИЛИСТИКА

«Беш кол тең эмес». Бул – туура. Эч качан бармак, сөөмөй, ортон, аты жок, чыпалак, демек, беш манжа бирдей болбойт. Ошол сыңары байланыштуу кептин да беш салаасы бар. Төмөндөгү беш мисалды оку да, байкоо жүргүз. Кандай окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү бар?

1

Ысык-Көл – дүйнөдөгү тоо көлдөрүнүн ирилеринин бири. Аянты 6236 чарчы километр, узундугу 178 км, эң жазы жери 60,1 км, эң терең жери 668 м, орточо терендиги 278,4 метр. Археологиялык изилдөөлөргө караганда Ысык-Көлдүн жээктерине адам төмөнкү палеолитте (байыркы таш доорунда) эле отурукташа баштаган. Бирок көл жөнүндөгү алгачкы тарыхый маалымат б.з.ч. 1-кылымда гана кезигет. Анда ал «Чалкыган көл», кийин «Тунук көл» (7-кылымда) деп аталган.

«Кыргыз совет энциклопедиясы»

2

Ысык-Көл – кыргыз көлү кылкылдаган,
Кыз-келин кылаасында шыңкылдаган.
Кылымдар колдон түшкөн маржан[1] болуп,
Көрүнбөй тереңинде жылтылдаган.

Ысык-Көл – кыргыз көлү шарпылдаган,
Көркүнө көктөн башка тартылбаган.
Замандар кербенчидей чубап өтүп,
Чарчаса саясында[2] салкындаган (*А. Осмонов*).

3

– Ой, мадыра баш, Ысык-Көлдөн качан келдин?
– Кечээ.
– Баса, эс алуучулар көппү?
– Иттей *(автобустагы сүйлөшүүдөн)*.

4

Албетте, Ысык-Көлдү жерге-сууга тийгизбей мактайбыз. Аны ырдабаган акын жок. Залкар акын Алыкул Осмонов: «Кымыздай чөйчөгүнөн сапырылып, жаштыктай күр-шар

---

[1] Маржан –шуру.
[2] Саясында – көлөкөсүндө.

этип көбүк чачып», «Көргүм келет, көргүм келет мин ирет, айткым келет, сүйөм көлүм, сүйөм деп, элесимде көл жатпаса шарпылдап, ырларымда анда кандай касиет», – деп жазса, Сүйүнбай Эралиев: «Күн батат көл бетинен тайып нары, эл тарап, ээн калып кайыктары. Сезилет жалаң сууда дирдир этип, жыланач жылдыздардын кайыкканы» – дейт. Мындай укмуш ырларды мисал кылуу үчүн шурудай тизип жаза бергим келбейт. Мактоо, баа берүү, сыймыктануу жаман эмес дечи. Ошентсе да айтарым – бул. Нары кыска. Көлгө камкордукту качан кылабыз? Ысык-Көлдү айланта качан бак тигебиз? Дагы качанга чейин ойлонобуз? Чечкиндүү аракетке качан өтөбүз? *(Дубал гезит)*.

5

Күн тартибиндеги маселени угуп, талкуулап, айыл жамаатынын жалпы чогулушу токтом кылат:

1. Кыштак чөлкөмүндө көлдү бойлото 10 чакырымга чейин үч катар мырза теректин көчөтү отургузулсун.

2. Бул ишке айылда жашаган бардык адам тартылсын жана ар бир жан жүздөн көчөт тиксин.

3. Айыл Өкмөтүнүн аймагында жашылдандыруунун бир айлыгы жарыялансын.

Каршы, калыс жок. Токтом бир добуштан кабыл алынды.

Чогулуш башчысы (колу) Т. Салиев
Катчысы (колу) Р. Байтерекова

1998-жыл, 2-апрель

БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Мына, бешөөн тең окуп чыктың, айрым окшоштуктарды жана бөтөнчөлүктөрдү байкадың дечи. Эми ошол байкагандарды тыянактарга жарыш коюп көрсөң.

I. Окшоштуктар

1. Бешөө тең кыргыз тилинде жазылган. Ой-пикирлер жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр менен туюнтулган.

2. Бешөө тең текст түрүндө берилген. Баса, текст жөнүндө ушул окуу китебиндеги «Серектин сыр сандыгын» кара. Анда тексттин эрежеси, анын өзгөчөлүктөрү, абзац, реферат, тезис, тема, конспект жөнүндө маалыматтар бар, ошолорду оку.

3. Бешөө тең байланыштуу кептин мүмкүнчүлүгү менен жазылган, тагыраак айтканда, анда баяндоо, сүйлөшүү жана

ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тексттер бар. Байланыштуу кеп тууралуу да «Серектин сыр сандыгынан» тиешелүү маалыматтарды аласың.

II. Өзгөчөлүктөр

«Билек бир болгону менен, манжа башка» дегендей Ысык-Көл жөнүндөгү тексттер бири-биринен кескин айырмаланат.

Салыштырып көрөлү

1-текстте Ысык-Көл жөнүндөгү географиялык, тарыхый маалыматтар илимий негизде так жана ачык-айкын берилген. Так ушунусу менен ал башка тексттерден айырмаланат. Ал эми *2-текст* да Ысык-Көл жөнүндө. Бирок көлдү 1-тексттен таптаза башкача мүнөздө сыпаттайт. «Кылкылдаган», «шарпылдаган», «көркүнө көктөн башка тартылбаган» деген сөздөр көлдүн сулуу элесин чагылдырса, кылаасында шыңкылдаган кыз-келиндер Ысык-Көлдүн көркүнө көрк кошот, ал эми көлдүн жаралганы качан, нечен кылымдар шуру мисал колдон түшүп, көлдүн тереңинен жылтылдап турганын айт. Нечендеген замандарчы? Алар да кезегинде кербенчидей чубап өтүп, саясында салкындап өткөн. Ошондой эле жогорку көрк, сулуулук, жарашыктуу мазмун, куюлушкан уйкаштык (кылкылдаган-шыңкылдаган-жылтылдаган, шарпылдаган-тартылбаган-салкындаган) менен шөкөттөлүп, 3 муунактуу (Ысык-Көл+кыргыз көлү+кылкылдаган=3 муунак) 11 муун ар бир сапта кездешип, алар ыргак жараткан. Демек, бул – адабий чыгарма, анын ичинен ыр. Ошентип, 2-текст элестүүлүгү, көрктүүлүгү менен башкалардан айырмалуу. *3-текст* оозеки сүйлөшүүдөн куралды. Анда кемтик сүйлөм («–кечээ», «–иттей»), «ой» деген сырдык сөз, «мадыра баш» деген кемсинтүүчү, «иттей» деген оозеки маекке гана мүнөздүү сөздөр пайдаланылды. *4-текст* –бул коомчулукка жана көпчүлүккө арналган гезиттик макала. Автор толгонуп: «Көлгө камкордукту качан кылабыз? Ысык-Көлдү айланта качан бак тигебиз? Чечкиндүү аракетке качан өтөбүз?» – деп маселени кабыргасынан коёт. Анын атуулдук мүдөөсүн чакырык, кайрылуу, үндөө коштойт. Ал өз оюна залкар акындардын ырларын жөлөк кылат. Ал эми *5-текст* баяндалышы жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшү боюнча жогорудагы 1–4-тексттердин бирине да окшобойт. Бул аткарылышы милдеттүү болгон, көпчүлүктүн катышуусу менен кабыл алынган документтин үзүндүсү. Анда номер менен белгиленген пункттарда «отургузулсун», «тиксин», «жарыялансын» деген өндүү тикелей буйрук жана уюштуруу мүнөзүндөгү бүтүмдөр бар.

Байкоонун жыйынтыгы

Жогорудагы 1–5-тексттерди өзгөчөлүктөрү боюнча териштиргенде, төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: 1) илимий стиль – ИС, буга 1-текст; 2) көркөм адабий стиль –КАС, буга 2-текст, 3) оозеки сүйлөшүү стили – ОСС, буга 3-текст; 4) публицистикалык стиль – ПС, буга 4-текст; 5) официалдуу-иштиктүү стиль – ОИС, буга 5-текст кирет.

Эскертүү

Стилистика жөнүндөгү маалыматтарды «Серектин сыр сандыгындагы» «Байланыштуу кеп» топтомунан кара. Анда стилистика, стиль жөнүндөгү аныктамалар, стилдин түрлөрү: ОСС, КАС, ИС, ПС, ОИС жөнүндөгү кыскача маалыматтар камтылган. Стилдин шарттуу түрдө оозеки жана жазма стиль болуп экиге бөлүнүшү менен да тааныша аласың. Ошол себептүү стиль боюнча сунуш кылынган көнүгүүлөрдүн арасына атайын эрежелер, кошумча түшүнүктөр берилбеди.

ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

Биринчи тапшырма

Төмөндө катар номер менен белгиленген 31 текст берилди. Бирок азырынча алардын кайсынысы кайсы стилге кирери белгисиз. Ал эми сенин милдетиң – дыкаттык менен байкоо жүргүз жана ар бир текст кайсы стилге (ИС, КАС, ОСС, ПС, ОИСтин бирине) кирерин аныкта.

Экинчи тапшырма

Айталы, 31 тексттин ар бирин стили боюнча аныктадың, ошондо бир нече текст бир стилге кирерин байкадың. Эмки милдетиң – топтолгон текст боюнча *талкуу* өткөрүү. Суроолор:

1. Беш түргө топтоштуруу кайсы белгилер боюнча жүргүзүлдү? (Оозеки баяндоо түрүндө жооп бер).
2. Топтоштуруу боюнча бири-биринерде айырмачылык барбы? (Мисал менен көрсөт).
3. Стилдерди эмне үчүн билүү керек? Зарылдыгы барбы? (Мисалга таянып, зарылдыгын далилде).
4. Кайсыларын сен колдонор элең? (Мисал менен сүйлө).

Үчүнчү тапшырма

Төмөнкү тексттердин кайсынысында баяндоо, кайсынысында сүрөттөө, кайсынысында сүйлөшүү басымдуу?

№ 1

Сен менин өз оюмда момундайсың:

Асмандын көгүш бети жарык, ачык. Татынакай тазалыктын мөлтүр терең тунугуна батып, көзүңөн укмуштуу бир кыял таратып, турасың сен баланды бийик көтөрүп, токойду көздөй кеткен, тумандарга ак нур сепкен жарык жолду каратып... Күн дагы таң атканда тартуу кылат, бу дүйнөгө өзүнүн тун нурун, жаңы күндүн кулунун. Дал ошондой эне дагы көтөрүп өз баласын – бүт жер шарын турат кармап.

Ушинтип,
пайда болуп Рафаэлдин сүрөтүндө,
жерди, данды тең кармайсың – бузулбайсың,
сен менин өз оюмда ушундайсың *(Э. Межелайтис)*.

№ 2

Чачпак. Аялдар чачына тагынчу кооз жасалганын аталышын туюнткан чачпак сөзү чач + пак бөлүктөрүнөн турат. Анын аягындагы -пак – байыркы түркчө «баг» деген сөз. Ал азыркы кыргызча боо дегенге туура келет. «Чач боо» маанисиндеги сөз чачпак болуп калган (*К. Сейдакматов*).

№ 3

5-статья

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – кыргыз тили.

32-статья

1. Кыргыз Республикасынын ар бир гражданы билим алууга укуктуу.

2. Негизги билим – милдеттүү жана акысыз, аны ар бир адам мамлекеттик окуу жайларынан алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы

№ 4

Жалт-жулт ойноп, күнгө күмүш сыяктуу,
Түркүм тилдүү, кыл комуздуу, кыяктуу;
Жардай энсеп, көлдөн тосуп чөмүлүп,
Каз каркылдап, канат чапкан буга ак куу;

Мөңгү жаткан түн салкынын жеткирип,
Бой чыйралткан кечки илеби бубак-буу;
Колот ылдый агып жаткан ийрилип,
Жылаажын үн, мөлтүр кашка тунук суу *(С. Эралиев)*.

№ 5

ӨМҮР БАЯН

Мен, Нышанов Наскул, 1982-жылы Ош облусуна караштуу Кадамжай районундагы Жошук айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулганмын. Атам, Ирисов Нышан, мектепте директор болуп иштейт. Апам, Ирисова Айша, мектепте мугалим. Биз жети бир тууганбыз. 1989-жылы 1-класска киргем, азыр 9-класста окуп жатамын.

12-март, 1998-жыл (колу) Н. Нышанов

№ 6

Байкал – Чыгыш Сибирдин түштүгүндөгү көл. Аянты 31,5 мин чарчы километр. Узундугу 636 км, орто жазылыгы 48 км. Суусу таза. Терендиги (1620) боюнча дүйнөдө 1-орунда. Байкалга 336 дарыя куят. Көлдөн Ангара дарыясы агып чыгат. Бул жерде өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын 1800дөй түрү бар. Тоолуу кооз жээктери ийне жалбыректуу токой менен капталган. Балык кармалат. Кеме жүрөт *(«Географиялык энциклопедиялык сөздүк»)*.

№ 7

Р.М. Үчкемпирова жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин

УКАЗЫ

Үчкемпирова Роза Мавлетовна ээлеген кызматынан бошотулуп, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы-министри болуп дайындалсын.

Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев

Бишкек ш., Өкмөт үйү 1998-жыл. 3-февраль.

№ 8

– Сонун экен ээ, – дедим.
– Ал меники, өзүм таптым.
– Тоо текелерби?
– Жок.
– Анан эмне сеники?
– Айтпайм, – деди ал, анан – бир сокур, эки сокур... – деп мени далбастатып санай берди. – Жүз сокур!!! *(Ж. Медетов)*.

№ 9

5-статья.

Эгер ойлоп табуу катары сунуш кылынган объект жаңы, ойлоп табуучулук деңгээлде болсо жана өнөр жайында колдонууга жараса, ал укуктук жактан коргоого алынат.

41-статья.

Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамы жарыяланган учурдан баштап колдонууга киргизилсин *(Патент мыйзамы)*.

№ 10

Институтта ата-энелердин 3-конференциясы болуп өттү. Ал Талас педагогикалык институтунун ачылышына арналды. Студенттер үчүн институттун экинчи корпусунда дагы бир китепкана иштей баштады *(«Талас турмушу» гезити)*.

№ 11

Арал орто мектебинин директору
Мырзакматов Камчыбекке
VIII класстын окуучусу Нукешов Эсентурдан

А Р Ы З

Ата-энем Бишкек шаарына көчүп кеткендигине байланыштуу документтеримди берүүңүздү өтүнүп сураймын.

1998-жыл, 12-февраль. (колу) Э. Нукешов

№ 12

Баш калаанын Ленин району үстүбүздөгү жылы 1 млрд 42 млн сомдук өнөр жай товарларын чыгарып, эгемендүү жылдардын тарыхында өз рекордун койду. Бул бийиктикти багындырууда «Бишкек» ЭЭА баш болгон майда жана орто бизнес ишканаларынын салымы чоң. Район 557 млн сом чет элдик инвестицияларды пайдаланып, салыкчылар менен бажы кызматкерлери райондун казынасына 55 млн сом түшүрүштү *(«Кыргыз руху» гезити)*.

№ 13

Атка женил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган.
Кылычын кырга жөлөгөн,
Кызыккан кыйла жоо чыкса,
Кызыл канга бөлөгөн,
Теке жоомарт ат минген,
Темирден көпкөк тон кийген,
Сырттаным Сыргак уялаш

«Манас» эпосу

№ 14

ТИЛ КАТ

Мен, Такенов Чогулуш, Чолпон-Ата шаарындагы кампачы Сыдыков Тынччылыктан Ысык-Көлгө эс алууга келишкен окуучулар үчүн 30 жаздык, 30 шейшеп, 30 жууркан, 10 кассетасы менен бир магнитофон алдым.

(колу) Ч.Такенов
1998-жыл, 3-июль

№ 15

Тогуз-Тородо калыңдыгы бир метрден ашык кар жаады. Базар-Коргондун айрым кыштактарында электр зымдары кардын салмагынан үзүлгөн. Чаткалдын Каныш-Кыя кыштагынан Ала-Букага кеткен жолдун он километрин кар көчкүсү басып калган. Мындай окуя Кара-Кулжа районунда да болгон. Бардык жерде жолдор тазаланып, зыян четтетилүүдө. Мал-жан аман (*«Кыргыз Туусу» гезити*).

№ 16

Айдөш. Тик эмес, жантайыңкы келип, улам эңиштеп кеткен жерди айдөш дейт. Бул сөз «аюу төш» деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан. **Айнек.** Арап тилинде «айн» сөзү көз маанисин берет. Ал сөзгө кичирейтүүчү -өк мүчөсүн кошуп, ирандыктар «айнек» деген сөздү жараткан. Кыргыз тилинде «айнек» сөзү «терезенин көзүнө салына турган шишеден жасалган зат» деген маани берип калган. **Арак.** Араб тилинде арак сөзү «тер», «буу» дегенди билдирет. Өтмө мааниде ичкиликти туюнтат. Анткени арак буулантуу жолу менен алынган. Арабдарда алгач пайда болуп, кийин коңшулаш элге тараган (*К. Сейдакматов*).

№ 17

– Көрдүңбү?

– Акак-Көл! Атам айтчу эмес беле, «ак булут кирингген Акак-Көл деген болот» деп. Ошол!!!

– Бул көлдөн булуттар менен кайберендер гана суу ичет! – деп кумсаң-кумсаң этти Ондош.

– Мага бересиңби? – дедим.

– Аный. Өзүм мээнет кылып араң тапсам...

– Мен деле кечээ, бүгүн дагы көл бердим го...

– Бербейм.

–Анда билесиңби, каймак сызгырганда чөбөгө, мыкчылган талканымды өзүм жебей, сага берейин. Эжигейимди да. Көл сеники деп эле койсоң?–деп жалдырадым (*Ж. Медетов*).

№ 18

Арбак. Айтканымды угуп болуп, өч алгын.
Гамлет. Эмне?
Арбак. Арбагымын сенин маркум атандын,
Жазалангам түндө тентип жүрүүгө,
Күндүз болсо тозок отто күйүүгө
Тирүүдөгү күнөөм күйүп бүткөнчө.

Сырын сага ача албаймын түрмөмдүн,
Анын сага четин гана айтканда,
Эстен танып, каныц тоңуп муз болуп,
Чыгар эле эки көзүң чанактан...
Гамлет. О, жараткан!
Арбак. Аны өлтүргөн мыкаачыдан өч алгын *(В. Шекспир)*.

№ 19

Сүрөттүн тээ ички тереңинде–күзгү асмандын ала бүркөк чет жакасы. Шамал бирин-серин булуттарды бир жакка бет алдырып, алыста кылтыйган чокуларга жандантып, кыялата айдап бара жатат. Андан бери көрүнүштө – бозоргон сары талаа, кең өзөн. Чет-четтен чийлер ыкташып, жаанчачындан кийин топурагы борпоң тоборсуп карайган жолдо катарлаш баскан эки жолоочунун изи тигинден бери чубайт *(Ч. Айтматов)*.

№ 20

Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Тоголок Молдо атындагы орто мектептин директору Кабылбек уулу Үрүстөмгө ошол мектептин VII классынын окуучусу Надырбек уулу Дастандан

ТҮШҮНҮК КАТ

Менин түшүнүк кат жазуумдун себеби төмөнкүдөй. 1998-жылдын 12-ноябрында өзүбүздүн класстагы ортоңку терезенин алдыңкы көзүн кагаз менен сүрүп, тазалап жаткам. Бир убакта аркаман бирөөлөр мага катуу урунду. Бет алдымдагы айнек бычырап сынды. Карасам, эки окуучу карп-күрп күрөшө кетиптир. Ошолордун байкоосуздан мага урунушу айнектин сынышына себепкер болду. Бирок мен ал окуучуларды күнөөлөбөйм. Эртең сынган айнектин ордуна айнек алып келем.

(колу) Д. Надырбек уулу
13. X. 1998-жыл.

№ 21

МААЛЫМДАМА

Бул маалымдама Султанмурат кызы Чолпонго берилет, себеби анын 1998–1999-окуу жылынан баштап Талас райо-нундагы Сейталиев атындагы орто мектептин 10-классында окуп жаткандыгы аныk.

Маалымдама тиешелүү жерге көрсөтүү үчүн берилди.

Мектеп директору (колу) А. Эрдешова
Катчысы (колу) Р. Айдаралиева
(Мектептин мөөрү) 12. 10. 98.

№ 22

Апа, апа! Мен өзүмдүн жарык дүйнөгө келгенимди түшүн-гөндөн бери сенин колдоруң эсимде. Жай ичи колдоруң күнгө күйүп, тотугуп, колдоруңдун ошол тотугушу кышында да кет-пей, ошол колдоруң эң эле назик, эң эле тегиз болуп, кол тамырларың гана азыраак кара көк тартып турар эле. Се-нин колдоруң, балким, катуудур, анткени сенин колдоруна турмуштун далай түйшүгү түшкөн да, бирок мага сенин кол-доруң ар качан жумшак көрүнчү... Муз чагып, кир чайкап, колдоруң кыпкызыл болуп кесилип, камтууга келбей кожо-юп калганы да эсимде. Мен сенин таптаза, касиеттүү колдо-рунду өбөм, апа! (*А. Фадеев*).

№ 23

ИШЕНИМ КАТ

Мен, Отунчу уулу Бакыт, 1998-жылдын ноябрь айын-дагы мага тиешелүү 416 (төрт жүз он алты) сом айлыгымды Аксы райондук элге билим берүү бөлүмүнүн кассасынан алуу-ну байкем Ботобаев Анарбекке ишенемин.

10. XI. 1998. (колу) Б. Отунчу уулу
Отунчу уулу Бакыттын колун күбөлөндүрөмүн.
Айыл Өкмөтүнүн башчысы: (колу) К.Канаев
(мөөрү) 10. XI. 1998-жыл.

№ 24

Йод – Менделеевдин мезгилдик системасынын VII тобун-да жайгашкан, галогендерге кирүүчү химиялык элемент, ме-таллдык жалтырагы бар кара күрөң түстөгү кристалл. Йодду 1811-жылы француз химиги Б. Крутуа ачкан. Кадимки тем-пературада эле кескин жыттуу кызгылт көк түстөгү буугa өтөт. Сууда начар эрийт. Йод жана анын бирикмелери медицина-да, фотографияда колдонулат (*«Кыргыз Совет Энциклопедиясы»*).

№ 25

Өзгөн районунда азыркы күндөрдө «Аракет», «Жакырчылыкты жоюу» программалары боюнча белгилей кетүүгө арзый турган жакшы иштер бар. 6 мектеп капиталдык, 91 мектеп жана 17 маданий мекеме кезектеги ремонттон чыгарылды. Куршабдагы оорукананын 30 орундуу, 22 бөлмөдөн турган терапия бөлүмүнүн бүткөрүлүшүнө 450 миң сом акча каражат чыгымдалды. Мырза-Арык айылында кубаттуулугу 25 миң киловатт подстанция жана 110 киловольттук электр станциясы курулду. Ал эми жергиликтүү бюджеттин эсебинен майыптарга, карыяларга 300 миң сомдук материалдык көмөк көрсөтүлдү *(«Кыргыз Туусу» гезити)*.

№ 26

КУЛАКТАНДЫРУУ

Чүй облусуна караштуу Жайыл районундагы Кум-Арык орто мектебинде Алыкул Осмоновдун туулган күнүнө карата мектеп окуучуларынын күчү менен уюштурулган кече өткөрүлөт. Кече 12-декабрь күнү саат бирде болот.

Окуучулар жамааты

10. XII. 1998.

№ 27

– Мен тээ тиги Кызыл көлүмдүн үйдөй арчасынын түбүндөгү конушка ак чатыр тигип отурамын чоңойгондо, – дедим.

– Ооба, сага... – деп, мурчун этти Ондош.

– Тиги Күзгү көлгө келип, көрүнүп, чачымды тарайм.

– Кайсы чачынды? Пыш-ш...

– Чач койдурам да! – дедим.

– Пыш-ш... Чач койдургандай, эмне, сен өкмөт болмок белең?

– Болом да! – деп салдым кебелбей туруп *(Ж. Медетов)*.

№ 28

ЖАРНАК

«Тегене» дүкөнү чет өлкөдөн алынып келинген, эң сонун, көргөндүн көз жоосун алган татынакай, урунууга өтө ылайыктуу үй эмеректерин сатат. Телефону: 43–52–16.

№ 29

Чарба. Иранча *чар төрт* жана *па – бут* сөздөрү биригип, чарба сөзү келип чыккан. Ал төрт бут дегенди туюнтат, кыргызча *төрт түлүк мал* дегенге барабар келет. Бирок анын маанисиси кеңий берип, азыр бутка эч тиешеси жок түшүнүктөрдү да туюнтуп калган. Мисалы: дан чарбасы, токой чарбасы (*К. Сейдакматов*).

№ 30

ТОКТОМ

1998-жылы 1-март күнү VII класстын окуучуларынын чогулушу болуп, ага 27 окуучу катышты.

Чогулуш башчылары: Иманканов Туратбек, Урманбетов Токторбай, Асанов Камарбек, Дүйшөналиев Асем, Абдыразаков Матисак.

Күн тартибиндеги каралуучу маселе: Нооруз майрамына даярдануу.

I. *Угулду:* Аталган маселе боюнча «Сейтек» кошуунунун башчысы Урманбетов Токторбай Нооруз майрамынын тарыхына, анын байыркылыгына кең-кесири токтолду. Андан ары бул майрамды эң сонун шаан-шөкөт менен өткөрүү боюнча класстар аралык мелдеш болорун, жеңип чыгуу үчүн кандай иштерди жүргүзүү керектигин айрыкча белгиледи.

II. *Чыгып сүйлөнгөндөр:* 1. Т. Мааткеримова драмалык чыгармалардан айрым үзүндүлөрдү алып чыгуу керектигин айтты. 2. К.Акмолдоева майрамда дасторкон үстүн жайнатууну, өзгөчө олобо, эжигей, мыкчыма, кошкон май, жупка, көөлөнгөн талкан өндүү тамактарды даярдап келүү сунушун айтты. 3. М.Мамазаирова кол өнөрчүлүк буюмдары менен кошо класстын таланттуу окуучуларынын чыгармаларынан түзүлгөн дубал гезит чыгарууну сунуштады.

III. *Чогулуш токтом кылат:* 1. Нооруз майрамына колунан келген даярдык менен келүү жагы ар бир окуучуга милдеттендирилсин. 2. Кимдин эмне иш аткарып жаткандыгы жөнүндө күн сайын маалымат берип турулсун. 3. Бул иш-чаралардын жоопкерчилиги кошуун башчысы Т.Урманбетовго жүктөлсүн.

Каршы, калыс жок. Токтом бир добуштан кабыл алынды.

Чогулуш башчысы: (колу) Т.Урманбетов
Катчысы: (колу) М.Абдыразаков

№ 31

Көк таш – ачык көк түстөгү кристалл. Сууда жакшы эрийт. Чирүүдөн сактоо максатында көк таш эритмеси жыгачка сиңирилет. Боёк алууда, үрөн дарылоодо, тери ийлөөдө, өсүмдүктүн илдеттерине жана зыянкечтерине каршы күрөшүүдө кеңири колдонулат (*«Кыргыз совет энциклопедиясы»*).

Стилистика боюнча суроолор

1. Стилистика деген эмне?
2. Ал текст менен кандай байланышы бар?
3. Байланыштуу кеп менен стилистиканын карым-катышы барбы?
4. Стилистика канчага бөлүнөт?
5. «Илхам кеп» топтому стилдин кайсы түрүнө кошулат?
6. «Серектин сыр сандыгындагы» материалдар кайсы стилге кирет?
7. «Мээр сөз» топтомучу?

КЕП КУРЖУН

§ 25. «МАКАЛ» ТОПТОМУ

(1–6-тесте VII класста өтүлгөн)

Жетинчи тесте

1. «Чөп ширеси мал семиртет, кеп ширеси жан семиртет».
2. «Эстүүгө эки ооз сөз жетет».
3. «Жылкы аласы сыртында, адам аласы ичинде».
4. «Адам көркү – адеп».
5. «Атка жаталак, адамга чычалак жарашпайт».
6. «Адамдын адамгерчилиги ачуусу келгенде билинет».
7. «Адамдын бири – тентек, бири – жөнтөк».
8. «Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшош».
9. «Адепсиз бала – таманга жабышкан чыла».

Сегизинчи тесте

1. «Азамат бир сырдуу, миң кырдуу».
2. «Азамат жакшысы он бешке келсе, кичүүлүк жок, жүзгө чыкса, карылык жок».
3. «Азга опа, көпкө жапаа».
4. «Айыбын жашырган алыска узабайт».
5. «Айдын жарыгында жүргөнчө, күндүн көлөкөсүндө жүр».
6. «Айыпсыз аякка тикенек кирбейт».

7. «Ак көңүлдүн аты арыбайт, тону тозбойт».
8. «Чын жакшынын ачуусу бар, кеги жок».
9. «Акма кулакка айтса болбойт, куйма кулакка куйса толбойт».

Тогузунчу тесте

1. «Акмак иттен илгери, кишиден кийин».
2. «Акмакка да акыл азуу чыгат».
3. «Аксактын аягына кара».
4. «Ала койду бөлө кыркkан жүнгө жарыбайт».
5. «Алармангэ алтоо аз, берерманга бешөө көп».
6. «Алып алтоо, жеп жетөө болбойт».
7. «Алтынды дат баспайт».
8. «Алы жетпеген акыретчил».
9. «Ар бир башта миң кыял, миң кыялды ким тыяр».

Онунчу тесте

1. «Арамдын түбү – бир тамыр, адалдын түбү – миң тамыр».
2. «Эр азамат белгиси – сыртта мырза, үйдө кул».
3. «Аркы өйүздөгү чабышка бу өйүздөн жулунба».
4. «Ат сыноосу – бир, эр сыноосу – миң».
5. «Атына кызыкпа, затына кызык».
6. «Ачуулуунун астынан чыкпа».
7. «Ачуусу чукул айыпка жыгылат».
8. «Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт».
9. «Жакшынын атын алыстан ук, жанына барсаң бир киши».

Он биринчи тесте

1. «Бакылдаган текени суу кечкенде көрөбүз, такылдаган келинди үй чечкенде көрөбүз».
2. «Берешенден бешиктеги бала да үмүт кылат».
3. «Бир мыскал дөөлөттү көтөрүү үчүн, миң мыскал токтоолук керек».
4. «Боор оорусаң боорго тебет».
5. «Бүркүт карыса, чычканчыл болот».
6. «Ит кутурса, ээсин кабат».
7. «Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – көктөгү жылдыз».
8. «Жакшы санаа – жарым ырыс».
9. «Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши».

Он экинчи тесте

1. «Болор иш болду, боёсу канды».
2. «Бирөөнүн аты – терчил, бирөөнүн кийими – кирчил».
3. «Бир чыбык менен миң кой айдалат».
4. «Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт».
5. «Бирөө өлүп жатса, бирөө күлүп жатат».
6. «Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт».
7. «Балыкчы балыкчыны алыстан тааныйт».
8. «Балык башынан сасыйт».
9. «Баканын өзү чөлдө болсо да, көзү көктө».

МАКАЛ ЖАТТОО

Ар бир тестени өзүнчө жатта.

1. Жетинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
2. Сегизинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
3. Тогузунчу тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
4. Онунчу тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
5. Он биринчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
6. Он экинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.

МАКАЛ АЙТЫШУУ

7–9-тесте боюнча

Шарты. Окуучулар эки топко бөлүнөт. Ар бир топ өзүнүн мыкты өкүлүн чыгарат. Анан алар кезеги менен улам макал айтышат. Бирөө токтоп калса, экинчиси күймөлбөй айта берсе болот. Бир макал эки кайталанбайт. Макалды көп билгени утуп чыгат.

10–12-тесте боюнча

Мунун шарты да 7–9-тестедегиге окшош.

7–12-тесте боюнча

Окуучулар топко бөлүнбөйт. Ар бир окуучу өзү үчүн күрөшөт. Доскага чыгар менен, билген макалдарын шатырата айтат. Мугалим санайт. Мында да бир макал экинчи кайталанбайт.

«Айдан, айдан ай көрөк» оюну

Окуучулар эки топко бөлүнөт. Маселен: 1-топтогулар хор менен минтип ырдашат: «Айдан, айдан ай көрөк, Айдын башы төгөрөк, макалдан камчы чаптырбас, бизге тээтигил Алмаздын өзү керек». 2-топтон Алмаз чыгат. Албетте, 1-

топтогулар 2-топтун таймашка чыгуучу өкүлүнүн макалды мыкты билишине кызыкдар эмес. Ошондуктан алар макал билбеген атаандашын таймашка алып чыгууга аракет кылышат. Ал эми 2-топтогулар да 1-топтун окуучуларындай эле жол менен атаандашты доскага чакырып алышат. Ошентип, эки жактын өкүлү кезеги менен улам бирден макал айтат. Мында да бир макал эки жолу кайталанбайт. Бири токтоп калса, экинчиси удаама-удаа бир нече макалды шатырата айтып, макалдын санын арбыта алат. Ал эми өз өкүлүнө шыбырап-күбүрөп жардам кылынып калса, мындай ар бир жардам үчүн макалдын саны экиге кыскарат. Демек, эки макал күйүп кетет. Мында макалды көп билгени утуп чыгат.

Ушул тартип боюнча макал айтышуу оюну төмөнкүлөрдү камтыйт.

1. 7–9-тестелерди.
2. 10–12-тестелерди.

Зарылдыгына жараша бул эки топтогу тестелердин бири эки же андан ашык кайталанышы мүмкүн.

Сүйлөп машыгуулар

1. Жетинчи, сегизинчи тесте боюнча оозеки сүйлөм түз.
2. Тогузунчу, онунчу тесте боюнча оозеки сүйлөм түз.
3. Он биринчи жана он экинчи тесте боюнча оозеки сүйлөм түз.

Үлгү: 1. **«Базарда миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет» деген ырас да («Базарда миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет» дегенди кулагыңыз чалды беле. «Базарда миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет» да, үйдөн даам сызып кетиңиз ж.б.).**

2. Жумабек минтип айткан: «Базарда миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет» («Базарда миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет», – деген Саадат. Сыйнат: «Базарда миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет»,–деген. «Базарда,–деген Аксаамай,–миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет». Базарда миң киши барын, ар ким сүйгөнүнө салам берерин Сакин айткан).

Эскертүү: Үлгүдө бир макал боюнча 8 сүйлөм түзүлгөн. Бирок тестелер боюнча оозеки иштөөдө бир макалга эки гана сүйлөм түзүлөт, б.а. үлгүдөгү эки түргө бирден.

Жазып машыгуу

203-көнүгүү. Жетинчи жана сегизинчи тестедеги 18 макалдын ар бирин өзүнчө сүйлөмгө катыштыр жана тыныш белгилерин туура коюп жаз.

Үлгү: **1. «Чөп ширеси мал семиртет, кеп ширеси жан семиртет», – деген карыянын куюлушкан нускасын тыңшап, ыракатка баттым. 2. Күлүйпа: «Чөп ширеси мал семиртет, кеп ширеси жан семиртет», – деп айткан кыздарына.**

204-көнүгүү. Тогузунчу жана онунчу тестелер боюнча сүйлөм түз. 203-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп жаз.

205-көнүгүү. Он биринчи жана он экинчи тестелер боюнча сүйлөм түз. 203-көнүгүүнүн үлгүсүн окшоштуруп иште.

§ 26. «САНАТ СӨЗ» ТОПТОМУ

(1–4-кайрыктар VII класста өтүлгөн)

Бешинчи кайрык

1. Бар болбой малың чачылбайт, жок болбой жонуң ачылбайт.

2. Сөз кадырын биле албайт, өзүнөн акыл чыкпаган. Кеп маанисин биле албайт, башына акыл жукпаган. Жан кадырын биле албайт, айтса акылды укпаган.

3. Ашыкча доор келгенде, атылган жоого мылтыксың, алтындан мунар чырпыксың. Ашыкча доор кеткенде, ажалдуу болгон чымчыксың.

4. Күлүстөн доор келгенде, көгөргөн чалкар көлдөйсүң, кийиги көп төрдөйсүң. Күлүстөн доор кеткенде, көмүлгөн кара көрдөйсүң.

5. Алганды айтпай бергенди айт, жоону жеңип келгенди айт! (*Жеңижок*).

Алтынчы кайрык

1. Көк болот ийне саптаган, көк тубар көрпө каптаган, кайчысы колго батпаган, каалаган иштен кайтпаган. Ак куштай боюн таптаган, ай алдынан өткөндөн, алтындан буйла чечкенден, сыр аякка куйгандан, сыланып кымыз сунгандан, белдемчи таккан белине, пейили жаккан элине, акын болсоң кемпирди айт!

2. Үзүгүнүн жээгине үч эли кундуз койдурган, жабыгын ачык ойдурган, жабыгынын жээгине жалпы кундуз койдур-

ган, айдаса көчү жылдыздай, арс ичиги кундуздай, көчкөндө көчү жылдыздай, көрпө ичиги кундуздай, көөкөрүнө кут түшкөн, көк кашка кулун жуп түшкөн, сабаам бир кооз болсун деп, сары жибек менен тиктирген, кымыздык менен ыштаткан, кырмызы менен тыштаткан, сары атанга арттырган, салтанатын карк кылган, каз элечек бош таштап, катарлап төө көч баштап, торко элечек бош таштап, тогуздан төө көч баштап, келишкен кыргыз көчүн айт *(Жеңижок)*.

Жетинчи кайрык

1. Акыл менен санасак, адамзат болбойт бир кылка. Ар башка сүрөт өмүрдү адамдар ушул турмушта.

2. Жакшы болуп жүрүүгө жакшыдан тапкын жолдошту. Жолотпогун жаныңа жанын жеген оңбосту.

3. Жаманын билсең жолдоштун жанына барбай оолакта. Алты санын аманда эсендик тиле соо башка.

4. Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор.

5. Күн артынан күн чубап, өтө берет турбайбы, өткөн күн менен өмүрүң кете берет турбайбы, каниет кылсаң баарына, жете берет турбайбы (*Жеңижок*).

Сегизинчи кайрык

1. Бек байлаган чечилбейт. Бакпай багың жетилбейт. Эстүү адам эсирбейт.

2. Аргымак белин жоорутпа, аманат назик жан деген, адамдын көөнүн оорутпа.

3. Ааламдын көркү күндө бар, адамдын көркү тилде бар, ай, жылдыз көркү түндө бар, жаз айдын көркү гүлдө бар.

4. Тоо сөөлөтү ташта бар, баканын көркү сазда бар. Саамайдын көркү кызда бар, сайманын көркү узда бар.

5. Бул дүйнөдө ким калат? Жарык берген күн калат. Жылдызы бар түн калат. Кийинкиге сөз калат. Акылмандан эс калат (*Жеңижок*).

Жаттоо

Ар бир кайрык өзүнчө жатталат.
1. Бешинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
2. Алтынчы кайрык: 1, 2.
3. Жетинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
4. Сегизинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.

Сүйлөп машыгуу

206-көнүгүү. Бешинчи кайрыктагы санаттарды өз сөзүңө кошуп сүйлө.

Үлгү: **«Бар болбой малың чачылбайт, жок болбой жонуң ачылбайт» деген Жеңижоктун сөзү чын, анткени бар мал чачылат, ал эми жоктун жону ачылбаганда не болот.**

207-көнүгүү. Алтынчы кайрыкта эки санат сөз бар. Экөөнүн тең сөздөрү көп. Ошентсе да 206-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп сүйлө.

208-көнүгүү. Жетинчи кайрыктагы санат сөздөрдү өз сөзүңөргө кошуп, диалог түрүндө сүйлөшкүлө.

209-көнүгүү. Сегизинчи кайрыктагы санат сөздөрдү пайдаланып, оозеки аңгеме түзгүлө.

Жазып машыгуу

210-көнүгүү. Бешинчи кайрыктагы санат сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз жана жаз. Мында төл жана бөтөн сөздүн ◇ : «△» түрүн колдон.

211-көнүгүү. Жетинчи кайрыктагы санат сөздөрдү төл жана бөтөн сөздүн ◇ : «△»,– ◇ түрү боюнча жаз.

212-көнүгүү. Сегизинчи кайрыктагы санат сөздөрдү төл жана бөтөн сөздүн «△ , – ◇ , – △» түрү боюнча жаз.

§ 27. «СӨЗ БЕРМЕТИ» ТОПТОМУ

(1–5-тесте VII классta өтүлгөн)

Алтынчы тесте

1. **Жетине албай калуу** (кубануу, абдан ыраазы болуу, сүйүнүү).
2. **Жер-жеберине жетүү** (абдан катуу тилдөө, жекирүү, майда-чүйдөсүнө чейин, эчтемесин калтырбай сөз кылуу).
3. **Жер каймактагандан бери** (капкачан, алда качан эле, атам замандан бери, небактан эле).
4. **Жер менен жексен болуу** (жоголуу, кыйроо, талкалануу, жок болуу).
5. **Жер чечегин безөө** (өтө укkулуктуу доош, үн чыгаруу, сайроо, чечен сүйлөө, безилдеп көп сүйлөө).
6. **Жети өмүрү жерге кирүү** (абдан катуу уят болуу, сынуу).

7. Жибин тартып көрүү (ой пикирин, сырын тартуу, астыртан байкап көрүү).

8. Жигин билгизбөө (кандайдыр бир иш же бир нерсе жөнүндө шек алдырбоо, сыр алдырбоо, жашырып-жабууга аракет кылуу).

Жетинчи тесте

1. Жилиги үзүлгөнчө (аябай катуу жүгүрүү, чуркоо деген мааниде колдонулат.)

2. Жолун кылуу (кимдир бирөөнүн көрсөткөн жакшылыгына, кандайдыр бир ишке жарап бергенине жана башкаларга карата сый кылып бир нерсе берүү, тартуулоо, сыйлоо).

3. Жон терисин сыйруу (сазайын колуна берип, абдан катуу жазалоо).

4. Жону жука (жарды, кедей, колунда жок, алсыз).

5. Жонунан кайыш алуу (көргүлүктү көрсөтүү, абдан кыйноо, сазайын колуна берүү, катуу жазалоо).

6. Жоон билек (кара күчүнө таянган балбан, алдуу-күчтүү, карылуу).

7. Жоон моюн (тоотпогон, кенебеген, менменсинген).

8. Жоон өпкө (менменсинген, ала көөдөн, мактанчаак).

Сегизинчи тесте

1. Жөргөмүштүн торуна чалынуу (кутула алгыс азапка, ишке, кырсыкка, кордукка кириптер болуу, туш келүү).

2. Жумурткадан кыр чыгаруу (жөнү жок, ыгы жок жерден кыйкым табуу, кемчилик, өөн табуу).

3. Жумуруна жук болбоо (тамак абдан аз болуп, алымсынбай калуу, тойбой калуу).

4. Жүзү жарык (ажарлуу, жайдары, элге уят болбогудай, эл алдында кызарбагандай абалда).

5. Жүзүн ала качуу (уялганынан, айбыкканынан адамга тике карай албай жалтактоо).

6. Жүлүнгө сайгандай (чочуткандай, ачууну келтиргендей, кыжырга тийгендей, так секирткендей).

7. Жүрөгү жарыла жаздоо (абдан катуу толкундоо, сүйүнүү).

8. Жүргөн жерине чөп чыкпоо (жөн жүрө албай дайыма бузукулук иш жасоо, ушак-айың кеп чыгарып, ырк бузуу, бүлүнтүп жиберүү).

Тогузунчу тесте

1. Жүрөгү курч (өтүмдүү, эч нерседен тайманбаган, жалтанбаган, өткүр).

2. **Жүрөгүндө кара жок** (тайманбас баатыр, эр жүрөк, өткүр, курч, ак ниет, ичинде арамдыгы жок, ак пейил).

3. **Жүрөгүндө оту жок** (өтүмү жок, тартынчаак, жашык, жалтаң).

4. **Жүрөгүнө барбоо** (тамак ичүүгө табити тартпоо, ичкиси келбөө).

5. **Жүрөгүнүн сары суусун алуу** (биротоло коркутуп алуу, кайратын качыруу, мизин кайтарып, дайыма коркуп, чочулап тургандай абалга келтирүү).

6. **Жүрөгү өлүү** (абдан катуу коркуп, жалкып калуу, бир нерсени экинчи кайталагыс, баш көтөргүс болуу).

7. **Жүрөгү тоо** (коркконду билбеген, кебелбеген, солк этпеген, жүрөктүү баатыр).

8. **Жүрөгү үшүү** (коркуп, жалкып калуу, жүрөкзаада болуу).

Онунчу тесте

1. **Жүүнү бош** (болбураган, жоош, чыйрак эмес, колунан эч нерсе келбеген).

2. **Жылдызы жарык** (жаркылдаган, жайдары, сүйкүмдүү).

3. **Жылдызы түшүү** (көңүлү чөгүү, капа болуу).

4. **Жылдызы ысык** (сүйгүнчүлүктүү, жагымдуу, мээримдүү).

5. **Жылкы кыял** (мүнөзү терс, чунандаган, чырт дей түшмө).

6. **Ийненин көзүндөй** (эң эле кичинекей, абдан кичине).

7. **Оозунун жээги жок** (сүйлөөк, оозуна алы келбеген, ылайыгы келсе, келбесе да тартынбай сүйлөгөн, туура эмес болсо да уялып кысынбаган).

8. **Жыты сиңишүү** (бири-бирине абдан алынышып калуу, өтө жакын болуп кетүү).

Сүйлөп машыгуу

213-көнүгүү. Алтынчы тестедеги ар бир сөз берметин катыштырып бирден, кааласаң эки-үчтөн сүйлөм түз.

Үлгү: 1. Баласынын тай үйрөткөнүнө атасы **жетине албай калды.** 2. Уулунун аскерден келгенине **жетине албай** кубанган ата-энеси дароо той берди. 3. **Жетине албаган** сүйүнүчүңдү кудай кут кылсын!

214-көнүгүү. Жетинчи тестедеги ар бир сөз берметин катыштырып бирден, кааласаң эки-үчтөн оозеки сүйлөм түз.

215-көнүгүү. Сегизинчи тесте боюнча да 213-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

216-көнүгүү. Тогузунчу тесте да 213-көнүгүүдөй иштелет.

217-көнүгүү. Онунчу тестедеги ар бир сөз берметин катыштырып бирден, кааласаң эки-үчтөн оозеки сүйлөм түз.

Жазып машыгуу

218-көнүгүү. Алтынчы тестедеги ар бир сөз берметине бирден сүйлөм түз жана жаз.

Үлгү: Элдин дүркүрөтө кол чапканына Гүлнур Сатылганова жетине албай калды.

219-көнүгүү. Жетинчи тестени да 218-көнүгүүдөй аткар.

220-көнүгүү. Сегизинчи тесте да 218-көнүгүүдөй иштелет.

221-көнүгүү. Тогузунчу тесте да 218-көнүгүүдөй аткарылат.

222-көнүгүү. Онунчу тестени да 218-көнүгүүдөй иште.

Чеберчиликке машыгуу

223-көнүгүү. Мында 6–10-тестедеги сөз берметтерин толук пайдаланып, беш сүйлөмдүн ар бирине эки же андан ашык сөз берметин катыштырып жазасын.

Үлгү: **Жер каймактагандан бери жер чечегин безеп сүйлөгөн чечендер эл арасынан үзүлбөгөн.** Эки сөз бермети катышты.

224-көнүгүү. 6–10-тестедеги сөздөрдү пайдаланып, 6 сүйлөм жазасын, ар биринде эки же андан ашык сөз бермети болсун.

225-көнүгүү. Үч сүйлөмдүн ар бирине үчтөн сөз берметин катыштырып жазасын.

Үлгү: **Иштин жигин билгизбей анын жибин тартып көрдү эле, айыпкер мойнуна алды да, жолун кылып кутулууга шашылды.** Мында үч сөз бермети катышты.

«КӨЧМӨ БАРАК» ОЮНУ

Окуучулар партага жараша эки катар болсо төрт, үч катар болсо 6 топко бөлүнөт. Ар бир топко мугалим бирден актай барак берет. Ага топтун биринчи окуучусу сөз бермети катышкан бир сүйлөм жазып, аны арткы партадагыга, ал андан ары узатат. Учуна чыкканда алдынкы партадагы окуучудан кайра башталат. Ошентип, «көчмө баракты» тез толтуруп узаткан топ жеңүүчү болот. Сүйлөмдүн мазмуну андан соң текшерилип, жыйынтыгы айтылат.

«КӨЧМӨ БАРАКТАГЫ» ЧЕБЕРЧИЛИК

Бул да «Көчмө барак» оюнуна окшош. Бир аз айырмасы бар. 1. Буга окуучулар толук катышпайт. 5–6 окуучудан турган тандалган эки топ түзүлөт. 2. Ошол эки топтун ортосунда «көчмө баракка» эки же андан ашык сөз берметин бир сүйлөмгө сыйгызып түзүү боюнча таймаш болот.

§ 28. «МЭЭР СӨЗ» ТОПТОМУНАН

(1–3-чачыла VII класста өтүлгөн)

Төртүнчү чачыла

1. Түпкүрдөн дүңгүрөп, толкун учу алтын кумдуу жээкке жай келип, шарп-шурп уруп, кайра тымып, кайра оодарылат, термелет. Чырым булут токтогон боз асманда кайгып, кыйкылдап бир үйүр ак чардак учуп жүрөт (*Т. Касымбеков*).

2. Жээктеги кыламыкка бой салып калкып жаткан кере кулач көк чаар балык шарп эткизе куйругу менен суу чаап, иримге сүңгүйт.

3. Даанышман айылына күмүш чамгарак, ичи көз кайкыткан, сырты каз жумурткасындай он эки канат үй көтөрттү.

4. Аяк-башы атка күндүк жол, үч миңден ашык бийиктиктеги тоо үстүндөгү Соң-Көлгө акыл айран! Үстү толгон каз, өрдөк, ак куу, аңыр. Аймагы көз жеткис мейкин. Кытыр эткен ташы жок кочкул топурагына кыска, кызгылт бетеге чыгат. Ушул бетегесин оттогон төрт түлүк мал жарылгандай семирет. Эти ширин, кымызы чөбүнө түспөлдөш кызгылт келет (*К. Осмоналиев*).

5. Ошол күнү Актаманды карап тургандардын көз кумары канды белем! Бүргөдөй сайылып жеткен алгыр тайган бөрүлөрдү бирине бирин кошпой жалгыздатып, арткы толорсукту кырча каап, силкип өтөт (*К. Осмоналиев*).

Бешинчи чачыла

1. Акын курч, атылган окчо ташка тиет. Акын жалын, алоолоп алса, күйгүзөт да эритет. Акын назик, капыстан урган суук желге кызгалдактай жалбырагын жулдурат. Акын морт, орой сөзгө чорт сынат (*К. Осмоналиев*).

2. Анан балага укмуш бир үн угулду, бешикке таккан жылаажын үнү кулактын кужурун кандырып алыстан чыкты. Жылаажындын үнү улам жакындап келатты, улам күчөп келатты. Тоо ашып, токой аралап, суу жээктеп Бугу-Эне келатты, мүйүзүндө жылаажындуу кайың бешик илип келатты (*Ч. Айтматов*).

3. Бирөө бугу экен, чамгарактай зор мүйүзү айры бутактанып заңгырайт. Жону буудай түстөнүп, ууз түс кең омуроо, чымыр денеси алибеттүү. Суудан башын көтөргөндө, кара кыйма агыш жээк кылкандуу калбык эрдинен суу тамчылап турду (*Ч. Айтматов*).

4. Куду эле Мүйүздүү Бугу-Эненин өзү. Алагар көздөрү түндүктөн түшкөн куттай балбылдайт. Көздөрү нымдашып, тереңинен жылтылдайт. Таноолорунан жеңил буу бууланат (*Ч. Айтматов*).

5. Анын жанында талдын жаш бутактарын жалмалап, токол кунажын марал турат. Соорусу жумурткадай томпоюп, чымыр денеси жок шыбыртка дирт-дирт этет, бирок турушу ойноок (*Ч. Айтматов*).

Алтынчы чачыла

1. Желп-желп этип мелүүн керимсел жүргөндө, шимүүрдүн асел жыты, шыраалжын менен эрмендин кермек жытына аралашып, аңызга жайылып, буудай арасы шуудурап, кылкасына илинген ай жарыгы алтын көлдөй кубулуп чайкалып жатты (*Ч. Айтматов*).

2. Жер, жан жараткан жер, бизди көтөрүп жаткан жер, сен бизге таалай бербесең, эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин (*Ч. Айтматов*).

3. Бирде жээкке урунган эрке толкундай угулар-угулбас шапшынып, бирде тымтырс ойлоно калып, сагынычтуу санаага толгондой, алда эмнеге мундана үшкүрүп, жулкунган шамал булут айдап, жаан айдап, бутактарын кайрып тийгенде, теректер бой тиреше чыналып, «бизди жыгалбайсың» дегендей, өжөрлөнө күүлөнүшөт (*Ч. Айтматов*).

4. Жайы менен жайлоодо түтүнгө ышталган жылкычылардын үйлөрү азыр чоң сайдын буурул тарткан чабындысында тигинде-мында карайып, ак элечек, ак көйнөк кийгендей түтүндөр чамгарактан этек-женин чубалжытып, той тойлогон аялдардай айылма-айыл көйкөлүшөт (*Ч. Айтматов*).

5. Акактап күйүккөн шамал талаадан жулунуп келип, саманды уйгу-туйгу сапырыштырып, кырмандын четинде кыңырыла түшкөн боз үйгө бир тийип, жол менен сабалап куюндады. Жашыл-ала көгүлтүр чагылгандар ийме-чийме сынып, жардын артына сууга түшүп жатты. Андан-мындан тийип, саманды чаба черткилеп, жаандын алгачкы тамчылары дыбырай баштады (*Ч. Айтматов*).

Көркүү окуу

1. Адегенде чачыладагы мээр сөздөрдү ичинен үч сыйра оку. Үндүн кыраатын болжолдо.

2. Анан чачыладагы мээр сөздөрдү удаалаш, андан соң алым сабак түрүндө көркүү окугула.

Төртүнчү чачыла: 1, 2, 3, 4, 5.

Бешинчи чачыла: 1, 2, 3, 4, 5.

Алтынчы чачыла: 1, 2, 3, 4, 5.

Сүйлөп машыгуу

226-көнүгүү. Төртүнчү чачыладагы мээр сөздөрдү өз сөзүнө кошуп сүйлө.

Үлгү: Жаратылыш көркүн Т. Касымбеков эң сонун сүрөттөйт, «Түпкүрдөн дүңгүрөп, толкун учу алтын кумдуу жээкке жай келип, шарп-шурп уруп, кайра тынат, кайра оодарылып, термелет. Чарым булут токтогон боз асманда кайкып, кыйкылдап бир үйүр ак чардак учуп жүрөт», – дегени эстен чыкпас.

227-көнүгүү. Бешинчи чачыладагы мээр сөздөрдү 226-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп иште.

228-көнүгүү. Алтынчы чачыладагы мээр сөздөр да 1-көнүгүүнүн үлгүсүнө окшоштуруп иштелет.

Жазып машыгуу

229-көнүгүү. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы чачыладагы 1-номерде турган мээр сөздөрдү ◇: « △ » деген кеште менен туюнтулган жазуу эрежеси боюнча жаз.

230-көнүгүү. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы чачыладагы 2-номерде турган мээр сөздөрдү « △ »,– ◇ деген кеште менен туюнтулган жазуу эрежеси боюнча жаз.

231-көнүгүү. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы чачыладагы 3-номерде турган мээр сөздөрдү ◇: « △ »,– ◇ деген кеште менен туюнтулган жазуу эрежеси боюнча жаз.

232-көнүгүү. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы чачыладагы 4-номерде турган мээр сөздөрдү « △ », – ◇ ,– △ деген кеште менен туюнтулган жазуу эрежеси боюнча жаз.

233-көнүгүү. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы чачыладагы 5-номерде турган мээр сөздөрдү төмөнкү кештелер менен туюнтулган жазуу эрежелери боюнча жаз. Бирөөнө эки, калганына бир сүйлөмдөн.

1. ◇ :
– △

2. – △ ,– ◇

3. ◇ :
– △ – △

4. – △, – ◇ ,– △

§ 29. «САНЖЫРГАЛУУ КАЗЫНА» ТОПТОМУ

(1–5-шыралга VII класста өтүлгөн)

Алтынчы шыралга

1. Омуртка сөөгү оркойгон, кабырга сөөгү каркайган, каны калган бир кашык, эти калган көк жашык.
2. Чайнарына таш таппай, чабарына баш таппай.
3. Күлазык жайы мамындай: кургаган тандай сууланат, жай алып жаны кубанат, умачтай көзү ачылат, ооруган жерлер басылат.
4. Каптап кетер көп келет, кулак-мурун жеп келет.
5. Мууну кеткен былкылдап, көзү кеткен жылтылдап.

Жетинчи шыралга

1. Баскан жери быркырап, учуучудай дыркырап.
2. Айбалта менен салышып, сабы колдо калышып.
3. Капандын баарын кетирем, досум, самаган жерге жеткирем, досум.
4. Чың-чың үнү чың чыгат, чымырканып бек чыгат, кулак-мурун жеп чыгат.
5. Ичи – душман, сырты – эл, ааламдан чыкпайт мындай эр.

Сегизинчи шыралга

1. Сары изине чөп салып, саргара кууп алыптыр, куу изине чөп салып, кубара кууп алыптыр.
2. Бар-бар этип бар ыйлап, кулак-мурун жеп ыйлап.
3. Токсон тоонун урунуш, токсон дайра куюлуш.
4. Көзүнүн жашын арта албай, мурдунун суусун тарталбай.
5. Карчыгадай камынып, кайыптан акыл табылып.

Тогузунчу шыралга

1. Нар өлтүрсө пул бербей, эр өлтүрсө кун бербей.
2. Кутургандай көзү бар, кубулжуган сөзү бар.
3. Абырдан шабыр ат токуп, ат токуса бат токуп.
4. Сынчы болсоң сынынды айт, сөз жашырбай чынынды айт, сүйүнчүңө төө берем, сүйрү эмчектүү бээ берем.
5. Мени сынга бек тууган, эки көзүм жок тууган.

Онунчу шыралга

1. Айтсам сенден өлөрмүн, айтпасам сындан өлөрмүн.
2. Кабыргам жаман сөгүлдү, бычакка саптык уулуң жок, кайгырып жашым төгүлдү.
3. Тилинде балың бар экен, көзүндө каарың бар экен, сөзүндө заарың бар экен, бал тилиңди салганда, таш да болсо эриткен таңдайда сөөлүң бар экен.
4. Жаагынан түк чыккан, жалындап көздөн от чыккан.
5. Алтымыш жаман бергиче, ашыктай жалгыз берсечи, токсон жаман бергиче, томуктай жалгыз берсечи.

Бул шыралгалар «Эр Төштүк» дастанынан алынды.

Жаттоо

1. 6–10-шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү катары боюнча үч сыйра хор менен көркүү окугула.
2. Ар бир шыралганы өзүнчө жатта.

Алтынчы шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Жетинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Сегизинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Тогузунчу шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.
Онунчу шыралга: 1, 2, 3, 4, 5.

Сүйлөп машыгуу

234-көнүгүү. Алтынчы шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү өз сөзүңө кошуп сүйлө. Санжыргалуу сөздөр сөзүңдүн башына, ортосуна же аягына келе бериши мүмкүн. Каягына келтирсең да, ал өз эркиң.

235-көнүгүү. Жетинчи шыралганы алтынчы шыралгага окшотуп иште.

236-көнүгүү. Сегизинчи, тогузунчу, онунчу шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү да 234-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

237-көнүгүү. Бир окуучу 6–10-шыралгадагы сөздөрдөн өзү каалаганын айтат, экинчи окуучу дароо ошол сөздү өз кебине катыштырат. Мындай сүйлөшүүдө окуучулар утуру алмаштырылат.

238-көнүгүү. Парта катары боюнча кезеги келгенде ар бир окуучу санжыргалуу сөздөн бирди өз кебине аралаштырып сүйлөйт. Бул удаама-удаа жүргүзүлөт.

Жазып машыгуу

239-көнүгүү. 6–10-шыралгадагы 1-номер менен белгиленген санжыргалуу сөздөрдү◇ : «△» – ◇ кештеси боюнча жазгыла.

240-көнүгүү. 6–10-шыралгадагы 2-номер менен белгиленген санжыргалуу сөздөрдү «△ , – ◇, –△» кештеси боюнча жазгыла.

241-көнүгүү. 6–10-шыралгадагы 3-номер менен белгиленген санжыргалуу сөздөрдү –△ ,– ◇ ,– △ кештеси боюнча жазгыла.

242-көнүгүү. 6–10-шыралгадагы 4-номер менен белгиленген санжыргалуу сөздөрдү же◇ : «△» же «◇ »,–△ кештеси боюнча жазгыла.

§ 30. «ТИЛ КУТУЧАСЫ» ТОПТОМУ

(1–7-кутуча VII классta өтүлгөн)

Сегизинчи кутуча

ашкеби (ичип-жегенди гана билген, колунан иш келбеген, иш кылбаган киши)
багалчак (чымыр, жапалдаш бойлуу, кең далылуу)
багжаңда (көңүлү көтөрүңкү болуу, көңүлдүү сүйлөө)
бажыракай (жайнаган көздүү)
бакалоор (алкым, кекиртектин үстүнкү жана ээктин астынкы бөлүгү, суу жаныбарларынын дем алуу органы)
баканооз (тыңчы, сөз ташуучу)
башат (таштуу, кургак жердеги булак)
кайпакта (батынып киришпөө, тайсалдоо)

Тогузунчу кутуча

бейкам (камсыз, жайбаракат)
бермет (кымбат баалуу асыл таш, мончок, шуру)
билги – (жөн билги, бир нерсени жакшы түшүнгөн, тез биле койгон, түшүнүгү бар)
бойтоңдо (бойтоюу, татынакай көрүнүү)
болукшу (балкуу, магдыроо, көөлгүү)
боолголо (болжолдоо, бүдөмүк тааануу, бүшүркөө)

бөйпөндөө (бүжүрөп бирөөгө жагынуу, кошомат кылуу)
кайрымдуу (боорукер, күйүмдүү, ырайымдуу, мээримдүү)

Онунчу кутуча

бөйтөйгөн (томолок, бөйтөгөй тартып татынакай көрүнгөн)
бөктөрүнчөк (ээрдин аркасына канжыга менен бөктөрүп алма буюм)
бруцеллёз (кой, эчки, чочко, уйда болуучу, ошондой эле адамдарга да жугуучу оору)
буйдал (карануу, бир нерсеге алагды болуп калуу)
бушайман (убара болгондук, капалангандык, санаа тарткандык)
бучкакта (жылдырбоо, бура бастырбоо)
кайсар (чалагайым, бир ишти бүтпөй жатып экинчисине киришкен)

Он биринчи кутуча

буяма (оңтой, мүмкүнчүлүк)
бырыксы (чандоо, бир болуу, топурап кетүү)
гимн (мамлекеттик бирдиктин символу катары алынган салтанаттуу ыр) .
гүлзар (гүл айдалган аянт)
гүлстан (гүлдөп өскөн жыргалдуу өлкө, жер)
дарбы (ээлигүү, желигүү, ээлигип кошо дүрбөө)
калпыс (жаздым, таамай эмес, орунсуз, оңтойсуз, туруктуу эмес, ыксыз)

Он экинчи кутуча

дөгүрсү (чоңсунуу, зөөкүрсүнүү)
дүйүм (ар кандай, ар түрлүү)
дүмүрөңдө (баш көтөрбөй аракет кылуу, алагды болбой иштөө)
дымак (көөдөн, чама)
дээр (акыл-эс, зээн)
жагдай (кийимди топчулабай, төшүн ачып коюу)
жазатайып (кокустан, күтпөгөн жерден, жаңылыштан)
калтаары (батына албоо, апкаароо, коркуу, коркконунан эмне кыларын билбей калуу)

Он үчүнчү кутуча

жазганчаак (коркок, жалтак, жүрөгү жок, жалтанчаактык)
жаздоо (жазгы жайыт)
жайбаракат (акырын, шашпай, камырабай, капарсыз, бейкам)
жалакай (чыдамсыз, туруксуз, жалкоо, тийип-качмай)

жалбарыңкы (жалооруган, жалбарган)
жалоондой (жалмаңдаган, шамдагай, албан-субандай)
жалоору (жалдырап, телмирип кароо, боор ооругандай абалда болуу)
камбыл (сарамжалдуу, жыйнактуу, эпчил)

Он төртүнчү кутуча

жалпаңда – жалпаланда (жалпаң-жалпаң этүү, кошомат кылып эпилдөө)
жалтайла (жазгануу, чочулоо, коркуу, ийменүү)
жамажай (ооздун кычыктары)
жандими (көрүп-билип турса да, көргөн жокмун, билген жокмун деп жанын сабап тануучу)
жансерек (араң жан, чала жан)
бир жаңсыл (аягына чыгарылган, бүтүрүлгөн тындырылган, чечилген)
жапатырмак (жапырт, бардыгы бирге, бири да калбай)
каңкуула (четин чыгарып, жандатып айтуу)

Сүйлөп машыгуу

1-машыгуу. 8–9-кутучадагы сөздөрдүн ар бирин кунт куюп оку жана маанисин эсиңе тут. Анан алардын ар бирин катыштырып сүйлөм түз, бирок үнүндү чыгарба, ичиңен.

Үлгү: Карыя кенже уулун опсуз эркелетип, анысы ичип-жегенден башканы билбеген **ашкеби** болуп калганын байкабаптыр.

2-машыгуу. 10–11-кутуча. Буларды 1-машыгууга окшоштуруп иште.

3-машыгуу. 12–14-кутуча боюнча да 1-машыгуудай иштелет.

Оозеки таймаш

Биринчи таймаш

Окуучулар эки топко бөлүнөт да, 8–14-кутучадагы сөздөр боюнча атаандашып оозеки сүйлөм түзүшөт. Маселен, 1-топтун өкүлү өзү каалаган кутучадагы бир сөздү (М.: бойтондо) айтса, 2-топтун өкүлү ошол сөздү дароо катыштырып сүйлөм түзөт (М.: Бойтондогон бала апасынын жанына келди). Сүйлөм түзүү алмак-салмак болот. Бирок сүйлөм түзгөн жуптар ўлам алмаштырылат.

Экинчи таймаш

Мында эки топтун тандалган, камчы чаптырбаган зээндүү окуучулары беттешет. Алар адегенде өз таламдаштарынан кадимки турмуштагыдай эле бата алышат. Анан таймаш. Биринчиси кутучадан беш сөздү бирден айтат. Экинчиси ар бир сөзгө тездик менен сүйлөм түзөт. Анан өкүлдөрү милдетин алмаштырышат, башкача айтканда суракчы сүйлөм түзүүчүгө, сүйлөм түзгүч суракчыга айланат. Жеке таймаштардын негизинде жалпы жыйынтык – уткандар жана утулгандар аныкталат.

Үчүнчү таймаш

Доскага бир топтун өкүлү чыгат. Экинчи топтун мүчөлөрү канча болсо, алардын ар бири бирден сөз сунуш кылат. Бир эле окуучу ошонун баарына илгиртпей сүйлөм түзөт. Анан экинчи топтун өкүлүнө биринчи топтун мүчөлөрүнүн баары бирден сунуштайт. Бул топтун өкүлү да жогоркудай кылат. Акырында мугалим (же калыс) таймаштын жыйынтыгын чыгарат.

Жазып машыгуу

Иштин 1-түрү

Доска бор менен экиге бөлүнөт да, таймашкан эки топтон бирден окуучу чыгып, бирден сүйлөм түзөт. Сүйлөмдү көп жана туура түзгөн өнөктөштөр утуп чыгат. Мында да кутучадагы бир сөзгө бир нече эмес, бир эле сүйлөм түзүлөт.

Иштин 2-түрү

Эки топтон бирден окуучу чыгат да, кутучадагы сөздөрдү катыштырып, каалашынча доскада орун калбай калганга чейин жазышат. Экөөнүн кимиси көп жана туура сүйлөм жазса, ошонусу утат.

Иштин 3-түрү

Мында таймашуучу топ түзүлбөйт. Ар бир окуучу өз алдынча кутудагы сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзөт. Туура жана баарынан көп сүйлөм жазган окуучу биринчи орунду жеңип алат. Андан ары экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи орундар белгиленет. Ошондой эле артта калгандарга да орун бар. Алар артынан санаганда, биринчи, экинчи, үчүнчү орунду ээлегендиги кулактандырылат.

Иштин 4-түрү

Бул да жалпы же топтордун ортосундагы таймаш түрүндө өткөрүлөт. Бирок 8–14-кутучадагы сөздөрдөн 3–4түү кааласа 5–6га чейин бир сүйлөмдүн тутумуна маанилик жактан байланыштырып жаза алуу чеберчилиги жеңип чыгуунун шарты катары алынат.

§ 31. «ИЛХАМ КЕП» ТОПТОМУ

(1–3-түрмөктөр VII классta өтүлгөн)

Төртүнчү түрмөк

1. Чыгарда тик кароодон ийменердей, мелт этип асман жакты бир тиктеди. Жибекке уздар сайган ийнелердей, тепчилип калды күмүш кирпиктери *(С. Эралиев)*.

2. Миң көз менен, миң сөз менен, миң иш менен бул турмушту өлчөгүн (*Р. Рыскулов*).

3. Жылдыз менен нур алышкан ошол кезиң бир өмүргө билик болуп эсте калар *(Ж. Мамытов)*.

4. Чалкыган Ай чалкасынан жатып азга кыраңга, көөдөй түндү боёп кирди улам агыш ыраңга (*Ж. Мамытов*).

5. Миң жылдардын тарыхына жуурулуп, өнүп чыккан элдин руху–улуу рух *(Ж. Мамытов)*.

Бешинчи түрмөк

1. Жарыкты кууп тебелеп, жылдызды көккө себелеп, түн келди жумшак, жыпжылуу, көз кылып Айды төгөрөк (*Т. Кожомбердиев*).

2. Ободон жылат Ай кайып, ороктой учу кайкайып (*Ж. Мамытов*).

3. Ай – ааламга үзөңгү, аны тээп адамзат, жылдызга салат жүгөндү *(Ж. Мамытов)*.

4. О, ыйык жер, түндүгүнөн түндү сүрүп күн өткөн, о, ыйык жер, күздө алтын, кышта күмүш күрөткөн (*Т. Муканов*).

5. Жашоо бул көзгө илешпей, турат ал сан түйүндөн, турат ал сан суроодон (*О. Көчкөнов*).

Алтынчы түрмөк

1. Бир нерсе издеп курулай, тоо ашып кетти сулуу Ай, артында калды жылдыздар чачылып түшкөн шурудай (*Т. Муканов*).

2. Асмандын жүзүн таң чайып, ажарын төктү кашкайып. Ойгонгон тоолор уйкудан карекке чөктү шаңкайып (*Т. Муканов*).

3. Басканда каптал, кыяны, тийбей өт көрсөң уяны (*Т. Умөталиев*).

4. Ата-журт – алтын уя, жеңилин жерден алчу, оорун колдон алчу (*О. Көчкөнов*).

5. Жолду курдай белибизге курчанып, биз каткырып дөндөн ылдый чуркадык; күлкүбүзгө булбул үндүү булак да тыноо какпай тыңшап турду тынч алып (*А. Өмүрканов*).

Жаттоо

А. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы түрмөктөгү ыр саптарын катары менен адегенде бир сыйра, анан эки сыйра хор менен көркүтүү окуу (китептен карап).

Б. Үч түрмөктөгү ар бир ыр сабын өзүнчө жатта:

1) Төртүнчү түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5.
2) Бешинчи түрмөк:1, 2, 3, 4, 5.
3) Алтынчы түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5.

В. Үч түрмөктөгү ыр саптарын хор менен жатка айтуу.

Сүйлөп машыгуу

243-көнүгүү. Төртүнчү түрмөктөгү ыр саптарын өз сөзүңө кошуп сүйлө.

Үлгү: **Капырай, акын эмес адам «Күн чыкты» деп эле коймок, а Сүйүнбай Эралиев: «Чыгарда тик кароодон ийменердей, мелт этип асман жакты бир тиктеди. Жибекке уздар сайган ийнелердей, тепчилип калды күмүш кирпиктери», – дейт.**

244-көнүгүү. Бешинчи түрмөктөгү ыр саптарын 243-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп иште.

245-көнүгүү. Алтынчы түрмөктөгү ыр саптарын да 243-көнүгүүнүн үлгүсү менен иште.

246-көнүгүү. Алым сабак сүйлөшүү. Биринчи окуучу өзү билген бир ыр сабын айтат, экинчи окуучу дароо аны өз сөзүнө кошуп сүйлөйт.

Биринчи түр: Алым сабак сүйлөшүү эки окуучунун гана ортосунда болот.

Экинчи түр: Алым сабак сүйлөшүүгө катышкан окуучулар улам алмаштырылып турат.

Жазып машыгуу

247-көнүгүү. Төртүнчү түрмөктөгү ыр саптарын төл жана бөтөн сөздүн 1, 2, 3, 4-эрежеси боюнча ар бирине ар башка мисал келтирип жаз.

Үлгү: **Жолон Мамытов: «Миң жылдардын тарыхына жуурулуп, өнүп чыккан элдин руху – улуу рух»**, – деген.

248-көнүгүү. Бешинчи түрмөктү да төртүнчү түрмөктөй кылып жаз.

249-көнүгүү. Алтынчы түрмөктү да төртүнчү түрмөктөй иште.

§ 32. ДИЛБАЯН

Байытып баянда

Жөжөлөрүн коруган тоок ...

Катасын оңдоп жаз

1. Эгин сапырган күрөгү менен эпилдеп эгин сапырды.
2. Сууга суусап келип, чакадагы сууга тумшугумду малдым.
3. Зампарлап жааган карды боло турган болчу болсо, күрөк менен күрөп, жыйып салабыз.

Сөздөрдү өз ордуна кой

1. Башталган өмүр – денизден – бүтмөк – денизден – акыры – бир күнү.
2. Аттардын – оозун – беришти – бир – коё – жерден.
3. Таноолорунан буу бурулдаган – шоолаланган ала күүгүмдө – жээк көрүнө баштады – бугунун шалпык эрдине окшогон.

Байланыштырып жана байытып чакан аңгеме жаз

Коңгуроо добуш булак ... Жылаажын үн башат ... Мөлт эткен шүүдүрүм ... шорголоп ... Саратан ... Кырда чоктой жоогазын ... Шуру, мончокчон тулаң ... сайдагы шаркыраган суу ... Жапалак арча ... улар ...

(Муну ыр менен да жазып көрсөң болот).

Сүйлөм түз

1. Ар бири «с» тамгасы менен башталган төрт сөздүү сүйлөм жаз.

2. Ар бири «м» менен башталган үч сөздүү сүйлөм жаз.
3. Ар бири «ш» менен башталган үч сөздүү сүйлөм түз.

Үлгү: 1. **Кырда кызыл кызгалдак кылтыят.**

2. **Кыйырсыз кылымды кеземин кайдагы кайратсыз карыптай, каңгыймын капарсыз күүгүмдө көлдөгү калаксыз кайыктай** *(Ү. Кабылбеков).*

«НАМЫС» ДИЛБАЯНДАР ТҮРМӨГҮ

Жемсалды окуя. Жолой жер майыштырган калың кол менен кыргыз айылын беттейт. Аны көргөн Жакыптын жүрөгү түшөт, коркконунан сакал-чачы бириндеп, үнү дирилдеп кетет. Манаска минтип айтат:

– Эй, балам, айтканына көнөлү, сан кара малды, тандап тогуз сулуу кыз тартуу кылып, курган жанды сактап калалы.

Ошондо Манас бул кепке безге сайган немедей секирип кетет да, атасына мындай дейт:

– Кокуй, ата, не дейсин. Найзалашып топ бузам, ажалым жетсе окко учам, бирок намысты бербейм. Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин.

Ошентип, согуш башталат. Акырында Жолой жеңилет.

1-дилбаян

Ойлон. 1. Жакып Жолойго тартуу-таралга берип, багынып бергиси келет. Балким, мындай багынып берүү элди бүлүндүрбөй кыргындан сактап калуунун татыктуу жолу болуп жүрбөсүн. 2. Манас багынып берүү жөнүндөгү атасынын тилин албай коёт. Улуунун тилин албаган Манас ыймансызбы? 3. Манас эмне үчүн жеке керт башынын кызыкчылыгын ойлобойт, кайра кыргыз калкы үчүн кара башын аябай тургандыгын айтып, жанын оозуна тиштеп, жоого бет алат. Эмне, Манас алангазарбы, энөө жанбы? Эмнеге жоого чабат? Балким, Манастын өзү билген дагы бир турмуш чындыгы бардыр, аныктап көрсөң.

Сунуш. 1. Бул дилбаянды ой толгоо түрүндө жаз. Эгер зарылчылыгы болсо, «Карышкыр менен түлкү» дилбаянынын 6-түрүн (бул VII класста) эсиңе сал.

Пайдалан. 1. Жолой ачуулуу аюудай, көзү бакалуу көлдөй, кашы өрттөнгөн токойдой, эрди чокойдой. Төбө чачы сүксүйөт, жеп ийчүдөй үксүйөт. 2. «Манас, Манас» дегенде барбая түшөт экенсиң,
суу толтурган чаначтай дардая түшөт экенсиң» (Жолойдун сөзү). 3. Манас бир карасаң – бир киши, бир карасаң – миң киши. 4. Үзөңгүдөн бут тайып, ээрден көчүк кылтайып. 5. Көрүнгөндөн көрүнүп, көк түтүн болуп бөлүнүп. 6. Боконо сөөгү болкулдап, боор ичеги солкулдап. Эки өңүрү

далбактап, эки көзү алактап. Эрбеңдеген эки кол өйдө болбой шал болду, челектей болгон кайран баш жарылып кара кан болду (Жолойдун ал-абалы).

2-дилбаян

Сунуш. Жолой менен болгон согушту Жакыптын сөзү менен сүйлөп, көзү менен көрүп, ою менен ойлойсуң.

3-дилбаян

Сунуш. Манас менен болгон сунушту Жолойдун көзү менен көрүп, сөзү менен сүйлөп, акылы менен баалайсың.

4-дилбаян

Ойлон. Мындан мурда Жолойдун Манастан жеңилиши боюнча үч дил баян жаздың. Сен Манастын эрдигине сыймыктанасың. Аны чамандын жетишинче мактайсың. Айкөлдү өзүндүн ыйык тирегиң катары эсептейсиң. Мунун баары – туура жана талашсыз нерсе. Бирок сенин өзүндө бүдүрдөй болсо да намыс барбы? Ошону сезген учуруң болдубу? Же намыска караганда өзүнө пайдалуу ишке оop турарсың. Анткени жан сактоо керек да. Кара курсактын камы не дедирбейт да, не жедирбейт. «Элиң бөрү болсо, бөрү бол, түлкү болсо, түлкү бол» деген макал бөрүдөй ач көздүккө, түлкүдөй алдамчылыкка жол ачып турганы жалганбы? Же башкачадыр?

Сунуш. Ушул дилбаянды жазууда, төмөнкү эки түрдүн бирин тандап ал. Бири – диалог менен жазылган дилбаян. Айталы, жогорку маселенин тегерегинде эки окуучу талашып-тартышат. Эгер, муну каалабасаң, экинчисин жаз. Ал пьеса-дилбаян. Анда да эки-үч адам намыс, пайда, жан сактоо жөнүндө акыл калчашат.

«КҮЛЧОРОНУН КӨРГӨН КОРДУГУ» ДИЛБАЯНДАР ТҮРМӨГҮ

Жем салды окуя. Күлчоро – эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүмүнүн экөөндө тең катышкан сүйгүнчүктүү каарман. Семетей жеңилип, кайып болуп кеткен соң, Күлчоро туткундалат. Адегенде далынын үстүнөн көнөктөй эт кесип алышат. Кыяз анан дал ортосун сойдуруп, чемирчекти ойдурат. Ошондон кийин кырк жылкычы, сексен кулга отунчу, суучу кылып беришет. Кончуна кызыл чок салып жиберип кордошот.

Эрте тургузуп, чылгый терини ийлетишет. Чорону талпактай сабашат. Карыган жылкы томугун жуткуруп, кыраан каткы күлүшөт. Анан уктатпай бийлетишет. Тогуз күнү кара сууну кыйнап ичиришет. Кементайы дал-дал айрылган. Далысынан кара кан агып турат. Ал аз келгенсип, чорону көкбөрү да кылып тартышат.

1-дилбаян

Ой толгоо. 1. Мынчалык кордукка кабылгыдай Күлчоро кыргыз элине эмне жамандык кылды эле? 2. Таңкаларлык эмеспи, кыргыз баатырын кыргыздардын өздөрү кыйнап жатышкандыгы. Анда кыргыз кыргызга душманбы? Же кандай? 3. Өз түгүл душманды да мындайча кыйноого болбойт эмеспи. Же ушундай кыйноодон ыракат алууга болобу? Мисалы, кээде жөндөн-жөн эле жыланды көрсөң, таш менен уруп өлтүрөсүң. Ташың болжогон жерге таамай тийгенде, сүйүнөсүң. Мунун Күлчорону кыйнап ыракатка батуудан айырмасы кайсы? Анда сенде да мындай кыйноодон ыракат алуу сезими бар турбайбы? Же башкачабы?

Сунуш. 1. Дилбаянды ой толгоо түрүндө жаз.
2. «Сөз бермети», «Макал» топтомдорун пайдалан.

2-дилбаян

Сунуш. Окуяны Күлчоронун өз сөзү менен баянда.

Пайдалан. 1. Баатыр да элек, шер да элек, билекте кубат барында, балекет кайда дээр элек, биз да тайлак басып жээр элек. 2. Кара болот Зулпукор көөлөгөн эрдин өзү элек, тоодой-тоодой алптарды жөөлөгөн эрдин өзү элек. 3. Кыргызга кызыл туу элек, душманга ызы-чуу элек. 4. Ак болот элем мокодум. 5. Чама чарчап кан кетти, мен байкуштан ал кетти. 6. Ала аска элем, жол болдум, артыкча жаман кор болдум. 7. Өлбөй-житпей, чок болуп, күйүп өлмөк экенмин.

«Манас» эпосу

3-дилбаян

Сунуш. 1. Дилбаянды пьеса түрүндө жаз. 2. Арадан миңдеген жылдар өтсө да, кыялың менен Күлчорону кордогондорду соттойсуң. Катышуучулар: 1) сот, 2) каралоочу, 3) актоочу, 4) Күлчоро, 5) Кыяз.

«БУЗУКУ» ДИЛБАЯНДАР ТҮРМӨГҮ

1-дилбаян

Ой өбөлгөсү. Санат ырлардын устаты Молдо Нияз: «Эшигинен туташып, төрү күйсүн бузуктун. Түтүн чыгып өлгөндө, көрү күйсүн бузуктун», – дейт.

Ойлон. Молдо Ниязды санатында бузукка катуу каргыш айтылат. Мынчалык оор каргыш ууруга да, ач көзгө да, ичи тарга да, оболу, чыккынчыга да айтылбайт. Кыязы, бузукулук ошолордун баарынан жогору турган терс сапат болбосун. Балким, бузукулук да өтө таланттуулуктун белги-

сидир. Мисалы, В.Шекспирдин «Отелло» трагедиясындагы Яго шайдоот жигит. Тили да ширин. Башкаларды өзүнө ишендире алат. Далили да таамай. Баарын алдын ала ойлойт, тактайт. Керек болсо, ак жүрөк, адилет. Бирок бекем, ууздай таза бир үй-бүлөнү бузуп талкалайт. Ягонун айтканларына ишенген Отелло өзүнүн сүйүктүү жары Дездемонаны муунтуп өлтүрөт. Ал эми А.Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү» драмасында Барак эл менен элди, уруу менен урууну, баатыр менен баатырды араздаштырып, жигин билгизбей бузуп, чабыштырат, бирин бирине өлтүртөт ж.б.

Сунуш: Молдо Нияздын санатынын негизинде ой толгоо түрүндө дилбаян жаз.

2-дилбаян

Ой өбөлгөсү. Илгери бир Жоламан деген жоомарт жол боюна казан астырып, өткөн-кеткенге табак тартып, тамактандырып турчу экен. Күндөрдүн биринде ошол жол менен шукшундаган бирөө өтөт, алдынан ызаат менен этин булоолонтуп көтөрүп чыккан табакка карабайт. Ашыккан түрү бар. Жөнөй берет. Ошондо анын соо адам эместигин сезген Жоламан артынан куып жетет да: «Неге шаштың, айт чынынды, болбосо, башынды алам»,– дейт. Көрсө, ал бир айылды экинчи айылга жамандап, чагым чыгарып чабыштырууну көксөп бараткан экен. Ошого шашыптыр. Жоламан буга ого бетер ачуусу келет, кылыч менен башын шыпыра чабат. Анан каны шоргологон башты даректын шагына илип коёт. Баарынан кызыгы – баш илинер замат, көгөрүп турган дарак дароо куурап калган экен (*Улама*).

Ойлон. 1. Бузукунун башы илинер менен, дарак неге куурап калды? Мында кандай сыр бар? Ал эми азыр деле эл арасында чагымчыны «Сен жүргөн жерге чөп чыкпайт, каапыр» деп коюшат. Балким, ушул эки түшүнүктүн ортосунда бекем байланыш болуп жүрбөсүн? Эл ушундай уламаны ойлоп табуу менен, эмнени айткысы келген? Сага тиешеси барбы?

2. Ырас, бузуку – адамды туура жолдон чыгаруучу азгырыгыч, оң ишти тескери кылуучу куйту адам. Ал колунан келсе, ата менен баланы, аялы менен күйөөсүн, кыйышпас досторду, кошуналарды, агайын-тууганларды, эл менен элди бузат. Ошондой бузукулук кылгандан кийин гана андай кишинин көңүлү тынып, жаны жай алып, тынч уктайт дейт. Бирок ошол бузуку кайдан чыгат? Айкөлдүк, кайрымдуу жана боорукер сезимден ажырап, адамдын ниети карара баш-

таса, бузукулук ошол жерден ойгонор. Же кандай? Балким, бирөөлөрдүн ийгилигине ичиң тарып, көргүң келбей, жүрөгүң зыр этип, өңүң бузулуп, таноон кыпчылып турса, бул ниеттин карарышы эмеспи?

Сунуш. Бул дилбаянды диалог түрүндө жаз. Сүйлөшкөндөр жүйөлүү далилдер менен өз ара талашып-тартышса да болот.

ЗАМАН ТАШ БООРБУ?

Ойго таек. Айрым кишилер: «Бир тууган түгүл ата балага, бала атага карабаган заман болду»,–дешет.

Ойлон. Өз үйүңдөн тегерек-четиңе, айлана-чөйрөгө, айылапа, агайын-тууганга чейин байкап көрсөң. Чын эле баары таш боор болуп кеттиби? Ар бир жан керт башынын камы менен болуп, бири-бирине жардамдашпайбы? Мээр өчүп баратабы? Атасы баласын, баласы атасын карабай кеткен учурлар көппү? Анда ар бир жаңы төрөлгөн баланын тагдыры эмне болот? Улгайган адамдарды жапырт карыялар үйүнө тапшырып жатышабы? Же кандай?

Сунуш. Өз оюңду жаз. Дилбаяндын түрүн тандап алуу өз эркиң.

Тилге таек. Пейил кетип адамдан, береке качты замандан, нуска жорук жоголду жакшы менен жамандан *(Молдо Кылыч)*. Бирөөгө кең, бирөөгө тар экенсиң, замана. Бирөөгө жок, бирөөгө бар экенсиң, замана *(Жеңижок)*. Чаңдатып сан-миң жылдын эки арасын, турмуштун даңканга уруп майда ташын, өмүрдү салмоор кылып зырылдатып, тагдырдын сазга айлантып зоо-аскасын, адамдын эс-акылын камчыланып, замана, кайда зуулап баратасың?! *(Алыкул)*. Замана шуру киет, бермет киет, кийгени көктөн туруп жерге тиет. Түк өчпөс күмүш издүү калемди алып, ак көңүл азаматтын атын чиет (*Алыкул)*.

МЭЭР ТӨККӨН АДАМ

Ойго таек. Кыргыз элинин мыкты кыздарынын бири мындайча кеп салат: «Мен балдар үйлөрүн көбүрөөк кыдыра баштадым. Ошондой сапарларымдын биринде Панфилов районундагы интернатка барганымда, чыпалактай кыз мага жабышып, колумду кармап алып: «Сени абдан сагындым. Мен сени зарыгып күттүм»,– деп шыбырады. Ал мени өзүнүн апасы экен деп ойлоп жатканын түшүндүм. Ошондо менин кандай абалда калганымды өзүңүз сезип турган чыгарсыз. Көзүмө айланган жашты араң токтоттум. Мындай балдардын турмушун өзгөртүү жөнүндө ошондо өзүмө сөз бергем». Ошентип, ушул ой анын оюн онго, санаасын санга бөлөт.

Канткенде жетимдерди жана таштанды балдарды канаттуу-га кактырбай, тумшуктууга чокутпай багып чоңойтсо бо-лот. Тапты. Мындан 50 жыл илгери австралиялык улуу гу-манист Герман Гмайнер жетим жана таштанды балдар үчүн атайы балдар кыштагын түзүптүр. Анда жаш жеткинчектер эч нерседен өксү болбой, өз үй, өлөң төшөгүндөгүдөй чоңо-юшкан, мыкты билим, таалим-тарбия алышкан. Азыркы күндө Герман Гмайнердин үлгүсү дүйнөнүн 128 өлкөсүндө колдонулуп жатыптыр. Эмне үчүн үлгүнү Кыргызстанда кол-донууга болбойт. Майрам эми так ушундай ниет, аруу тилек менен күргүчтөгөн катуу аракетке өттү да, оюн ишке ашыр-ды. Азыр Бишкек шаарынын четинде тиричиликке зарыл нерселердин баары бар, ары жөнөкөй, ары азем жасалга-луу, бөлмөлөрү жарык, заңгыраган эки кабаттуу 20 там бүткөрүлгөнү турат. Бул – кароосуз жана жетим балдарга арналган кыштакча. Сыркоо жетим балдардын саламатты-гын сактоочу Ысык-Көлдүн боюнда «Алтын балалык» деген үй комплексин куруу башталды. Андан башка балдар үчүн кылган камкордугунун чети оюлгус...

Ойлон. Эмне, таш боордук өкүм сүрүп, ата балага кара-бай, баары битин сыгып, канын жалаган битирге, зыкымга айландыбы, же адамды сүйгөн, боорукер, камкор, кайрым-дуу адамдардын тукуму соолдубу? Мисалга кайрылсаң, Би-риккен Улуттар Уюму, «SOS – Киндердорф Интернационал», жапониялык «Чөп тамыры» сыяктуу эл аралык уюмдар кол-доп, медициналык жабдууларды сатып алууга акчалай ко-шумчаларын берип жатышат. Өнөр жылдыздары: Алибек Днишев, Керим Турапов, Роза Амановалар «Алтын балалык» үчүн атайын кайрымдуулук концерттерин беришсе, швейца-риялык бир адам 25 миң доллар кошумча кошкон. Санай берсе мындайлар көп. Анда оомал-төкмөл дүйнөдө мээ-римдүүлүккө да орун бар экен да. Мунун да учу узарып, ка-наты жайыла турган сапат экенине ишенүүгө болобу? Буга сенин жекече пикириң кандай?

Сунуш. Бул дилбаянды өзүң каалаган түргө салып жаз.

Пайдалан. 1. Жетимге камчы көтөрбө, жетимдин отун өчүрбө, же-сирге камчы көтөрбө, жесирдин отун өчүрбө *(Арстанбек)*. 2. Гуманизм жана сүйүү – бул аң-сезимдин туу чокусу экенин түшүнүү айрым учур-ларда кишилерге оңой-олтоң эмес. Келечек үчүн бириккиле *(Герман Гмай-нер)*. 3. Бүгүн ким балдарга алпейимдүү болуп, жакшылык жасаса, ал телегейи тегиз келечек жаратат *(«Кыргыз Туусу»)*. 4. Илгери Атантай де-ген адам болгон экен. Ал бала күнүндө энесин эмбей чыркырап, кулак-мээни жеп ыйлайт. Чарк көпөлөк айланган ата-эне баланы сооротуу үчүн

кылбаган аракети калбайт. Бирок бала басылбайт. Ошондо айылдан бир кароосуз калган жетим баланы таап келип, энесин эмизсе, ошондо Атантай сооронгон экен. Оболу жарпы жазылып күлүп, сүйүнгөн дейт. Ошондон Атантай жоомарт деп атыгып калыптыр *(Улама)*.

Эс алуу үчүн

Төмөндөгү сөздөрдү өз ордуна койсоң, сенин келечек тилегиңе төп келген маани чыгат.

Адам болосуң – айкөл – барга топук, жокко сабыр кылган сен келечекте – алдамчылыгы жок – колу ачык – мандай тери менен жашаган.

Дагы эс алуу үчүн

Төмөнкү сүйлөмдүн дурусу кайсы, бурушу кайсы?

Көп жазганга көнбөгөн, жеңилге желпинген жаным көлөмдүү көнүгүүгө көнө албай, көнүгө албай, көңүл чаппай, көөнүм үч көчкөн журттай болду эле, эми дил баянды жабыратып, сөз берметтерин жамыратып жазуудамын.

Эс алып, окуп кой

Апендинин кеп баштыгынан. Алдаркөсөө эшиктен кирип:

– Ассалоом алейкум, хан ордосу, – дейт. Жээренче чечен:

– Алейкима ассалам, эл жоргосу – дейт. Жээренче чечен ишарат кылып, колу менен башын кагат. Алдаркөсөө колунун учу менен тилин кагат да, эшикке чыгып кетет.

– Мени эч ким жыга алчу эмес эле, ушул кирген Көсөө жыгып кетти, – дейт чечен. Анда Жаныбек кан:

– Жээренче чечен, сени Көсөө кантип жыкты? – деди. Анда Чечен:

– Көсөө эшиктен салам айтып, кирип отурганда, колум менен башымды кагып: «Балаа башка кайдан келет?» – деп сурадым. Көсөө колу менен тилин кагып: «Бала башка тилден келет», – деп жеңип кетти.

КАЛМАТАЙ

Ойго өбөлгө. А. Куттубаев менен К. Маликов экөө биргелешип жазган «Жаңыл» драмасында атайы көңүлгө ала турган мындай бир учур бар. Түлкү баш болгон баатырлар нойгутка барып кол салып, жылкы тийип келатканда, Жаңылдын жаасынан набыт болушат. Ошону укkан Калматай Жаңылдан өч алмакчы болот. Бирок кимге барат? Кыргыздын элин чаап, күлүн көккө сапырсам дегенге эки көзү төрт болуп отурган калмак каны Манжыга барып, ар-намысын

жыйыштырып коюп, кол куушурат. «О, Манжы досум, – дейт Калматай,–көңүлүң түшүп кааласаң, короодогу коюмду ал, өрүштөгү жылкымды ал, токою менен жерди алгын, илбээсинин жайнатып, толкуган Чатыр-Көлдү алгын». Мындай сыйга ыраазы болгон, алтын көрдө болсо көргө, ордо болсо орго кирүүгө маш болгон Манжы: «Мен өмүрү пайда менен байдан качкан эмесмин», – деп чын сырын айтат. Анан экөө биргелешип Жаңылдын таш талканын чыгармай болушат.

Ойлон. 1. Неликтен Калматай кыргыз жерин кыргыз душманы Манжы төрөгө бермей болот? Бул душмандын көктөн тилегенин жерден таап бергендик эле. Кул, күң, тулпар, шумкар, алтын-күмүш берсе болот, а жер берет деген эмне шумдук! Деги Калматайда кылчалык ар-намыс барбы? Же алжып калган немеби? Антейин десең, Жаңылга үйлөнгүсү келген дымагын кантесин?

2. Күчтүү душманга каршы калмактар менен өнөк болуп салгылашса, бир жөн. Калматай кыргыздын баатыр кызы Жаңылга каршы душман менен биригип, жаат курашы акылга сыярлыкпы? Жоо жакадан, бөрү этектен алып турган кезде кыргыз кыргызга каршы чыгыш үчүн душмандын колтугуна кирип, ага токою менен жерди, жер сулуусу Чатыр-Көлдү берип кошоматтанышы туурабы? Балким, туурадыр. Анткени ар кимде жеке мүдөө, жеке кызыкчылык деген бар да. Аларды элдин кызыкчылыгы үчүн садага чабыш керекпи? Жекече оюң кандай?

3. «Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи» дейт. Жанды мындай кой, жоого кошомат кылып, тоо-токойду бергенди ким дейбиз? «Жапыз да болсо тоом бар, тайыз да болсо суум бар» дейт, бул жакшы, ал эми ошолорду душманына берип койсочу?!

4. Бети жок адам кандай болот? Алтын көрдө десе көргө, ородо десе орого кирген адам эпчил, жан сактоого бүйрө, тын, бардар жашайбы? Анда ага суктанса болот да.

Сунуш. Дилбаянды диалог түрүндө жаз. Сүйлөшкөн эки окуучунун бири Калматай менен Манжыны жактаса, экинчиси жамандасын. Бирок жүйөсү менен.

Тилге таек. «Өз агасын агалай албаган, бирөөнүн босогосун сагалайт». «Ата журтуң – алтын бешик». «Туулган жердин топурагы алтын». «Асманда жүргөн кыраан да түнөгүн көксөйт». «Жери байдын – эли бай» *(макалдар)*.

ТЕЙИТБЕК МЕНЕН КАЛМАТАЙ

Ойго таек. «Курманбек» драмасында Тейитбек да – кыргыз элинин душманы. Корун менен дос болуп, анын кызы Шаазынды баласы Курманбекке алып бермекчи болуп кудалашат. Бирок Курманбек атасынын тилин албай, өзү жактырган Айганышка үйлөнөт. Атасы теңирден тескери кеткен уулуна каршыгып калат. Аңгыча Корун кыргыздарга кол салат. Эми Тейитбек эмне кылышы керек? Жоого минчи Телтору атты баласына бербейт. Оболу уулунун өлүмүн тилейт. Айганышка тетири бата берет.

Ойлон. Тейитбек менен Калматайда кандай окшоштук, кандай өзгөчөлүк бар?

Сунуш. Ой толгоо түрүндө жаз.

Тилге таек. 1. «Миң ирет уулум болсо да, миң түркүн мүшкүл толсо да, бере албаймын атымды!» *(Тейитбектин Чагырга айтканы).*

2. «Башыңдан балакет кетпесин, этегиң толорсугуңа жетпесин. Сокуну минип, сокбилегиңди камчыланып, туурдугуңду салынып, туткучуңду темингин. Ичериңе тамак таппай, куураган куу сөөктү кемиргин» (*Келинине берген тетири батасы).*

3. Тилим жылан болуп Курманбек экөөңөрдү чаксын. Сенин чачыңды кыркып, жерге тикеңден каксын. Корундун болот найзасы Курманбектин жүрөгүн тешсин жаралап, булактай кочкул кара кан агып турсун салаалап. Кыргыздын кызы күң, катыны жесир болсун!» (*Тейитбектин Айганышка айтканы).*

ЫЙМАНДЫН КҮЧҮ

Ойго таек. Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестиндеги Ысмайыл уурдаган уйдун этин үйгө алып келгенде, Сейде чочуп кетет. «Сен белең?» – дейт тамагы кургап. «Унчукпа ишиң болбосун! – дейт Ысмайыл, – заманаң бөрү болсо, бөрү бол, сен ачтан өлүп бара жатсаң, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт. Алган алып, жулган жулат. Мен уурдайм, аскерден качып, ачтан өлөйүн деген эмесмин. Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм. Этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө, уктуңбу?» Анан Ысмайыл чыгып кетет. Нес болгон Сейде отуруп калат. Чатташып, түрмөктөшкөн ойлор. Бир түндүн ичинде анын чачы агарып кетти. Эртеси колуна баласын көтөргөн Сейде атайы качкынды кармоого келген эки солдатка ууру күйөөсүнүн каерде жатканын колу менен көрсөтөт. Анан баласын көтөрүп, Ысмайыл жашынган жерди көздөй жөнөйт. Ок атылат. Мырзакул жарадар болот. Солдаттар да ок чыгарыш-

ты. Каршы-терши учкан ок. Бала көтөргөн аял гана Ысмайылды көздөй баратат. «Ал азыр өлүмдү көздөй эмес, адамдын бийик касиети, адилеттиги үчүн баласын керилген көкүрөгүнө кысып, башын өйдө көтөрүп кетип бара жатты. Аңгыча болбой, нары камыштын арасынан боз шинели алама-жулама, бети башы сакал баскан киши секирип чыгып, мылтыгын кош колдоп өйдө көтөрүп, аялга калчылдап жүткүндү. Бетинен киргилт тер куюлган, капкара түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, бетме-бет келгенде, көзү алачак-мактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип, жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, жыланбаш аялдын маңкайып турганын көрдү. Сейденин жаш аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын тээ тигиндей ташка жанчып ыргытты да, колун көтөрүп, мылтыгын сунуп келе жаткан солдаттарга корголоду»,–деп жазат жазуучу.

Ойлон. 1. Эмне үчүн Сейденин бир түндө чачы агарып кетти?

2. Эмне үчүн Сейде октон коркпойт? Эмне, ага жин тийдиби?

3. Аскерден качуу колунан келген, кошунасынын уюн уурдоо колунан келген Ысмайылдын эмне үчүн Сейдени атуу колунан келген жок?

4. Ысмайылды жалтанткан, мылтыгын ыргыттырып, кол көтөрттүргөн кайсы күч?

Сунуш. Ой-толгоо түрүндөгү дилбаян жаз.

§ 33. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ БОЮНЧА МАЕКТЕР

Апенди кеп салат

1. Маек (кыскача).

2. Ар бир маек өзүнчө. Чакан текст.

3. Маектин ээси – сен экөөбүз. Мен сунуштайм. Сен улантып кетесиң. Кантип? Маектин текстинин жазылышынын тууралыгын, катасын, кандай тыныш белгилери коюларын сен оозеки айтып бересиң – улантканың ошол.

Үлгү:

Маектин тексти: Үкүлү тебетей кыздарга ылайык баш кийим. Анын төбөсү же баркыт же кыжым же чий баркыт же тукабадан шырылып жасалат.

Окуучунун жообу: Бул текстте төмөндөгү каталар бар. 1. Үкүлү эмес, үкүлүү. 2. «Тебетей» деген сөздөн кийин сызыкча коюлат. 3. «Баркыт», «кыжым», «чий баркыт» деген сөздөрдүн ар биринен соң үтүр коюлат.

№ 1

Ит эдигейдин алаканындагы татыны жалап алып кырсылдата чайнап жиберди да үмүтөнө көзү жалжылдап, шыйпандай туруп калды.

№ 2

– Эй иничек деп кайрыла калды тиги төөгө көз сала турчу бала бакыра бейбаштык кылбасын.

№ 3

– Бул ишиң иш эмей эле башыңа түшкөн мүшкүл экени бир көргөн көзгө көрүнүп туру эдигей. Мындай ишке али тыңый элек турбайсыңбы.

№ 4

Мунун эмнеси күлкү деп казангап түнөрө түштү ачусунан эриндери титиреп кети.

№ 5

Кеде гана болбосо мынчалык ачуланчы эмес айрыкча боор эти менен тең көргөн эчтемеден кор кылбай окутупчокуткан чоң киши болот деген үмүтө жүргөн улуна минтип катал сүйлөп ачуланбаса керек.

№ 6

Бери кара сабитжан мен өз алыма жараша өз ишим бар, карабайыр кишимин. Башка жумушка киришпеймин. Бирок билип кой сени өз мээң менен түшүндү го дечи элем.

№ 7

Койчу Казаке. Качандыр бир өткөнгө.

–Кеп ошондо. Байлыгынды алып койсо өлбөйсүң эптеп күн көрүп кетесиң. А эгер абийириңди тепсеп салышса аны эч ким кайра тазарта албайт.

№ 8

–Казаке болду го паровозго кирип отура туралы күн ырайын күтөлү деди тонуп калган кол каптарын бири-бирине ургулап.

–Күн ырайы ушу турганы турган. Жүр күрөктөйлү бекер турушка акыбыз жок.

№ 9

Эй Абуталип жолдон чык! Сен эмне дүлөй болуп калгансыңбы деп кыйкырды эдигей. Абуталип унчукпады.

№ 10

Эгер улу кокус бир себептен тирү кылып айдар көкүлдөр аны маңкурт кылып койгон болсо анда улу адам эмей эле адамдын сөөлөкөтү болуп калды да *(1–10-маектер Ч. Айтматовдон)*.

№ 11

Каны кызуу жаштар бар дайым шашма алпарып алтын башын урат ташка деген Фирдоуси.

№ 12

В. Франклин тамчыдан таш тешилет деген.

№ 13

Талбас эмгек деген М.В. Ломоносов тоодой тоскоолдукту женет.

№ 14

М.Сервантес келген бакыты кармай албаган кеткен бакытка өкүнбөшү керек деген.

№ 15

Абай мындай деген жаман жолдош көлөкө.

№ 16

Абдылас Малдыбаев үч жүздөй чыгарма жараткан. Ажал ордуна драмасынын Айчүрөк Манас операларынын музыкасын жазышкан.

№ 17

Узакбай Абдукаимов Майдан романын жазган А.С. Пушкин, А.П. Чехов, М.Горький, А.А. Фадеев жана башкалардын чыгармаларын кыргызча которгон.

№ 18

Айдаралы Жөргөлөк комузчу ырчы куудул. Курманбек Кожожаш сыяктуу кенже дастандарды айткан. Ар бир аткарган күүсүнүн ыргагына жараша кебете кешпирин кубултуп төбөсүнө топусун ойнотуп куудулданган.

№ 19

Гапар Айтиев чабандар Ысык көл кыргыз деңизи деген сүрөттөрү үчүн 1960-жылы токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

№ 20

Алиев Осмонкул партиялык жана мамлекеттик ишмер. 1924–26-жылдарда эркин тоо гезитинин 1926-жылы коммунист журналынын редактору болуп иштеген.

№ 21

Атаке баатыр XVII-кылымдын 2-жарымында Чүй өрөөнүндөгү Сарбагыш уруусун бийлеген бий. Ал 1785-жылы Россияга элчи жиберген.

№ 22

Ахунбаев Иса кыргыз окумуштуусу хирург. Академик илимге эмгек сиңирген ишмер. 1959-жылы орто азияда биринчи жолу жүрөккө операция жазаган.

№ 23

Балбалдар көчмөн түрк уруулары мүрзө үстүнө койгон таш айкелдер. Бийиктиги 1–4 метр. Ал алтайда Түштүк сибирде Таласта Чүй Ысык-Көл өрөөндөрүндө көп кездешет.

№ 24

Барсбек 8-кылымдагы Кыргыз каганы. Чыгыш Түрк каганынын баскынчылыгына каршы күрөшүү үчүн Эрен-Улуг деген элчисин Тибетке жиберген. 711 жылы түрк каганы Капаган Көгмөндү ашып кыргыз ордосуна капысынан кол салып ошол согушта Барсбек курман болгон.

№ 25

Никита Яковлевич Бичурин (1777–1853) чыгыш таануу илимине чоң салым кошкон Россиялык окумуштуу. Ал кытай тилиндеги даректерди орусчага которгон. Анда байыркы жана орто кылымдагы кыргыздар хунну динлин уйгур карлук түргөш моңгол ж.б. жөнүндө маалыматтар бар.

№ 26

Бурулча Осмонбек кызы (1836–1916) айтылуу темир комузчу. Ал турумтай булбул тактеке Керме тоо деген күүлөрдү аткарган. Өзү да селкинчек кош кайрык Бурулчанын күүсү

деген күүлөрдү чыгарган *(16–26-маектер, «Кыргыз тарыхы» энциклопедиялык сөздүгүнөн кыскартылып алынды).*

№ 27

Көк өзөн боюнда адам байырлаган жалгыс дарак ушул чоң түп шаатыт. Жерге сойлоп чөгүп жаткан кызыл нардын мойнундай ийри ноодаларынын шагы калың түбү жайлуу көлөкөлүү. Жел болсо болбосо башына майда толкун жүрүп балыгы үркөн көлдүн бетинде жыбырап көйкөлүп дайыма акырын шыбырлап турар эле.

№ 28

Сарыбай сейрек сары сакалдуу көзүнүн үстү кабарчыктаган эти жука киши эле. Кебези тайыз кашкары чапанды саймалуу сары кең чалбарга шымданып койгон. Бутунда тумшугу нукчуйган кан өтүк. Колунда күмүш камчы.

№ 29

– Бекерчи болсоң мына жакында тарум баш алат келип тару корушсаңчу деп Теңирберди абышка тамаша сөз жиберип кызыл ээк оозун ачып, кыкылдап күлүп калды – Бүркүтүндү үксөйтүп тыттын башына кондуруп койсоң болду ошондо эле чымчык атпай бу чөлкөмгө жолобой калат!

№ 30

Сарыбай күлүп ал дагы тамашага жараша жооп кылды. А бу бүркүтүмдүн тырмак акысы кандай болор экен Теңирберди аке?

№ 31

Теңирберди ыкчам туруп акчыл булуттай сур сүлөсүндү тумшугунан силкти бойу менен тең болуп куйругу же чийип күмүш кылкандары сеңселе түшүп тери дагы көркүнө чыга түштү.

– Тебетейге чондук кылат. Муну ичике жакка кылдырсам болчудай *(27–31-маектер Т. Касымбековдон).*

№ 32

Бир философ төрт аяктуу арстанга караганда эки аяктуу арстан коркунучтуу келет. Андан эки эсе сак болуш керек деп өз падышасына тийиштире сүйлөптүр.

№ 33

–Бай болуу менен акчасы көп болуу экөө эки башка нерсе болот дейт Диоген-Колунда болгонуна каниет кылган киши

чыныгы бай. Өзү тойсо да көзү тойбогон сугалак адам каниет кылган адамдан жардылык кылат.

№ 34

Чөптүн тамырын жеп жаткан Сократты көрүп бир киши биздин бекке кызмат кылсаң чөптүн тамырын жегенге чейин барбайт элең, десе, ал чөптүн тамырын жеп көрсөң бекке малай болууга чейин барбайт элең деп жооп бериптир.

№ 35

Аристотелден көпчүлүктөн сенин эмнең артык деп сураганда, ал мен жашоо үчүн тамактансам алар тамактануу үчүн жашашат дептир.

№ 36

Бир акылмандан эмне үчүн досту душман кылуу оңой да душманды дос кылып алуу өтө эле кыйын деп сураганда, ал мындай жооп бериптир үйдү кыйратуу оңой, куруу кыйын; идишти сындыруу жеңил, кадоо кыйын; акчаны жасоо оңой, табуу кыйын!

№ 37

Бир акылман мындай деген экен сырты суук кийген жупуну адамдардан жийиркенбей жүр. Адамдын ички сымбаты сырткы сымбатынан жогору турат да көзгө көрүнбөйт көкүрөккө сезилет. Алтынды жараткан таш акылды жараткан баш.

№ 38

Бирөө кылган ишин талдай билген адам кетирген катасын тез ондой алат деген экен.

№ 39

Бир адам акмак киши башкалардын жаман жагын көрүп жакшы жагын байкабайт. Андай адамдар жоорго конгон чымын сыяктуу ыплас чөйрөгө ынак болот дептир.

№ 40

Бир акылман сууну сиңе турган жерге төк эгинди өнө турган жерге эк сөздү уга турган адамга айт жакшылык биле турган кишиге жаса дептир *(32–40-маектер «Залкар ойлор» китебинен алынды)*.

§ 34. КЕМЧОНТОЙДУН КӨЧҮРҮП АЛГАНДАРЫНАН

(Максатың: катадан арылтып көчүрүү)

Жетинчи жат жазуу

РЫСПАЙДЫН ЫР САРАЙЫ

Рыспай 2 класста окуп жүргөндө, чайыр курайдан комус кылып ага атын куйругунан кыл тагып, чыңкылдатып чертип кирет. Айылда Пазыл деген агайынын эле комузу боло турган. Баягы чайыр комуска алымсынбай анын үйүн канча имерчиктеди. Ошентип 5-класста кадыресе чертип калды. Атаганат аккордионго алдырбаганда, андан чоң комусчу чыгары кол шилтегенинен эле көрүнүп турчу. Анан кенчилердин ооз кыягын гармошкасын балалайка мондалинин канча андыды. Көзүнө көрүнгөн ар бир аспап бейиш төрүнө баратканда кыркалекей тизип койгон азгырма сыяктуу улам-биринен бири кызык көрүнө берди. Өздүк көркөм чыгармачылыгында алдына ат салдырган жок. Рыспайда бары бар эле, ыр жазчу (Алмашымды эстеңиз), колу сулуу эле, сүрөт тартчу мектептин кереге гезити ансыз чыкчу эмес. Спорт оюндары дегенде жантыгынан жата калчу. Ошолордун ичинен обондун азгырыгы барын басып кети. Эл акыны Сооронбай Жусуев Рыспай Абдыкадыровду билбеген бир да кыргыз жок. Ал өзүнүн ышкылуу жүрөгүнөн чыккан укмуштай мукам ырлары аркылуу элибиздин калың катмарына сиңип кеткен улуу ырчы болучу. Андай зор таланттуу ырчылар дүйнөгө чанда гана келет деп эскерген.

«Эх, чиркин дейт Эрнис Турсунов өтүп бараткан өмүрдү токтотуп калган жарк эткен жаштыкты кармап калган ар качан аруулуктун кучагында жаткан асыл адамдар музыка дүйнөсүндө. Орус айымы Клавдия Шульженкону азербайжан булбулу Рашид Бейбутовду казак композитору Шамшы Калдаяковдун музыкасын уканда, кандай лаззатка батсак, Рыспайдын мукам абазын уканда ошондой жыргалга балкыйбыз. Тил менен айтылгыс рух дөөлөтү ушу эмеспи. Турмуш ушунусу менен улуу».

Рыспай Абдыкадыров жүрөктүн тунук сезимдеринен алтындай уютулган шаңкайып алыстан көрүнгөн жана кылымдарга урабай турган сарайын көзүнүн тирүүсүндө тургузуп койгон. Мукам кайрыктардын ширөсүнөн бүткөн сары алтындай тулку бою эчак өзүнө ээ болбой, өмүрү ырга айланып кеткен.

«Кыргыз Туусу» гезити

Сегизинчи жат жазуу

ИШЕНАЛЫ АРАБАЙ УУЛУ (1882 –1938)

Кыргыз элинин революцияга чейин ичкери шарларга барып билим алган бирди жарым интелегентери болгон. Ошондой интелегентердин бирөө Ишеналы Арабай уулу эле. Ал башталгыч мектептин көлөмүндө билим алгандан кийин 1900 жылдан 1910 жылга чейин айыл кыштактарда мугалим болуп бала окутат. 1910 жылдан 1913 жылга чейин Уфа шарындагы «Медресе Галия» аттуу жогорку мартабалуу диний мектепте окуган. И. Арабаев Сарсикеев деген казак студент менен бирдикте кыргыз жана казак балдарына арнап «Алиппе жаки тете окуу» деген китеп жазып аны 1911 жылы Уфа шарындагы «Шарк» басмасынан арап тамгасы менен чыгарат. Ал жалпы көлөмү 52 бетен турган чакан китеп. Бул балдарга тез кат таныта турган элге кеңири белгилүү китеп болгон. Анда айдын атары сан сөздөр малдын жашы жапайы айбандардын аты боз үйдүн жабдулары чөптөрдүн жыгачтын идиши аяктын атары казакча да кыргызча да берилген. Макал лакаптар кара сөз менен жазылган тамсилдер да бар. И. Арабаев «Жазуу өрнөктөрү» деген китепчесин 1912 жылы чыгарган. Ал 1922 жылы Манас жомогун эл озунан жыйнатуу ишинин демилгечиси болуп атактуу жомокчу Сагынбай Орозбак уулунун озунан жаздыруу ишин уюштурган да жазып алууну Каюм Мифтаковко тапшырат. Анын жазганын текшерип көрүп кыргызча таза жаза албайт экен деген чечимге келет да ал ишти Ыбырайым Абдыракман уулуна тапшырат. И. Арабаев революцияга чейин Тыныбек жомокчунун озунан Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөн жерин жазып алган экен ал 1925 жылы Москвадан чыкан. 1924 жылдын 7-ноябрында Эркин тоо газетасынын биринчи саны жарык көрөт. Анда И. Арабаев: «Эзелтен бери кыргыз элинин саргарып зарыгып алдыдан күткөн үмүтү эркиндик тендик болгон эле...

Мына эми кыргыз элинин көптөгөн күткөн эркиндиги өз колуна тийип эрктүү автономиялуу облус өзүнчө мамлекет болуп түтүн булатып отурат. Ошондуктан газетанын атын Эркин тоо койдук», – деп белгилеген. 1924 жылы И. Арабай уулунун жаш балдарга арнап жазган «Кыргыз алиппеси» Ташкент шаарынан басылып чыгат. 1925 жылы колдонмо иретинде Саамалык деген китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. 1928 жылы И. Арабаев менен К. Карасаев латын тамгасында Жаңылык атуу алипе түзүшкөн.

Ал эң мыкты окуу куралы болуп сабатсыз элдин сабатсыздыгын жоюуда эбегейсиз зор кызмат кылган. И. Арабаев кыргыз интелегентеринин ичинен караансыз бөлүнүп чыгып, эл тагдырын ойлоп, анын келечеги үчүн кам көргөн элди агартсам-көгөртсөм дегенде ичкен ашын жерге койгон алдыңкы катардагы агартуучу болгон...

З. Бектенов

Тогузунчу жат жазуу

XXI-КЫЛЫМ КАНДАЙ БОЛОТ?

Мен XXI-кылымдагы ийгилике жетишүүнүн үч негизги факторун бөлүп көрсөткүм келет.

1. Билим дүйнөсү. Биз жашап жаткан дүйнө тулкусу ажырагыс, антсе да үч нерсе: табият дүйнөсү адам дүйнөсү мүлк дүйнөсү айрыкча айырмаланып турат. Бирок дагы бир өзгөчөлүү улам барган сайын чечүүчү да таасирдүү да дүйнө бар. Ал – билим дүйнөсү. XX кылым атомдун, космостун кылымы болду. Ал эми келерки кылымда мамлекетер табигый байлыктар үчүн эмес ириде информациялык көзөмөл жүргүзүү үчүн күрөшөт деп айтышкан илимпоздордун пикирин пайгамбарчылык деп эсептейм. Информациялык революция жаңы гана башталды. Алдыдагы басар жолубуз – информациялык магистраль. Магистраль алдыбызда учу кыйырсыз чалкыган малыматар деңизин ачып берет. Биз аны кайсы малда кайда болбойлу, каалаган учурда пайдалана алабыз. Мындан ажайып келечек мүмкүнчүлүктөрү комдун баардык тармактарын кайра жаңыртып жасоого кеңири түрткү болору шексиз. Мындай революциялык толкун улам барган сайын көптөгөн адамдарды кучагына алып, коомду ылдам илгерилетет.

2. Рухий байлык, ыйман, адеп-ахлак. Рухий байлык, ыймандуулук XXI-кылымдагы ийгиликтерге жетүүнүн экинчи катмары. XXI-кылым гуманитардык маданиятын да кылымы болуга тийиш. Аристотель жазган экен «Ким илимде алдыга кетип, бирок ыймандулугу кем болсо, ал алдыга караганда көбүрөөк артка кетет». Дүйнө билим менен эле чагылбасы эчактан эле белгилүү. Дүйнөнүн абийири болот, ошондой эле дүйнөнүн сулулугу бар. Сулулук – бул береке ички таза рухий азык. Сулулук – бул ыймандуулук.

3. Эмгек – келерки кылымдагы ийгиликтин үчүнчү шарты. Улуу адамдардын бардыгы ашкере эмгекчил жан болгон. Талант – кудайдын берген ырыскысы. Бирок эмгексиз

талант бат өчөт. Техниканын улуу жаратманы ойлоп табуучу Томас Эдисон укмуштай эмгекчил болгон. 50 жашка чыканча суткасына 19,5 саат андан кийинки жылдары 18 сааттан иштеген. Дайыма уйкунун кыскасы эч качан зыян эмес деп кайталап той тамашаны жек көрчү экен. Бул гений электр-техника илиминде электр лампасындагы чыналууну жаратып энергия өндүрүшүндө революция жасаган. Телефон телеграфты өркүндөткөн.

М. Акаева

Онунчу жат жазуу

АЯЛ ЭРКЕКТИН КАБЫРГАСЫНАН ЖАРАЛГАНБЫ?

Угуп, окуп жүргөн чыгарсыңар, жети миң жыл илгери азыркы Ирактын жергесин шумерлер ээлей башташкан. Илим билим жазуу ошолордон таралган деп жүрүшпөйбү окумуштуулар. Археологиялык казуларда табылган карапа табличкаларга караганда шумерлердин бейши жөнүндө поемасы болгон. Ошол поемада Энки деген кудай кызматкери Исмуддун азгыруусу боюнча кереметтүү өсүмдүктү жеп коюп кабыргасынан катуу кагынан. Шумерлер кабырганы «ти» дешкен. Ооруну Ник-ти деген аял кудай айыктырат. Ал эми Ник-ти – кыргызча которгондо «кабырганын мырзайымы» деген мааниде. Ошентип ар кандай себептерге байланыштуу шумерлер жер үстүнөн жоголгону, карапа табличкалардагы поемалар урандылардын алдында калганы менен алардын бейиш топон суу тозок жөнүндөгү мифтер тегерегиндеги хананейлерге, ассириялыктарга, вавилондуктарга озеки өтүп өзгөрүп турган. Алар нечен кылымдардан кийин калыптанган еврейлердин «Тооротуна» да жаңы редакцияда кирген. Ошентип Энкинин кабыргасын аял кудай айыктырганы жөнүндөгү миф каңырыштан жаңылыштыктан улам жаңы мани маңызга өтүп Адамдын кабыргасынан Еванын жаралышы жөнүндөгү окуяга айланган. Анын себебин элге түшүндүрүү керек болгон учурда байыркы шумерлердин мифин анын кандайча, өзгөргөнүн билбеген еврейлер акылга салып, кудай «аялды Адамдын денесинин катылуу бөлүгү болгон кабыргасынан жаратайын, аял жупуну жана уялчаак болсун» деп чечкенин ойлоп чыгарышкан. Аны биз археологиялык казуларда табылган карапа табличкалардагы поемалар окулгандан кийин билдик. Адамзаттын мифтери урдалбайт элден элге кылымдан кылымга өтүп башка элдерге жугушат. Акыл жугушары жөнүндө накыл ошондон калган. Диндин ыйык китептердин бары ошондойчо жаралган. Алар адамзатын тарыхы акыл казынасы.

Т. Насирдинов

Он биринчи жат жазуу

ТИЛДИН КӨРӨҢГӨСҮ

Тил уюган кенч. Уйуган чың. «Жек көрөм», «жек көрүндү» өндүү туюмдарды алсак мында «жек» орусча «ненависть» деген маанини билдирет. Бул «жек» сөзүнүн түп маниси эмнеде? Көрсө «шайтан» деген сөздү кийинки кылымдарда башка тилден кабыл алыппыз. Ага чейин «жек» деген сөздү колдонуп келиптир. Аны кантип далилдөөгө болот?

Мындан миң жыл мурда жазылган Махмуд Кашгарынын Диван лугат Ат түрк деген сөздүгүнөн «Биллиш йек билмезүк кишиден йаг» («Билбеген кишиден билген шайтан ийги») деген макалды окуйбуз. Анан «жек» сөзү ал кезде «шайтан» манисинде колдонулганына ынанабыз. Ал эми «От тесе агыз күймөс», «Агыз йесе көз уйазар», «Инен инресе боту бозулар», «Нече ийтик бычак эрсе, өз сабын йонумас», «Күзөкү узун болса, элик күймөс» азыр От дегенден ооз күйбөйт Ооз жесе, кол уялат Инген ынгыраса, бото боздор, Бычак канчалык курч, өткүр болсо да өз сабын жонбойт, «Көзөө узун болсо кол күйбөс» болуп өзгөрүп кеткен. Ооба тил токоюн араласак сөздөрдүн кептердин туюмдардын не бир башатына урунабыз. «Качыш болсо, кая көрү кайда» деген эмнеси? Баарынан да «кая» дегени кандай? – дейт бирөө. «Кая» деген сөз азыр бизде «кыя» болуп айтылат. Качкан адам кыяны карап турмак беле? деген ой айтылган экен го деп алиги өзүнө өзү канийет кылат.

Ооба тилдин көрөңгөсү кече эле уйуп калган эмес. Ал тээ байыртадан бери ар кимдин жүрөк башына конуп келет. Анан сайраган булбулдай үн салат. Куру кашык ооз жыртат, кургак сөз кулак тундурат дейбиз. Аныбыз миң жылдар мурун айтылганбы? Айтылган. «Курук кошук агыза жарамас, куру сөз кулакка йакышмак» болуп. Биз «кургак сөз кулак тундурат» деп сезимдин ашусунан ары өтө албаган кепке кейиш кылсак миң жыл мурункулар деле ошентчү экен.

Ж. Мукамбаев

Он экинчи жат жазуу

1. КИМ КҮНӨӨЛҮҮ?

Кайра куруу башталганда, баары сындай баштаган. Бирок кемчиликтерди жойунун жолун эч ким айткан эмес айта албай коюшту. Ар бир улуу мун өзүнөн кийинкилер үчүн жооптуу. Биз жаштарды күнөөлөйбүз. Туура эмес. Өзүбүз күнөөлүбүз. Азыр күнөөлөгүдөй баягы Кокон хандыгы жок,

Москва жок, КПСС БК жок. 60 жаштагылар туура эмес кылса 70 жаштагылар күнөөлү 40 жаштагылар туура болбосо 50 жаштагылар күнөөлүү.

2. КООМДУ САКТООЧУ КҮЧ

Баланы башка урбайт жылкыны качы менен башка чап-пайт. Күл дөбөгө баспа эртең менен күн менен кошо тур күндүн эң биринчи нурлары бакыт чачат ошол нурлардан бакыт ал анан сууга түкүрбө...

Кадимки эле арыктагы суулар кандай таза акчу эле. Эл коомдун жашоо шартын мурун таза кармаган. Ошондо 30–40 пайызы дин аркылуу келсе да 60 пайызы ислам христиан диндеринен мурда эле калыптанып калган. Кыргыздар мусулман динин эң кеч кабыл алган. XIII–XIV кылымдарда – Энесайда жүргөндөн бүгүнкү күнгө чейин келинди отко киргизүү алас аластоо бешике салуу сыяктуу салттары болгон. Динчил болбосок да сакталып келгенбиз. Себеби ыймандуу салтыбыз күчтүү эле кыргыз кандыкты кармаган эл болгон Демократия башталгандан бери канча мыйзам кабыл алдык? Ошол мыйзамдардын көбү иштеген жок а коом коом болуп сакталып атпайбы! Эмне үчүн? Себеби коомду кармаган үрп адат каада салт. Мисалы мыйзамсыз эле өлгөнгө топурак салабыз алыш-беришке каташабыз тууган уруктарга барабыз. Демек бизди коом кылып кармап турган – каада салт үрп-адат нарк-насил рухий байлыгыбыз.

Д. Сарыгулов

ТАШЫМАЛ БЕЛГИСИ МЕНЕН КӨЧҮРҮҮ

Үлгү: Төр-дөн орун тий-ген бол-со наа-дан-га, ула-га-да кал-га-ны-на ар-дан-ба.

1. Окуу – билим, акылдуу акыл курап,
   Билимдүү ойдогусун кабыл кылат.

2. Билимдин маанисин бил, айтканын ук,
   Акыл ал, ар балээден кутулуп чык.

3. Илим менен билимге көпүрө – тил,
   Көкөлөткөн адамды тили деп бил.

4. Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот, башын алат.

5. Тил арыстан босогондо комдонгон,
Бошоп кетсе – өзүндү да жеп койгон.

6. Сөздү карма, башың кесип салбасын,
Тилди карма, тишиң сынып калбасын.

7. Көп сүйлөбө, а көрөкчө так сүйлө,
Түмөн сөздүн оң мааниси – бир сөздө.

8. Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү, өлбөйт ал.

9. Адам өлсө, сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкында.

10. Байкагын, сөз айтарда ойлоп сүйлө,
Кордукту орой сөздөн тартып жүрбө.

11. Сөз деген – төөгө окшош буйлаланган,
Жетелесең моюнун толгоп турган.

12. Жаштык өтөт, өмүр бүтөт элирген,
Бу дүйнө – түш, сен да өтөсүң өмүрдөн.

13. Бул дүйнөгө далай эрлер келишкен,
Жашап, өнүп, кез келгенде өлүшкөн.

14. Төрдөн орун тийген болсо нааданга,
Улагада калганына арданба.

15. Кеп көркү – тил, ойдун көркү сөз болот,
Кишиде жүз, жүздүн көркү көз болот!

Жусуп Баласагын

§ 35. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ

Билесиңби?

VII – VIII класстарда «Сабат санжырасы» топтомун окугансың. Эсиңде бекен, төмөнкү тапшырмалардын жардамы менен өзүңдү текшерип көрсөң.

I. Кештенин атын ата

1.	2.	3.
4.	5.	6.
7.	8.	9.
10.	11. 	12.
13. 	14.	15.

16.

17.

18.

19.

20.

21.

Улгу: – бул кештенин аты – «Кыргоол».

II. Бул кеште кайсы жазуу эрежесин туюндурат?

1. «Кумайык жана ак куу» кештеси –? 2. «Таш бака» кештеси –? 3. «Жөргөмүш» кештеси –? 4. «Суу» кештеси –? 5.«Төө» кештеси –? 6. «Кыргоол» кештеси –? 7. «Күн» кештеси –? 8.«Кыял» кештеси –? 9. «Көөкөр –1» кештеси –? 10. «Жагалмай жана чабалекей» кештеси –? 11. «Аркар мүйүз» кештеси –? 12. «Бүркүт» кештеси –? 13. «Умай эне» кештеси –? 14. «Кереге көз жана тумар –2» кештеси –? 15. «Шумкар» кештеси –? 16. «Көөкөр–2» кештеси –? 17. «Үлүл жана мончок» кештеси –? 18. «Боз үй» кештеси –? 19. «Кереге көз жана тумар–1» кештеси –? 20. «Ай жана боз үй» кештеси –? 21. «Ак куу» кештеси–? 22. «Бугу» кештеси – ?

Улгу: **«Кыял» кештеси сырдык сөздөрдүн жазылышын камтыйт.**

Иликтөө

250-көнүгүү. Аныкта. 1. Үтүр кайсы кештелерде кездешет? 2. Тырмакча белгисичи? 3. Сызыкчачы? 4. Кош чекит белгиси кайсы кештелерде бар?

1. «Көөкөр – 1» кештеси: 1.1, 1.2, 1.3, 1.4, 1.5, 1.6, 1.7 1.8, 1.9. (VII класста өтүлгөн), 1.10, 1.11,1.12, 1.13, 1.14, 1.15 (VIII класста).

2. «**Көөкөр – 2**» кештеси: 2.1, 2.2, 2.3, 2.4, 2.5, 2.6, 2.7 (VII класста), 2.8, 2.9, 2.10, 2.11, 2.12, 2.13 (VIII класста).

3. «**Бүркүт**» кештеси (VII класста).

4. «**Умай эне**» кештеси (VII класста).

5. «**Кыял**» кештеси (VII класста).

6. «**Суу**» кештеси (VII класста).

7. «**Кереге көз жана тумар–1**» кештеси: 7.1, 7.2, 7.3, 7.4, 7.5, 7.6, 7.7 (VII класста).

8. «**Кереге көз жана тумар–2**» кештеси: 8.1, 8.2, 8.3, 8.4, 8.5, 8.6, (VII класста) 8.7 (VIII класста).

9. «**Ак куу**» **кештеси:** 9.1, 9.2, 9.3, 9.4, 9.5, 9.6, 9.7, 9.8 (VII класста).

10. «**Кумайык жана ак куу**» кештеси: 10.1, 10.2 (VII класста).

11. «**Боз үй**» кештеси: 11.1, 11.2, 11.3, 11.4, 11.5, 11.6 (VII класста), 11.17, 11.18 (VIII класста).

12. «**Ай жана боз үй**» кештеси: 11.7, 11.8, 11.9, 11.10, 11.11, 11.12, 11.13, 11.14, 11.15, 11.16 (VII класста).

13. «**Шумкар**» кештеси: 12.1, 12.2, 12.3, 12.4, 12.5, 12.6, 12.7 (VII класста), 12.8 (VIII класста).

14. «**Жагалмай жана чабалекей**» кештеси: 13.1, 13.2, 13.3, 13.4, 13.5, 13.6, 13.7 (VII класста).

15. «**Кыргоол**» кештеси (VII класста).

16. «**Төө**» кештеси: 15.1, 15.2, 15.3, 15.4, 15.5, 15.6, 15.7, 15.8, 15.9 (VII класста).

17. «**Таш бака**» кештеси 16.1, 16.2, 16.3, 16.4 (VIII класста).

18. «**Күн**» кештеси: 17.1, 17.2 (VII класста).

19. «**Аркар мүйүз**» кештеси (VII класста).

20. «**Үлүл жана мончок**» кештеси: 19.1, 19.2, 19.3, 19.4, 19.5 (VII класста).

21. «**Жөргөмүш**» кештеси: 20.1, 20.2 (VIII класста).

22. «Бугу» кештеси: 21.1 – 21.12 (VIII класста).

Үлгү: 1. Үтүр белгиси: «Умай эне», «Кыял», «Суу» кештелеринде (калганын өзүң тап) ...

2. Тырмакча: «Көөкөр–2» кештесинде (калганын өзүң тап) ...

3. Сызыкча: (өзүң тап) ...
4. Кош чекит: (өзүң тап) ...

«Сабат санжырасы» топтомуна толуктоолор

1.20

М.: Кыргызайылкомок акционердик корпорациясы, Кыргызпочтасы мамлекеттик ишканасы, Кыргызтелеком ачык акционердик коому, Кыргызалтын акционердик коому, Кыргызайылтехсервис лизинг компаниясы, Кыргызтемирбетон заводу, ж. б.

22. Чакчыл түрмөктүн жазылышы

«АРКАР» кештеси

М.: ***Сүйлөөгө дарманым келбей, мен ыйлап тура бердим. Алда эмне эсине түшө калгансып, чоң эне Аскарга жал-жал карады.*** Мында *сүйлөө дарманым келбей, алда эмне эсине түшө калгансып* – чакчыл түрмөктөр.

Чакчыл түрмөктү чакчыл этиш уюштурат. Анткени алар өздөрүнөн мурда башкарылган же ыктаткан бир нече сөзду бириктире кармап турат, бирок өзүнчө сүйлөм боло албайт. Сүйлөм мүчөсүнүн гана милдетин аткарат. Жогорудагы «сүйлөөгө дарманым келбей», «алда эмне эсине түшө калгансып» деген чакчыл түрмөктөр өзүнчө сүйлөм эмес, сүйлөмдүн бышыктооч мүчөсү. Чакчыл түрмөктөр жазууда үтүр менен ажыратылат.

251-көнүгүү. Кара тамга менен берилген сөздөр – чакчыл түрмөктөр. Ушуларга окшоштуруп, өз алдынча сүйлөм түз.

1. **Жумушта иш менен алаксып**, Жамийла анча сыр байкатчу эмес. 2. **Академик Сулайманованын келерин угуп**, мен кубанып калдым. 3. **Аларды узатып коюп**, Нурбек кайра ке-

лет. 4. **Ырдап келе жатып,** Жамийла бир убакта **алдыда бара жаткан** Даниярга кыйкырды *(Ч. Айтматов)*. 5. –Трактор айдоо кыздардын иши бекен? – деди Асан, **Айсулуунун мунусун жактырбай.** 6. – Тос тигини,– деди бала, **чөгөлөп айран ичип жатып** *(Мисалдар А. Турсуновдун «Кыргыз тилинин тыныш белгилери» деген китебинен алынды)*.

Улгу: **Көчөдө оюн менен алаксып, Женишбек кеч киргенин байкабай калчу.**

23. Айрым сөздөрдүн үтүр менен жазылышы

«КАРГА ТЫРМАК» кештеси

М.: **Кана,** өзүң айтчы? **Кана,** Ымаке, кечиктик.

1. **Ыя,** сен кайсы элчи элең?
2. **Ыя,** кайсы Ыманбайсың?
3. **Жок,** бул иш сенин колуңан келбейт.
4. **Жок,** мен али көңүлүмдөгүнү таба элекмин, иштин баары алдыда.
5. **Ме,** менин калпагымды кийип ал. 6. **Ме,** муну алып кой. **Мейли,** эмне десе ошо дешсин.
7. Өз убалы өзүнө, **мейли,** тим кой.
8. **Мына,** кимисинен болсо да, сураңыз!
9. **Ана,** Ормуштун үнү чыкты.
10. **Тигине,** жаман кулпуну сууруп алып кетиптир.
11. **Кой,** деги эл укпасын!
12. **Эмне,** биз барсак болбойт бекен?

(Мисалдар А. Турсуновдун «Кыргыз тилинин тыныш белгилери» деген китебинен алынды).

Айрым кана, ыя, жок, ме, мына, ана, тигине, кой, эмне деген өңдүү сөздөр кээде сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбай, обочолонуп айтылат да, кириндиси сөз сыңары үтүр менен ажыратылып жазылат. Эгер алар сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарса, анда үтүр коюлбайт. М.: – Толгонай, сенин анда күнөөң жок. Жок – сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин өтөдү.

252-көнүгүү. Кана, ыя, жок, ме, мына, ана, тигине, кой, эмне деген сөздөрдү катыштырып, өз алдынча ар бир сөзгө экиден сүйлөм түзгүлө.

Үлгү: **Ана,** ушундай болмок! Эч кимге айтпа, **кой,** өзүнөн калсын.

24. Кыстырынды сөз менен кыстырынды сүйлөмдүн жазылышы

«ИЛБИРС» кештеси



24.1.

Жазылып жаткан текстстеги ойду толуктоо, тактоо жана эскерте кетүү зарылдыгына жараша кыстырынды сөз же сүйлөм киргизилет. Жазуу учурунда мындай кыстырынды сөз же сүйлөм кашаага алынат.

253-көнүгүү. Көчүрүп жаз да, кайсынысы кыстырынды сөз, кайсынысы кыстырынды сүйлөм экенин ажыратып айтып бер.

1. Эл ичинде кадырман Какем (Карымшак) Саадатты жактап өттү. 2. Элементтердин валенттүүлүгүнүн чен биринчисине водороддун (суутектин) валенттүүлүгү кабыл алынган. 3. Кызы (анын аты Бермет эле) балача бышылдап, жайбаракат уктап жатат. 4. Бакма жаныбарлардан биз азыктүлүктөрдү (эт, сүт, жумуртка), кийимдерди тигүү үчүн материалдарды (жүн, табигый жибек, мех, булгаары) алабыз. 5. Айрым учурда (өзгөчө жаан-чачында) от жакшылыктуу күйбөйт. 6. Илгери бир жолу барганымда (ал кезде эжебиз Даанакан тирүү), Алымбай чуркап жүргөн бала эле *(Мисалдар А. Турсуновдун «Кыргыз тилинин тыныш белгилери» деген китебинен алынды).*



24.2

Драмалык чыгармадагы ремарка (сүйлөөчүнүн жүрүш-турушу, кылык-жоругу ж.б.

жөнүндөгү автордун түшүндүрмөсү) кашаага алынып жазылат.

254-көнүгүү. Төмөнкү текстти үлгү катары эсинде сакта, анткени пьеса-дилбаян жазууда ушул мисалдын сага зор жардамы тиет.

Токтогул (эшикти жаап, сыртынан кулпу салып жаткан надзирателдин соңунан). Жапайы, кара кыргыз адамча төрөлүп, адамча өлөт! (Жеңинин учу менен оозунун канын сүртүп). Мыкаачы.

Дмитрий (Токтогулдун башын сүйөп). Кел, суудан жут ...

Токтогул (суудан жутуп). Теңир жалгасын!

Дмитрий (жанынан орун бошотуп). Бир аз сыйлыгышып койгула, туугандар. (Токтогулга) Бери жылгын *(Т. Абдумомунов)*.

25. Чекиттин коюлушу

«ЖАЛБЫРАК» кештеси

Чекиттин сүйлөмдүн аягына коюлушун 1-класстан тартып билесиң. Ошолорго кошумча.

1. Чекит айрым кыскартылган сөздөргө коюлат. М.: б. з. ч., ж. б., б. а., д. у. с., ж., к. Бирок чен бирдиктерди туюнткан км, м, см, т, кг, га, л сыяктуу кыскартылган сөздөрдө чекит коюлбайт. М.: Арал менен Караколдун ортосу 10 км келет.

2. Адамдын кыскартылган аты-жөнүнөн соң чекит коюлат. М.: Л. Н. Толстой, С. Эралиев, Д. Сарыгулов, Ж. Медетов, Г. Сатылганова, Ч. Баекова, З. Бейшекеева, Р. Ачылова.

3. Чекит драмага катышкан адамдын атынан кийин коюлат. М.: **Болотбек.** Мени сабаты жок деп жемелебегиле. Азыр баарын билем. Жат жазуу жазалыбы? (Сабактан).

4. Чекит катар номерлөөдө коюлат. М.: Каралуучу маселелер:

1. Биринчи чейректин жыйынтыгы.
2. Окуучулардын жекече жүрүш-турушун кароо.

§ 36. КЕМЧОНТОЙДУН КӨЧҮРҮП АЛГАНДАРЫНАН

Максатың: катадан арылтып көчүрүү

Биринчи жат жазуу

БАЙТИК БААТЫР

Байтик Канаев ата тегинен бери манап кийинчерек солто урусунун билермандарынын бири кыргыз коомунун бийлик төбөлдөрүнүн белгилүү өкүлү. Ал болжол менен алганда 1820 жылдары Чүй өрөөнүндөгү Ала Арча капчыгайында тулган. Анын балалык чагы кедей-кембагалдардын чөйрөсүндө өткөн. Байтик батр өз мезгилинин алысты дана көрө билген сайасатчысы. Мисалы ал 1860 жылдардын башында аргасыздан Кокон хандыгына кызмат өтөгөн бирок ал Кокон хандыгына каршы күрөшкө көтөрүлгөндө ал көтөрүлүшкө чыкан солтолордун башында турган жана Кокон хандыгына каршы чыккан. 1862 жылы Пишпек сепилин алуга жана талкалого активдүү катышкан. 1863–65 жылдарда анын жигитери кокондун Мерке, Олуя Ата, Чимкент сепилдерин алуга зор көмөк көрсөтүшкөн.

Падышачылыка берилгендиги үчүн Байтик батр Анненск тасмасына тагылган Чоң алтын медальга III таражадагы Станислав орденине татыкту болгон, ошондой эле бир нече жолу балу белектер менен сыйланган. 1867 жылы орто азийалык элдердин алгачкы өкүлдөрүнүн катарында Санкт-Петербурга император Александр IIнин кабыл алусунда болгон. Ал кыргыз элинин ичинде зор кадыр барка ээ. Өз элинин үрп адаттарына жана салт санасына тайану менен ал түндүк кыргыз уруларын бириктирүгө аракет жасаган. Өзүнүн айланасындагы акылман адамдар менен дайыма кеңешип иш жасаган. Байтик батр 1886 жылы 5 марта дүйнөдөн кайткан.

А. Беделбаев, «Чүй баяны» гезити

Экинчи жат жазуу

МАҢКУРТ

Күн ысыган сайын темирдей кураган шири жыланач башты чемгер салгандан бетер кысат. Ал аз келгенсип эки күн өткөн соң жыланач куйкадан жаңы чач да баш багат. Азиятыктардын тикендей тик өскөн кайратуу чачы шириге сайылып аны тешип өтө албаган соң кайра кайрылып куйкага сайылат. Мунун кыйноосу ширинин азабын ого бетер күчөтөт. Ошентип, туткундар бара-бара эс-акылын жогото баштайт.

Беш күн өткөндөн кийин туткундардын кимиси тирүү калганын билүгө айдар көкүлдөр келет. Кыйноого түшкөндөрдүн бирөн тирү тапса максатына жеткендей ыразы болушчу.

Тирүү калганды кыйноосунан бошотуп суу берип акырындап ал-күчүнө киргизип алышчу. Бирок ал эми адам эмес эс акылдан айрылган маңкурт кул. Мындай кулдар эс акылы ордунда он кулдан артык бааланат.

Ошол үчүн Найман-Эне маңкурт болгон уулун кошуп отуруп жаны кашайганда минтип айтканы бекеринен эмес го:

«Кулунум сени эс учундан ажыратып жатканда кулунум кычкачтап жаңгак чакансып башына шири кийгизип мээңди чагып жатканда кулунум чемгерлеп мыкчып мээңди чанагыңдан коркунучтун кан-шүүшүңү аралаш көзүң чыгып бараткanda кулунум Сары-Өзөктүн түтүнү жок кыямат оту жаныңды куйкалап каның катып жатканда эринине бир тамчы суу тамызбай асман мисирейгенде – мына ошондо бүт дүйнөгө жан берген жараткан Эгебиз Күн сага жексур көрүнүп жарык чачкан Күн эмей эле аламдагы жаркын Эгелердин эң караңгысы сен экенсиң деп Күндү каргай алдың бекен?

Ч. Айтматов

Үчүнчү жат жазуу

БИР УУЧ ТОПУРАК

Ал үйдүн бир сызмасын чечип алып итти мойнун мунбай турган кылып байлады. Ичкери кирип жаткан ордуна өтүп баш жагында дайындуу турган комузун алды белине кыстарды кайта керегенин башын улап тышка чыкты:

– Эчтеме эмес Актөш эчтеме эмес... Сенде тил жок болсо да оз бар менде көз жок болсо да тил бар... Эчтеме эмес элди таап кетебиз, издейбиз шордууну... Жүр, жол башта Актөш.

Ит Сарыбайдын дитин түшүнбөй алдыга баспай тегеренип туруп алды. Сарыбай таягынын учу менен жолдун угун бойлоп колот ылдый чоң жолго туштап салды. Ит ошондо билдиби алдыга түштү.

– Мады-ыл!.. – Сарыбай ит тарткан жака темселеп жөнөдү, – Мады-ыл...

Аттиң каңгырап калат деген ушубу! Атасы мекен кылган жер жарыктыка келген балалыгын өткөргөн жигит дорун сүрүп жар сүйгөн перзент тапкан жери, акыры келип өмүрүн үшүк уруп бардыгынан ажыратып көөдөнүндө дүкдүк эткен жүрөгү менен, бир ак төш итти жанына кара туруп кудайдын эсинен чыгып селдейип жалгыз калып турган жери... Көңүлүнө дагы кылт деп жамандык түштү. Экинчи

бул жерге кайрылып келе албай турган сезим. Сарыбай оор үшкүрдү жерге эңилди алсыз неменин эки тизеси калтырап колу араң жерге жети. Колуна чөп чирий баштаган жалбырак урунду. Ал тырмалап жытуу ным топурактан бир ууч алып ой басып тунжурап туруп «Кай жерде өлсөм да киндик каным тамган жердин топурагы үстүмдө болсун» деп койнуна салып алды...

Т. Касымбеков

Төртүнчү жат жазуу

ЖАНАЛЫ БАЛБАНДЫН БАЯНЫ

Эл ортосунда коюн колтук алыштырып эки тайекчи чыга бергенде ал балбан муштуму менен менин сол бөйрөгүмө байкатпай берип-берип алды эле көзүмдөн от чагылып денем ымыр чымыр болуп жыгылып кала жаздап зорго эсимди жыйдым. Силккенде темтеңдеп барып оңолдум. Ал бөйрөгүмө эки бармагын батырып жибергендей болду. Жаным ачыды. Анын иштегенин мен да кайталадым эле колу бошой түштү. Нары бери сүрүштүк. Булкуп силкиштик. Ыгыма келе түшкөндө торой чалып урганда, ал чалкасынан түштү. Мени тайекчим кыйкырып, элге дардандата жетелеп кирип кети. Бөйрөктөрүм оруганынан жатарда байкасам, көгала болуп калган экен. Эртеңки одарыш эсиме түшүп, өзүнчө кыжырандым. Эртеси тамаша одарыштан башталды. Мени кийиндирип атыма мингизишти. Экинчи тараптын балбаны көпкө чейин чыкпай калды. Көп убакытан кийин кечеги күрөштө менден жыгылып калган балбанды ат үстүнөн көрдүм. Кубана түштүм. Таекчим этийет бол, ыза болгон эме... деди. Ал балбан суранып жатып өчүн алуу үчүн мага түшкөн экен. Жакындап келгенде карасам канын ичине тартып купкуу болуп каарданып алыптыр. Мен күлүп койдум. Неге ыржыйасың жимегинди оозуна тыгамын деп ого бетер карланды. Эңишүү башталды. Алгач оң колумду карматып койдум. Чиренип тартып жатып эңкейте албады. Үч жолу булкуп жатып колумду зорго суруп алдым. Кармашуу көпкө созулган жок. Оң колун тартып келип эрдин алдынкы кашына басып аты теминдим. Атым бир чөгөлөп кайра секирип турду. Анын аты кетенчиктеп кети. Буту үзөңгүдөн ажырап эки атын ортосунда көпүрө сыяктуу турат. Теминсем атым баспайт. Камчы чабууга колум бош эмес. Акыры улактай басып жөнөрдө тизгиним колдон чыгып кетиптир. Экөбүз тең атан учуп түштүк. жерде да мен аны баса жыгылдым уйпалап тургузбадым...

«Талас турмушу» гезити

Бешинчи жат жазуу

ВАН ГОГДУН УЛУУ ЖЫРГАЛЫ

Винсент Ван Гог (1853–1890) Голландиянын улуу сүрөтчүсү. Сүрөтчүлөрдүн арасында Ван Гогдой айтайын деген оюн дүйнө туюмун көкүрөктөгү дил сырын дана адабий жактан көркөм чагылдыргандар сейрек кездешет. Дээрлик жок десек да болот. Ушул улуу сүрөтчүнүн каттарынан алынган айрым үзүндүлөрдө мындайча ой-пикирлер айтылган.

333-КАТТАН

Ооба, албетте адамга шык керек бирок ал көпчүлүк ойлогондой нерсе эмес. Колду узун созуп ошол шыкты ала билген оң а бу оңой олтоң нерсе эмес. Шыкты өзүнөн өзү эле пайда болот деп күткөн жарабайт. Тынымсыз иштесең бир нерсе үйрөнөсүң. Сүрөтчү болуу үчүн сүрөт тарта билүү керек.

274-КАТТАН

Менин оюмча дайыма эле эмес бирок кээде жомоктогудай бай болуп калам. Жок, акча менен эмес менин жашоомо маани-маңыз киргизип делебемди козгоп эргүү берген жан дүйнөмдү эт-жүрөгүмдү арнаган өзүмдүн ишимден кандайдыр бир каниет алам. Адам өзүнүн шык-дараметин ишке ашырган кезде менимче улуу жыргалга туш болот.

336-КАТТАН

Кандайдыр бир үн сага сен сүрөтчү эмессиң десе ошол замат сүрөт тарта башта. Мына ушундай жол менен гана сен көкүрөктөн чыкан үндү унчуктурбай коё аласың. Мен сүрөтчү эмесмин деп кантип адам өзүнө катал өкүм чыгарсын? Сабырдуу болуу жарабайбы, сабырдуулукту буудай кантип жайбаракат өсүп даны кантип бышып жаткандыгын көрүп туруп табияттан үйрөнсө бобойбу?

13-КАТТАН

Гүлдү жан дилден сүйгөндөр базарда отуруп алып кызгалдакты саткандар эмес аны бапестеп өстүргөн адамдар чыныгы сүйүүчүлөр.

«Кыргыз руху» гезити

Алтынчы жат жазуу

ТАЙЛАК БААТЫР

Тайлак (1796–1838) – Ала-Тоо жергесин нечен ирет кокондук жана кытайлык талоончу-баскынчылардан коргогон улутук баатыр. Кыргыз аймагынын ар тарабынан кол салган күнкорлонтуп басмырлаган чет мамлекетик баскынчылардын зордук-зомбулугуна каршы байыртан уланган согуш салты боюнча өзү жекеге чыгып баш баатырларын жеңип көркоолорду мекенибиздин чегинен оолак кубалап ата журтунун ар-намысын коргогон Тайлактын тендешсиз эрдиктери жеке кыргыздын эмес, кытай өзбек казактын тарыхый булактарында, мамлекеттик архивдеринде тамгаланган-дары кийинки кездерде белгилүү болууда. Ошондой эле баатыр тууралуу окумуштуу тарыхчылардын илимий эмгектери жетишерлик. Танымал тарыхчы профессор С. Аттокуровдун «Тайлак баатыр» аттуу китеби окуу куралы катары жарыка чыкты. Кокон хандыгынын зордугу менен кордугу кыргыз элин айосуз мүңкүрөткөн. Жергиликтүү элди 18 түрлүү алык-салык менен эзип турган. Тайлак калың элди муң-зардан арылтуу максатын атуулдук ант катары түшүнүп кол курап өмүрүн тобокелге сайып Мадали хандын ашкан залимдигине каршы казатка аттанган. Куртка чебин тургузуп Нарын чөлкөмүн мүңкүрөтө мыжыккан 500 сарбас саркерин кутурта дөгүрсүгөн кушбеги Таштанбектин сазайын колуна берип кыйла кожолору менен бектерин туткундаган Тайлак баатыр аларды барымтага кармап Мадали хан талап тоногон элдин мал-мүлкүн ордого зордоп алдырган кыз-келиндерди толук кайра жеткирүү талабын коюп аргасыз аткартат. Тоо арстаны Тайлакты тирүүлөй туткундап келүү үчүн Мадали хан Арап баатырды жөнөтөт. Кылкылдаган Араптын колун Тайлак өз жоокерлери менен тосуп аёсуз салгылашта күм-жам кылат. Ошондон төрт жыл өткөндө хан атактуу баатыр, алп Эдиге төрөгө Ак мечит менен Түркстан аймагындагы бийликти берүүгө убада кылып ошол төрөнү Тайлак баатырга каршы аттантат. Эдиге султанга жекеме-жеке эрөөлгө чыгып, узака айыгышкан айкашта Тайлак аны оңкосунан жер сулатат. Эл кытай кокон баскындоосунан тынчыйт.

Нарын дарыясынын жегинде, Куртка өрөөнүндө Самаркан, Букара Кашгар усталары бышырылган кыштын кынаптап курушкан Тайлактын зор күмбөзү элдик баатырдын эскерткичи катары алиге заңкайып турат.

Ш. Бейшеналиев

Жетинчи жат жазуу

1. БИЗДЕН ҮЙРӨНСҮН

Азыр биздин эл россия, европа, ал турсун америкага чейин барып соода-сатык кылышат. Бирок алардын коом түзүлүш принциптери бизге жукпайт. Биз алардын илимий-технологиялык техникалык жактарын үйрөнүшүбүз керек. Бирок коом боюнча адамдардын мамилеси боюнча алар бизден үйрөнсүн. Анткени американын, европанын жашаганына эки миң жыл толо элек а кыргыздардыкы эки миң жылдан ашык. Буга биз арданышыбыз керек, себеби биз ошону балабайбыз балдарыбызга жеткирбей жатабыз.

2. АДАМДЫН ЖАНЫ ЖАНА КЫЗЫКЧЫЛЫК

Адамды адам кылган – дене анан жан. Биринчиси дене-си же сөөгү адам кайтыш болгондо, аны жерге коебуз. Экинчиси – жаны. Ошол жан менен дене кошулганда, адам деп түшүнөбүз. Жан сезим менен акылдан турат. Сезим жүрөктөн акыл баштан.

Биздин балдар азыр комузду уккусу жок Калыгул менен Арстанбекти окугусу жок. Кичинекейинен бала бакчадан баштап европалык музыканы укса орус тилинде ойлонсо ошолордун каада салтарын үйрөнүп мамилелерин өздөштүрсө тилин жоготсо кыргыздын жанынан эмне калат? Ушинтип биз жаныбызды өзгөртүп жатабыз. Мээ менен жүрөктү бириктирген – тил. Тил арабанын дөңгөлүгүндөй да. Адам ойлонсо сүйлөсө кыйналса ырдаса тил аркылуу болот.

Улам ыймандан ажырап бараткандайбыз. Ыйман жок болгон үчүн айрым жетекчилер элди тоноп жатат элдин насибин жеп атат. Мен каада салтынды урдум мага дүнүйө керек дегендер ыйманын жеп коюшкан. Ошон үчүн 2,5 миллион кыргыздын жанын бириктирип мекен арбак элим жерим деген түшүнүккө алып келүү керек. Ар бир адам өз кызыкчылыгын коомдун кызыкчылыгынан төмөн койушу зарыл. Жеке кызыкчылыкты улутук кызыкчылыка баш ийдирип бириктирмейин биз оңоло албайбыз.

3. ЧЫНЫКЕ БИЙДИН БИР ЖАРЫМ УУЛУ

Пейил оңолмоюнча иш оңолбойт. Дүйнө ак менен карадан турат. Адал менен арамга жакшылык менен жамандыка бөлүнөт. Ошон үчүн пейилди оңоо керек. Бул биз айткан улутук идеология. Бул улуттук сезим намыс коомду мекенди сүйүү.

XX кылымдын башында Санкт-Петербургда сенатка мүчө болгон Чыныке бий бир жолу Сусамырда-жайлодо казак-

тын болушу менен жолугуп калат. Казактын болушу канча уулунуз бар? Деп сураса бир жарым уулум бар дейт. Болуш түшүнбөй калат. Чыныке бий: «Төрт уулум бар. Үчөө аялбаласын бакандан башка элге зыяны да, пайдасы да жок. Үчөөн мен жарым бала деп эсептейм. Бир уулум элдин камын жейт. Ошонун баарын бириктирип, бир жарым деп айтканым»,– деген экен.

Д. Сарыгулов

КЕП КУРЖУН

§ 37. «МАКАЛ» ТОПТОМУ

(1–6-тестелер VII классса, 7–12-тестелер VIII классса өтүлгөн)

Он үчүнчү тесте

1. «Агайындын азары болсо да, безери болбойт». 2. «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт». 3. «Адепсизден да адептүүлүктү үйрөн». 4. «Ай дээр ажо жок, кой дээр кожо жок». 5. «Айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман». 6. «Ала кушту атынан чакыр». 7. «Алдынкы туяктын изин арткы туяк басат». 8. «Алдынкы көч кайда барса, кийинки көч да ошол жакка барат». 9. «Алма сабагынан алыс түшпөйт».

Он төртүнчү тесте

1. «Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө». 2. «Атадан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башта бар». 3. «Ат сыйлаган жөө баспайт, эр сыйлаган эшикте калбайт». 4. «Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолап күчүн ал». 5. «Аш көп болсо, каада көп». 6. «Бажа бажаны көрсө башы кычышат». 7. «Бала, баланын иши чала». 8. «Бала ыйламайынча, эмчек кайда». 9. «Балалуу үй – базар, баласыз үй –мазар».

Он бешинчи тесте

1. «Ата – балага сынчы». 2. «Балалуу үй – падышалуу үй». 3. «Бешиктеги баланын бек болорун ким билет, карындагы баланын хан болорун ким билет». 4. «Бир уядан бир сасыткы чыгат». 5. «Буудайдын барар жери – тегирмен, кыздын барар жери – күйөө». 6. «Жакшы атанын кашыктап жыйнаганын жаман уулу чөмүчтөп чачат». 7. «Жакшыдан жаман туулса – чыгаша, жамандан жакшы туулса – кireше». 8. «Бай болбогон бай болсо, корубаган жер калбайт». 9. «Байлык колдун кириндей».

Он алтынчы тесте

1. «Башы оорубагандын кудай менен иши жок». 2. «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт». 3. «Букарда пулу бардын көөнү ток». 4. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт». 5. «Жаманды жасоол койсо, жалгыз баласынын көзүн чыгара чабат». 6. «Жети кишинин бири – кыдыр». 7. «Касапчы энесине сөөк сатат». 8. «Качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт». 9. «Кишинин шайтаны – киши».

Он жетинчи тесте

1. «Кол – кудайдын мөөрү». 2. «Колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү». 3. «Кудай кошкон куда болот». 4. «Кырк жылы кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт». 5. «Соода сакал сыйпаганча». 6. «Соодагер санаасы менен байыйт, убайым менен карыйт». 7. «Ырайына жараша ыйманы». 8. «Ырыстууга жуучу келет, ырысы жокко доочу келет». 9. «Ырысы жоктун ырымы күч».

Он сегизинчи тесте

1. «Бар балтаң, жок жалтаң». 2. «Аш ичсең, акылың менен ич». 3. «Ачууну таттуу кылган – туз, алысты жакын кылган – кыз». 4. «Атан төө мас болсо, тайлак менен дос болот». 5. «Ат оонаган жерде түк калат». 6. «Эл дарбыса, эшек кошо дарбыйт». 7. «Ат баспайм деген жерин үч басат». 8. «Ак ит, кара ит – баары бир ит». 9. «Кары келсе – ашка, жаш келсе – ишке».

МАКАЛ ЖАТТОО

Ар бир тестени өзүнчө жатта
1. Он үчүнчү тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
2. Он төртүнчү тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
3. Он бешинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
4. Он алтынчы тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
5. Он жетинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
6. Он сегизинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.

МАКАЛ АЙТЫШУУ

13 – 15-тестелер боюнча

Шарты. Окуучулар эки топко бөлүнөт. Таймашка ар бир топ мыкты өкүлүн чыгарат. Анан алар макалды кезектешип айтышат. Бир макал эки кайталанбайт. Бирөө билбей токтоп калган учурда, экинчиси үстөккө-босток айтып, макалынын санын арбытат. Макалды аз билгени утулат.

16 – 18-тестелер боюнча иштөө

Шарты. 13 – 15-тестелердикиндей.

1–18-тестелер боюнча

Шарты. Окуучулар топко бөлүнбөйт. Ар бир окуучу макалды жеке айтат. Бир макал эки кайталанбайт, эгер кайталанса, экинчиси эсепке алынбайт. Айтылган макалдардын санына чек коюлбайт. Бирден жетиге чейин орун берилет.

«Айдан, айдан ай көрөк» оюну

Бул 1–18-тестелерди бүт камтыйт. Окуучу өзү каалаган макалды эркин колдонот. Бул оюндун шарты 76–77-беттерде айтылган (§7 де).

Сүйлөп машыгуу

1. Он үчүнчү жана он төртүнчү тесте боюнча оозеки сүйлөм түз.

2. Он бешинчи жана он алтынчы тесте боюнча оозеки сүйлөм түз.

3. Он жетинчи жана он сегизинчи тесте боюнча оозеки сүйлөм түз.

1-үлгү: «Агайындын азары болсо да, безери болбойт» деген чын, кайда качат элек. «Агайындын азары болсо да, безери болбойт», силерден кол үзбөй калалык. «Агайындын азары болсо да, безери болбойт», безери болбосун эсте тутуп жүргөн жакшы го. Бир макалга үлгүдөгүдөй бир нече эмес, бир эле сүйлөм түз.

2-үлгү: 1. Кермекаш кудаларына мындай деген: «Агайындын азары болсо да, безери болбойт». 2. «Агайындын азары болсо да, безери болбойт»,–деп айткан Уулкан. 3. Бүбүсара: «Агайындын азары болсо да, безери болбойт»,– деп айтты. 4. «Агайындын,– деген Абыкан,– азары болсо да, безери болбойт». 5. Каналбек агайындын азары болсо да, безери болбосун айтпай койду беле. Бир макалга ушул үлгү боюнча бир эле сүйлөм түз. Бирок бир эле түр менен түзө берсең, баары коёндой окшош болуп калат. Ошол себептен улам кийинки макалда үлгүдөгү беш түрдүн улам бирин пайдалануу сунуш кылынат.

Жазып машыгуу

. Макалдын жазылышын «Сабат санжырасындагы» «Кереге көз жана тумар» кештеси тескейт.

Төмөнкүлөрдү эсиңе түшүр.

1. ◇ : «△» 2. «△», –

3. ◇ : «△», – ◇ 4. «△, – ◇, – △»

5.
-гин
-ги жөнүндө
-ги тууралуу

6. «△» ◇ 7. «△», ◇

Кештелердин мисал менен туюнтулушу.

1. Алтынбек мындай деген: «Жаманды төө үстүнөн ит кабат». 2. «Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт», – деп айткан Бакбуркан. 3. Үсөнбек: «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт»,– деген. 4. «Касапчы,– деген Абаз,– энесине сөөк сатат». 5. Алмакан кыздын кырк чачы улуу экендигин айтты. 6. «Көл таянычы – жер, көсөм таянычы – эл» дегендин жалганы барбы? 7. «Көч жүрө-жүрө оңолот», ага эмнеге акидей асылып калдынар, кичине сабыр кылсанар боло.

255-көнүгүү. Он үчүнчү тестедеги макалдарды жогорку кештедеги 7 түр боюнча өзгөртүп жаз. 1–5-кештелерге бирден, ал эми 6–7-кештелердин ар бирине экиден макал туура келсин.

256-көнүгүү. Он төртүнчү тестедеги макалдарды 1–5-кеште боюнча жазгыла.

257-көнүгүү. Он бешинчи тестени 2–4-кештелер боюнча жазгыла.

258-көнүгүү. Он алтынчы тестени 6–7-кеште боюнча жазгыла.

259-көнүгүү. Он жетинчи тестени 5-кеште боюнча жазгыла.

260-көнүгүү. Он сегизинчи тестени 1–7-кеште боюнча жазгыла.

Кайталоо

1. VII класс: 1 – 6-тестелер («Макал» топтомунда). § 7.
2. VIII класс: 7 – 12-тестелер («Макал» топтомунда). § 25.

§ 38. «САНАТ СӨЗ» ТОПТОМУ

(1–4-кайрыктар VII, 5–8-кайрыктар VIII классга өтүлгөн)

Тогузунчу кайрык

1. Жетимге камчы көтөрбө, жетимдин отун өчүрбө, жалгызга камчы көтөрбө, жардынын отун өчүрбө.

2. Сөзү октой жамандан жакын жүрбөй оолакта.

3. Бирде мырза, бирде кул, жаман-жакшы элге жак, терин төгүп, жерге жак.

4. Карөзгөй болбой, калыс бол, кошоматтан алыс бол.

5. Күлүк минип, гүлдөп өт, күмүрөй журтка сүйлөп өт *(Арстанбек)*.

Онунчу кайрык

1. Жакшы болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн. Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген.

2. Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так.

3. Там бир жылы көбөйөр, дарак бир жерден көгөрөр.

4. Жекендүү көлдүн бал камыш, жылкы салса, от табат. Уулу жаман болгон соң, дөбөдөй болгон атасын төө үстүнөн ит кабат.

5. Өткөн өмүр – качкан куш, колуңа келбейт ал кайтып *(Калыгул)*.

Он биринчи кайрык

1. Баркынды билген тууганга бастырып барып амандаш. Атандай сыйлап карыны, астынан чыгып саламдаш *(Нурдин Молдо)*.

2. Балалуу аялга камчы көтөргөн эркек акмак. Балапанын ээрчиткен казга кушун шилтеген мүнүшкөр акмак *(Алдаш Белек уулу)*.

3. Бий болсоң, калыс бол, калыс болбосоң, бийликтен алыс бол *(Шапак уулу Шералы)*.

4. Жаз чыкканда асманда, жарышып сайрайт боз торгой. Жигит болсоң, бекем бол, чириген талдай бош болбой.

5. Оокат үчүн камчылан, иштегенден эринбе. Уятынды кетирет, ичкиликке берилбе *(Осмонкул)*.

Он экинчи кайрык

1. Өзүңө бирөө тийбесе, озунуп барып чаппагын, көзүң менен көрбөсөң, күбүрөп ушак айтпагын.

2. Токтоо эрдин мүнөзү тойбосо да тойгондой, эмне кылса өөнү жок, калыпка салып койгондой *(Осмонкул)*.

3. Одоно сүйлөп күпүлдөп, орой болбо жашында.
4. Жалакай болсоң жашыңдан, өмүрүңдү дат басат.
5. Таза болсо жүрөгүң, туш тарабың даңгыр жол *(Калык)*.

Жаттоо

Ар бир кайрыкты өзүнчө жатта

1. Тогузунчу кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
2. Онунчу кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
3. Он биринчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.
4. Он экинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5.

Кайталоо

1. Биринчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 VII класста, «Санат сөз» топтому. § 8.
2. Экинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 (VII класс, «Санат сөз»).
3. Үчүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 (VII класс, «Санат сөз»). § 8.
4. Төртүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 (VII класс, «Санат сөз»).
5. Бешинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 VIII класста, «Санат сөз» топтому. § 26.
6. Алтынчы кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 (VIII класс, «Санат сөз»).
7. Жетинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 (VIII класс, «Санат сөз»).
8. Сегизинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5 (VIII класс, «Санат сөз»).

Сүйлөп машыгуу

261-көнүгүү. Тогузунчу кайрыктагы санат сөздөрдү катыштырып оозеки сүйлөм түз.

Үлгү: **Арстанбек Буйлаш уулунун «жетимге камчы көтөрбө, жесирдин отун өчүрбө, жалгызга камчы көтөрбө, жардынын отун өчүрбө» деп айтканы мурда кандай мааниилүү болсо, азыр да күчүн жоготкон жок.**

262-көнүгүү. Онунчу кайрыктагы санат сөздөрдү да 261-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп иште.

263-көнүгүү. Он биринчи кайрыктагы санат сөздөр да 261-көнүгүүнүн үлгүсүндө иштелет.

264-көнүгүү. Он экинчи кайрыкты да 261-көнүгүүдөгүдөй аткар.

Жазып машыгуу

265-көнүгүү. Тогузунчу кайрыктагы санат сөздөрдүн ар бирин катыштырып сүйлөм түз. Төл жана бөтөн сөздүн 1-эрежесине туура келтирип жаз.

266-көнүгүү. Онунчу кайрыктагы санат сөздөрдү төл жана бөтөн сөздүн 2-эрежесине туура келтирип жаз.

267-көнүгүү. Он биринчи кайрыктагы санат сөздөрдүн ар бирин төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын 3-эрежесине ылайыктап түз.

268-көнүгүү. Он экинчи кайрыктагы санат сөздөрдүн ар бирин төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын 4-эрежеси боюнча жаз.

269-көнүгүү. 9–12-кайрыктардагы өзүң каалаган төрт санат сөздү төл жана бөтөн сөздүн 5-эрежеси менен жаз.

270-көнүгүү. Өзүң каалаган 4 санат сөздү төмөнкү түр боюнча сүйлөмгө катыштыр. «△» ◇

***Улгу*: Эстүү адамдын эсирбей тургандыгы жөнүндө Женижок айткан экен.**

§ 39. «СӨЗ БЕРМЕТИ» ТОПТОМУ

(1–5-тестелер VII, 6–10-тестелер VIII класста өтүлгөн)

Он биринчи тесте

1. **Жырык ийнесин албоо** (эч нерсесине тийбөө, бирөөгө кара санабоо).
2. **Ийиктей чимирилүү** (абдан элпек кыймыл-аракетте болуу, эпилдеп кичи пейил мамиле кылуу).
3. **Ийне жеген иттей** (абдан арык, кыбырылган, илмейген, тыртайган).
4. **Ийне саяр жери жок** (абдан эскирип тытылган, тарпы кеткен жамап-жаскоого мүмкүн болбой калган).
5. **Ийри отуруп түз кенешүү** (шашпай абдан ойлонуп иш кылуу, акылдашуу, бир пикирге, бир чечимге келишүү).
6. **Ийри тумшук** (пайдага, олжого жакын, пайдалуу нерсенин үстүнөн чыгуучу, жолдуу).
7. **Илең-салаң болуу** (өтө создуккан, жакшы же жаман болуп оңолуп кете албаган абалда болуу).
8. **Илме кайып** (болор-болбосу арсар, ачык эмес, белгисиз, так түшүнүүгө, чечмелеп айтууга мүмкүн болбогон, табышмак сыяктанган нерсе).
9. **Ит жандуу** (ар кандай кыйынчылыкка, кыйноо-кыстоого чыдамдуу, жаны бек, чыдамкай).

Он экинчи тесте

1. **Итке минип калуу** (колдо болгон нерсенин бардыгынан, мал-мүлкүнөн ажырап калуу).

2. **Ит көрбөгөн кордукту көрүү** (абдан катуу азап чегүү, адам чыдагыс кордуктарды башынан өткөрүү).

3. **Ит оору** (өнөкөт болгон, көндүм болгон жаман адат, терс кыял, жүрүш-туруш).

4. **Ит өлгөн жер** (абдан кыйын, татаал, адам чыдай алгыс, өтө кыйынчылык менен аран жете тургандай жер).

5. **Иттин кара каптальнан** (абдан көп, арбын, мол).

6. **Ит терисин башына каптоо** (аябай ызалап, кыйнап кордоо).

7. **Иттин уулу байкара** (ким көрүнгөн, ким болсо эле, иши кылып мен адаммын дегендин баары, бардыгы эле).

8. **Ичер суу** (адамдын жашоосу, өмүрү, көрөр күнү).

9. **Иттин үнү угулган жер** (анча алыс эмес, жакын эле жер).

Он үчүнчү тесте

1. **Ичи-койнуна кирүү** (тез эле жакындашып, аралашып кетүү, эпилдеп адамга жумшак мамиле жасоо, бирөөнүн ишенимине өтүү).

2. **Ичи муздоо** (көңүлү калуу, ичи жылыбоо, жек көрө баштоо).

3. **Ичим тап** (көп сүйлөбөгөн, бейчеки сөз айтпаган, башкалар менен көп ырк кошпогон, түнт).

4. **Ичине ит өлүү** (бирөөгө астыртан, тымызын кастык кылуу, бирөө жөнүндө арам ою болуу).

5. **Ичине кара таруу айланбас** (өзүнөн башка эч кимге жакшылык каалабоо, ичи тардык кылуу).

6. **Ичинен сызуу** (билгизбей өзүнчө капалануу, кайгы-капасын сыртына чыгарбай, убайым тартуу).

7. **Ичинен тынуу** (кайгы-капасын, таарынчысын же ыраазы болгонун, көңүлү тынганын ж.б. билдирбөө, ачык айтпоо).

8. **Ичи өрт менен жалын болуу** (абдан катуу кайгыруу, күйүт тартуу, күйгүлтүккө түшүү).

9. **Ичип-жеп коюу** (аябай зекип, кулагынын кужурун алуу, кайта-кайта жемелей берип, тажатуу).

Он төртүнчү тесте

1. **Ичи түтпөө** (чыдабоо, аёо, чыдамсыздык кылуу).

2. **Ичи эзилүү** (ийигүү, жакшы көрүү, ичи жылуу, ыраазы болуу).

3. **Ичкени аш болбоо** (бир нерсеге санааркап тынчы кетүү, санаасы тынбоо, тамак ичкенинин артыгы чыгуу).

4. **Ич күптү** (ичте сакталган таарыныч, нааразылык).

5. **Иштин көзүн тааныу** (иштин шартын, жөнүн, ыгын мыкты билүү, билгичтик менен аткаруу).

6. **Каакы ордуна көрбөө** (кенебөө, тоотпоо, эч сезбөө, тенсинбөө, тенине албоо, киши ордуна санабоо).

7. **Мандайы жарык** (көңүлдүү, шаттуу, капасы жок, жайдары, ачык айрым, пешенелүү).

8. **Кабагына кар жааган** (түнөрүп ачуусу келген, ачууланган, каарданган).

9. **Кабагы карыш саландоо** (капалануу, кайгыруу, убайым тартуу, түктүйгөн, түнөргөн абал).

Он бешинчи тесте

1. **Казаны оттон түшүү** (жасап ичер тамак-ашы жок калуу, эч нерсеси жок болуп жакырлануу).

2. **Кайырмакка саяр эти жок** (өтө арык, арыктап, бүткөн араң эле жаны бар).

3. **Какыс-кукус кылуу** (анча-мынча сес көрсөтүү, кагыпсилкип урушуп коюу, урумуш болуп коюу).

4. **Камырдан кыл суургандай** (өтө кылдаттык, эптүүлүк менен, жигин билгизбей).

5. **Камыр-жумур болуу** (бири-бири менен эң эле жакын, ынак болуп аралашып, алынышып кетүү).

6. **Кан буугандай** (өтө тез, дароо, ошол замат).

7. **Канга салам бербөө** (анча-мынчаны тенине албай, тоотпой коюу, тың абалда болуу, оңоло түшүү).

8. **Кан какшоо** (зарлоо, кейиштүү абалда болуу, зыркырап ооруй берүү, жан кейитип ооруу, кайра-кайра, улам-улам айта берүү).

9. **Каны кайноо** (ачуусу келүү, каарданууу, жини келүү, кыжырлануу).

Сүйлөп машыгуу

271-көнүгүү. Он биринчи тестедеги сөздөрдү катыштырып оозеки сүйлөм түз. Ар бир сөз берметине бирден же эки-үчтөн сүйлөм түз. Каалооңо жараша.

Үлгү: 1. Кайда жүрсөңөр да, бирөөнүн **жырык ийнесин албагыла.** 2. **Жырык ийнесин алганда** кайсы тешигиң бүтөлөт, балам. 3. **Жырык ийнесине** кара санабай калайын.

272-көнүгүү. Он экинчи тестедеги ар бир сөз берметине бирден, же каалооңо жараша эки-үчтөн оозеки сүйлөм түз.

273-көнүгүү. Он үчүнчү тесте боюнча иштелет. Муну 271-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

274-көнүгүү. Он төртүнчү тесте камтылат. Бул да 272-көнүгүүгө окшош иштелет.

275-көнүгүү. Он бешинчи тесте боюнча. Бул да 272-көнүгүүдөй аткарылат.

«Чынжыр» оюну

276-көнүгүү. Мында оозеки сүйлөм түзүүгө класстагы бардык окуучу катышат. Мугалим каалаганына жараша сүйлөм түзүүнү алдыңкы катардан (же арткы партада отурган окуучудан) баштай бериши мүмкүн. Бирок каерден башталса да, алдыдан артка, же арттан алдыга карай парта боюнча сүйлөм шакылдата түзүлүп кете берет. Сүйлөмдү шыр түзбөй токтотуп калган окуучу чынжырды үзүп алган болот. Ошондуктан буйдалып калган баланын жанындагы окуучу дароо үзүлгөн чынжырды «ширетет», демек, тез, үзгүлтүктү сездирбей сөз берметин катыштырып сүйлөм түзө салууга тийиш.

1. Оюндун биринчи түрү

Китепти ачып, он биринчи тестедеги сөз берметтерин кара. Оозеки сүйлөө ырааты сөз берметтеринин катары менен кетет. Бул ыраат он бешинчи тестенин соңуна чейин сакталат.

Үлгү: **Токтосун.** Ыймандуулар бүлүнгөндүн **жырык ийнесин** да алган эмес, ал эми азыркы уурулар бүлүнбөгөндү толук бүлдүрөт, жыйган-тергенин калтырбай алып кетишке аракет кылат.

Надырбек. Капырай, сыналгыны тиктеп отурсам, бир кыз муз үстүндө **ийиктей чимирилип бийледи,** өнөр деп ушуну айт.

Бакберген. Арак ичкен эргулундун бүгүн маанайы пас, **ийне жеген иттей** болуп ыңкыят.

(Дагы ушул сыяктуу болуп уланып кете берет).

2. Оюндун экинчи түрү

Мында китеп пайдаланылбайт. Эсинде калган сөз берметтери сүйлөм түзүшүнө көрөңгө болуп берет. Окуучулардын катары биринчи оюндун түрүндөгүдөй эле ыраат менен жүргүзүлөт.

Кайталоо

1. VII класс: 1–5-тестелер («Сөз бермети» топтому). § 9.
2. VIII класс: 6–10-тестелер («Сөз бермети» топтому). § 27.

Жазып машыгуу

277-көнүгүү. Он биринчи тестедеги ар бир сөз берметине бирден сүйлөм түз жана жаз.

Үлгү: Ал кичинесинен бирөөнүн **жырык ийнесине** да **көз артпай** чоңойду.

278-көнүгүү. Он экинчи тесте. Мындагы сөз берметтерине да бирден сүйлөм түз.

279-көнүгүү. Он үчүнчү тесте. Муну да 277-көнүгүүдөгүдөй кылып иште.

280-көнүгүү. Он төртүнчү тесте. Мындагы ар бир сөз берметине бирден сүйлөм түз.

281-көнүгүү. Он бешинчи тестедеги сөз берметтерин да 277-көнүгүүдөгүдөй кылып жаз.

«Чиркеме» оюну

1. Мында эки сөз берметин бир сүйлөм кылып түзөсүң. Бул – бир тракторго эки прицеп чиркегендей эле кеп. Ушундай сүйлөмдөн бешти жаз.

2. Бир «тракторго» үч «прицеп» чиркейсиң, демек төрт сүйлөм жазасың.

3. Бир «тракторго» төрт «прицеп» чиркейсиң. Мүмкүнбү? Мүмкүн болсо, эки сүйлөм түзүп көр.

4. Бир «тракторго» беш «прицеп» чиркейсиң, поездге окшоштуруп. Болгону бир сүйлөмгө гана батырып жазасың.

Ушул төрт талапты аткаргандын баары, канча окуучу болсо, ошончосу тең биринчи орунду жеңип алат. Калгандары чама-чаркына жараша андан кийинки орундарга ээ болушат. «Сөз бермети» топтомунан 1–5-(VII класс), 6–10- (VIII класс) тестелерди да пайдаланууга болот.

«Көчмө барак» оюну

Бул оюнда 10–15-тестелердеги сөз берметтери пайдаланылат. Окуучулар партанын жайгашуу ыңгайына жараша эки катар болсо төрт, үч катар болсо 6 топко бөлүнөт. Ар бир топко мугалим бирден актай барак берет. Ага топтун биринчи окуучусу сөз бермети катышкан бир сүйлөм жазып, анан аны арткы партадагыга, ал андан ары узатат. Зарылдыгына жараша көчмө барак улам кайра башынан бир нече жолу айланышы мүмкүн. Ошентип, алардын ичинен баракка сүйлөмдөрдү көп жана туура жазган топ утуп чыгат.

СЫНАК

Доскага мугалим он беш сөз берметин жазып коёт. Мүмкүн болушунча алар VII – IX класстардын материалдарынын ичинен тандалып алынат. Анан окуучулар жапырт өз алдынча сүйлөм түзүп жазышат. Бир сөз берметине бир сүйлөм түзүү, же бир сүйлөмгө бир нече сөз берметин катыштыруу – ал окуучунун эркн.

§ 40. «МЭЭР СӨЗ» ТОПТОМУНАН

(1–3-чачылалар VII, 4–6-чачылалар VIII класста өтүлгөн)

Жетинчи чачыла

1. Маралдар сууга куюлган шагылда турат. Шагылдан өйдө кызыл алоо каптаган калың бадал. Бадал арты жар, жардын үстүндөгү калың кайың, жыш терек батып баратkан күндүн кызылын сүртүнгөнсүп кырмызыланат *(Ч. Айтматов)*.

2. Бир маалда маралдар моюн толгоп, бурулуп жөнөй берди. Анан бадалга кирип кетишти. Кызыл бутактар чайкалып, кызыл жалбырактар маралдардын жумуру соорularына күбүлүп жатты *(Ч. Айтматов)*.

3. Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам, алыстан ала келген эне тилиңерди укум-тукумуңар унутпасын, эне тилинде эл-жерин даңазалап ырдап жүрсүн. Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула. Мен эми силерге, силердин укум-тукумуңарга Умай энемин, силер менен түбөлүккө бирге жүрөм *(Ч. Айтматов)*.

4. Жакшы түгөнбөйт! Жер туткасы эл болсо, эл туткасы – жакшы. Эли менен жер көрктүү. Жакшысы менен эл эстүү. Жакшысы түгөнгөн эл чачылып тентирейт. Эли түгөнгөн жерди сел алат *(К. Осмоналиев)*.

5. Тигинин аты да оңбогондой өктөм окшойт. Күрөң түстөгү көкүл-жалы, жышылган жез чылапчындай жылбырска түгү суудан чыккан кундуздай жылтылдайт. Үстүндөгүнүн түрү жылуу. Жаандын суусу далысына сарыксын үчүн кийиз калпактын мандайын кайрып койгон *(К. Осмоналиев)*.

Сегизинчи чачыла

1. Кулаарды кол токтотот, ураарды тирөөч токтотот. Ажыраганды ал жээгинен бул жээгине көпүрө өткөрөт. Экөөбүз эки элди ажыратпай сунулуп калсак, эки устундун ачыгын бүтөп, туура таштalып жабылуучу шыптар керек. Көпүрө бүтүп, сунулуп бекип берсек, ал өйүзүнөн бул өйүзүнө бейкам чубоочу адамдар көбөйөр бекен?.. *(К. Осмоналиев)*.

2. Кылкылдап бараткан күн нуру аска учуна илинди. Аскалардан жарылып түшкөн курч кырлуу зор таштарга урунуп-согулуп, көк кашка шары таш түптөрүндө ак көбүк черте кайнаган сууну Алыбек кечип өттү *(К. Осмоналиев)*.

3. Ар кайсы жерде жерге баткан таштар. Чээнге кирген суурлар ың-жың. Ооздору үңүрөйгөн сары топурактуу ийиндер. Өзөгү каткан ак баш ышкындар. Жапалак арчалуу

күнгөй. Чанда улардын ышкырыгы угулат. Серүүн өрөөн. Серүүн ээндик. Серүүн тынчтык *(К. Осмоналиев)*.

4. Калыгул абанын бир айтканы эсимде: «Өзүндө күч барында айткан сөзүң эп болор, айылына чеп болор. Оомат оосо башындан, алжыган неме деп коёр, акмактар талап жеп коёр» *(К. Осмоналиев)*.

5. Тайлактардын тыбыт чокусунан кыска кулактарынын учу мулуят. Бу-буласа тиштери көрүнөт. Ийри моюн, кош өркөчү тик. Көбүнүн түсү түтүн сымал бозомук. Булуттан үзүлүп калгансыган актары жүрөт. Алар суу түбүндөгү май таштай алыстан эле чаңкаят *(К. Осмоналиев)*.

6. Жер таянып, ал акыркы жолу башын көтөрдү, канаты сынып бийиктен түшкөн бүркүт сыяктуу алысты, жарыкты армандуу тиктеди. Көзүнө бүт жер бети өрт каптап келат-кандай кыпкызыл болуп көрүндү. Анын көзүн кан чырмап баратты *(Т. Касымбеков)*.

Тогузунчу чачыла

1. Күчтүү канаттарынын күүсү желдин шоокумун каптап, найзанын учундай ышкырып тик сайылып, өзүнө келатты. Сарыбай нестее түштү. Ойлонтпой, камынтпай бүркүт аркан бою кирип келди, ошондо Сарыбай жерден балдакты ала коюп, бетине кармай берди. Каардуу бүркүт тайманбай көз ирмемде селдей шаркыраган күч менен келип бир тээп өттү, жыгач балдак шарт тең бөлүнүп сынып түштү *(Т. Касымбеков)*.

2. Бүркүт кайра көккө атылып чыкты. Сарыбай эсин жыйышка үлгүрө албады, бүркүт темир чеңгелдерин арбайтып, чекирейген кызыл тегерек көздөрүнөн заар чачып, ошол замат кайра шуулдап кирип келди. Өлүм! *(Т. Касымбеков)*.

Катуу чеңгелдешип, бири кышылдап, бири күшүлдөп, улам бири алдына басып, жумгалакташып, кериден ылдый тоголонушту. Сарыбай бүркүттүн башын кармоого, мойнунан бурап басууга аракет кылып, бүркүт башын ала качып карматпай, көзгө асылып, желке жүнүн түктөйтүп, жаалданып чокуп, Сарыбайдын бүт денесинен кан жошулуп, бүркүттүн канаттары карсылдап сынып, жүндөрү сапырылды *(Т. Касымбеков)*.

4. Сарыбайдын эки колу бүркүттүн темир чеңгелдерин бошотпой туткактап калган. Тизеге басуунун аракетинде. Бүркүт көзгө асылат. Сарыбайдын көздөрүнөн от чагылды. Ал акыры бүркүттүн бир чеңгелин тизеге басып, мойнун сыйпалап таап, бар күчү менен сыга кармады. Бурады *(Т. Касымбеков)*.

5. Бир убакта Сарыбай бүркүттүн калдайып жатып калган денесинин үстүнөн акырын өйдө болду. Ал көзүн ачкысы

келди. Көзү ачылбады. Көзүн сыйпалады. Колуна былжыраган бирдеме урунду. Сарыбай анын кан экенин билди. Капкаранғы. Эмелеки жаркыраган кең дүйнө кана? *(Т. Касымбеков).*

Көркүнө окуу

1. Адегенде 7 – 9-чачылалардагы ар бир мээр сөздү ичинен үч сыйра окуп, үндүн кырааты кандай болорлугун аныкта.

2. Анан 7 – 9-чачылалардагы мээр сөздөрдү удаалаш, андан соң алым сабак түрүндө көркүнө окугула.

Сүйлөп машыгуу

282-көнүгүү. Жетинчи чачыладагы мээр сөздөрдү өз сөзүнө кошуп сүйлө.

Үлгү: **Эл менен жакшы адамдын эриш-аркактыгы жөнүндө жазуучу Качкынбай Осмоналиев минтип айткан: «Жакшы түгөнбөйт! Жер туткасы эл болсо, эл туткасы – жакшы. Эли менен жер көркүнө. Жакшысы менен эл эстүү. Жакшысы түгөнгөн эл чачылып тентирейт. Эли түгөнгөн жерди сел алат».**

283-көнүгүү. Сегизинчи чачыланы 282-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп иште.

284-көнүгүү. Тогузунчу чачыладагы мээр сөздөрдү да 282-көнүгүүнүн үлгүсүндө иште.

Жазып машыгуу

285-көнүгүү. Жетинчи, сегизинчи, тогузунчу чачыладагы 1-номерде турган мээр сөздөрдү ◇ : «△» кештеси 2-номерде турган мээр сөздөрдү «△,– ◇ –, △» кештеси менен туюнтулган жазуу эрежелери боюнча жаз.

286-көнүгүү. Жетинчи, сегизинчи, тогузунчу чачыладагы 3-номердеги мээр сөздөрдү «△»,– ◇, 4-номерде турган сөздөрдү ◇: «△», – ◇ кештелери менен туюндурулган жазуу эрежелери боюнча жаз.

287-көнүгүү. Жетинчи, сегизинчи, тогузунчу чачылалардагы 5-номерде турган мээр сөздөрдү төмөнкү кештелер менен туюнтулган жазуу эрежелери боюнча жаз.

1. ◇ :

– △

2. – △ , – ◇

3. ◇ :

– △, – ◇

4. – △ ,– ◇ , – △

Кайталоо

1. VII класс: 1–3-чачылалар («Мээр сөз» топтомунда). § 10.
2. VIII класс: 4–6-чачылалар («Мээр сөз» топтомунда). § 28.

§ 41. «САНЖЫРГАЛУУ КАЗЫНА» ТОПТОМУ

(1–5-шыралгалар VII, 6–10-шыралгалар VIII класста өтүлгөн)

Он биринчи шыралга

1. Алмадай башын алайын, ай баткандай кылайын.
2. Оңой-олтоң эл эмес, ондуруучу неме эмес, илебине нан бышат.
3. Жаш чыбыктай солкулдап, жалооруп ыйлап болкулдап.
4. Кычык менен кылт этип, кыл куйругу жылт этип.
5. Эл ичинде эстүүлөргө, эбин тапкан сөздүүлөргө, аттуутондуу алдууларга, алыскы жолго камдууларга.

Он экинчи шыралга

1. Күндү катуу жайладым, күз булутун байладым.
2. Жол көрүнбөй түз болуп, сакалы шакшак муз болуп.
3. Тула бою ок экен, балбылдап көзү чок экен.
4. – Манас! Манас! Манас! – деп, баатыр эр мага жанаш! – деп.
5. Чоң кисе жанда шалпылдап, асабалуу чоң сүңгү айчыгы чыгып жаркылдап.

Он үчүнчү шыралга

1. «Алам» деп келип алдырат, «чабам» деп келип чалдырат.
2. Аркарын атып ойной жүр, акылың баштан жойбой жүр.
3. Аркардай бутун сайылтып, жал-куйругун жаныбар, асаба туудай жайылтып.
4. Жалпың атка мининер, жер арытып келиңер.
5. Калкты кайтарып, душманды майтарып.

Он төртүнчү шыралга

1. Шекер десем, бал берген, суусасам шербет, жал берген, түн күзөтүп эмизген, түрлүү тамак жегизген, мамыкка багып уктаткан ардагым энем кайда экен?
2. Зарурат болдум Эрмекке,
   Сагындым аны көрмөккө.
3. Элинди эстеп эттенбей, эненди самап күчтөнбөй.
4. Ичиң капа бук болмок, ичине кайгы жык толмок.
5. Өңүң сары жез болуп, акылың кетип нес болуп.

Он бешинчи шыралга

1. Күн себелеп дыбырап, майдалай түшүп жыбырап.
2. Айнектей көзү жалдырап, акылын таппай каңгырап.
3. Эки жагын каранып, эрди кургап жаланып.
4. Колу-бутун чагалык, карысын жерге кагалык.
5. Куудай сакал агартып, кузгундай көзүн кызартып.

11–15-шыралгалар «Эр Табылды» дастанынан алынды.

Жаттоо

1. 11–15-шыралгаларды катары менен жатта.
2. Парталаштар бири-биринерди жаттаганынар боюнча текшергиле.
3. ***«1-шыр айтма» оюну***. **Шарты:** 1) адегенде доскага бир окуучу чыгат; 2) ал санжыргалуу сөздүн эки-үч сөзүн айтат, партада отургандардын бири анын калганын таап, улап кетиши керек; 3) калган шыралгалар да ушул өңүттө уланат.

Үлгү:

Биринчи окуучу. Күн себелеп дыбырап ...
Экинчи окуучу. Майдалай түшүп жыбырап.
Биринчи окуучу. Жол көрүнбөй түз болуп...
Алтынчы окуучу. Сакалы шакшак муз болуп.

4. ***«2-шыр айтма» оюну***. **Шарты:** 1) мында да доскага бир окуучу чыгат; 2) бирок ал санжыргалуу сөздүн бир нечесин эмес, бирди гана айтат; 3) шыр айткыч анын калганын улап кетет.

Үлгү:

Биринчи окуучу. Жаш ...
Экинчи окуучу. ... чыбыктай солкулдап, **жалооруп** ыйлап болкулдап.

Сүйлөп машыгуу

288-көнүгүү. Он биринчи шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү өз сөзүнө кошуп сүйлө.

Үлгү: **Каарданган баатыр: «Алмадай башын алайын, ай баткандай кылайын», – дейт.**

289-көнүгүү. Он экинчи шыралгадагы сөздөрдү 288-көнүгүүдөгү үлгүгө окшоштуруп иште.

290-көнүгүү. Он үчүнчү шыралга, муну да 288-көнүгүүдөгү үлгүгө салып иште.

291-көнүгүү. Он төртүнчү шыралганы да 288-көнүгүүдөгү үлгүдөй иштелет.

292-көнүгүү. Он бешинчи шыралганы да 288-көнүгүүнүн үлгүсүндө аткар.

Жазып машыгуу

293-көнүгүү. Он биринчи шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү киринди сөз катыштырып жаз.

Үлгү: **Албетте, алмадай башын алайын, ай баткандай кылайын.**

294-көнүгүү. Он экинчи шыралгадагы санжыргалуу сөздөргө каратма сөздү катыштырып жаз.

Үлгү: **1. Күндү катуу жайладым, күз булутун байладым, досум. 2. Жигиттер, күндү катуу жайладым, күз булутун байладым.**

295-көнүгүү. Он үчүнчү шыралгадагы санжыргалуу сөздөргө сырдык сөздөрдү катыштырып жаз.

Үлгү: **Аттиң, «алам» деп келип алдырат, «чабам» деп келип чалдырат.**

296-көнүгүү. Он төртүнчү шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү төмөнкү кештелерге ылайыктап жаз.

1. ◇ : « △ »
2. « △ », – ◇
3. ◇ : « △ », – ◇
4. « △ , – ◇ , – △ »
5. ◇ :
   – △

297-көнүгүү. Он бешинчи шыралгадагы санжыргалуу сөздөрдү төмөнкү кештелерге ылайыктап жаз.

1. – △ , – ◇
2. ◇ :
   – △ , – ◇
3. – △ , – ◇ –, △
4. ◇ : « △ », – ◇
5. « △ , – ◇ , – △ »

Кайталоо

1. VII класс: 1 – 5-шыралгалар («Санжыргалуу казына» топтомунда). § 11.

2. VIII класс: 6 – 10-шыралгалар («Санжыргалуу казына» топтомунда). § 29.

§ 42. «ТИЛ КУТУЧАСЫ» ТОПТОМУ

(1–7-кутучалар VII, 8–14-кутучалар VIII классга өтүлгөн)

Он бешинчи кутуча

жаран (достор, дос-тууганда р, атуулдар)
жарашыктуу (келишимдүү, көрктүү, жарашыгы бар)
жарбанда (жөнү жок шайырлык, ыгы жок теңтуш болуу, коюн-кончуна кирүү)
жаркын (жылуу, жайдары жүз, ачык-айрым мүнөз, сүйкүмдүү)
жарнак (үлүш кошуп, биргелешип иштөө)
жароокер (мүнөзү жагымдуу, илберинки, жайдары)
жасалгала (кооздоо, көрккө келтирүү)
жөлөк (сүйөнүч, тирек, тирөөч, таяныч, таянчык)
жулук ууру (майда-чүйдө буюмдарды кымтып алуучу майда ууру)

Он алтынчы кутуча

жалоору (ыйламсыроо, көзүн жашылдантуу, көз жаш кылгыртуу)
жашаялмет (жаш балдары бар, жаш балдары көп)
жетелеме (өз алдынча эмес, бирөөнүн айтканы менен болуп, жетегинде жүргөн)
жетик (акылман, даанышман)
жойпулан (эки жүздүүлүк кылуу, жагынып, кошомат кылуу)
жоогазын (мандалак)
жоодура (муңайып, жалооруп кароо)
жооткот (алаксытуу, тайсалдатуу, туурасын айтпай, башкага чалуу)
жорупта (сапырылып жаткан эгиндин чарын сыйпалата, үстүртөн шыпыруу)

Он жетинчи кутуча

жүлжүй (көзүн бүтүйтүү, жүлжүгүй тарттыруу)
жүткүнүү (илгерилөө үчүн обдулуу, алга карай жутунуу)
жыбылжы (акырын, жылжып агуу, акырын жай кыймылдоо)
жылаажын (кушка тагылуучу кичинекей конгуроо)

жылбырска (ара туулган козунун тармал боло элек териси)
жылдыздуу (жылдыздардын жыбырап көрүнүшү, сүйкүмдүү, жайдары, жүзү жарык, таалайлуу)
жылдырма (арамза, астыртан жамандык издеген, астыртан жылдырып какшыктаган неме)
жылымчы (астыртан, жашырын, тымызын жүрүп жаман иш иштеген пенде)
жыра (суу жеп кеткен жылга, кокту, коо)

Он сегизинчи кутуча

жышаналуу (жакшылыктын белгиси бар, жакшыга үмүткөр кылган)
жүрөкзаада болуу (зааркануу)
зааркануу (дити барбоо, бүткөн бою дүркүрөп тартынуу)
заңгел (абдан бийик аска, көк тиреген аска-зоо)
зарурат (зарыл, абдан зарыл, абдан муктаж)
зеки (жекирүү, коркутуу, жемелөө)
зили (түбү, акыры)
зоболо (кадыр-барк, атак)
зоок (көңүл ачуу, оюн-тамаша)

Он тогузунчу кутуча

зыкым (колунан эч нерсе чыкпаган саран, катуу баш)
зыяпат (сый, меймандостук, мейман кылуу)
зээн (акыл-эс жөндөмдүүлүгү, сезимдүүлүк, сергектик)
зээни кейүү (кайгыруу, капалануу)
идирек (жөндөм, зээн)
ийги (жакшы, түзүк)
ийкем (жөндөм, шык, эп, элпектик)
ийменчээк (тартынчаак, уялчаак, ырааттуу)
илберинки (элпек, кыймылы женил, шар)

Жыйырманчы кутуча

илбээсин (эти желчү жана аңчылык кылына турган жапайы куштар)
илкип-калкып (жай, эптеп-септеп, илең-салаң)
илээнди (шалаакы, тыкан эмес)
интеллигент (окуган, маданияттуу киши, акыл эмгегинин адамы)
иңир (күүгүм кирип, көз байланып калган мезгил)
иренжи (жийиркене түшүү, көңүл калуу, жактырбоо, айнуу)
ириде (эң мурда, алды менен, баарынан мурда)
итабар (бир топ, бир далай, бир кыйла, көп)

Жыйырма биринчи кутуча

итапкан (бир топ, бир кыйла, далай, көп)
итатайы тутулуу (кыжырлануу, жини келүү, кыжыры кайноо)
итирей (илмейген, жүдөө)
итиренде (үтүрөндөп кыжыры келүү)
ичиркен (муздактан дененин дүүлүгүүсү, чыйрыгуусу)
ишарат (белги берип жандоо)
каалгы (үргүлөө, жарым уйкуда болуу, өтө жай кыймылдоо)
кайгуул (чалгын, кароол)
керимсел (ысык жел)

Сүйлөп машыгуу

1. Он бешинчи кутуча боюнча.
2. Он алтынчы кутуча боюнча.
3. Он жетинчи кутуча боюнча.
4. Он сегизинчи кутуча боюнча.
5. Он тогузунчу кутуча боюнча.
6. Жыйырманчы кутуча боюнча.
7. Жыйырма биринчи кутуча боюнча.

Сүйлөп машыгуунун тартиби. 1. Сөзсүз, кутучадагы сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзөсүң. М.: Мекенди коргоо – ар бир **жарандын** милдети. 2. Үн чыгарбай, сүйлөмдү ичиңен түз. 3. Бир сөздү да аттап кетүүгө болбойт.

Үлгү: Баланын **зээни** жакшы, укканын эгерим унутпайт.

ООЗЕКИ ТАЙМАШ

1-таймаш. Эки топко бөлүнгөн окуучулар 15–21-кутучадагы сөздөр боюнча атаандашып сүйлөм түзүшөт. Бир тарабынын өкүлү бир сөздү сунуш кылса, экинчиники ал сөздү катыштырып, дароо сүйлөм түзөт. Сүйлөм түзүшүү алмакалмак болот. Бир сөзгө бир нече сүйлөм түзүлөт жана билбегенди билгени алмаштырып түзө берет.

2-таймаш. Эки топтон тандалган эки окуучу чыгат да, кутучалардагы сөздөрдү катыштырып, 12ге чейин сүйлөм түзөт. Ким көп жана туура түзсө ошол утат.

3-таймаш. Мында бир топтон бир эле окуучу чыгат, ага 2-топтун баары бирден сөз сунуштайт. Сүйлөм илгиртпей түзүлөт.

Жазып машыгуу

1. ТЕКШИ ЖАРЫШ

15–21-кутучалардагы сөздөр катыштырылат. Доска экиге бөлүнөт. Эки топтон бирден окуучу чыгып, бирден сүйлөм

жазат жана бүткөнү отурат. Ордуна кийинкиси чыгат. Бүткөндүн ордуна улам жаңысы чыга берет. Ушул ишти эки баракка жаздыруу менен алмаштырса да болот.

2. ЖЕКЕ ТАЙМАШ

Мында эки топтон өкүл болуп чыккан эки окуучу доскада орун калбай калганга чейин жазышат. Бул ишти ченелген убакыт боюнча баракка жаздыруу менен алмаштырса да болот.

3. АЛАМАН БАЙГЕ

Мында таймашуучу топ түзүлбөйт. Ар бир окуучу өзү үчүн күрөшөт. Туура жана баарысынан көп сүйлөм түзгөн окуучу аламанда утуп чыгат.

4. ЧЕБЕРЧИЛИК ТАЙМАШЫ

15–21-кутучалардагы (кааласа 1–20-кутучалардагы сөздөрдү пайдаланса да болот) сөздөрдүн бир нечесин бир сүйлөмгө катыштырып түзүү чеберчилиги сыналат.

ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

Биринчи тамгасы жазылып, анан көп чекит коюлган, же биринчи жана акыркы тамгасы жазылып, ортосу көп чекит менен белгиленген жерлерге 15–21-кутучадагы сөздөрдөн маанисине келтирип жаз.

I

Август айында к... желге эгин талаасы жай чайпалат. Каба өзүнүн уулу баштаган алты жигитти к... га койду. К...п уктап отурат. «Ж...дын жаны – сен, жаратылган каны – сен». Ж... суусар тебетей кийген жигит көч баштады. «Буралып турган ж... кыз булбулдун үнүн укпайбы?» Сен эмне жөнү жок ж...п калгансың. Кантсин, бүлөсү көп да, ж... болуп калды. «Саадаткан турду ж...п, кулпунган өңү бозоруп». «Ж... карап айылдан, жаш бозой жылкы кайырган». Ж... ташып үй салып алдык. Мектептин ж...сы жарашыктуу болуптур. Өз алдыңчалыгың жок, ж... болуп калдың, кантейин.

II

Куш талпынганда, ж... шыңгырады. Дүйшөнкулдун ж... иреңи көзүмө элестеди. Козунун ж... терисин сурап келиптир. «Өйдө басса өбөк бол, ылдый түшсөк ж... бол». Жашынан ж... у... кылат. Анын акылы ж... . Мурдагы өзүнүн кылган иттигин унутуп койду десе керек, алдыман ж...ып чыкты. «Ж... терип шагылдан, жол турса кетип тескери». Капчыгайдын кире беришинде бийик з... бар. Талас шаарында з... ишим

чыгып калды, уруксат берсеңиз экен. «Капкара көздөрү ж...п, акылдуу тиктеген эстүү Мыскал бөтөнчө сүйкүмдүү».

III

И...түү окуучулар биздин класста көп. «Булар кадимки эле нур жүздүү, кыргыздын и... кыздары болуп чыкты». И... кыз саба быштьі. Комуз черткен кишинин манжалары и...дүү болуш керек. «Үйрөнүшкөн жоо атышарга и...». «Тегерек» айылы бизден и... эле ыраак. «И...ген каракчы, дарыядан барып суу алып кел». Айдараалы Кулбашка ачуусу менен и...ди. Деги эле ж...уп бербей койдуң го, биздин колго да карга чычар. З...ң көтөрүлсүн, уулум. Кээ бирөөлөр битин сыгып, канын жалаган з... . Ал чийки май жегенсип, ж... з... болуп жүрөт. Балам ченде жок и..., чарбагына өскөн уйгакты жулуп коюуга да мойну жар бербейт.

Кайталоо

1. VII класс: § 12. 1–7-кутучалар («Тил кутучасы» топтомунда).

2. VIII класс: 8–14-кутучалар («Тил кутучасы» топтомунда). § 30.

§ 43. «ИЛХАМ КЕП» ТОПТОМУ

(1–3-түрмөк VII, 4–6-түрмөк VIII классга өтүлгөн)

Жетинчи түрмөк

1. Жаш болуу бул – Күнгө жетер кулач болуп сунулуу!
Эргүү, кеңүү, эркин нурдай элирүү.
Абага-сууга семирүү. Көк асмандай туруу дайым зынгырап. Бул турмуштун булккан күчүн өз денеңден издеп табуу *(Р. Рыскулов)*.

2. Ким элем төрөлгөнчө жүргөм кайда? Миң жылдар өткөн кезде кайда болом? Туямбы тирүүлүктүн табын кайра, дагы качан кайталанам, пайда болом? *(Ж. Мамытов)*.

3. Же мезгилдин канатында аркырап, күндөрдүн бир күндөрүндө өмүргө келбестиктен келебизби кар сымак? *(А. Өмурканов)*

4. Мобул тоолор арасында жылуу уядай жылуу алакан сылаган, балалыктын маанайы бар өчпөгөн *(А. Темирова)*.

5. Толгон айдын сыныктары калкыйт толкун бетинде *(А. Темирова)*.

Сегизинчи түрмөк

1. Өзүң салган тамдан мурун кулайсың, өмүр кыска бычагындын сабынан *(Т. Умөталиев)*.

2. Жыргалдын жаңгагынан көп тергин да, таштагын укум-тукум баштыгына *(Т. Умөталиев)*.

3. Турмуш – балбан! Иет сени ороктой, адамсыңбы, адам менен тең жүргүн, аз акылды чиренүүгө коротпой *(Т. Умөталиев)*.

4. Түн–чабандес кара бөрктүү, оттуу кылыч колунда. Булут кошуун сүрөп жүргөн, айкырыгы соңунда *(А. Темирова)*.

5. Тоолор жабат кызгылт нурдан парданы, жашыл кечти ороп көгүш мунарык *(А. Темирова)*.

Тогузунчу түрмөк

1. Жашоо – кумар, сырга толо, кубанычка, нурга толо. Сагынычка, сыйга толо. Кээ бир күнү кесепеттин сарсанаага, ыйга толо *(Ж. Мамытов)*.

2. Күүлөн, шамал, уч, жалбырак, ойно, куюн, сапырыл, чаң, ур, борошо, бет алдыман, мен турмушка келатам *(Ж. Мамытов)*.

3. Желге желпинген жашыл арчадай айкөл дүйнөдө эрбендеп келемин. Жер сени батырып карекке алчадай, чеги жок кыйрына жылдыздар тамчылап, балдарды талпынтып алмадай ай чыгат *(Т. Муканов)*.

4. Шыбырап жалыныч наз кепти, асканын киймин жаз чечти. Буулугуп турган булуттан булактай туйлап жаш кетти *(А. Өмүрканов)*.

5. Арылайм, сыйкыр күүлөрүн түшүнсөм бирин түшүнбөй, жашоого ушул келгеним чын эмес эле түшүмдөй *(А. Өмүрканов)*.

Жаттоо

а) Китептен карап, жетинчи, сегизинчи, тогузунчу түрмөктөгү ыр саптарын катары менен адегенде бир сыйра, анын эки сыйра хор менен көрктүү окуу.

б) Үч түрмөктөгү ар бир ыр сабын өзүнчө жатта.

1. Жетинчи түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5.
2. Сегизинчи түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5.
3. Тогузунчу түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5.

в) Үч түрмөктөгү ыр саптарын хор менен жатка айткыла.

Сүйлөп машыгуу

298-көнүгүү. Жетинчи түрмөктөгү ыр саптарын өз сөзүңө кошуп сүйлө.

Үлгү: **Бир карасаң, жаштык жөнүндө Рамис Рыскуловчо эч ким таамай айта албас, ал минтип ырдайт: «Жаш болуу**

бул – Күнгө жетер кулач болуп сунулуу! Эргүү, кеңүү, эркин нурдай элирүү. Аба-сууга семирүү. Көк асмандай туруу дайым зыңгырап. Бул турмуштун булккан күчүн өз денеңден издеп табуу».

299-көнүгүү. Сегизинчи түрмөктү жетинчи түрмөккө окшоштуруп сүйлө.

300-көнүгүү. Тогузунчу түрмөктү да жетинчи түрмөктүн үлгүсүндө аткар.

301-көнүгүү. Алым сабак сүйлөшүү. Биринчи окуучу ыр сабын айтат, экинчиси аны дароо өз сөзүнө кошуп сүйлөйт.

Биринчи түр. Алым сабак сүйлөшүү эки окуучунун гана ортосунда болот. Экөөнүн бирөө сөз таппай калганга чейин улантылат.

Экинчи түр. Алым сабак сүйлөшүүгө катышкан окуучулар утуру алмаштырылып турат.

Жазып машыгуу

302-көнүгүү. Жетинчи түрмөктөгү ыр саптарын төл жана бөтөн сөздүн өзүң каалаган эрежеси боюнча жаз.

303-көнүгүү. Сегизинчи жана тогузунчу түрмөктөрдөгү ыр саптарын төл жана бөтөн сөздүн өзүң каалаган эрежеси боюнча жаз.

304-көнүгүү. Жетинчи түрмөктөн эки ыр сабын диалогдуу сүйлөмгө айландыр.

Үлгү: **– Толгон айдын сыныктары калкыйт толкун бетинде, – деди Алтынай Темирова.**

Алтынай Темирова:

– Толгон айдын сыныктары калкыйт толкун бетинде,– деп айтты.

305-көнүгүү. Сегизинчи түрмөктөн өзүң каалаган эки ыр сабын диалогдуу сүйлөмгө айландырып жаз.

306-көнүгүү. Тогузунчу түрмөктөн да өзүң каалаган эки ыр сабын диалогдуу сүйлөмгө айландырып жаз.

Кайталоо

1. VII класс: 1 – 3-түрмөктөр («Илхам кеп» топтомунда).
2. VIII класс: 4 – 6-түрмөктөр («Илхам кеп» топтомунда).

§ 44. «ЧЕЧЕНДИК ЖАНА СЫН СӨЗ» ТОПТОМУ

Чечен сөз менен сынчылык – кыргыз элинин боор эт менен тең, түптөн учка уланып келаткан, оргуп кайнаган, ташыган байманасы.

Сынчы, чечендердин ичинен не бир мыктылары чыккан. Алар айтып оозун жыйганча, ачып көздү жумганча сөздүн не бир берметтерин төгүп жиберишчү экен.
Ж. Мукамбаев

I. ЧЕЧЕН СӨЗ

Чечен – оюндагы орчундуу сөздү таамай да, тайманбай да, куюлуштуруп да, кулак курчун кандырып да, муютуп да айткан адам. Чечендин сөзү атылган ок сыңары. Чагылгандай жарк этип айтылат да, каршысын сөзгө жыгат. Чечен сөздү Жээренче чечен, Көкөтөй, Куйручук, Тилекмат, Карачунак, Ырысбек, Токторбай, Айтыбар, Медет ж.б. ондогон адамдар колдонгон, бирок алар менен катар аны «чечен», «сөзгө уста» деп аталбаган карапайым калктын катмары да пайдаланган. Тиешелүү чечен сөздү маашырлана айтып, анан «анысы кандай» деп ага өз оюн кыноо менен кимдир бирөөнү ынандыруу, жүйөгө жыгуу салты күнү бүгүнкүдөй күчүндө.

Чечендер сөздү так айткан: ойду учкул, элестүү, көркөм сөздөр, салыштыруулар менен туюнтушкан; тыбыш жутуу, кекечтенүү, узак сүйлөө, туттугуу болгон эмес; чаржайыт кеп урушпаган; жай, сабырдуу жана олуттуу сүйлөшкөн; эч качан жасалма кепке барышкан эмес; сөзгө чалынып калбас үчүн өтө кылдаттыкты пайдаланышкан.
Ж. Мукамбаев

Чечендик – сөз өнөрүнүн жеткен чеги.
С. Закиров

1. Акыл Карачачтын жообу

Жаныбек хан:

– Тулпарды уйга сатса не болот? Атты эшекке сатса не болот? Туйгунду каргага сатса не болот? – деп сураган.

Акыл Карачач:

– Тулпар тушунда, күлүк күнүндө. Күч бербеген тулпардан сүтүн берген уй жакшы. Чабал аттан чарчабаган эшек жакшы. Канаты жок туйгундан канаттуу карга жакшы. Карга конгон, кузгун тойгон каздын тарпынан үксүйүп үмүт кылган туйгун ончубу, эртеги салтта, эски наркта мындай шумдуктуу жорук болчубу? – деп жооп берген экен.

(*Кыргыз эл жомогу*)

2. Тилекматтын Калыгулга айтканы

– Кереге ажыраса көктөлөр. Ээр ажыраса эптелер. Жер жарылса, сел менен толор. Эл жарылса эмне болот, касиеттүү карыя? *(К. Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы»).*

3. Ойлонбой сүйлөгөн жигит...

Илгери көпкөлөң тарткан бир жигит жолоочулап келе жатып, бир үйгө келет. Үйдөн бир сулуу жаш келин чыгып, коноктун атын алып, эшик ачып, үйгө кийрет. Мырза жигит колундагы куржунду көрсөтүп:

– Кайда илсем экен, келинчек, – дейт. Жигиттин теңсинбей турганын байкаган келин:

– Эгер сексен баштуу үйдөн куржунуңуз илине турган керегенин башы табылбай калса, анда мойнунузга илип алыңыз, – дейт *(С. Закиров, «Кыргыз санжырасы»).*

4. Байзактын айтканы

– Жылынып жүрүп күндүн баркын билбейт экенбиз: «Чыгыштан чыкты, батышка батат», – деп. Жашап жүрүп жердин баркын билбейт экөнбиз: «Тоосу таш, түзү топурак», – деп. Ичип жүрүп суунун баркын билбейт экенбиз: «Жутса муздак, кайнатса ысык», – деп *(К. Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы»).*

5. Чакарбай чечендин сөзүнөн

1. Турмуш – тутанган куурай, өткөн өмүр – өчкөн от, кыял-кармалбаган куш, айтылган сөз – атылган ок.

2. Бул дүйнөдөн аккан суудай, айкаштагы чуудай, төгүлгөн кумдай бардыгы өтөр. Бетеге кетет, бел калат. Бектер кетет, эл калат. Осмо кетет, каш калат. Оомат кетет, баш калат. Учкан камгактай, уюлгуган куюндай агып жоголуп турат.

3. Жараткандан үчөө гана өлбөйт: калдайган кара жер өлбөйт; аскасы бийик тоо өлбөйт; агыны катуу суу өлбөйт. Калганы бүгүн бар да, эртең жок *(С. Закиров, «Кыргыз санжырасы»).*

6. Токторбай чечендин айтканы

1. Уккан улама, көргөн көсөм. Сөздүн маңызына түшүнүп, нугун билбесе, акыл чечени кайдан чыгат. Сөзгө жараша сөз айтып, адамды таң калтырбаса, тил чечени кайдан чыгат.

2. Он беш жашта – жарга ойногон улактайсың. Жыйырма беште – оргуштаган булактайсың. Отузда – октос берген кабыландай, кыркында – кындан суурулган кылычтай. Элүү-

дө – адырдан качкан аркардайсың, алтымыш жаш – аксатат, аркандалган аттай алыска кете албай каласың. Жетимиш – желенин башы, жердин ташы, карынын жашы, балээнин башы. Сексенде – сенек болдуң, кимге керек болдуң. Токсон – тоголонгон жаш – өмүргө келген азап. Айткан сөздөн кем болдуң, өлүү менен тең болдуң, өлбөгөндө не болдуң.

3. Кара жердин өлгөнү – кар астында калганы. Алтын булак өлгөнү – аяктай муздун басканы. Аскар тоонун өлгөнү – ала булут чалганы.

4. Айтылган сөз – аткан ок, айтылган соң кайрылбас. Калган көңүл – качкан куш, кайгырган менен табылбас. Өткөн өмүр – өчкөн от, өкүнгөн менен жагылбас *(С. Закиров, «Кыргыз санжырасы»)*.

7. Токтосун Бойкон уулунун айтканы

1. Жакшы аял – атан төө. Кайнатасы сүйүнөт жүк көтөргөн нарым деп, кайненеси сүйүнөт бышып турган наным деп, алган жары сүйүнөт күндө таткан балым деп, жаратканга мин шүгүр, жакшы чыкты жарым деп. Жаман аял курусун, акыл айтсаң андайга, көрүнөсүң бузгандай, көйнөгүнүн чалмасы көргөн адам кузгандай, кебетесин карасаң, кап тешкен сокур чычкандай.

2. Кыздан айланайын, күйөө табат, канты менен чайын ала чабат. Кедей болсо да, бай болсо да, кур келбейт. Уулун аман болсун, келин табат. Келин келет, отко окшогон жалын келет. Жакшы болсо, жолундагы ишти кыла келет, жаман болсо өз уулунду өзүндөн ажыраткан залым келет.

3. Бейжай болсо, аял – жоо, бейакыл болсо, уулуң – жоо, беймаза болсо, келин – жоо, бейтартип болсо, кызың – жоо. Ушунча жоонун ичинде, кудай ай, сен кантип жүрөсүң эсен-соо.

4. Төөчү деген киши айтчу экен: он бешинде жарда ойногон улаксың, жыйырма беште шаркырап аккан булаксың, отуз жаш – байлоодогу тайдайсың, кырк жаш – кынынан сууруулган кылычсың, элүү жаш деген бел экен, алтымыш жайлоодон кайра тарткан эл экен, жетимиш жергесинен кем экен, сексен кара жер менен тең экен, токсон тонго сепкен бор экен, уулдун уулуна кор экен, уулдун уулуна кор болгуча, өлүп калмак оң экен.

8. Дастан Сарыгуловдун айтканы

Жер көчүп жаткан айылдарды тоо этегинен көчүрүп кетсе болот, ал каптай турган кыштактардын сай-арыгын бульдозёр менен ондоп, бетон менен каласа болот? Бирок адам-

дардын жүрөгүнөн жоголуп жаткан ыйманды бульдозёр менен кантип ондойбуз? Бетон менен кантип тособуз? Ыйман деген чөйчөктөгү сууга окшош, кылт этсе төгүлөт.

9. Айтыбар чечендин сөзү

1. Кайрат деген кыраан бар, кайгыга тизгин бербеген, кайгы деген жылан бар, өзөктү чагып өрттөгөн.

2. Өмүр турганда, өлүмдү сүйлөгөндөн без, тирүүлүк турганда, көргө сүйрөгөндөн без *(С. Закиров, «Кыргыз санжырасы»)*.

II. СЫНЧЫЛЫК

Сынчылык – адам баласындагы тендешсиз, салыштырылгыс, өзгөчө көрөгүчтүк, билгичтик. Бир көз чаптыруу менен эле сынчы беттеген, көңүл бурган адамынын буруш-турушун, мыктылыгын, өксүгүн, оболу келечегин да кашкайта айтып салган.

Сынчылар жылкынын күлүк же чобур болорун кулун жана тай кезинде сынап билген. Үйдө отуруп тыштагы аттын баскан дабышынан күлүк болорун билген. Учуп бараткан бүркүттүн кыраан же жаман экенин билген сынчылар болгон *(Б. Солтоноев)*.

«Маната» Кошой баатыр Каныкейдин мандайы кайкы, таалайы тайкы экенин алдын ала билет. Толубай сынчы сыны үчүн көзүнүн оюлганына да кайыл. Санчы сынчы сынчылык өнөрү менен Болотко серпкенин алган темир текөөр бүркүттөй эрди, ат качырбас боз айгыр баатырды төрөчү зайыпты тандап берет. «Эр Табылды» дастанында Санчы сынчы Кудайназардын балдарын сынап, ачуу чындыкты айтат: «Айтсам сенден өлөрмүн, айтпасам сындан өлөрмүн, бычакка саптык уулуң жок».

1. Санчы сынчынын сөзү

1. Түштүк аймагын минтип айтыптыр:

– Кыздары кыя баспаган, келини жүзүн ачпаган, жыгачынан май аккан, жыбытынан суу аккан, карысы карап турбаган, жигити иште мунбаган, келсе баргыс, барса келгис жер экен.

2. Сары өзөн Чүйдү айтканы:

– Күрөгү күмүш, кетмени алтын, дан чачкан пенде сүйүнгөн, кызылы кырдай үйүлгөн, ачынып келген тоюнган, арыктап келген семирген, бечара менен карыпка бейкуттук болчу жер экен *(К. Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы»)*.

2. Баатыр сыны

1. Октон-чоктон кайтпаган, жоонун аз-көбүнө карабай жалтанбай, тоодон кулаган таштай чимирилип жалгыз качырган, алды-артын ойлонбогон, аң-кемерди көзгө илбеген, жоону аралай чаап, быт-чытын чыгара салгылашкан эр. Мындай баатырларды «адам шери» деп атаган.

2. Жоодо жаралуу болуп калса да, маселен, колу сынса мойнуна асып коюп, буту сынса канжыгасына байлап алып, башынан аккан кан көзүн көрсөтпөй каптаса, шыпырып салып, суусаса атынын терин жалап коюп, душман менен салгылашкан эрди «кара көк», же «көкжал» дешкен.

3. Жоонун ыгына жараша согушат: калп качымыш болуп душмандын атын да, өзүн да чарчатып, бириндеп калган чакта сайып алат; жоонун аз-көбүн билмекке качырткы салат; жоо качырып, чарчатар жагын көздөйт; эгер жоодон чындап качып калса, аты чабал жолдошторун алдыга жиберип, тандамал жигиттерин артына коёт да, өзү алардын сонунан түшүп, жете келген жоону тосуп согушуп, илгери жибербейт. Мындай эрге жоокерлер көп пааналайт. Аларды «илекор баатыр» деген.

4. Жанына жолдош албайт. Алыс-жакынга өзү барып, жылкы алат. Жоосун жоолайт. Мындайларды «жеке баатыр» дейт.

5. Өзү жоодон коркуп качайын десе да, жолдошторунан уялып качпайт, ошентип жүрүп эрдик кылат. Мындайлар «ээрчиме баатыр» делет.

6. Анык баатырларды туурап жоо качырып, жоо саят да, «эрен» атагын алат *(Б. Солтоноев)*.

3. Урумдун Каныбекке айтканы

– Кандайча себеп менен мени кул дединиз, ата.

– Этти кыя кеспей туура кестиң, чоң кесип, аз чайнап жуттуң. Эт жеп жатканда, эки жакты караган жоксуң. Баятан берки малдашынды үч котордуң. Кездигинди өтүгүңө аарчыдың. Мен сүйлөп жатканда, төмөн карап отурдуң. Ошондуктан чүйгүндөп эт кесип жебеген, малдаш урунуп көнбөгөн, бычагын майлыкка аарчып көрбөгөн, жакшы сөздү угууга жайбаракаттык болбой, жашынан кул болуп курсагы тойбой, көрүнгөндүн заардуу тили менен шумурай жемесин көп угуп, жер карамараак өсүп калган экен го, – деп гана айта салдым (*К. Жантөшев, «Каныбек»*).

4. Сен дүйнө

1. Сен, сен дүйнө, сен дүйнө ... бир бетине күн тийген, бир бетине түн кийген, алды кызык, арты өкүнүч, оомал-төкмөл кем дүйнө.

2. Сен, сен дүйнө, сен дүйнө, ким жеткен сенин түбүнө? Ууз сүтүн эмизген апам кайда, сен дүйнө? Актын атын үйрөткөн атам кайда, сен дүйнө! Кимге бапа кылгансың, кылайган шоола боз салкын, жарыктык, өзүң бир тартым, капилет түштөй жалгансың (*Т. Касымбеков, «Сынган кылыч»*).

5. Күлүктүн сыны

1. Илбирстей ичи тартылган, бөрү кулак, кулжа моюн. Кашка тиши кадоодой, кара тили бүлөөдөй, каракушу калкандай. Жазы жаак, кең мандай, жото жилик жонгондой, жонуна жатып конгондой. Балык эти баладай, туяктары чарадай. Кар жилиги кадоодой, кыска бакай, тик далы.

2. Эшек туяк, элик баш. Кара саны түрүлгөн, эрди шалпык, бото көз, чымыр туяк. Бүткөн бою тарамыш, көмкөргөндөй карчыты, жупжумуру моюну түз. Энөө жерде эликтей, өргө чапса учкан куш. Уюл-уюл капкан бел, төө толорсук, тайган төш. Уй куймулчак, тик жамбаш. Чакмак эти түрүлгөн, кара эти жок кагелес. Кулун куйрук, тал-тал көкүл, сыйда жал.

3. Чолпондой көзү жайнап, ичке сагак, сүмбөдөй тулку бою. Оозун керип, көп эстеп, улутунуп, ойноктоп, жерди чапчып, асман карап. Муз бөйрөк, бели кыска, бирдей сүбөө, түпөктөй туу куйругу, бийик өркөч. Узун жамбаш, кең соору, алчак басык. Бөрү желиш. Тарамыш тула бою. Тайган төш, камыш кулак *(Б. Солтоноев)*.

6. Кыраан бүркүттүн сыны

1. Көзү чоң, жүндүү, өзү да чоң, ийиндүү: көкүрөгү кең, мойну сары, жүнүнө кыроо турбайт. Куйругу узун, жүнү шоодурак. Аркасында ак жүнү, жемсөөдө он чакты кызыл жүнү болот. Көзү кызгылтым, кабагы бийик, көзүнүн чарасы кең. Көзү кызыл, куму кайнап турат. Шыйрагы ичке, саны жоон, шыйрак жүнү кызыл, көзүнүн ичинен буу чыгып турат.

2. Көк тумшук, көк аяк, тумшугу узун, төш сөөгү миздүү жана кырдуу болот. Жемсөө чуңкур, беш сала батарлык жогдору болуп, жүнүнүн учу ичке болсо, карышкыр алуучу ушул. Кандай гана болбосун, жогдорлуу бүркүт кыраан болот.

3. Чөл бүркүт ачка болсо, жаш баланы эңип кетип жей берет. Бүркүт уядан алынып, андан шаңшычаак көп чыгат,

торго түшкөнү шаңшыбайт. Кол бала бүркүт ачка болгондо, ээсин да алып жейт. Жалтанбаган, коркпогон баатыр бүркүт көбүнчө уядан алынгандан (кол баладан) чыгат. Кара түлкүнү ошол алат, тор бүркүтү кайпактап, чыга берет *(Б. Солтоноев)*.

7. Алгыр тайгандын сыны

1. Кабагы тик, тумшугу ичке, узун болот. Көзү кыпкызыл. Сырты октой түз. Мойну жумуру. Оозу өтө чоң. Бели кыска. Эки жамбаштын кошкону – эни төрт эли (кээде андан да кен). Толорсугу тик. Таманы кууш, кичине. Туу куйругунун түбү жоон.

2. Тайган каман, илбирс, бугу, марал, аркар-кулжа, эчкитеке, карышкырларды тобу менен алат. Андарды кайсынысы болсо да, бир тиштөө менен омурткасын былчыратат. Бир серпүү менен толорсугун сууруп таштаган. Алгыр тайганы бар айылга түн ичинде эч убакта карышкыр келбейт. Күчүк чагынан сөөк бербейт, чийки эт бербейт, итке талатпастан, эр жүрөк кылып асырайт. Кыргыз күлүк ат, бүркүт, шумкарды кандай көрсө, тайганды да ошондой ардактайт *(Б. Солтоноев)*

Угуу жана окуу

Чечен жана сынчыл сөздөрдү кулакка үйүр алдырыш үчүн адегенде угуу керек. Мугалиминер окуп берет.

I. Чечен сөздөр. 1. Акылкарачачтын жообу. **2.** Тилекматтын Калыгулга айтканы. **3.** Ойлонбой сүйлөгөн жигит. **4.** Байзактын айтканы. **5.** Чакарбай чечендин сөзүнөн: 1,2,3. **6.** Токторбай чечендин айтканынан: 1, 2, 3, 4. **7.** Токтосун Бойкон уулунун айтканы: 1, 2, 3, 4. **8.** Дастан Сарыгуловдун айтканы. **9.** Айтыбар чечендин сөзү: 1,2.

II. Сынчылык. 1. Санчы сынчынын сөзүнөн. **2.** Баатыр сыны: 1, 2, 3, 4, 5, 6. **3.** Урумдун Каныбекке айтканы. **4.** Сен дүйнө: 1, 2. **5.** Күлүктүн сыны: 1, 2, 3. **6.** Кыраан бүркүттүн сыны: 1, 2, 3. **7.** Алгыр тайгандын сыны: 1, 2.

Чечен жана сынчыл сөздөрдү класстан, асыресе, үйдөн кайра-кайра окуу керек.

Жаттоо

Чечен жана сынчыл сөздөрдү өз сөзүнө кошуп сүйлөө үчүн адегенде аларды **жаттоо** керек.

I. **Чечен сөздөр:** 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
II. **Сынчылык:** 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.

Өз сөзүңө кошуп сүйлө

Чечен сөздөрдүн бирин, айталы, Х менен белгилейли да, аны өз сөзүбүзгө кошуп сүйлөөгө аракет кылалы. Кантип? Төмөнкү тартипте:

1. (Х) + [өз сөзүң]

2. [өз сөзүң] + (Х)

3. [өз сөзүң] + (Х) + [өз сөзүң]

Сүйлөөнүн үлгүлөрү

1-үлгү: Илгери Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин, Тилекмат чечен Калыгул олуяга атайы келип минтип айткан экен: «Кереге ажыраса көктөлөр. Ээр ажыраса эптелер. Жер жарылса, сел менен толор. Эл жарылса эмне болот, касиеттүү карыя». Анысы кандай, балабыз байкабастан машинасы менен бир уюңарды урдуруп кетиптир. Бул арадай ишти чарадай кылып ары-бери чойсок, жакадан алып, соттошуп жүрсөк, элчиликке жатабы. Андан көрө уюңарды төлөп берели, алдыңарга келдик, кечирип койгула, туугандар.

2-үлгү: Ырас, кемчилик болду, кечирип койгула, айланайын туугандар. Балабыз мастыктанбы, жаштыктанбы, бир уюңарды машинасы менен урдуруп кетти. Мен атайы ортомчу болуп, бул ишти тыныштырайын деп келдим. Үйдүн ордун төлөп берет. Бир өзөндөн суу ичкен, жамандык-жакшылыгыбызга күйүшкөн элбиз. Келечекти ойлоп, катуу кетишпейли. Илгери калктын камын ойлогон Тилекмат кадимки олуя акын Калыгулга келип, минтип айткан турбайбы: «Кереге ажыраса көктөлөр. Ээр ажыраса эптелер. Жер жарылса, сел мен толор. Эл жарылса эмне болот, касиеттүү карыя». Анысы кандай, бул жерде ак сакал-көк сакалдар олтурасыңар, ырбатпай чечип койгула. Ынтымакка келели.

3-үлгү: Баарыбызда эле бала бар. Алар чоңойгондон кийин, ата-эненин айтканы менен болбойт экен. Ошондо да ичтен чыккан ийри жылан эмеспи, түтпөйсүң. Алдыңарга кечирим сурап келип отурабыз. Илгери Тилекмат чечен Калыгул деген акылман кишиге келип: «Кереге ажыраса көктөлөр. Ээр ажыраса эптелер. Жер жарылса, сел менен толор. Эл жарылса эмне болот, касиеттүү карыя»,– деген экен. Албетте, жер, эл жарылгандын жүзүн нары кылсын дечи, бирок ажыраган керегени көктөп, ээрди эптеп койбойлубу. Наяты бир уй экен го. Төлөп берели. Ынтымакка келгиле, агайындар.

Сүйлөп машыгуулар

1. (Х) + [өз сөзүң]
2. [өз сөзүң] + (Х)
3. [өз сөзүң] + (Х) + [өз сөзүң]

Ушул тартипти төмөнкү оозеки машыгууларда кеңири колдон.

303-көнүгүү. Акыл Карачачтын Жаныбек ханга берген жообун 1-үлгү боюнча сүйлө.

304-көнүгүү. «Ойлонбой сүйлөгөн жигитти» 2-үлгү боюнча сүйлө.

305-көнүгүү. Байзактын чечен сөзүн 3-үлгү боюнча сүйлө.

306-көнүгүү. Чакарбай чечендин үч сөзүн 1 – 3-үлгүлөргө салып сүйлө.

307-көнүгүү. Токторбай чечендин айткан сөздөрүнүн биринчисин 1-үлгү, үчүнчүсүн 2-үлгү, төртүнчүсүн 3-үлгү боюнча сүйлө. Ал эми экинчи сөзүн жөн эле жатка айтып бер.

308-көнүгүү. Токтосун Бойкон уулунун айтканын 1 – 3-үлгү боюнча сүйлөп бер.

309-көнүгүү. Д. Сарыгуловдун жана Айтыбар чечендин айткандарын 2-үлгү боюнча сүйлөп бер.

310-көнүгүү. Санчы сынчынын сөзүн катыштырып аңгеме кур.

Үлгү: Санчы сынчы көрөгөч, көзү ачык олуя киши экен го, анын ошол кезде эле Сары өзөн Чүйдү: «Күрөгү күмүш, кетмени алтын, дан чачкан пенде сүйүнгөн, кызылы кырдай үйүлгөн, ачынып келген тоюнган, арыктап келген семирген, бечара менен карыпка бейкуттук болчу жер экен» деп айткананында эмне кынтык бар, «күрөгү күмүш, кетмени алтын» дыйкандын, токчулуктун жери экени жалганбы. Муну бул күндө турмуштун өзү ырастап отурат го.

Ушул үлгүнү (Х) + [өз сөзүң] жана [өз сөзүң] + (Х)

кештелери боюнча өзгөртүп жаз.

311-көнүгүү. Баатырлар боюнча суроолорго оозеки жооп бер.

1. Кандай баатыр «адам шери» деп аталат?
2. Көкжал баатыр кандай болот?
3. Илекор баатырды айтып бер?
4. Жеке баатыр кандай болот?
5. Ээрчиме жана эрен баатырлар жөнүндө айтып бер?

312-көнүгүү. Урумдун Каныбекке айтканын 310-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

313-көнүгүү. «Сен дүйнө» – бул Сарыбай мүнүшкөрдүн күүсүнүн аты. Ошол эле учурда сөз менен дүйнөгө – заманга сын берет. Муну да 310-көнүгүүгө окшоштуруп иште.

314-көнүгүү. Күлүктүн сыны. Алар белгилери боюнча үч топко топтоштурулган. Алардын ар бирин жатка айтып бер.

315-көнүгүү. Кыраан бүркүттүн сынындагы үч бөлүктүн ар бирин өзүнчө жатка айтып бер.

316-көнүгүү. Алгыр тайгандын сынын да жатка айтып бер.

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ

§ 45. ФОНЕТИКАЛЫК ТАЛДОО

317-көнүгүү. Мурунчул, капталчыл жана дирилдеме үнсүз тыбыштарды тап.

Тай ат болгуча, тайдын ээси ит болот *(түркмөн макалы)*. Бир ата он баланы баʻгат, он бала бир атаны талар *(уйгур макалы)*. Итти күчүгүм десең, оозунду жалайт *(казак макалы)*.

318-көнүгүү. Кош эринчил, эрин-тишчил, түпчүл үнсүздөрдү тап.

Досундун үйүндө тырмагынды алба, касындын үйүндө чачынды алдырба *(түркмөн макалы)*. Жамандык ар кимдин колунан келет, жакшылык ар кимдин колунан келбейт *(түрк макалы)*. Философия, вагон, велосипед, волейбол.

319-көнүгүү. Тишчил, уччул, орточул үнсүз тыбыштарды тап.

Эки таш беттешкен жерде – күкүм, эки адам эптешкен жерде – бүтүм *(түрк макалы)*. Бычак өз сабын өзү кеспейт *(өзбек макалы)*. Күн бар жерде баткак да жалтырайт *(В. Гёте, немец акыны)*.

320-көнүгүү. Кууш, ачык жана ичке үндүүлөр барбы?

Бул аманат дүйнөдө
Бирөө жүрөт зор болуп,
Бирөө жүрөт кор болуп.
Бирөө жүрөт көр болуп.
Бирөөгө бирөө эс болуп,
Бирөө макоо-пас болуп *(Молдо Нияз)*.

321-көнүгүү. Адегенде төмөндөгү бир боор өлкөң – Кыргыз мамлекети жөнүндөгү 13 мисалды окуп чык. Эсиңе тутуп ал. Анан бир мисалды танда да, толук талдоо жүргүз.

Буларды билесиңби? **1.** Кыргыз журту жөнүндөгү алгачкы маалымат эң биринчи ирет биздин заманга чейинки 201-жылы болгону кытай тарыхында эскерилген. **2.** Энесай кылаасында IV–V кылымдарда алгачкы Кыргыз мамлекети пайда болот. **3.** VII кылымдын соңунда, VIII кылымдын башында Барсбек ажонун аракети менен Кыргыз мамлекети Борбордук Азияда таасирдүү саясий күчкө айланган. **4.** 840-жылдагы зор жеңиштен кийин Борбордук Азияны негизинен кыргыздар сурап турган. Бул мезгилди академик В.В.Бартольд «Улуу кыргыз державасы доорон сүргөн доор» деп атаган. **5.** Тилекке каршы, кыргыздын жылдызы көкөлөгөн ал доору көпкө созулган жок. Улуу Кыргыз державасы кыйраган. Ошондон тартып жүз жылдап элибиз өз мамлекеттигине жете албай келди. **6.** 1917-жылы Россияда Октябрь революциясынын жеңиши менен жаңыча жашоо тарыхы башталды. **7.** 1924-жылы 14-октябрда Түркстан АССРинин курамында Кара кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөн. **8.** 1926-жылдын 1-февралында ал облус Кыргыз АССРине айландырылган. 1936-жылдын 5-декабрында Кыргыз ССРи түзүлгөн. **9.** 1991-жылдын 31-августу күнү Жогорку Кеңеш көз карандысыздык жөнүндө Декларация кабыл алып, ошондон тартып Кыргызстан көз карандысыз мамлекет болуп калды. **10.** 1992-жылдын 2-мартында Кыргыз Республикасы Биримкен Улуттар Уюмуна мүчө болуп кирди. **11.** 1992-жылдын 18-декабрында Кыргызстандын Мамлекеттик Гимни кабыл алынды. **12.** 1993-жылдын 5-майында Кыргызстандын жаңы демократиялык Конституциясы кабыл алынып, ошол күндөн өлкөбүз Кыргыз Республикасы деп атала баштады. **13.** 1995-жылдын августунда «Манастын» мин жылдык маараке тою өткөрүлдү *(«Эркин Тоо» гезити)*.

СЫНАК

Сынактын максаты – экөө: биринчиси – бардык белет боюнча окуучулар өзүн өзү текшерет (бул каалоого жараша); экинчиси – колуна тийген белет боюнча жазуу түрүндө толук фонетикалык талдоо жүргүзүү (бул милдеттүү). Сынактын тексттери алдын ала даярдалат: ар бир текст номурланып белетке жазылат. Сынак берүүдөн талдоону толук жана эң мыкты өздөштүргөн окуучулар бошотулат жана алар сынак алууда, аткарылган ишти текшерүүдө мугалимге тикелей жардам беришет.

Биринчи белет.

1. Фонетика деген эмне?
2. Боорунда буту жок,
   Жылан байкуш кантти экен?

Асанкайгынын сөзүнөн, XIV кылымда жашаган

Экинчи белет

1. Тыбыш кандайча жаралат?
2. Асмандан булут сөгүлөт,
   Аяктап мөндүр төгүлөт.

Кетбука ырчыдан, XIII кылымда өмүр сүргөн

Үчүнчү белет

1. Үндүү тыбыштардын эрежесин айт.
2. Алыска сапар алып,
   Үн салып кербен кетет.
   Таанышпай токтой калып,
   Көк менен булут көчөт.

Токтогул ырчыдан, XIV к. жашаган

Төртүнчү белет

1. Жумшак үнсүздөр кайсылар? Алар кандайча жаралат?
2. Өткөн өмүр – аккан суу,
   Калган көңүл – чыккан жан.

Толубай сынчыдан, XIV к. жашаган

Бешинчи белет

1. Уян үнсүздөрдү ата. Алар кандайча жаралат?
2. Бул уулуң түзүк экен, Алдаш аты
   «Ат качырбас боз айгыр» атак алып,
   Көкөлөп көтөрүлөр мартабасы.

Санчы сынчыдан, ал XVI–XVII кк. ортосунда жашаган

Алтынчы белет

1. Каткалаң үнсүздөр кайсылар? Алар кандайча жаралат?
2. Чарымды коюп этти айтам,
   Чеченден калган кепти айтам.

Чоңду ырчыдан, 1840–1888-жылдарда жашаган

Жетинчи белет

1. Жарылма үнсүздөр кайсылар?
2. Көз ачканда көргөн жер,
   Айдаган малым өнгөн жер.
   Толкунуң ай, шарың ай,
   Токоюң ай, талың ай.

Солтобай ырчыдан, 1838–1918-жылдарда жашаган

Сегизинчи белет

1. Жылчыкчыл үнсүздөрдү ата.
2. Атадан жаман туулса,
   Адашып калган көчкө окшош.
   Көкүрөк туюк кээ адам
   Сокур болгон көзгө окшош.

Нурдин Молдо

Тогузунчу белет

1. Кош эринчил үнсүздөрдү айтып бер.
2. Чаңсыз ак кар буркулдап,
   Учурунда кыш жакшы.
   Жумурай журтка бereке,
   Учурунда күз жакшы.

Айтыке ырчы

Онунчу белет

1. Эрин-тишчил үнсүздөрдү айтып бер.
2. Касиеттүү Ысык-Көл
   Жылдыздап аккан булагы,
   Ат боорунан буралат
   Бетеге менен шыбагы.

Алдаш Молдо

Он биринчи белет

1. Тишчил үнсүздөрдү жана жоон үндүүлөрдү ата.
2. Үй пул болор,
   Кул бий болор,
   Тоо токол болор,
   Талаа токой болор,
   Аяк адам баш болор
   Баш адам пас болор.

Калыгул

Он экинчи белет

1. Уччул үнсүздөрдү жана ичке үндүүлөрдү ата.
2. Журт намысын сактаган –
   Көсөмдүктүн белгиси,
   Жамандыкты кечирүү –
   Айкөлдүктүн белгиси.

Арстанбек ырчы

Он үчүнчү белет

1. Орточул үнсүздөрдү жана кууш үндүүлөрдү ата.
2. Асмандап чыккан буу карыйт,
   Аркырап аккан суу карыйт,
   Канатын тарап каркылдап,
   Көлдөгү жаткан куу карыйт.

Эшманбет ырчы

Он төртүнчү белет

1. Эринчил жана ачык үндүүлөрдү, түпчүл үнсүздөрдү ата.
2. Жакшы кийсең, жаш балдар,
   Көйрөндөнүп элирбе.
   Жаш кезинде кызмат кыл,
   Баркынды билген элиңе.

Токтогул

Он бешинчи белет

1. Созулма үндүүлөр кыска үндүүлөрдөн эмнеси менен айырмаланат?
   Созулма үндүү бир тыбышпы, же эки тыбышпы?
2. Кенештүү сөздүн баарысы
   Элде болот турбайбы.
   Бүт береке, тирчилик
   Жерде болот турбайбы.

Барпы

Он алтынчы белет

1. Мурунчул жана шуулдама үнсүздөрдү ата.
2. Аркырап аккан кашка суу
   Адырдан туйлап кулаган.
   Түн уйкумда ошол жер
   Түшкө кирсе кубанам.

Казыбек Мамбетемин уулу

Он жетинчи белет

1. Кайсы тамгалар эки тыбышты билдирет?
2. Кош сентябрь, кош ноябрь айлары,
   Өткөн жылдын кооз июнь, майлары,
   Адам уулу куштан чебер келтирип,
   Бакыт күнгө уя салган жайлары.

Алыкул Осмонов

Он сегизинчи белет

1. Эки тамга менен белгиленип, бирок бир эле тыбышты туюндурган фонемалар кайсылар?

2. Капчыгай сен бир туюк жаткан жүрөк,
Таранып далай туйгун кылат түнөк.
Тилдей жол, типтик тескей, эшилме кум,
Көк тоодон улар учат канат күүлөп.

Алымкул төкмө

Он тогузунчу белет

1. Үндүү тыбыштар менен үнсүз тыбыштар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?

2. «Алты» – деп оозун ачканда,
Бөдөнө кетти кутулуп,
Түлкү калды жутунуп.

Тоголок Молдо

Жыйырманчы белет

1. Каткалаң үнсүздөр менен жумшак үнсүздөр бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?

2. Бүрдөгөн тал бүрү түшсө, бир чырпык,
Алып кетет керек деген эл кыркып.
Мунқансаң да булбул-сулбул болбоймун,
Аз күн сайрап, тили катчы бир чымчык.

Калык

§ 46. МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО

1. Унгу, мүчөлөр боюнча талдоо

322-көнүгүү. Көчүрүп жаз. Анан унгу менен мүчөнү тик сызык менен ажырат.

Чаңдарды жутуп, абаны тазартууга көмөктөшүүчү кымбат нерселердин бири – өсүмдүктөр. Ал эми өсүмдүктөрдүн ичинен чанды көп соргону – даректар. Илимпоздордун эсептөөсүнө караганда 50 чарчы метр жердеги токой 50 тонна чаң жутат *(«Мөңгү» гезити)*.

323-көнүгүү. Унгу менен туунду сөздөрдү айырмалап айтып бер.

Жылаажын, ачкыч, откор, керимсел, ак жуумал, көгөр, күлкүчү, кымыз, көөкөр, сүзмө, эжигей, карандыз, жайлата, санаарка, ачыркануу, сууса, ырда, көз айнек, кат, барак,

аюу, сүлөөсүн, урушчаак, алгыр, бермет, санжыра, шашкалак, тебенек, түпкүч, үймөк, миллион, жүгөн, сугатчы, миллиард, уранды.

Үлгү: **күз** – унгу, **күзүндө** – туунду сөз.

324-көнүгүү. Татаал сөздөрдү түрү боюнча айтып бер.

Темир жол, Жогорку Кеңеш, КМШ, райадминистрация, кеп-кеңеш, очор-бачар, жардам бер, облкеңеш, арсак-терсек, келе жатат, оргу-баргы, ишеним кат, басма сөз, БУУ, сактык кассасы, эртели-кеч, эч качан, АКШ, бала-бакыра, чоң шашке, таңга жуук, келим-кетим, көз байланганда, алышбериш, профсоюз, таң каракчысы, бетме-бет, эл-журт, сойлоп жүрүүчүлөр, айыл-апа, ырыс кесер.

325-көнүгүү. Морфемаларга ажырат.

Мен бирөөлөрдү көргөндө, ичимен өзүмө суроо беремин: «Бул адам кыргызга, элге эмне жакшылык кылды экен?» Жакшылык жасоо адамдын кудай, тирүүлүк, аалам алдындагы парзы, милдети эмеспи. Сезими, ою, ниети, ыйманы таза эмес адамдар эч качан жакшылык жасоону ойлошпойт. Алар өзүн, рухий дүйнөсүн, жүрөгүн тазартууну да унутушкан, акыл эшигин биротоло жаап алышкан. Ушул мезгилде, татаал заманда чыныгы атуул элди, улуттук намысты, кызыкчылыкты биринчи коюуга тийиш, эрөөлгө чыккан эрлердей гана данк, мансап, көр дүйнө азгырыктарына алданбай, ак парзын таза аткарууга тийиш *(К. Жусупов)*.

Үлгү: **бирөөлөрдү** – мында төрт морфема бар.

1) **бир** – унгусу, 2) **-өө** – жамдама сан атоочтун мүчөсү;

3) **-лөр** – көптүк сандын мүчөсү, 4) **-дү** – табыш жөндөмөнүн мүчөсү.

326-көнүгүү. 325-көнүгүүдөн уланды мүчөлөрдү таап жаз жана алардын ээрчиме мүчөлөрдүн кайсы түрүнө кире тургандыгын аныкта.

Үлгү: **-лөр** – ээрчиме, анын ичинен оошмо мүчө.

327-көнүгүү. 325-көнүгүүдөн куранды мүчөлөрдү таап көчүр жана алардын өнүмдүү, аз өнүмдүү жана сенек мүчөлөрдүн кайсынысына кире тургандыгын аныкта.

Үлгү: ойлошпойт, мында **-ло** – куранды мүчө, анын ичинде өнүмдүү мүчө.

Көрөгөч Маамыт. 1. Кээ бир сөздөргө мүчө уланганда, уңгунун турпаты өзгөрүп кетерин унутпа. Мисалы: **уйку+ла=укта, жумуш+ а=жумша, бул+нын=мунун, эрин+ым=эрдим, бала+лар=балдар,**

көм+ып=көөмп, сеп+ып=сээп ж.б. Мындай учурларды талдаганда «укта» деген сөздүн уңгусу **уйку**, ага **-та (-ла)** мүчөсү уланганда, сөздүн турпаты **ук** болуп өзгөрүп кетти деп айтуу керек.

2. Китептин этегиндеги «Серектин сыр сандыгы» кулагыңа күмүш сырга. Ал унутулгандарды эске салат.

328-көнүгүү. Уланды мүчөлөрдү тап жана анын кайсы түргө кире турганын аныкта.

Ресторанга коён менен арстан кирип калышат.

– Мага сабиз менен капуста бериңиз, – дейт коён официантка.

– Сиздин шеригиңиз ачка эмеспи?

– Ал ачка болсо, экөөбүз ушул жерге келет белек,–деп тир бакыраң көз *(«Эркин Тоо» гезити)*.

Удаалаш талдоо

1) бир окуучу бир сөздү гана талдайт; 2) талдоо парта боюнча жүргүзүлөт жана ага бардык окуучу катышат; 3) талдоо оозеки болот; 4) ар бир окуучу тез жана шартылдап сүйлөөгө тийиш; 5) талдай албагандар доскага чыгып, өзүнө тиешелүү сөздү жазат жана талдоого жардам берүүчү материалды ичинен окуйт, анан партадагы окуучулар бүткөн кезде гана талдоого кезек алат – бул анын айып тартканы.

329-көнүгүү. Он сөз таап, оозеки удаалаш талдоо жүргүзгүлө.

330-көнүгүү. Удаалаш талдоонун шарты менен иште.

1. Бар + ып. **2.** Оку + ган. **3.** Жарыя + ла. **4.** Өлкө + лөр. **5.** Жаз + уу. **6.** Бол + ду. **7.** Кел + иңиздер. **8.** Биз + дин. **9.** Үй + дүкү. **10.** Санаа + сы. **11.** Күн + дөн. **12.** Азыр + кы. **13.** Араба + кеч. **14.** Бий + ле. **15.** Жаш + ар. **16.** Мектеб + им.

331-көнүгүү. Удаалаш талдоонун шарты менен иште.

1. Бар + ыш + ты. **2.** Оку + са + к. **3.** Наадан + дар + га. **4.** Душман + ың + ды. **5.** Азуу + су + нан. **6.** Бий + лик + тин. **7.** Жакшы + лык + ка. **8.** Баары + быз + ды. **9.** Кел + гин + -дер. **10.** Эне + лер + и. **11.** Жаз + а + быз. **12.** Ал + дыр + т. **13.** Кабар + ла + ш. **14.** Ыр + да + са. **15.** Кет + е + т.

332-көнүгүү. Удаалаш талдоонун шарты менен иште.

1. Абаз + көй + лүк + түн. **2.** Абай + ла + бай + сың + бы. **3.** Агайын + чы + ла + п. **4.** Адам + гер + чилик + сиз. **5.** Адаш + тыр + ды + нар. **6.** Адис + теш + тир + ил + үү. **7.** Ажыра + ш + тыр + уу + га. **8.** Оку + бай + сынар. **9.** Азык + тан + ды-

р + уу. **10.** Айкын + да + л + ган. **11.** Айнек + те + т + тир + -үү. **12.** Айны + кей + лик + ке. **13.** Айрөк + тө + гөн. **14.** Айыл + чы + ла + т + тыр + уу. **15.** Акмак + та + н + уу. **16.** Акыл + ман + дуу + лук + ту. **17.** Ал + сыз + да + н + дыр. **18.** Алдей + ле + ш. **19.** Албуут + та + н + уу. **20.** Ант + таш + ты.

Сөз түркүмү боюнча талдоо

333-көнүгүү. Төмөндөгү төрт топко бөлүнгөн сөздөр өз ордундабы? Өз ордунда эместерин кайсы сөз түркүмүнө кийирүүгө болот?

1. *Зат атооч сөздөр:* өнөр, каршы-терши, жаңыртат, ар бир, сабаттуу, бүт, кырк беш, капырай, күлдүрт-күлдүрт, шаркырады, боюнча, бах, го, сыягы, ошону, менен, жайында, даярдап.

2. *Сын атооч сөздөр:* үчүн, китеп, демек, күрөң, алтымыш, сырдуу, достор, толкун, кулпунат, тармал, эчактан, нак.

3. *Тактооч сөздөр:* гүлкайыр, ылдамыраак, тоодо, илбирс, багылат, жоогазындай, жөнүндө, мин, мунуку, алыстагы, баса, ыя.

4. *Жандооч сөздөр:* бирок, анткени, эле, соң, мүмкүн, буйруса, сага, жана да, эч качан, башкача айтканда, же болбосо, биздин оюбузча, өз, талп, бөжөң, чымкый.

334-көнүгүү. Сөз түркүмдөрүн тап.

Булдурт, булдурт, булдурт деп,
Булактарга тил кирди.
Буланғыр көк күчөтүп,
Булбулдарга үн кирди.
Буурул жорго мингизип
Булактаган дүнүйөң –
Бу жарыктын көйгөйү
Бүтпөстүгүн ким билди?
Хайт! Хайт! Хайт! Хайт! Хайт!
Алда үй! Алда үй! Алда үй! Алда үй!

О. Көчкөнов

335-көнүгүү. Сөз түркүмү боюнча талда.

Түнкү саат эки болуп калган. Асмандагы жылдыздар бажырайып, ар бири өзүнчө балбылдайт. Ай да көтөрүлүп, жанагыдан жарыгыраак тартты, Сары-Өзөктүн эрме чөлүнө шоола чачып төбөдө турат. Жылдыздуу көктүн астында керилип кыйырсыз Сары-Өзөк жатат күүгүмдөй түнөрүп. Береги төөлөрдүн өркөчтүү караандары, арасында бороондуу Карнардын бараандуу карааны, андан эки тараптагы кыр-жондордун өйдө-ылдый күүгүм жээги байкалат. Башка эчтеме

көрүнбөйт, темир жолдун эки тарабы тең кыйырына чейин караңгы түндүн астында жатат. Шамал гана акырын ышкырып, жал шагылдын арасындагы таштанды кагаздарды дирилдете кубалап жүрөт *(Ч. Айтматов)*.

Сын. зат. сан этиш

Үлгү. Түнкү саат эки болуп калган.

336-көнүгүү. Сөз түркүмү боюнча талда.

– Өзүңдүн ишиң кандай?

– Эки тогуз чөйчөк, бир тогуз кара аяк кырдым.

Сарыбай Мадыл жакка бет бурду:

– И, анчаны эмне кыласың?..

– Көр оокатка аралжы болбойбу...

– Йе, – деп күрсүндү Сарыбай, жүзүнө кайгылуу жылмаюу чыгып,– көр оокат ошону менен бүтөлчү беле? Көрксүз, калпыс кылып үч тогузду жасагандан көрө, жакшылап, сырын, чийимин, кырын келиштирип, жеңил, урунган киши кубангыдай кылып, үчтү гана жасаса. Жакшы жасалса кымбат буюм, жаман жасалса көндөбөдө жатар итаяк...

– Жакшы эле,–деди Мадыл чарчаңкы үшкүрүп.

– Сууга кайнаттыңбы аябай шакылдатып? Канча кайнаса, ошончо бекем болот дечү эле Кулан акем, кийин жарылып кетпейт, өнөрүнө да, өзүнө да наалат калбайт дечү эле.

– Түзүк эле... *(Т. Касымбеков)*.

ат. зат. ат.

Үлгү. – Өзүңдүн ишиң кандай?

337-көнүгүү. Оозеки (ар бир окуучу беш сөздөн) талда. Тез. Канчалык көп катарды талдасаң, ошончолук билимиң артат.

1. Жигер. Ийилчээк. Кажылдады. Аттинай. Кана.
2. Кажыбас. Уу-дуу. Жана. Бейм. Ошентип.
3. Мин. Быдылда. Супсак. Эй. Демек.
4. Томого. Кыруу-кыруу. Сыяктанат. Он миң. Ошол.
5. Толорсук. Үстөмөн. Үстүртөн. Үтүктө. Үп.
6. Ырымчыл. Ырыскы. Ыракаттанды. Ырсак-ырсак. Ыркыра.
7. Эми. Эмчи. Эндекей. Эпилдеген. Эрбең-сербең.
8. Жогдор (төөнүн кежигесиндеги тутам жүн, куштун желкесиндеги жүнү). Жипкирүү. Жооптуу. Жооткот. Жоромолдоп.
9. Жөргөм. Эжигейдей. Токсон. Жулк. Журдай.
10. Соң. Бөк-бөк. Чырк-чырк. Кудайга шүгүр. Керек.
11. Абзел. Бирок. Жараша. Гана. Ошондуктан.
12. Белем. Тийиш. Көздөй. Шексиз. Жүдөңкү.

13. Жыбылжы. Мышыкча. Бизчелик. Күзгүсүн. Бирпаста.
14. Илгери-кийин. Кыйкырып жиберди. Өх.Түт. Күп.
15. Дүп. Акылдуу. Дал. Гой. Ыктымал.
16. Жыйырма. Жыйналыш. Качан. Тез. Жыгылыштуу.
17. Жылмала. Жылдыздуу. Жылаажын. Жылымчы. Жымжырт.
18. Жыпар. Заардуу. Мыйзам. Ардагер. Атуул.
19. Инсан. Зыкым. Зыр. Зырпылда. Зээн.
20. Идирек. Ийгиликтүү. Эй. Илгертеден. Иймекей.
21. Илбериңки. Илбээсин. Илки. Интеллигент. Ириде.
22. Итиренде. Итапкан (бир топ). Итабар (бир кыйла). Ичиркенүү. Тетирисинче.
23. Йод. Каадалуу. Кабелтең. Кагылайын. Кагынчык.
24. Бештен эки. Кажылдак. Кадимкидей. Кайдадыр. Каймана.
25. Бали. Кайсар. Кайсы. Кайпакта. Какшаал.
26. Калама. Калбык. Калбырла. Камбыл. Кандайча.
27. Канчанчы. Каңырыш. Капкайда. Капорто. Капыстан.
28. Дейре. Карагаттай. Карбаластап. Карс. Бейм.
29. Качанаак. Качантан. Турпат. Болжолу. Кезүүлөшүү.
30. Келегей. Кемшендеди. Кербез. Кечке маал. Кечээ.

§ 47. СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

1. Сөз айкашы боюнча талдоо

338-көнүгүү. Төмөнкү тексттен атоочтук жана этиштик сөз айкаштарын өз-өзүнчө топ-топ кылып жаз.

Биринчи кат, өз алдынча толгонуп, ойго чөмүп, кыялга батып, кыйынчылыктар жөнүндө эскертем, ошол жол, терип-тепчип сөз кыл, омоктуу нерселер, менин пикирлерим, байкөндин далалаты, көздөгөнүңөн кайтпа, аруу максат, чоң мүдөө, мерчемди көздөйм, кыялкеч өспүрүм, альпинисттер жөнүндө окуйт, улуу тоо, жалама зоолор, шайы кетти, эшилген куюлмалар, муундары калчылдайт, асканы карады, олуттуураак ойлонсок, аппак боз үй, нөшөрлөгөн жамгыр, улуган карышкыр, гүлдөрдү гана көргүсү келген, уулуу тикенектер, сүрөтчүнүн чебердиги, ар түркүн кыйынчылыктар, татаал сыноолор, кыйынчылыктарга майышпа, тоскоолдуктардын өзөгү, шымаланып жолго чыгуу, алдуу-күчтүү азамат.

Үлгү: **Биринчи кат.** Мында **кат** – багындыруучу, **биринчи** – багыныңкы түгөй. Атоочтук сөз айкашы.

339-көнүгүү. Окуп чык. Анан сөз айкаштары боюнча көчүр.

КОРГОЛ АҢГЕМЕСИНЕ КАЙРА ТҮШТҮ

– Үч жатакчынын үйүнөн аттанып, жолдо бир үйгө түштүк. Эшиктен Током экөөбүз кирсек, бир колу менен куурай жагып, бир колу менен кууругучун кармап, буудай куурап жаткан орто жашаган, балгыр сары тоголок аял бар экен. Бизди адегенде жактырмаксан болуп: «Келиңиздер», – деп, мурдун чүйрүп койду. Током төр жакка өтүп, комузун черте баштады эле, баягы аялдын **кабак-башы** оңоло түшүп, Токомду кыя карап калды. Током мен жакка көзүн кыскан-да, куурайды шыкап жага баштадым.

...Өмүр чиркин опосуз,
Өтөсүң да кетесиң.
Бул алдамчы дүйнөдөн
Түбүнө жетпей кетесиң.
Калган көңүл, чыккан жан,
Кайтып келбейт экенсиң...

Ушинтип Током кара өзгөй кишинин пейли менен жоругун айтып жатканда, буудайдын жыты мурунду жарып жиберди. Аны баягы аял сезген жок. Током комузу менен: «Буудай күйдү, буудай күйдү, кара өзгөй» дегенсип сүйлөтүп чертти. Бир-эки жолкусунда бүдөмүк түшүнгөнсүп турат эле, үч-төрт жолу черткенде, казанын карап, капкара болуп күйүп калган буудайын көрө коюп, аял кыпкызыл болуп уялып кетти.

Т. Тыныбековдун эскерүүсүнөн

Үлгү: **1. Үйүнөн аттанып. 2. Жатакчынын үйүнөн. 3. Үч жатакынын...** (калганын да ушул өндүү иште).

340-көнүгүү. Текстти оку. Ээрчишүүгө, таандык байланышка тиешелүү сөз айкаштарын таап жаз.

ЖЭЭНБАЙ МУКАМБАЕВ

Жээнбай Мукамбаев 1929-жылы Ысык-Көлдүн Түп районундагы Күрмөнтү айылында туулган. 1950-жылдары Тажикстандын Жергетал районунда мугалим болуп иштеп барып, 1954-жылы «Кыргыз тилинин Жерге-Тал говору» деген темада кандидаттык диссертациясын жазган. Андан соң КМУда иштеп, кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүн түзүп, «Эл ичи – өнөр кенчи», «Кыргыз тилинин диалектологиялык очерки», «Памирдик-каратегиндик кыргыздарда», «Кыргыз элинин табышмактары, жаңылмачтары, калптары», «Жомоктор», айтор, жалаң аталыштары эле эки-үч баракты ээлеген илимий зор эмгектерди жараткан.

– Бул кишини эч коркпостон эле азыркы күндүн Махмуд Кашкарысы десе болот, – дейт Абдулхай агай,– өзүнчө эле басып жүргөн энциклопедия эле. Агайды тилчи деп коюшка болбойт. Бул киши тарыхчы, этнограф, географ, философ, ойчул, өзгөчө таланттуу жазуучу, улуу педагог, керемет адам эле.

С. Курманова

СӨЗДҮК

говор – тилдин жергиликтүү диалектилик бөлүнүштөрүнүн эң кичине тарамы

диссертация – окумуштуулук даража алуу үчүн жазылган илимий эмгек

диалектология – тил илиминин диалектилерди изилдөөчү бөлүмү

этнограф – этнография боюнча адис окумуштуу

341-көнүгүү. Адегенде оку, мазмунун эсинде сакта. Анан текстеги башкарууну өзүнчө, ыкташууну өзүнчө тизмелеп жаз.

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ

Сүрөткердин көркөм дөөлөттөрү дүйнө жүзүнүн жүздөн ашуун тилинде 330 жолу басылып, нускасы 20 миллионду түздү. Ал эми орус жаңа мурдагы СССРде жашаган элдердин тилдеринде эки жүздөн ашык жолу 21 миллион нускада басылып чыкты. ЮНЕСКОнун 1974-жылкы эле эсеби боюнча чыгармаларынын дүйнө элдеринин тилдеринде көп басылышы жана нускасы жагынан Чыңгыз Айтматов жазуучулардын алдына чыккан. Эгер жазуучунун адабий картасын түзсөк, асмандагы жылдыздардай бажырап көз жоосун алмак.

«Айтматовдук энциклопедия»

2. Сүйлөмдүн түрлөрү жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо

342-көнүгүү. Сүйлөмдүн түрлөрү боюнча талда.

I

Кара булут калыңдап, күн күркүрөп, чагылган чагылып, жамгыр төгө баштады. Ажар менен Каныбектин өтмө катарынан суу өттү. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы, жол тайгак *(К. Жантөшев)*.

II

– Каныбек!
– Ыя?
– Уктуңбу?
– Эмнени?

– Карышкырдын үнүн!..

– Жок!.. Таң атып келе жатат. Балким, тийбес.

Карышкырлардын улуганы жакындады. Ажардын коркунучу күч алды *(К. Жантөшев)*.

III

«Атанын тагдыры». Төрт көшөгөлүү драма. Окуя Ысык-Көлдө өтөт. Биринчи көшөгө. 1946-жылдын жайы. Акылбектин үйү.

Зуура. Эмне кылам? Кетүүдөн башка арга жокпу?

Бурулдун үнү. Кыз! Кыз!.. Акылыңдан адашпа!

Акылбектин үнү. А бизди кантесиң, Зуураш?.. Таштайсыңбы?.. Өзүңдү уул ордуна тутуп жүрбөдүк беле... *(Б. Жакиев)*.

IV

Сага муздак сууну ичүүгө болбойт. Угуп жатасыңбы?

Эскертпей, айтпай коюуга мүмкүн эмес. Мен сенден ит көйнөктү мурда жырткан улуумун.

Сага башканы укпай коюуга болор. Бирок мени угууга тийишсиң.

Үлгү: **Кара булут калыңдап, күн күркүрөп, чагылган чагылып, жамгыр төгө баштады.** Айтылышы боюнча жай, түзүлүшү боюнча татаал сүйлөм. Тутумундагы 4 сүйлөмдүн биринчиси – жайылма, калган үчөө – жалаң сүйлөм. Төртөө тең эки тутумдуу сүйлөм.

343-көнүгүү. Адегенде текстти окуп чык, мазмунун көңүлүнө түй. Анан класстагы окуучулар үч тайпага бөлүнөт. Ар бир тайпа текстти (I, II, III белгилери боюнча) таяк кармашуу (же калыс кагаз) менен бөлүп алат. Тайпанын мүчөлөрү сүйлөм мүчөлөрүн талдоону топтошуп жүргүзөт. Кайсы тайпа туура жана толук талдаса, ошол жарыштын женүүчүсү болот.

ДИНАРА АСАНОВА

I

Деги Динара Асанова деген ким эле? Мындай ысымды укканда, биздин элибиз эле эмес, бүткүл дүйнөдөгү кино сүйүүчүлөр кусалуу эскеришет. Анын бала чагын эскерүү да жүрөктү өйүтөт. Ал согуштун суук күндөрүндө дүйнөгө келген. Атасы согуштан кайтпай калган. Динара адегенде «Кыргызфильм» студиясында режиссердун ассистенти, монтаждоочу болуп иштеп жүрдү. Эки жылдан кийин ВГИКтин режиссёрлук факультетине өттү. ВГИКти бүткөн соң, «Ленфильмде» режиссер болуп иштеген. Ал «Рудольфио», «Тонкулдактын

башы эмне үчүн оорубайт», «Боз балдар», «Жан дүйнөнүн ачкычы», «Таштанды», «Чыр-чатактын балдары», «Кайгы», «Сен эмнени тандап алат элең?» өңдүү көптөгөн кино тасмаларды жараткан. Ал 1985-жылы Мурманскиде «Бейтааныш» фильмин тартып жүрүп, өмүрүнүн гүлгүн 42 жаш курагында кайтыш болгон.

II

Динара Асанова эң мыкты он көркөм тасма тарткан. Анын жетинчи көркөм тасмасы – «Боз балдар». Бул – Динаранын чыгармачылыгынын туу чокусу. Ушул тасмасы ага укмуштай атак-даңк алып келди. Ага каттар туш-туштан жамгырдай жаады. 17 жаштагы К. Илясов деген бала катында минтип жазган: «Мен өмүрүмдө кинодо биринчи жолу ыйладым. Тим эле кино мен жөнүндө болуп жаткандай. Мен экранды карап отурдум, жаагымдан ылдый жаштар агат. Өз тагдырым жөнүндө ойлодум, кандай гана көптөгөн каталарды кетиргем. Узак жылдар мени менен милиционерлер убара болуп келген, мектепте да менин айымдан кыйналышчу. Баарына өзүм күнөөлүүмүн». Динаранын тасмалары жалаң балдар менен өспүрүмдөргө эле арналган эмес. Анын тасмалары адамгерчиликтин улуулугуна, жакшылыкты көздөөгө, назиктикке, асылдыкка чакырат.

III

Динаранын күндөлүгүндө мындай саптар бар.

1. Өмүр бою быкшып күйгөндөн көрө бир жолу дүрт этип күйгөн артык.

2. Менин оюмча, жүрөгү таза, ой-максаты тунук адамдар гана өзүндө болгон нерсени элге берүүгө акылуу.

3. Бардыгын угам, бирок өз билгенимди кылам.

4. Кээде көрөмандар мага мындай суроо менен кайрылышат:

«Эмне себептен сиз өзүңүздүн көркөм тасмаларыңызда ток этер бүтүм чыгарбайсыз?» А мен бүтүм чыгарбаймын. Себеби көрөмандар өздөрү ой жүгүртүп, өздөрү бүтүм чыгарышы керек...

5. Мен өзүм дагы тынымсыз өзгөрүп турам.

6. Кино – адамдарды жана өзүмдү аңдап түшүнүүнүн бирден-бир айкын жолу *(Б. Чотурова)*.

344-көнүгүү. Адегенде оку жана мазмунун бил. Текст 8 бөлүктөн турат. Ар бир бөлүк 2–3 окуучуга берилет. Алар сүйлөм мүчөлөрүн чогуу талдашат.

АЛЫМ АЖЫМАТОВДУН АЛПТЫГЫ

I

Алым Ажыматовдун атагы кыргыз элине аттын кашкасындай маалым. Ал жөнүндө жазуучу Э. Медербеков «Кичинекей алп» аттуу повесть, М. Абдукаримов «Күтүлбөгөн окуя» деген аңгеме, акын Совет Урманбетов «Турмуш сыноосун жеңген адам», «Өз эркин сынаган жигит» аттуу көлөмдүү очерктерди жазган.

II

Бала кезинде туш болгон тагдырдын тайкылыгы, түркүн оорулар, күтүлбөгөн кырсык анын эркин сындырмак тургай, кайра чоюндай чыналтып, шамшардай бүлөдү. А. Ажыматов кыргыздын улуттук, эркин, классикалык күрөштөр боюнча республикабыздын 30 жолку чемпиону болгон. Мындан тышкары профсоюз уюмунун 7 жолку чемпиону. Жыйырмадан ашык ирет бүткүл союздук ири мелдештерде жеңишке жетишкен. Бирок мунун баары 1977-жылга чейин болгон.

III

1977-жылы Алым Америка Кошмо Штаттарына бара турган болуп калат. Белет алганы эски аэропортко келе жаткан. Автобуста эл жыкжыйма, бут коёрго жер жок. Ал ооз жакта эле. Аңгыча эшик шарт ачылып кетти. Ондогон кишинин массасы урганда, ал тең салмагын кармай албай калды. Кулап бара жаткан бирөө желкесинен силкип жибергендей болду. Жыгылып бара жатканын бир билет. Андан кийинкиси – түн...

IV

Ал азапты аябай чекти. Бала кезде башталган өнөкөт гастрит, бронхоэктаз, кабыргасынын сыныгы жөн эле колго кирген тикендей сезилип калды. Анан белин бир кездеги мертинтип алганы кырсыктын айынан кайра козголуп, колу-буту кыймылдабай, таптакыр шал болуп калуу, баш сөөгү сынып, түбөлүк акыл-эсин жоготуп коюу коркунучтары турду. Моюн омурткасы да сынып кеткен... Ооруканадан чыкканда, эки балдак менен бутуна араң турган тирүү арбак болуп калган эле.

V

Алымдын чөнтөгүндө толгон-токой оорунун аты жазылган, эмгекке 96 процент жараксыз экенин күбөлөндүргөн 1-группадагы майыптын китепчеси бар эле. Дарыгерлер мур-

да эле анын үй-бүлө күтүшүнө, басып жүрүшүнө, көп ойлонушуна катуу тыюу салышкан. Бирок Алым андай тыюу салуулар менен келишпеди. Анткени жашоо – бул Алым үчүн үзгүлтүксүз кыймыл. Эгер колу менен бутунун учтары кыймылдап турса, калган ооруну жеңип кетүүгө болоруна ал бекем ишенген. Анткени анын карамагында 4 процент эмгекке жарамдуулук бар эле. Алым тагдырдын кырсыгына баш ийип бергиси келбеди. Ошентип, чөнтөктөгү майыптык китепче менен көкүрөктөгү максаттын узакка созулган кармашы башталды. Бирок күчтөр тең эмес эле...

VI

Алым чыгыш элдеринин дененин ар бир бөлүгүн башкара билүү көнүгүүлөрү менен машыга баштайт. Дене-бою зыркырап ооруп, колу-буту көгөрүп, тарамыштары шишип кеткенине да карабайт. Кай бир көнүгүүлөрдү өзү атайы татаалдантат. Мисалы, кирпичтин ордуна сайдын ташын колу менен уруп сындырат. Алгач колдору көгөрүп, жарылып да кетчү. Алым ан сайын күчөп урар эле. Ичинен: «Эчтеке эмес, турмуш мени мындан да катуу уруп келе жатат. Ме сага, ме сага!» – деп күбүрөй берүүчү. Алым канчалык өчөшкөн сайын, колдорунун ооруганы басылып, атүгүл жарылган жерлеринин каны катып калчу. Ошентип, тынымсыз машыгуунун, өжөрлүктүн айынан ал өз сезимин, денесинин ар бир мүчөсүн башкарууга жетише алган. Бул 1979-жылдын жазы эле.

VII

Адам аракет кылса, колунан келбес нерсе жок. Алымдын кытка куйгандай келишимдүү мүчөсүн карап туруп, ушул жигиттин бир кезде шал жана жинди болуп калуу коркунучун башынан кечиргенине ишенүү мүмкүн эмес. Алым бутуна турары менен сүйүктүү күрөшүн кайра баштаган.

Ал 1979-жылы күзүндө күрөш боюнча Дүйшөмбү шаарында өткөн бүткүл союздук мелдешке катышып, жеңишке жетишкен. 1980-жылы улуттук күрөштүн үч түрү боюнча республиканын чемпиондугун жеңип алган.

АЛЫМ АЖЫМАТОВДУН КӨКҮРӨГҮНӨ ТӨНГӨН ТЕРЕҢ ОЙ БАР

«Кеңге кең дүйнө, тарга тар дүйнө». Жөн эле өлүп калуу менин максатыма жакпайт. Тагдырдын кырсыгына баш ийип бергим келбейт. Эгер дүйнөгө кең карасак, анда дүйнө сага кең карайт. Мен өзүмдү өзүм кыйнап, ушунун баарын тирүү калуу

үчүн жасаганым жок. Мен өлүмдөн коркпойм. Менин жашоомдун маңызы – адамдарга керек болуу. Мен колум менен сай таштарды сындырам. Алар бири-бирине такыр окшош эмес. Адам да ошондой. Ар биринин катылуу мүмкүнчүлүктөрү бар. Болгону аны табуу керек, – дейт ал.

«Ленинчил жаш» гезити

345-көнүгүү. Төмөнкү текстти сүйлөм мүчөлөрү боюнча талда. Баарын эмес. Тепкичтер боюнча. Мисалы, 1-тепкич – бир сүйлөм, 7-тепкич –жети сүйлөм. Демек, тепкичтен тепкичке көтөрүлгөн сайын, бирден сүйлөм кошула берет. Ким кайсы тепкичке чейин талдай алат?

1-тепкич

Эки жагынан эки өрүм чачтай эки суу агып түшөт экен.

2-тепкич

Дал ушул жыл ажырашта Бакай келди. Бакайдын келиши менен шаңдуу той кайрадан жаңырды.

3-тепкич

Кеңешке чогулгандар Таластан келгендердин кабарын сурамжылап толук угушту. Анан акыл чайкап отурушту. Ушул учурда Анжыян тарапка кеткен кайгуул да келип жетти.

4-тепкич

Этеги кең жайылган батышка түз менен жүрө берди Манас, Бакай. Бул жайыкта бир кертим болуп турган Кара-Тоо. Таластын этегинен башына кабар берер кароол тоо ушул, чокусуна түнкүсүн улуу от жакса, же түтүн булатса, Таластын башындагы Бакайдын Кызыл-Ташына жазбай көрүнөт.

5-тепкич

Токойлуу бир тоодон мың бугу атышты. Ошол жер андан кийин Мың-Бугу аталып калды. Бир тоодон сансыз кулжа атышты. Ал жер ошондон улам Кара-Кулжа аталып калды. Ошентип, кыштын кыраан чилдеси кирип келди.

6-тепкич

Бакайдын камкордугу менен кырк чоро куралып бүттү. Кырктын башына Кыргылды коюшту. Ар ишке жарар Ажыбайды кырктын саясатчысы кылышты. Кырк чоронун ар бирине минден аскер курап беришти. Жоокерчилик камылга жүрүп жатты. Убакыт суудай агып, кумдай куюла берди.

7-тепкич

Ушул керүүдөн Каркыраны көрүп ал: оң ныптан – көз жеткен көк мунарыкта жалама аска жалгыз кара бешкек тоо көк тиреп турат; теке мандай түндүгүң – көз жеткен боз мунарыкта Үч-Капканын үч эмчек суусу жайылып агып жатат; сол ныптан – көз жеткен күүгүм мунарыкта Кызыл-Кыянын жошолуу жону, токойлуу бели көрүнөт, андан ары Ысык-Көл жатат байбиченин пейилиндей жайкалып. Керүү төргө кыргыздын көчү конду. Ортодогу кең жайык аштын шаан-шөкөтү өтчү майдан болду.

8-тепкич

Кечээ чак түштө чапчышкан эки дөө дале жүрөт жөөлөшүп. Майдан үстү жумшак чым каман челгендей болуп казылыптыр. Үчүнчү күнү Кошой дөө Жолойго ээк сала өбөктөп, көзү илинип кетти. Кошойдун коңуругу кулагынын түбүнөн жаңырганын туйган Жолой аны колдойтуп жерден көтөрдү. Ошерде жону чыккан корум ташка Кошойду жанча чапмак болду. Манас айгай салып кыйкырды.

«Намыстанып кыйкырган бул Манасымдын үнү эмеспи», уйкулуу көзү умачтай ачылды. Күрөшкө түшүп жүргөнү дөө Кошойдун эсине ошондо келди.

9-тепкич

Амалы күч Коңурбай Алгаранын башын бура тартып качып берсе болорбу. Артынан Аккуланын оозун коё берди. Манастын жалын чыкты оозунан, чагылган чагылды көзүнөн. Астындагы ойроттон озгон Аккула арылдап арышын керди. Элик сындуу Алгара канат бүткөн немедей учуп качты. Эңкейишке келгенде Алгаранын эликтей буту сайылат. Өр таяна бергенде Аккуланын жал-куйругу жайылат. Эшилме сындуу чалкак белге жеткенде Аккула бөрү кууган бүркүттөй шукшурулуп жетип барды. Шер Манас болот тили бир кулач Сырнайзаны сундурду *(А. Жакыпбековдун «Теңири Манас» романынан 1–9-тепкичтердин мисалдары алынды).*

346-көнүгүү. Текстти сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо өз каалооңо жараша. Күчүндү сынап көр.

ЭГЕР КИТЕП ОКУСАҢ...

I

Адамзаттын кенчине айланган китептер аркылуу байыркы фараондор менен аралашып, гладиаторлорду данктап, легиондорду жазалайсыңар. Пегаска минип, Парнас тоосуна

чыгасынар. Китептер аркылуу гүлдөгөн Рим империясына жетип, Зулкарнайндын жоокери болуп, Дарийдин жеңилбес аскерин багынтасынар. Төгөрөктүн төрт бурчун айланып, акыркы деңизге жетесиңер. Чыңгыз хан, Батый хан, Жучу хан менен жүздөшүп, Субудай нойон, Жебэ нойон, Тохучар тайшылардын жортуулдарында жүрөсүңөр.

Жан дүйнөңөргө өбөлгө болгон китептер аркылуу тиги дүйнөгө да, бу дүйнөгө да саякат жасайсынар. Колумб менен Американын ачып, байыркы инктердин дүркүрөп өскөн маданиятын көрөсүңөр. Цивилизация жетпеген, урбанизация болбогон ууздай Бутан өлкөсүндө, Африканын чер токойлорунда, Килиманжаро тоолорунда арстандарга, пилдерге, керектерге аңчылык кыласынар.

II

Китептердин жетегинде Кайра жаралуу дооруна аралашып, Леонардо да Винчи, Микеланжело, Рафаэль, Врубель, Ван Гогдордун чыгармаларына таң калып, Лувр, Эрмитаж, Дрезден музейлерин ачасынар. Колизейде сайышка түшүп, Ватиканда папа болуп, католик динин башкарасынар. Аристотель менен Гегелдин, Галилей менен Коперниктин, Ньютон менен Эйнштейндин шакирти болуп, жаңы теорияларды, жаңы галактикаларды ачасынар. Дарвиндин лабораториясында адамдын маймылдан чыкканын далилдейсиңер. Бухара менен Самаркан мунарасынан кас душмандарынарды жерге ыргытасынар. Монте Кристо аралыгындагы алтындарга жетип, Дантенин тозогуна түшөсүңөр. Бруно менен отко күйүп, Ыйса Христос менен айкаш жыгачка керилип, кайра тирилесиңер.

III

Китептер аркылуу Гёте, Шиллер, Бальзак, Стендаль, Гюго, Моппасан, Лу Синь, Тагор, Цвейг, Роллан, Лондон, Драйзер, Твен, Хемингуэй сыяктуу алптар менен кездешесиңер. Толстойдун, Достоевскийдин, Тургеневдин каармандары менен аралашасынар. Пушкиндин Татьянасын, Лермонтовдун Бэласын, Карамзиндин Лизасын сүйөсүңөр. Арасында Шерлок Холмстун, Дон Кихоттун, шайдоот жоокер Швейктин жоруктарына канасынар. Айрыкча поэзия корифейлери Хафиздин, Саадинин, Гейненин, Шиллердин, Беранженин, Церетелинин, Лонгфеллонун, Есениндин муза дүйнөсүнө киргенде эфир толкундарында канат байлап учасынар.

Адамзат байлыгы китептерде. Китеп – аалам. Китеп – алтын, хрусталь, алмаз, бриллиант, кварц, фарфор жана

башкалар. Китеп – нефть, энергия, уран. Китеп – динамит. Алар жарылса, дүйнө кыйрайт да калат. *Э. Турсунов*

§ 48. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ

Төмөнкү сени кайталоого тушуктуруучу 51 суроо жеңил-желпилиги менен айырмаланат. Ага чапкан аттай тездик менен жооп берүү керек. Онтоп, ойлонуп же китеп баракта̀п туруп калууга болбойт. Бул тапшырманы аткаруунун жолу – экөө. Биринчи – ушул суроолорго алгач өзүң даярданып алышың зарыл. Экинчи – ушул суроолорду бири-бирине берип, күч сынашсаң болот.

ЭЛҮҮ БИР СУРОО

№1. Ырахат, ыракат, рахат, ракат. Бул сөздөрдүн кайсынысынын жазылышы туура?

№2. Ак төш – Актөш (иттин аты). Кайсынысы туура?

№3. Бардык – баардык, баары – бары, баардыгы – бардыгы. Булардын кайсынысы туура?

№4. Тебенек – тебээнек – тебен ээк. Кайсынысы туура?

№5. Кичирек – кичирээк, унутчаак – унутчак. Кайсынысы туура?

№6. Натуура – наата̀ра, наразы – нааразы. Кайсынысы туура?

№7. Кумтөр – Кум-Төр, жылажын-жылаажын. Туурасы кайсынысы?

№8. Кошун – кошуун. Кайсынысы туура?

№9. Ырахмат – ракмат – ыракмат – рахмат. Кайсынысынын жазылышы туура?

№10. Алып бер – алпер – апер. Кайсынысы туура?

№11. Алып бар – алпар – апар, алып кел – апкел. Кайсынысы туура?

№12. Бирин бири – бирин-бири, өзүн-өзү – өзүн өзү. Кайсынысы туура?

№13. Бири-бирин – бири бирин. Кайсынысы туура?

№14. «аа» катышкан 5 сөз таап жаз.

№15. «оо» катышкан 5 сөз таап жаз.

№16. «өө» катышкан 5 сөз таап жаз.

№17. «уу» катышкан 5 сөз таап жаз.

№18. «үү» катышкан 5 сөз таап жаз.

№19. «ээ» катышкан 5 сөз таап жаз.

№20. «пп» катышкан 5 сөз таап жаз.

№21. «кк» катышкан 5 сөз таап жаз.

№22. «гг» катышкан 5 сөз таап жаз.

№23. «тт» катышкан 5 сөз таап жаз.

№24. «дд» катышкан 5 сөз таап жаз.

№25. «сс» катышкан 5 сөз таап жаз.
№26. «нн» катышкан 5 сөз таап жаз.
№27. «лл» катышкан 5 сөз таап жаз.
№28. «рр» катышкан 5 сөз таап жаз.
№29. «ь» катышкан 5 сөз таап жаз.
№30. «ё» катышкан 5 сөз таап жаз.
№31. «я» катышкан 5 сөз таап жаз.
№32. «ю» катышкан 5 сөз таап жаз.
№33. «е» катышкан 5 сөз таап жаз.
№34. Кош сөздөн онду тез сана?
№35. 5 кинофильмдин атын ата? Жазылышы кандай?
№36. 5 күүнүн атын ата? Жазылышы кандай?
№37. 5 романдын атын ата? Жазылышы кандай?
№38. 5 эпостун атын ата? Жазылышы кандай?
№39. 5 драманын атын ата? Жазылышы кандай?
№40. 5 ырдын атын ата? Жазылышы кандай?
№41. 5 обондун атын ата? Жазылышы кандай?
№42. 5 гезиттин атын ата? Жазылышы кандай?
№43. 5 поэманын атын ата? Жазылышы кандай?
№44. 5 жомоктун атын ата? Жазылышы кандай?
№45. 3 операнын атын ата? Жазылышы кандай?
№46. 3 балеттин атын ата? Жазылышы кандай?
№47. 5 күлүк тулпардын атын ата? Жазылышы кандай?
№48. 5 мультфильмдин атын ата? Жазылышы кандай?
№49. 5 повесттин атын ата? Жазылышы кандай?
№50. 5 сөздү тез ташымалда?
№51. Кошмок сөздөн онду тап.

ОЙЛОНДУРГАН, ИЗДЕНТКЕН СУРООЛОР

(Жазуу түрүндө аткарылат)

№ 1. ЧЕКИТ КАНДАЙ УЧУРДА КОЮЛАТ?

1. Чекиттин коюлуш учурларын көрсөт?
2. Ар бир учурга мисал келтир.

№ 2. ҮТҮР КАНДАЙ УЧУРДА КОЮЛАТ?

1. Үтүрдүн коюлуш учурларын ата?
2. Ар бир учурду мисал менен далилде?

№ 3. ТЫРМАКЧА КАНДАЙ УЧУРДА КОЮЛАТ?

1. Тырмакчанын кайсыл учурда коюларын айтып бер жана атап көрсөт?
2. Алардын ар бирин мисал менен далилде?

№ 4. СЫЗЫКЧА КАНДАЙ УЧУРДА КОЮЛАТ?

1. Анын коюлуш учурларын аныкта?
2. Алардын ар бирин мисал менен бекемде?

№ 5. КОШ ЧЕКИТ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА КОЮЛАТ?

1. Анын коюлуш учурларын ата?
2. Алардын ар бирин мисал менен ыраста?

№ 6. ТӨЛ ЖАНА БӨТӨН СӨЗДҮН ЖАЗЫЛЫШЫНЫН КАНЧА ТҮРҮ БАР?

1. Ар бир түрү боюнча кештени сызып көрсөт.
2. Ар бирин мисал менен бекемде.

№ 7. БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН АНЫКТА

1. Алардын ар бирине таандык кештени сыз.
2. Ар бирин мисал менен далилде.

№ 8. ТЕҢ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ЖАЗЫЛЫШЫНДА КАНДАЙ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР БАР?

1. Аларды кештеси боюнча сыз.
2. Ар бирин мисал менен далилде.

№ 9. БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ЖАЗЫЛЫШЫНДА КАНДАЙ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР БАР?

1. Ар бирининн кештесин сыз.
2. Ар бирин мисал менен бекемде.

1 - үлгү: Чекит кандай учурларда коюлат? Бул тапшырма төмөнкүчө иштелет.

1. **Чекит сүйлөмдүн аягына коюлат.** М.: Күн кечтеп баратат.
2. **Чекит катар номерлөөдөн кийин коюлат.** Буга ушул үлгүнүн өзү мисал боло алат.
3. **Драмада каармандын атынан соң коюлат.** М.: **Шеркул.** Кагылайын, эч кимге айтпа, нары карап тур *(Шүкүрбеков).*
4. **Айрым сөздөр кыскартылганда коюлат.** М.: б. а., ж. б., д. у. с., б. з. ч., ж., к., проф. Ал эми кг, см, км, т, га, л, м деген өндүү кыскартылган чен бирдиктеринен кийин коюлбайт.
5. **Адамдын кыскартылган аты-жөнүнөн кийин чекит коюлат.** М.: Ч. Айтматов, С. Акматбекова, К. К. Юдахин, Р. Чокоева, Д. Жалгасынова ж. б.

2 - үлгү: «Чекит кандай учурда коюлат?» деген тапшырма кештелөө жолу менен аткарылат.



Сүйлөмдүн аягына келет. М.: Жаз эрте келди.
Катар номерлөөдө. М.: Китеп алгандар:
1. Алтынбек. 2. Алымкул.
Драмада. М.: **Искендер.** Заманды бара көрөбүз да. **Зулайка.** Искендер! Искендер!
Айрым кыскарган сөздөрдө. М.: ж. б., б. а., б. з. ч.
Адамдын аты-жөнү кыскартылганда. М.: А. Осмонов, С. Эралиев, Р. Гамзатов.

Ойлонткон, изденткен 8 тапшырма сени чакан иликтеп изилдөөгө тартат. Сен бул окуу китебинен тышкаркы материалдарды (гезит-журналдарды, көркөм чыгармаларды) да пайдалансаң болот. Мисалдарды оюндан чыгарып жана түз. Үчтөн.

Сегизинчи жат жазуу

(Максатың: жат жазууларды катасыз көчүрүү)

БЕКНАЗАР КУУДУЛ

Бекназар өзүнүн турпатын үчкө бөлчү. Эки чети деп таз башы менен чийдей бутарын айтчу экен бала кезинде. Анан курсагын орто жерим деп койчу.

Жаман алында ошол орто жерим бир күнү каймак жегиси келип калса болобу. Ооба каймак! Же ал өңүмдө эмес түшүмдө жеп жүргөн тамак болсочу. Деги ошо орто жеримдин ары жок да-аа, ары жок! Эмне кылдым эми деп баштачу Бекең аңгемесин. Үй ичи толо эл тымып турчу. Босого тарапта отурган балдар демин ичине алышып күлкүдөн муйушуп кызыл-көз сары мышыктай укмуштуу адамдан көзүн албай отурушчу. Анан Бекендин каймак үчүн «чоң казаты» башталчу.

Бактыма жараша байбиче аялдарды жыйнап жүн тытырып сабатып кийиз жасатмак болуп калды. Керели кечке айыл аялдарынын колу бошободу. Бешим ченде алардын торпокторун бошотуп айдап тээ жогорку коктуга алпарып караган черге байлап койдум. Энелерин издеп мөөрөгөн торпоктордун үндөрүн үйрөнүп жаттым...

Иреше түшүп караңгы кирип баратты. Аялдар торпокторун жоктоп ызы чуу түшүп калыптыр. Көрүнгөнү көрүнгөн жака чуркап жүрүшөт. Мен узун чөптүн арасына бекинип алып улам бир торпоктун үнүн турап мөрөп коём. «Мө-өө» дейм, «мү – үү» дейм, «мо-оо» дейм. Апий кызыл уйдун торпогу экен тияка чурка дешет, мен андан башка жака чуркап барып башкача мөөрөйм. Айланайын ана, ала уйдун музоосу экен...

дешип аяка чуркайт. Карангыда мен аларды жазгырып ээн үйлөргө келип чоң арча челеке каймак толтуру алып торпоктор байланган коктуга барып аларды бошотуп жибердим.

Аялдар эртеси гана каймак чогулткан идиштерин бош калганын көрүп, кечекиден жаман чуру чууга түшүштү... Ошол кезде каймака ашыкча тойгон мен орто жерим онтотуп оруп көзүмдү кызартып коктуда жатым. «Өзүңдүн кылганың. Каймак жегиси келет. Ары жок. Аш кылалбагандан кийин кайсы ырысына каймак жейсиң...» деп орто жеримди тилдейм.

К. Жуманазаров

Тогузунчу жат жазуу

«ТАЯНА ТУРГАН ЖАЙ ТААП БЕРСЕҢ, ЖЕР ШАРЫН АЛАСАЛДЫРЫП БЕРЕМ»

Архимед – математика физика илимдеринин пионери механиканы илим катары негиздөөчүлөрдүн бири. Ал биздин заманга чейинки 287 жылы Сицилиядагы Сиракузы шарында төрөлгөн. Ал атасынын жардамы менен өз алдынча окуган. Кийин Александрия шарында математика жана механика боюнча көрүнүктүү окумуштуулар менен бирге иштешкен, Демокрит Евдокс Евклид сыяктуу грек математиктеринин эмгектери менен таанышкан.

Падыша Гисрон өзүнө алтын таажы жасаткан. Тажынын салмагы падыша устага берген алтындын салмагына барабар эле. Бирок тажы накта алтындан жасалдыбы, же уста ага арзан бадагы металл кошуп жибердиби деген шектенүү пайда болгон. Аны тактоо иши Архимедге тапшырылган. Бир күнү ал мончодо жунуп жатып суюктука матырылган нерсе ал буюм сүрүп чыгарган суюктуктун салмагына барабар болгон көтөрүү күчү менен жогору түртүлөрүн байкайт. Буга Архимед укмуштай кубангандыктан, мончодон «Эврика! Эврика!» («Таптым! Таптым!») деп кыйкырган боюнча көчөгө чуркап чыгат. Бул ачылыш тажы жасалган металлдын составын аныктоого жардам берген. Ал эми алтынга башка металл кошуп жиберип, алтындан өзүнө артырып калган устанын айыбы ачылган.

Архимедин өмүр жолунда таң калтырарлык кызыктар көп. Ал бир жолу Гисронго төмөнкүдөй кат жазган: таяна турган жай таап берсең, жер шарын аласалдырып берем. Гисрон бул ырастоого аябай таң калган жана бул сөздүн туралыгын көргүсү келген. Анда Архимед үч мачталуу кемеге тажрыйба жасаган. Ал кемеге адамдарды жана жүктү толтуруп, кыймылдуу жана кыймылсыз бир канча блоктордон

турган жүк көтөргүч түзүлүштү колдонуп колу менен эле кемени аласалдырып жиберген. Гисрон ага ушул билимди пайдаланып мамлекети коргоо үчүн машина жана приборлорду жасого тапшырма берген. Ал тапшырма тез эле аткарылган. Биздин заманга чейинки 213-жылы римдиктер Сиракузы шарын басып алуу үчүн согуш жарыялаган. Архимедин коргонуу үчүн жасалган куралдары шарды эки жылга чейин коргого мүмкүндүк берген.

Архимед биздин заманга чейинки 212-жылы туулуп-өскөн шарын Римдик баскынчылардан коргоп жатып курман болгон. Архимедин өлүмү жөнүндө тарыхчы Тцетцисс минтип жазган: Рим аскерлери кирип келип, ящикке салынган кумга геометриялык фигураларды тартып олтурган чалды көрөт. Менин чиймеме жакындаба деп Архимед кыйкырат. Аскер Архимедге кылыч шилтеп жиберет. Бул учурда Архимед 75 жашта болгон. Рим аскер башчысы Марцелл Архимеддин өлүмүнө катуу кайгырган. Аны өлтүргөн жокерди армиядан куп жиберген. Архимедин тугандарына өтө зор урмат көрсөтүлүп улуу окумуштуу ардак менен көмүлгөн.

Ы. Кадыров

ТЕҢИРЧИЛИК ДЕГЕН ЭМНЕ?

(Ташымал белгиси менен көчүрүү)

Эмесе, теңирчилик деген эмне? Булуттуу Көктүн жолу, муундуу Чөптүн жолу, экөөнүн арасын жалгаган Киши уулунун жолу үч жолду жууруган Кан жолдун ааламы. Ооба, байыркы көчмөн бабалар Көктүн, Жердин, Адамдын бири-бири менен макул табышкан идеалдуу жуурум байланышын ушинтип табышкан экен. Көчмөндөрдүн тээ эзелки таш бетинде калтырган сүрөттөрүнүн тарыхы ушуну айтат. Акыры барып «Манасы» да ушуну айтат.

«Асман менен Жериндин Тирөөсүндөй бүткөндөй».

Бул – гипербола эмес, көз караш, тааныш. Ушул саптар Күлтегин бабамдын ташындагы жазууларга кандай гана дал түшөт десең: «Үстүндө Көк Теңири, астында Кара Жер жаралганда, эки арада киши уулу жаралган». Көрүнүп тургандай, эки текстте тең Көк Теңир, Жер-суу жана экөөнүн арасын жалгап, тирөөчтөй бойлоп киши уулу турат. Элестеткендирсиз. Бу не деген ажайып аалам, улуу сыр. Адам уулу миң сөздүн төрүн жайып иле албас, акылга кармалбас, эске ирмелбес ааламдын символун бир чапчып алакан отуна илип алган рух кудуретин айтпайсызбы. Ал мынакей! Көрдүңүзбү? Канчалык жөнөкөй жана гениалдуу! Төбөсү ачык Көк турат, төшү түктүү Жер турат. Ортосунда Адам–жалган. «Башы

Көктө, буту Жерде, бул эмне?» деп кыргыз табышмактайт. «Киши» дейт кайра өзү, же космикалык дене. Аны башы Көк челип, аягы Түпкө шуңгуйт.

Ордосу Алтайда жаткан көчмөн бабалар акыл гөйүндө баамдаган түпсүз терең чындыктардын өзөгүн сыр белгилерге батырып салган. Ал сырды илимде бу күндө Сакраль белги, Астраль белги аташат. Байыркы баба тээ таш доорунан тартып коло дооруна созулган «неолит», «энеолит» аталган жолдо эле таш бетине калтырган, табышмакка тунган сүрөттөр. Теңир таанымдын удулун көчмөндөрдүн бабалары ошол белгилердин унгусуна каткан. Сүлүк ташка чегилген сүрөт. Бул – IX–X кылымдагы энесайлык кыргыз эр. Сүрөттөгү куюшканга куткун илинген. (Куюшкандагы куткун белгисинде, демек, ал Көк Теңирди, Адамды, Жерди – үчөөнүн биримдигин туюндурат). Белгинин сансыз таштарда чачырап калган сан түрү, санжырасы – Азия бийиктигинен Европа жайыгына жеткен көчмөн жолдо уланып барган узак эволюциясы бар.

Ч.Өмүралиев, «Теңирчилик»

Үлгү: Сү-рөт-тө-гү ку-юш-кан-га кут-кун илин-ген.

Онунчу жат жазуу

ТАРЫХТЫН ТАБЫШМАКТАРЫ

Ар бир окуучу кош дөңгөлөктүү согуштук арабаны байыркы Египете жана Месопотамияда (Евфрат жана Тигр дарыя аралыгында жайгашкан өлкө) колдонулганын өлүктү бальзамдоо да байыркы египетиктерге тийешелүүгүн жат билет. Бирок тарых мындай жат болгон түшүнүктөрдү төгүндөгөн фактыларга да бай.

БИРИНЧИ ТАБЫШМАК

Геродот байыркы Египетин жашоо турмушу салты согуштук мүмкүнчүлүгү ырым-жырымы айрыкча мумия жасоо тууралуу кеңири баяндайт. Египете өлгөн адамды өз калыбында түбөлүк сактоо үчүн анын иче кардын мээсин алып салып денесин тузга акиташка салып катырып кийин атайын саркофагга салышат. Ушул эле ыкма Египетен сыртканы жалгыз Алтайдан табылып олтурат. Археолог С.Руденко аны минтип сүрөттөйт: «Ич этин алып салуу үчүн эркектин кардын бычак менен тилишкен. Тилик көкүрөктөн чатына дейре жүргүзүлгөн. Ичеги-карды алынып ташталгандан кийин тарамыш менен тигилген. Колдорунун колтугунан тартып манжасына чейин тилинип, булчуң этеринин

арасына али белгисиз зат куюлган. Ушундай эле зат жамбашына бутарына арка этерине куюлган. Бул денеңин чирип кетпеши үчүн жасалган ыкма болуш керек. Баш сөөгүн каракуш тарабынан тешип мээсин чарайнасын оюп көзүн алган соң алардын ордуна жыпар жыт берүчү кургак өсүмдүк толтуруп, сыртынан кайрадан тигилип атайылап катырылгандан соң арчадан жасалган саркофагга жаткырышкан». Көрдүңүздөрбү, өлүктү көмүү иши дал египетиктердикиндей. Демек, биз жогоруда айтып жаткан салт Египет менен Алтайда бирдей жүргүзүлсө экөөнүн так ортосунда жайгашкан элде мындай көрүнүш жок. Бул неликтен? Гректин атактуу географы Страбон өзүнүн «География» деген эмгегинде «скифтер Жакынкы Чыгыш гана эмес Египетке чейин барышкан» десе Геродот көчмөндөрдүн Нил дайрасынын боюнда болгондугун сүрөттөйт.

Т. Урманбетов

Он биринчи жат жазуу

ЭКИНЧИ ТАБЫШМАК

Археолог С. Руденко жетектеген экспедиция Алтайдагы Пазырык коргонунан түбөлүк тоңдун астынан толугу менен сакталган согуштук арабаны тапкан. Дал ушул кош дөңгөлөктүү арабаны чагылдырган чиймени Алтайдан миңдеген километр алыстыктагы Месопотамиядан таш бетинен көрүшкөн. Согуш арабасы алгач кайда пайда болгон? Алтайдабы же Месопотамиядабы? Кызыктырганы – эки жерде тең арабанын бирдей түзүлүштө жолукканы. Мына ушул факт байыркы түрктөр Вавилонияда Месопотамияда болушкан же качандыр бир кездерде алар Түштүк Сибирде жанаша балким аралаш жашашканбы деген ойго түртө берет.

ҮЧҮНЧҮ ТАБЫШМАК

Тарыхта жоокерди гана эмес атты да ар кандай формада найза кылыч жаанын огу өтпөгөндөй жабулашканы белгилүү. Илимде мындай ат жабууну алгач Египете Ассирияда кийин Римде колдонушкан деп эсептешет. Кытай тарыхчысы Сыма Цянь биздин доордон миңдеген жыл мурун эле түндүк тарапта жашаган көчмөндөрдө согуштук ат жабуу колдонулганын айтып кетсе да аны окумуштуулар элес алышкан эмес. Тувадан Аржан көрүстөнү ачылып андагы падышанын жана аны менен коюлган адамдардын мүрзөлөрүнөн мурдатан эле калыптанып калган маданиятын үлгүлөрү табылган. Лабораторияда текшерип көрүшкөндө көрүстөн биздин доордон му-

рунку 800-жылы курулганы аныкталган. Андан табылган ат жабдык курал кийимдердин жасалышындагы көркөмдүктүн калыптанышы андан нары дагы мин жылды чапчырында шек жок. Ошондон улам көрүнүктүү окумуштуу М. П. Грязнов мындай дейт: «Азия көчмөндөрүнүн искусствосу менен маданиятын иран-сарматтык маданиятын учкай таасири эпкини катары эсептөөнү түп тамырынан бери өзгөртө турган мезгил келип жети. Азия мейкиндигиндеги байыркы көчмөндөрдүн жасагандары жалпы скиф маданиятын калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ экендиги талашсыз. Бирок М. П. Грязновдун табылгасы да айткан пикири да окумуштуулар тарабынан толук колдоого ээ болбой калды. Анткени ал теория байыртадан калыптанып калган индоевропалык нукту бузуп жиберет деп чочулашкан. Ошондон улам байыркы түрктөрдүн Египет Шумер, кала берсе, кийинки скифтерге болгон карым-катышын байланышын өз ара тасирин жоко чыгарып келишкен.

Т. Урманбетов

Он экинчи жат жазуу

. КУБАТБЕК БИЙ

Кубатбек бий XVIII кылымдын экинчи жарымында кыргыздарды бийлеген кол башчы. Кушчу уруусунан чыккан. Ага Алай жана Ферганандын батыш бөлүгүндөгү кыргыздар караган.

Кубатбек бий Жайыл, Атаке Эсенгул бийлерден жашы улуу болгон. Ойрот-жунгар баскынчылыгынын, Кокондун кысымы Букаранын опузасы тушунда бул адамдын аркы-теркини терең түшүнгөн токтоолугунан улам ал башкарган аймактагы иштерге кийлигишүлөр болгон эмес. Анжыянда турганда ал Абдурахимдин уулу Эрдененин Кокон тагына отуруусуна көмөк көрсөткөн. 1750 жылы Абдыкерим өлгөндөн кийин, Шахруктун балдары өз ара бийлик талаша баштаган. Ушул учурда ойрот-жунгарлар бир кезде өздөрү барымтага алып кеткен Бабабекти такка отургузууну көздөшкөн. Ал эми ойрот-жунгарлар дегенде көзүнүн чаары чыкан Кубатбек бий ордого өзүнүн салмагын салып Эрденени такка отургузган. Кийин Эрдене Кубатбек бийди Рахим ханга сатып ийгенден тартып, алардын ортосундагы мамиле үзүлөт.

1762 жылы адигине уруусунун башчысы Ажы бий Ошту башкарып турганда Эрдене Кокондун ээлигин кеңейтмекке бул аймакты басып алып кыргыз-кыпчактарга чоң кыргынды баштамакчы болот. Ажы бийдин чабарманы алып барган чакырыктан улам Кыргыз үчүн ат жалында конуп түнөгөн

Кубатбек бий Ошту Эрденеден ажыратып калган. Кыргыздардын атактуу аскер башчысы Кубатбектин карынан коркон Эрдене кылган кылмышы үчүн алдына алтын-күмүш тартып жатып араң кутулганы тарыхта да жазылган. Кадимки Кокондун аскер башчысы Нарбото бийдин өз инисине болгон жүзүкаралыгын ашкерелеген соң ал кайрадан Кашкарга сапар чыккан. Кийин Кубат бий киши колдуу болуп ууландырылып өлтүрүлгөндө Ажы бий Кокондон коргор Кубатым, эми ээн калды бир башым деп боздогон экен. Мына ушул окуядан көп өтпөй Коконго каршы көтөрүлгөн Ажы бийдин колу талкаланып, өзү ар кай жерде жашынып жүрүп кармалган соң Алим хан тарабынан дарга асылат. Анын эс тартып калган эки уулу Алим хандан качып Чаткалга келишет. Бул жерде алардын улуусу Улукбек өлүп, кичүүсү Шералы Таласка таякеси Алчыкенди издеп келип Ажыбек датка аркылуу Баркыдан тараган Жанболот баатырдын жылкысын кайтарып жашынып жүрүп кийин Нүсүп бий менен Сейдалы бектин көмөгү аркылуу Кокон тагына минген. Ошол Шералынын бутташып калган кыргыз тагдырында атасы Ажы бийди Кубатбек колдоп келсе, уулун коргоп такка мингизген анын күйөө баласы Ажыбек, кызы Аксуусар эмеспи. Кийин кыргыздын «Мал арыгын сактасаң, оозу мурдуң май болот, киши арыгын сактасаң, оозу мурдуң кан болот» дегендей Ажыбек датка уулу Нурак датка ошол Шералы жээни колдуу болушканы белгилүү эмеспи. Аттиң бири кем дүйнө...

Кубатбек бий Кашкардын акими болуп турганда ал ойрот-жунгарларды талкалоо үчүн жортуула чыккан ага кытай императору чоң салтанат менен «санджи дачзи» деген княздык наам берип анын белдүү жигиттерине ар кандай майда чиндерди ыйгарган. Бирок Кубатбек бий кытайлыктардын аракетине карабай алардын карамагына өтүгө макул болбой койгон.

«Кыргыз тарыхы» энциклопедиялык сөздүгүнөн жана А. Кененсариевдин «Талас турмушу» гезитиндеги макаласынан

Он үчүнчү жат жазуу

1. КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫ: «ДҮЙНӨ ОПО БОЛБОЙТ»

Таласта Мыкы болуш деген 16 жыл болуш болгон. Он эки баласы бар экен. Бир да малай жумшабаптыр. Өзү олуя-атага жылына бир барып балдарына байбичесине токолуна таардан кийим алып келчү экен. Ээр-токумун төөнүн комун шона менен өзү тикчү экен. Ошондо аялы ой тиги кызыл

баш Кудайбергенди кара баш Кудайбергенди карачы. Казандарын эркектер кармайт. Сен болсо бизге таар кийгизесиң десе ой жаман арамдар, мен түбүн ойлоп жатпаймбы түбүндү ойлонсоң дечү экен. Кийин Совет бийлиги келгенде Мыкыга эч ким тийбептир. 12 баласына тең пособие берилет. Мыкы болуш айдалган жок. Сөөгү жеринде калды. Баягы жаш аялы кийин байбиче болгондо Мыкы болуш түбү деп ушуну айткан турбайбы дегенин мен энемен укам. Кудайбергендер опус болуп Сибирге айдалып Таластын этегинде эл менен коштошкондо айткан экен (Кудайбергендин 300 төөсү 12 миң жылкысы болгон): «Дүйнө опо болбойт» дечи эле, опо болгон жок. Мына, Мыкы, 16 жыл болуш болуп элге жамандык кылган эмес экенсиң. Сөөгүң элде калды. Биз дүнүйөдөн айрылып бөлөк жерге кетип баратабыз» – дептир. Мына, кыргыздын философиясы.

2. Биздин душман

Бизге душман сыртан тийген жок. Душман дегенибиз: бүгүнкү кыйынчылыктарды жараткан эскиче ой жүгүртүү эскиче мамиле кылуу шалакылык жоопкерсиздик жалкоолук жанбактылык кайдыгерлик бирөө келип бүтүрүп берет дегендик. Же болбосо демократия дегенди сыйкырчылыка теңеп бири-бирибизди шайласак эле экономикабыз өсүп кетет каалаганды сүйлөй берсек ошол демократия экен деген адашулар ушунун баары бүгүн душман. Тарыхыбызды изилдебегенибиз руханий байлыктарды сактабагандыгыбыз ыймандуулукту кеңири таратпагандыгыбыз ушунун баары биздин душманыбыз.

3. ЫЙМАНДУУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Дин албете ыймандуулуктун чоң бутагы. Ал эми ыймандуулук динден да чоң кеңири түшүнүк. Биз мектепте балдарга билим беребиз бирок барынан мурун окуучуну адам кылып тарбиялоо зарыл. Биринчи ирет адам кылыш керек. Агрономду инженерди филологду ж.б. тарбиялоо бул экинчи кадам. Бала мектептин босогосун аттаганда ыймандуулук менен атташы керек да кайта бүтүп кеткенде ыймандуулук деген түшүнүк менен кетиши керек. ЖОЖдордо ыйман программасын иштеп чыгуу зарыл. Ар бир жамата ыйман жөнүндө түшүнүк менен жумушка келип жумуштан кетиши керек. Улутук идеология деген – ушул. Радиодо телекөрсөтүүлөрдө эртең мененки берүүлөрдү биринчи ыймандулуктан башташ абзел. Жетекчилерди акимдерди ыймандуулук жактан ата-

йын аңгемелешүүдөн өткөрүп туруу зарыл. Акимдерден министрлерден чиновниктерден нагыз элдик салтка ылайык ант алуу керек. Маселен момундай мазмунда: «Эгерде элиме улутума карасанап өз кызыкчылыгыма тартсам тукумум өспөсүн арбактар уруп кетсин. Жесем элдин каргышы урсун тескери бата алайын» деген сыяктуу.

Д. Сарыгулов

§ 49. ДИЛБАЯН

Байытып баянда

Кайнаган базар ... кызыл-тазыл ... дүр-дүнүйө ...

Катасын оңдоп жаз

1. Китеп окуган китепкөй неме окуган китебин башкалардан кызганды.

2. Кап көтөрүп, көтөргөн кабымды улам оңдоп көтөрүп, өлдүм-талдым дегенде, эсим ооп, көтөргөн кабымды машинеге жеткирдим.

3. Жолдо келаткан автобус жолдо келатып, суу чачыратты.

Сөздөрдү өз ордуна кой

1. Чоң аяк – чарчап келген – кымыз – менен – сунулду – жигитке.

2. Айлананы–эртең мененден бери – туман – жөө кап-тап – турат.

3. Көрүнө түштү – булуттардын арасынан – жылдыздар–жарк-журк эткен.

4. Күүлдөтөт – долуланган – токойду – шамал.

Байытып чакан аңгеме жаз

Жоностон соккон шамал... мырза теректер. Арыкта кужулдап аккан суу... жаагы ачылып, күлдүрт-күлдүрт... Муздак сыдырым... Бетке салкын... Чымчыктар чыркылдашат... Мор күүлдөйт... Акырга байланган уй... (Кааласаң ыр менен жаз).

Сүйлөм түз

1. Ар бири «ч», «к», «о» тамгасы менен башталган үч сөздүү сүйлөм жаз. 2. Ар бир «к» тамгасы менен башталган беш сөздүү сүйлөм жаз. 3. Ар бир «о» тамгасы менен башталган төрт сөздүү сүйлөм жаз.

Үлгү: **Астымда атым аргымак, адырды аштым аркалап. Арчалар арбын аягы, аргымак атым арыды** *(Ү. Кабылбеков)*.

АНТ КЫМБАТПЫ, САЛТ КЫМБАТПЫ?

Дилбаян

Ойго таек. Кыргыз жазма адабиятын түптөгөн жазуучулардын бири Сыдык Карачев 1928-жылы «Эрксиз күндөрдө» деген повестин жазат. Ошондо мындай окуя бар. Мамырбай деген – миндеген төрт түлүгү, үч аялы бар, кадыр-барктуу 63 жаштагы манап. Ал өзүнө курбалдаш Кендирбай деген ажылыкка барып келген молдонун Жыпар деген кызына салт боюнча кудалашып, өзү үйлөнмөк болот. Буга Кендирбай жетине албай сүйүнөт. Бардар, дөөлөттүү адам менен кудалашуу оңойбу. Ошол арада Жүнүш деген мугалим жигит Жыпарды кыз оюндан көрүп, бирин бири жактырып калышат. Экөө бир бүлө болууга антташат. Анғыча Мамырбай Жыпарды алмак болуп тойго камданат. Ошондо Жүнүш сүйгөн кызын ала качат, бирок колго түшөт. Жүнүштү каматып, баш аттап, эр чанганы үчүн Жыпарды Мамырбайдыкына күң катары кийрип берет. Ошол кезде үркүн болуп, эл Турпанга оойт. Калк башына кыйын күн түшүп турат. Түрмөдөн бошоп, эл менен кошо качкан Жүнүш акыры Жыпарды издеп таап, ага баш кошор ниетин айтат. Жыпар макул болот. Жолугушчу жерди болжошот. Бирок тагдыр экөөн кошпойт. Убада боюнча жолдо келатып, Жыпар ат-маты менен кокустан аскадан учуп кетет.

Ойлон. 1. Окуя түшүнүктүү. Аны кайталоонун зарылдыгы жок. Бирок ушул жерде ажытын ачып жазар бир чоң маселе турат. Ал – ант кымбатпы, салт кымбатпы? Чын эле кайсынысы кымбат? Мындайынан карасаң, салт да, ант да керек. Мамырбай салттын жолу менен Жыпарга үйлөнмөк. Анттын жолу менен кызга Жүнүш баш кошмок. Жыпар ушул эки жол – эки күчтүн тирешүүсүнөн күң да болот, акыры өлүмгө дуушарланат.

2. Жашаган чөйрөңө, укkан, билген, көргөн окуяларга серп салып көрсөң. Баш кошкондордун баары эле арзуу сезими менен антташып, бүлө болуп жатышабы? Же кудалашуу жолу менен, же ала качуу менен үйлөнгөндөр көп эмеспи? Кандай дейсиң?

3. Ал эми сен үчүн кайсынысы кымбат, антпы, же салтпы?

Сунуш. 1. Бул дилбаянды пьеса түрүндө жаз. Эки-үч окуучуну жогорку көйгөй боюнча талаштырсаң болот. 2. «Сөз бермети», «Макал» топтомдорун кең-кесири пайдалан.

«ЖЕР ЭНЕ» ДИЛБАЯН ТҮРМӨГҮ

Ойдун өбөлгөсү. Чыңгыз Айтматовдун «Саманчы жолу» повестинде Толгонай эне жерге кайрылып: «Жер, жан жараткан жер, бизди көтөрүп жаткан жер, сен бизге таалай бербесең, эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!» – дейт.

Ойлон. Ооба, талашсыз чындык, жер баарыбызды багат. Ошон үчүн эне. Даанышман акын Калыгул ошон үчүн: «Таза болсоң, суудай бол, баарын жууп кетирген, балбан болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн», – дейт. Жер бүткүл адамзатты, анын ичинде сенин элиңди, ата-бабаңды, өзүңдү багууда, келечектеги укум-тукумунду да багат. Эгин эгилип, аштык алынат. Кыскасы, эмне сепсең, ошону оросун. Чексиз март, жана да жер – адам баласынын түгөнгүс, соолбос, салыштырылгыс ырыскы, байлыгы. Бирок ырыскысын дайыма түрүлтүп берип турган жерди кастарлай алдыкпы? Аны кор тутуп жаткан жокпузбу? Мисалы, бир нече тентек 5 – 6 бөтөлкөнү бута кылып, «сенин кулачың түз», «жок, менин кулачым түз» деп таш менен уруп жатып, картөшкө айдаган талаанын чок ортосуна талкалап салышты. Дагы бирөөлөр талааны айдоого даярдоо үчүн өрттөшөт, кыртышты күйгүзүп салганы оюна бир келип койбойт. Айдоо талаасына заңкайтып үй куруп, завод тургузгандар бар. Ушул сыяктуу нерсенин баары сенин көз алдында болуп жатат. Балким, самандуу талааны өрттөп, бөтөлкө сындырып, жерге жабыр көрсөткөндөрдүн ичинде өзүң да болуп калышың мүмкүн. Анан «жер энебиз, ал бизди багып жатат» деп айтканыңан эмне опа. Сөз жүзүндө мактап, иш жүзүндө талкалап жатсаң, же талкалап жаткандарга кайдыгер карап, тиешеси жок маңыроо катары басып жүрсөң, сени ким дешке болот? Чын эле сен кимсиң?

1-дилбаян

Сунуш. Ой толгоо түрүндө дилбаян жаз.

Тилге таек. «Күлүп-жайнап, эр жигит, кулак байлап, жер жибит» *(Токтогул).* «Этектей кетмен бештетпей, белсенип чеке тердетпей, арпасы бышып коолабай, алты орокчу боолабай, буудайы бышып коолабай, беш

орокчу боолабай, оп майдалап бастырбай, кампанын оозун ачтырбай, кызыл бөйрөк буудайын кылым элге чачтырбай, дыйкансыган жигитке кампа толгон дан кайда?» *(Жеңижок)*. «Эр эмгегин жер жебейт» *(макал)*.

АМАНСЫҢБЫ, КУТТУУ ТАЛААМ?

2-дилбаян

Сунуш. Сен өзүңдү Толгонай эненин ордуна кой, анан Жер эне менен чыныгы ниетиңден сүйлөшүп көр да, ошону диалогдуу дил баян кылып жаз.

ТОЛГОНАЙДЫН ТАЛААСЫ

3-дилбаян

Сунуш. Ыр менен жаз. Өзүң каалаган көлөмдө.

Буудайдын кылканында күн ойногон
... ...
... ...
... ...

... ...
... ...
... ...
Мен келдим талаасына Толгонайдын.

МАЙСАЛБЕКТИН КАТЫ

Дилбаян

Ойго өбөлгө. Калматай кыргыз жерин калмак баатыры Манжыга тартуулайт жана элибиздин баатыр кызы Жаңылды колго түшүрүп, ага үйлөнөт. Муну ал «кек» деп түшүнөт. Тейитбек уулу Курманбекти душмандын кызына үйлөнбөй койгону үчүн күнөөлөйт да, төбө чачты тик тургузган чыккынчылыкка барат. Душманды өзү чакырып, ал аз келгенсип, Телтору атты баласына бербей, кайра уулунун өлүмүн тилейт. Согушта жоонун жеңишин уюштурат. Ал эми «Саманчы жолу» повестиндеги Майсалбекчи? Ал катында бир сааттан кийин Мекен тапшырган ишке барып, кайра кайтпай турганын, душмандын талылуу жерин кыйратып, аны менен өзү да жок болорун жазат. Мекен үчүн, эл үчүн, жеңиш үчүн, дүйнөнүн бардык жакшылыгы үчүн... «Кулакка, балким, жат угулса да, бул жашоо үчүн болгон өлүм,– дейт Майсалбек,– мен өз ыктыярым менен ушуну туура тап-

тым. Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен,
бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баары мен, мен деп билип жүргүн, апа!»

Ойлон. 1. Сен Калматай, Тейитбек, Майсалбек – үчөөн салыштырып көр да, өзүнө кимиси эмне үчүн жаккандыгын, кайсынысы кайсы себептен жакпай турганын байка.

2. «Эч ким, эч нерсе унутулбайт» дейт. Мезгил дегенин баарын эскиртип, эстен чыгарат, унуттурат. Ошондой жүз миндеген Майсалбектерди ким эстеп жүрүптүр. Ар ким көр тирлиги менен алек да. Же башкачабы?

3. Эл үчүн күрөшкөн эр азаматтар элдин эсинен чыкпайт дешет. Буга макул. Ал эми Тейитбекчи? Көпкө, өз бүлөсүнө карасанатайлык кылса да, ал унутулбай калбадыбы? Же жалганбы? «Атың чыкпаса, жер өрттө» деген бетпак жерди өрттөп жиберсе да, элге чыккынчылык кылса да, элдин эсинен чыкпай калганын кара. Буга эмне дейсин?

Сунуш. Ой толгоо жаз.

Эс алуу үчүн

Төмөнкү сөздөрдү өз ордуна койсоң, сенин жеке оюңа бап, тилегиңе төп келген маани чыгат.

Бактылуу – келечекте – боломун – таза ыйман – заман жүгүн аркалап – тунук адеп менен – улууга урмат, кичүүгө ызаат кылып.

Дагы эс алуу үчүн

Сөздөрдү өз ордуна койсоң, улуу драматург
В. Шекспирдин канаттуу сөзүнө туш болосуң.

Сылыктык – жерде күч алат – сууй баштаган – достук.

Эс алып, окуп кой

Апендинин кеп баштыгынан. Келе жатып шайтан кой башындай алтын таап алды да:

– Мен таптым, бөлүп алалы, – деди.

– Жалгыз мен алам, – деди Алдаркөсөө.

– Эми эмне кылалы?

– Кимибиз жашыбыз улуу болсо, ошонубуз алалы. Кайсы убакта туулдуң эле?

– Жер бүтө электе, ай аяктай, тоо томуктай, күн күрөктөй экенинде төрөлгөнмүн, – деди шайтан.

Аны укканда, Көсөө өңгүрөп ыйлап кирди.

– Эмнеге ыйлайсың?

– Так сен төрөлгөн убакта менин алты жашар балам өлүп калган, ошого ыйлап жатам, – деди Алдаркөсөө.

– Эмесе, сен улуу экенсин, – деп шайтан алтынды Көсөөгө берип, жөнөп кеткен экен.

«ПЕЙИЛ» ДИЛБАЯНДАР ТҮРМӨГҮ

Ойго таек. Кыргыз элинин коомдук ишмерлеринин бири Дастан Сарыгуловдун минтип айтканы бар: «Пейил оңолсо, адам оңолот». Демек, пейил оңолбой, адам оңолбойт.

Ойлон. Угуп эле жүргөндүрсүңөр, турмуш-тиричиликте «төрө пейил», «кичи пейил», «пейили чечилди», «пейилинди курутпа», «агынан жарылган пейил», «пейили бузулуптур», «пейилим менең», «пейилинен тааптыр», «чын пейилден», «пейили тар» деген сөздөр, «пейил оңолбой, иш оңобойт» деген макал көп эле колдонулат. Түшүндүрмөлүү сөздүктө «пейил» – мүнөз, кулк-мүнөз, көңүл, көөн, ниет, ой деп чечмеленет экен. Эми кептин баары мында: пейилдин оңолушу менен адам кантип оңолуп кетет? Же адам пейилин кантип оңойт?

Төмөндө үч кишинин үч түрлүү пикирин салыштырып көр. Айталы, Төрөкул минтип айтат: «Денең ач көздүктөн, ууруулуктан, эки жүздүүлүктөн, алдамчылыктан, сугалактыктан, ичи тардыктан, көрө албастыктан тазаланганда пейил оңолот». Молдоысак деген карыя: «Барга каниет кылып, сабыр тутканда, пейил оңолот», – дейт. Ал эми Надырбек: «Пейил деген ак эмгек, чеке төккөн тер менен жашаганда оңолот»,– дейт. Булардын айтканынын кайсынысы туура жана эмне үчүн туура?

ПЕЙИЛ КАНТИП ОҢОЛОТ?

1-дилбаян

Ойго таек. Маалымбек деген аксакал сөз арасында минтип айткан эле: «Адам–акчанын, дүнүйөнүн кулу. Эгер ушундай кулдуктан кутулса, адамдын пейили оңолот».

Ойлон. Акча керекпи, керек. Дүнүйө да ошондой. Булар-сыз киши таптакыр жакыр, бечара болуп калбайбы? Акча-сыз жана дүнүйөсүз бардар, бакыбат жана бактылуу турмуш кантип түзүлөт? Же бардык жыргалчылыктан безүү, акчага да, дүнүйө-байлыкка да кол шилтөө бакытпы, ошону менен пейил оңолобу? Кул болуу кандай жаман? Балким, адам ак-чадан да, дүнүйө-мүлктөн да жогору турган өтө азиз, өтө ыйык жандыр?! Же тирлик менен алышкан көр пенде ошол азиздигин сезер, аны туу катары булгалап жүрөр дейсинби?

Сунуш. Дилбаянды ой толгоо түрүндө жаз. Аз болсо да, саз болсун. Аркандын узуну, сөздүн кыскасы жакшы.

ЖИНДИ СУУ

2-дилбаян

Ойго таек. «Ит каппайт сени адам деп, кыз сүйбөйт сени жаман деп. Суу кечкен теке кейиптентип, плащчан коёт кы-шында. Батинкесиз, өтүксүз, эски галош бутунда», – дейт Райкан Шүкүрбеков. Бул – аракечтин кейпи.

Ойлон. 1. Баары эле аракты «жинди суу» деп жаман-дайт, бирок көпчүлүгү ага карабай ичип алат. Арактын күчү эмнеде?

2. Киши өлтүрүү, уурдоо, ар кандай кырсыктар (авария) жана башкалар менен аракечтиктин байланышы барбы?

3. «Элибизди тукум курут кыла турган нерсе согуш эмес, арак, ал ичтен жеген курттай, өзүндү жеп, анан укум-тукуму-на өтүп кетет»,–деп жазышат гезиттер. Бирок аракечтикке эч кимдин күчү жетпейт окшойт, чынбы?

4. Сен айтасың: «Чоңойгондо мен арак ичпейм», – деп. Балким, кийин чөйрө сенин оюңду өзгөртөр, же өзгөртпөс. Бирок эң башкысы – өзүндө аракечтикке каршы түптөлгөн бекем түшүнүк болуш керек, ошондой нерсе сенде барбы?

5. Балким, аракты актайсың, анткени ансыз бир да той өтүлбөйт, мейман күтүлбөйт. Же жалганбы?

6. Баса, пейилди да, ыймандуу да көз көрүнө талкалап жаткан нерсе аракечтик эмеспи. Же башкачабы?

Сунуш. Дилбаянды ой толгоо түрүндө жаз.

Тилге таек. 1. «Иче электе коёнсуң, ууртап алсаң ноёнсуң. Көтөрө чуркап таякты, талкалап казан-аякты. Жумшактан үйдө күл калат, катуу-дан калат казаны» *(Райкан)*. **2.** «Арканы жок, жиби жок, байлап алат жин-ди суу. Жылаңайлак-жылаңбаш айдап алат жинди суу. Калтыратат ко-

луңду, ийри кылат жолуңду, жайдын күнү кийгизет, кышындагы тонуңду» *(Райкан)*. **3. Залкар ойлордон.** «Мастык – кырсык үчүн ачыла турган эшик» *(чыгыш элдеринен)*. «Арак адамды айбанга теңеп салат» *(Ф. Достоевский)*. «Алкоголизм үч кырсыкты: ачарчылык, тумоо жана согушту бириктирип алганга караганда зыяндуу келет» *(В. Гладстон)*. «Арак ак болгону менен адамды кызыл тумшук, кара бет кылат» *(А. П. Чехов)*. «Мастык – ыктыярдуу түрдөгү жиндилик» *(Сенскаримдик дааныштан)*. «Айтпай жүрчү «жинди суу» деп аракты, арак качан жиндимин деп сага айтты. Кааласаң ич, катуу кетпей чек менен, куубайт сени кулап түшүп текчеден» *(Б. Сарногоев)*. «Мас болуу – жиндиликке машыгуу» *(Пифагор)*.

КОШУНАНЫН КҮРПҮ

3-дилбаян

Ойго таек. Бакберген деген жигит айтат: «Каш карайып калган. Биздин дубалдын кырына бир күрп түнөп калыптыр. Акырын кармап алдым. Килейген чоң, семиз күрп. «Кошунаныкы экен, түн ичинде бала-бакыра уурдап кетсе эмне болот», – дедим ичимен. Анан барып кошунанын дарбазасынан каккылап, ээлерине күрптү бердим».

Ойлон. Бакберген ээсине күрптү берди. Мындан эмнени байкадың? «Кошуна деги бизден көрбөйт, кудай жалгасын» деп союп алса, эмне болмок? Ошондо ушул кылган тымызын уурулугу үчүн ал санаага батып, ичи кирдеп жүрөт беле? Же «атасынын көрү, боло берет да» деп кыныk алып кетиши деле мүмкүн да. Ошондой эле пейилди сынаган жогоркудай кырдаал ар бир адамга ар дайым туш келип турары бышык. Эгер ошондой пейил сынагы келди дейли, анда эмне кыласың?

Сунуш. Чакан көлөмдөгү дилбаян жаз.

Тилге таек. «Адам болуу аста-аста, айбан болуу бир паста», «Арамдын түбү – бир тамыр, адалдын түбү – миң тамыр», «Ак сөз арыбайт, ак жүргөн карыбайт», «Ак көңүлдүн аты арыбайт, тону тозбойт», «Адамча туулуп, айбанча жашаба» *(макалдар)*.

КУДАЙ – БУЛ ПЕЙИЛ

4-дилбаян

Ойго таек. Абаскан карыянын сөзү: «Ээ, уулдарым, кудай деген – бул пейил. Кудайды ойлогон адам пейилин бузбайт, уурулук кылбайт, ушак айтпайт, арамдыкка барбайт. Пейили, ыйманы таза болот».

Сунуш. Дилбаянды баян түрүндө жаз (1-түр).

Тилге таек. «Кудай күлкүңдү тыят, пендеге кайрымдуу кылат» *(«Ал-Бакара» сүрөсүнөн).*

«О пенделер, кесир кендирди кесет» *(«Жунус» сүрөсүнөн).*

«Жамандык кылганга – үстөгү менен жамандык. Караңгы түндөй түнөргөн кайгы басат. Алар түбөлүк тозок отунда. *(«Жунус» сүрөсүнөн).* «Жаман сөз жаман дарак сыяктуу данеги жок, түбү чирик. Эпкин тийсе карс кулайт» *(«Ибрагим» сүрөсүнөн).* «Ар ким бирөөгө ор казса, өзүнө тереңирээк казсын» *(«Нур» сүрөсүнөн).*

«Кудайдын өкүмү: колу туткак ууру менен ууру аялдын колун кескиле» *(«Насип» сүрөсүнөн).*

Дилбаян

Теманы өзүң кой

Сунуш. Каалаганыңа жараша чакан сүрөттөмө же ыр кылып жаз.

Пайдалан. Көк асман түнөрөт... Булут... Тырс этип бутак сынат. Боз үйдөн түтүн бурк этет... Каңтаргада байланган ат... Көң түбүндө тумшугун катып уктаган ит... Алыстан кулун-тай кишенейт...

АДАМ БОЙДОН КАЛАР БЕКЕНБИЗ

Дилбаян

Ойго өбөлгө. 1. И. Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты С. Байгазиев: «Турмуш көрсөтүп жатат го, билимдүүлүк, жогорку даражадагы адистик адамды адам катары мүнөздөөгө жетишсиздик кылат экен. «Вечерний Бишкек» менен «Дело №» гезиттеринен канчалаган билимдүү ууруларды, киши өлтүргүчтөрдү, акмакчылык иштерди жасаган дипломдууларды, айбандык жорук-жосунду иштеген адистерди окуп, күбө болуп жатабыз. Демек, билимдүү болуу, дипломго ээ болуу деген пенде бул автоматтык түрдө адам болуп калды деген сөз эмес», – деген.

2. Орустун улуу сынчысы В. Г. Белинский минтип айткан экен: «Шашпай тургула, бизде да чоюн жолдор болот, а түгүл аба почтасы да болор. Фабрикаларыбыз, мануфактуралар өркүндөп өсөр. Бирок бизде тунук адептүүлүк болор бекен? Ооба, уста болобуз, слесарь болобуз, фабрикант болобуз. А өзүбүз адам бойдон калар бекенбиз».

Ойлон. Мына, эки окумуштуунун чыгарган тыянактарын окудун. Билимдүү болуу пенде адам болуп калды деген түшүнүк эмес экен. «А өзүбүз адам бойдон калар бекенбиз», – деп арсарсыйт улуу сынчы. Анда билимдүүлүк менен адам болуунун асман-жердей айырмасы бар турбайбы? Эмесе, адам

болуу деген эмне? Аны кандайча түшүнөсүң? Өзүндө адамдык сапаттар барбы?

Сунуш. Дилбаянды ой толгоо түрүндө жаз.

Тилге таек. 1. «Окуу жайлары (анын ичинде мектеп да) билимдүүнү гана эмес, *билимдүү адамды* калыптандырып чыгарууга тийиш» *(С. Байгазиев)*.

2. «Бакыбат келечекти, жаңы коомду кура турган адам – бул:

– руху улуттук жана дүйнөлүк маданияттын мөл булагына сугарылган;

– гуманизмди, адамды сүйүүнү, ага жакшылык кылууну тумар кылып тутунган;

– таза ыйманга, тунук адепке, адал пейил, ак ниетке эгедер,

– өзүң өзү аңдап түшүнүүсү бийик;

– жоопкерчилик жана ар-намыс сезими күчтүү;

– ар дайым ынтымакка, достукка умтулган;

– терең дарыядай тынч аккан, кечиримдүү, көтөрүмдүү;

– барга топук, жокко сабыр кылган;

– напсисин агытып жутунбаган;

– сокур каалоо-кумарлардын кулу болбой, өзүн өзү чектей, тизгиндей билген;

– өмүрдүн маңызы жөнүндө тогуз толгонуп, тирлик кылуунун сапаты жөнүндө ойлонгон;

– техниканын тилин мыкты түшүнгөн;

– өз кесибин ийне-жибине чейин билген мээнеткеч;

– үзүлгөндү улай билген, чачылганды жыйнай билген;

– экологиялык табити кылдат;

– эстетикалык табити кылдат;

– сылык-сыпаа;

– билгеним бир тогуз, биле элегим токсон тогуз деп дайыма чыгармачылык менен изденген, адамгерчиликтүү инсан *(С. Байгазиев)*.

3. Түбөлүк чечилбеген ушул талаш –
Канткенде адам уулу адам болот?
Адамзат качан чечет, качан коёт –
Канткенде адам уулу адам болот? *(Ч. Айтматов)*.

4. «Адам болуу аста-аста, айбан болуу бир паста» дейбиз, ошол «бир пастасы» кыйын, ага ким кантип, кандайча бөгөт коет? – деп айтчу Мырзакмат аксакал.

«СЕРЕКТИН СЫР САНДЫГЫ»

(VII–IX класстар үчүн)

Окуучу. Мындай сандык мага эмне үчүн керек?

Акыл Карачач: Билген нерсенин баары эле эсте болбойт, класстан класска көчкөндө көбү унутулуп калат. Ошондуктан мугалим тапшырма берсе да, бербесе да өз ыктыярың менен окуп, өз алдыңча билимиңди көтөрүп, керек учурунда кайталап, толуктап алууда бул сыр сандык колуңду узартат, сага ченемсиз жана үзгүлтүксүз кызмат кылат. «Серектин сыр сандыгында» 18 топтом бар. Ал тыбыштан тартып, байланыштуу кепке чейин камтыйт.

Көрөгөч Маамыт. Азыр тест аркылуу сыноодон кыя өтүп кете албайсың. Бул топтомдорду окуп-үйрөнүүнүн үзүрү ошол тест жүргүзүүдө көрүнөт. Сыноолорго да даяр болуп каласың.

Чыпалак. Ал эле эмес, бул топтомдор сага окуучулардын олимпиадаларына катышууга мүмкүндүк берет.

Апенди. Баары көктүгүңө, тырышчаак мээнетиңе байланыштуу. «Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт». Билим дегениң, бул даректын башына илинген чайнек болсо, анан аны аркан бою төмөнтөн үлпүлдөтө жагылган от менен кайнатам деш мага ылайык. Сагачы?..

Серек. Биз жомоктун эле туткуну эмеспиз. Силер менен кошо жаңырып, силер менен кошо өмүр сүрүп, улам кайталанып турабыз – бизге эл-журт ушундайча тагдыр берген. Ошондуктан окуу китебине аралашып, жеңилди жерден, оорду колдон алган кызматыбызга таң калуунун деле кереги жок. Ар бир топтом – бул кыргыздын илим көчү тартып келген сыр сандык.

Акыл Карачач. Анда билим жана кут бар. Эмесе, сыр сандыктын капкагын ачып, силерге тартуулайбыз.

1. «ТЫБЫШ» ТОПТОМУ

Темасы	Кыскача түшүнүктөр
1	2
	Тилдин тыбыштык түзүлүшүн үйрөтүүчү илим фонетика деп аталат. Өпкөдөн чыгып келе жаткан аба кекиртек аркылуу үн жылчыгын аралап өтүп, үн түйүндөрүн дирилдетет. Ошол термелүүдөн тыбыш жаралат. Тыбышты айтабыз жана угабыз. Ал тамга менен белгиленет. Тамганы жазабыз, көрөбүз, окуйбуз.
1. Кыргыз тилиндеги тыбыштар –39.	а, аа, ы, о, оо, у, уу, ө, өө, ү, үү, э, ээ, и, л, р, м, й, н, ң, б, д, в, г, з, ж, п, ф, к, ш, т, с, ч, х, к, г, ж. ц, щ.
2. Кыргыз тилиндеги тамгалар – 36.	Аа, Бб, Вв, Гг, Дд, Ее, Ёё, Зз, Жж, Ии, Йй, Кк, Лл, Мм, Нн, Цц, Оо, Өө, Пп, Рр, Сс, Тт, Уу, Үү, Фф, Хх, Цц, Чч, Шш, Щщ, Ь, Ыы, Ъ, Ээ, Юю, Яя.
3. я, ю, ё, е тамгалары.	Ар бири эки тыбыштан турат: я=й+а, ю=й+у, е=й+э, ё=й+о. М.: боёк – 4 тамга, 5 тыбыш.
4. аа, оо, уу, үү, ээ, өө тыбыштары.	Ар бири эки тамга менен белгиленсе да, бир эле тыбышты билдирет. М.: мээлей – 6 тамга, 5 тыбыш.
5. ь, ъ белгилери.	Булар тыбышты туюндурбайт, бирок тамга катары эсептелет. М.: пальто– 6 тамга, 5 тыбыш.
6. э тыбышы.	Эки түрдүү тамга менен жазылат. Сөз башында «э», сөз ортосунда жана аягында «е». Муну «е» (й+э) менен чаташтырбоо керек. М.: эмгек – 5 тамга, 5 тыбыш, ниет–4 тамга, 5 тыбыш.
7. Калган учурларда.	Эмгекчилер – 10 тамга, 10 тыбыш; от – 2 тамга, 2 тыбыш; акылман – 7 тамга, 7 тыбыш.

уландысы

1	2
Тыбыштар эки чоң топко бөлүнөт: 1. Үндүү тыбыштар. 2. Үнсүз тыбыштар.	
1. Үндүү тыбыштар – 14.	а, аа, ы, о, оо, у, уу, ө, өө, ү, үү, э, ээ, и.
2. Үнсүз тыбыштар – 20.	л, р, м, н, й, ң, б, д, з, в, г, г, ж , ж, п, ф, к, ш, т, с, ч, х, ц, к, щ.

1	2
Үндүү тыбыштарды айтканда өпкөдөн чыгып келе жаткан аба эч кандай тоскоолдукка учурабай эркин чыгат. Созулуп, созулбай айтылышына, эрин, тил жана жаактын катышуусуна карата айырмачылыктары бар.	
1. Кыска үндүүлөр – 8.	а, о, ө, э, ы, у, ү, и.
2. Созулма үндүүлөр – 6.	аа, оо, өө, ээ, уу, үү.
Жаакка карата:	
1. Кең үндүүлөр.	а, аа, о, оо, э, ээ, ө, өө (жаак кең ачылат).
2. Кууш үндүүлөр.	ы, у, уу, ү, үү, и (жаак кууш ачылат).
Тилге карата:	
1. Жоон үндүүлөр.	а, аа, о, оо, ы, у, уу (тил артка тартылат).
2. Ичке үндүүлөр.	э, ээ, ө, өө, и, ү, үү (тил алга жүткүнөт).
Эринге карата:	
1. Эринчил үндүүлөр.	о, оо, у, уу, ө, өө, ү, үү (эрин чормоёт).
2. Ачык үндүүлөр.	а, аа, э, ээ, ы, и (эрин чормойбойт).

Үнсүз тыбыштарды айтканда, өпкөдөн чыгып келе жаткан аба сүйлөө органдарынын биринде толук же жарым-жартылай тоскоолдукка учурайт. Үн менен шыбышка карата үнсүз тыбыштар үчкө бөлүнөт. 1. Каткалаң үнсүздөр жалаң шыбыштан жаралат. 2. Уяң үнсүздөрдө үн менен шыбыш катышат, бирок үн басымдуулук кылат. 3. Жумшак үнсүз тыбыштар да үн менен шыбыштан турат, бирок мында шыбыш басымдуу. Кээде уяң үнсүздөр өзүнчө түр катары эсептелинбей, жумшак үнсүздөр менен бирге каралат. Үнсүздөр түгөйлүү (б–п, г–к, в–ф, д–т, з–с, ж–ч) жана түгөйсүз (х, ш, ң, н, р, л, й) болуп экиге бөлүнөт.

1. Каткалаң үнсүздөр – 11.	к, к, п, с, т, ф, х, ч, ш, ц,
2. Уяң үнсүздөр – 6.	щ, м, н, ң, р, л, й, б, в, г,
3. Жумшак үнсүздөр – 8.	д, ж, з, г, ж.

1	2
Жасалуу ордуна карата үнсүз тыбыштар алтыга бөлүнөт.	
1. Кош эринчил.	м, б, п (кош эринге карата).
2. Эрин-тишчил.	в, ф (астыңкы эрин менен үстүнкү тиш катышат).
3. Тишчил.	н, л, д, т (тилдин учу үстүнкү тиштин ички бетине тиет).
4. Уччул.	р, з, с, ш (тилге карата).
5. Орточул.	к (ки, г(ги) й, ж, ч (тилге карата).
6. Түпчүл.	ң, г, к, х (тилге карата).
Жасалыш ыгына жараша үнсүздөр төмөнкүдөй бөлүнөт.	
1. Жарылмалар.	б, п, м, д, т, к, ж, ч, н.
2. Жылчыкчылдар.	в, ф, г, х, й, ш, з, с.
3. Мурунчулдар.	м, ң, н (н, м – жарылмага да кирет).
4. Сызылмалар.	з, с (бул экөө жылчыкчыл үнсүзгө да тиешелүү).
5. Шуулдамалар.	ч, ш (ч – жарылмага, ш – жылчыкчылга да таандык.
6. Дирилдеме.	р.
7. Капталчыл.	л.

2. «СӨЗ» ТОПТОМУ

Сөздөр	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
Сөз.	Кандайдыр бир түшүнүктү билдирген тыбыш же тыбыштык айкалыш сөз деп аталат.	Тал, таш, асман, төх, мелт-калт, ай, эле, соң, баса, Бөрүбасар, кеп, а, эй.
	Сөздөр тутумуна жараша эки чоң топко бөлүнөт: 1. Жөнөкөй сөз. 2. Татаал сөз.	
1. Жөнөкөй сөздөр.	Булар бир сөз турпатынан турат. Унгу сөздү жана туунду сөздү кучагына камтыйт.	Көк, он, үй, талаа, малчы, кызылыраак, аалам, жай, бар, бол, кетменде, тез, биз.
а) Унгу сөз.	Бул сөздүн андан ары ажыратууга мүмкүн болбогон түпкү бөлүгү.	Киши, коён, суу, тоо, бет, кол, жүз, баш, от, эт, бас, эй, тоок, сиз.
б) Туунду сөз.	Унгу сөзгө куранды мүчөлөрдүн жалганышы менен туунду сөз пайда болот.	Ырчы, элчилик, күздүк, жемкор, жалаакор, уйкусура, мээле, жолсуз, таштуу, энекебай, түйүнчөк.
2. Татаал сөздөр.	Бул бир түшүнүктү билдирген эки же андан ашык сөз турпатынан турат. Ага кош сөз, кошмок сөз жана кыскартылган сөздөр кирет.	Профсоюз, районо, ата-эне, ар ким, кимдир бирөө, уйгутуйгу, КТР.
а) Кош сөз.	Жуп-жубу менен айтылат, арасына сызыкча коюлат.	Ит-куш, соода-сатык, эл-журт, айылапа, өйдө-төмөн, колмо-кол.
б) Кошмок сөз.	Эки же андан ашык унгудан турат. Арасына сызыкча коюлбайт. Кээде бөлөк, кээде бирге жазылат.	Айылдык кеңеш, ойлоп табуучу, ак куу, акиташ, арабөк, кечкурун.
в) Кыскартылган сөздөр.	Кээ бир татаал сөздөр баш тамгалары же муундары боюнча кыскартылып колдонулат.	ИИМ (Ички Иштер министрлиги), профком (профсоюздук комитет).

уландысы

1	2	3
3. Бириккен сөздөр	Булардын теги – татаал сөз. Бирок биригип кеткен жөнөкөй сөз турпатын алган.	Баратат (бара жатат), бүгүн (бу күн), айдөш (аюу төш), быйыл (бу жыл), ыктыт (ык тут), бүрсүгүнү (бири соң күнү).

Темасы	Мисалдар
Сөздөр берген мааниси боюнча да ар түркүн. Ошого жарашa ал бир нечеге бөлүнөт.	
1. Сөздүн тике мааниси.	Сен түлкү аттың.
2. Сөздүн өтмө мааниси.	Ал – ашкан түлкү (куу).
3. Сөздүн жалпы мааниси.	Жылкы.
4. Сөздүн жалкы мааниси.	Кулун, жабагы, тай, бышты, байтал, кунан, бээ, ат, айгыр (жалпы маанисинде «жылкы» деп да айтылат).
5. Сөздүн жеке мааниси.	Кетмен, чанач, китеп.
6. Сөздүн кош мааниси.	Алма – мөмөсү, алма (жыгачы), демек, «алма» дегенден анын мөмөсүн да, жыгачын да түшүнөбүз.
7. Сөздүн көп мааниси (полисемия).	Баш: малдын башы (голова), тоонун башы (вершина), арпанын башы (колос), иштин башы (начало), төл башы (первенец).
8. Омоним – турпаты окшош, маанилери ар башка сөздөр.	Ат (жылкы), ат (атуу), ат (ысым).
9. Синоним – турпаты бөлөк, бирок маанилеш сөздөр.	Айла – амал, арга – ылаажы, иле – эп.
10. Антоним – кайчы маанидеги сөздөр.	Жакшы – жаман, ачуу – таттуу, сүйүн – күйүн, алыс – жакын, ыраазы – нааразы, бейиш – тозок.
11. Көөнө сөздөр (архаизмдер).	Батман (чен өлчөмү), бөрсө (кенгуру), зилзала (жер титирөө).
12. Жаңы сөздөр (неологизмдер).	Ардагер, атуул, бартер, банкрот, маркетинг.

3. «КУРАНДЫ МҮЧӨ» ТОПТОМУ

Куранды мүчөлөр	Мүчөнүн түрү	Мисалдар
1	2	3

Сөз мүчөлөрүнүн өзгөчө милдети бар. Алардын бир тобу жалганары менен унгунун маанисин таптаза өзгөртүп жиберишет, ал эми айрымдары сөздүн түрүн гана өзгөртүшөт. Ошого жараша алар сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр деп экиге бөлүнөт. Сөз жасоочу мүчө унгуга улануу менен жаңы сөз жасайт. М.: **кой+чу – койчу.** Көп жылдар бою мектептерде сөз жасоочу мүчө «куранды мүчө», сөз өзгөртүүчү мүчө «уланды мүчө» деп окутулуп келе жатат. Бул окуу китебинде ошол салттык аталышы сакталды.

-чы	зат атооч жасоочу мүчө	ырчы, күлкүчү, бийчи жылкычы, сугатчы
-лык	= //=	өсүмдүк, суулук баштык, жакшылык
-чылык	= //=	көпчүлүк, азчылык, айбанчылык
-кеч	= //=	аракеч, арабакеч
-кер	= //=	жоокер, ардагер, пахтакер, соодагер
-поз	= //=	ашпоз, кумарпоз, илимпоз, өнөрпоз
-ынды	= //=	чабынды, уранды, жугунду, илээнди
-ма	= //=	бастырма, басма, сүзмө
-мак	= //=	оймок, табышмак, үймөк, илмек
-гак	= //=	айгак, кыргак (элечектин кыргагы)
-гыч	= //=	ачкыч, кууругуч, жырткыч, түпкүч
-дооч	= //=	жандооч, баяндооч, аныктооч
-ооч	= //=	кармооч, желбирөөч
-бай	= //=	энекебай, эжекебай
-гы	= //=	сузгу, шыпыргы, чалгы, ашаткы
-мат	= //=	солдоймат, дардаймат
-мач	= //=	тилмеч, жаңылмач

1	2	3
-тай	= //=	байкетай, апатай
-уу	= //=	ашуу, кечүү, алуу, кошуу
-ча	= //=	кудача, бакча, көрпөчө
-чык	= //=	капчык, көлчүк
-ылга	= //=	токулга, жасалга, табылга, камылга
-дырык	= //=	тамандырык, сагалдырык
-ымча	= //=	алымча, кошумча
-ыч	= //=	сагыныч, коркунуч
-ыш	= //=	уруш, жеңиш
-дак	= //=	куурдак, бышгак
-нак	= //=	көрнөк, көзөнөк
-даш	= //=	боордош, классташ, жердеш
-ган	= //=	чагылган, көбүргөн, кылкан
-чак	= //=	түйүнчөк, келинчек, бөктөрүнчөк
-калаң	= //=	шашкалаң, шайкелең
-оол	= //=	кароол, жасоол, жортуул
-аак	сын атооч жасоочу мүчө	ыйлаак, сүйлөөк
-аанак	= //=	кабаанак, тебенээк
-алак	= //=	сугалак, эселек, жаталак
-гак	= //=	соргок, тайлак
-галак	= //=	шашкалак, тоңголок, тайгалак
-гылт	= //=	саргылт, кызгылт
-гыр		алгыр, өткүр
-гыч	= //=	саргыч
-мыр	= //=	кытмыр, сөзмөр
-накай	= //=	жакшынакай, апакай
-омтук	= //=	бозомтук
-омук	= //=	бозомук
-саак	=//=	баласаак, малсаак
-сыз	= //=	жолсуз, үйсүз, бактысыз
-луу	= //=	балалуу, таштуу, чүкөлүү
-чаак	= //=	урушчаак, эринчээк, болушчаак
-чал	=//=	оорукчал, күйүкчөл

уландысы

1	2	3
-ылжым	= //=	көгүлжүм
-чыл	= //=	көпчүл, эмгекчил
-ылтыр	= //=	көгүлтүр
-ынкы	= //=	жүдөнкү, көбүнкү, кызарынкы
-ыш	= //=	агыш, көгүш
-ыраак	= //=	теренирээк, чонураак, көбүрөөк
-а	этиш жасоочу мүчө	күчө, ойно
-ай		чоңой, азай
-ар	= //=	кызар, көгөр, бозор
-гар	= //=	аткар, откор, жуткур
-гыз	= //=	атказ, откоз, тамгыз
-жы	= //=	кубулжу, жылжы, чубалжы
-кыра	= //=	аркыра, чыркыра, күркүрө
-ла	= //=	колдо, тиште, ише, алгала
-са	= //=	сууса
-сы	= //=	адалсы, кыйынсы, борсу, самсы
-сыра	= //=	алсыра, кансыра, ээнсире
-ык	= //=	көнүк, канык
-ылда	= //=	дүкүлдө, борсулда
-ырка	= //=	санаарка, сонурка, ташырка
- жыра	=//=	тунжура
-гары	тактооч жасоочу мүчө	ичкери, тышкары, сырткары
-дай	= //=	бүтүндөй, тигиндей
-дан	= //=	эзелтен, мурдатан, илгертен
-дыр	= //=	жайдыр, кыштыр, аздыр, көптүр
-датан	= //=	баятадан, илгертеден
-лай	= //=	жайлай, күздөй, акчалай
-лата	= //=	акчалата, жайлата, күздөтө
-ын	= //=	жайын, кышын
-ында	= //= =	

уландысы

1	2	3
-ындасы	= //=	кечинде, таңында
-ынча	= //=	түндөсү, кышындасы
-ча	= //=	адатынча, билгенинче
	= //=	англисче, бизче
-к	тууранды сөз жасоочу мүчө	даңк, дүңк, каңк,чыңк
-п	= //=	шарп, жалп
-т	= //=	күлдүрт, калдырт, дүбүрт
-ың	= //=	кылтың, аксаң-аксаң
-ыр	= //=	делбир, желбир
-ынчы	сан атооч жасоочу мүчө	биринчи, онунчу, миңинчи
-оо	= //=	бирөө, төртөө, алтоо

4. «УЛАНДЫ МҮЧӨ» ТОПТОМУ

Уланды мүчөлөр	Мүчөнүн түрү	Мисалдар
1	2	3
	Уланды мүчөлөр жаңы сөз жасабайт, алар уңгунун түрүн өзгөртүп, сүйлөмдө байланыштыргыч каражаттын кызматын өтөйт.	
-лар	көптүк санды билдирүүчү мүчө	тоолор, балдар, китептер
-ым, -ың, -ыңыз, -ы, -сы	жекелик санда турган таандык мүчөлөр	атым, китебим, энем, атың, китебиң, энең, атыңыз, китебиңиз, энеңиз, аты, китеби, энеси
-ы (быз, -ы (дар)	көптүк санда турган таандык мүчөлөр	атыбыз, энебиз, атыңар, энеңер, атыңыздар, энеңиздер, аттары, энелери (энеси)

уландысы

1	2	3
-ныкы	жалпы таандык мүчө	меники, сеники, аныкы, биздики, силердики, сиздердики, алардыкы, тоонуку, заводдуку
-нын, -га, -ны, -да, -дан	жөндөмө мүчөлөрү	суунун, баланын, элимдин, мага, жээкке, апама, айылды, тууну, китебин, шаарда, жайлоодо, жамгырдан, мектептен, аттан
-м (-ын), -сын, -сыз, -т	жекелик сандагы жак мүчөлөр	кетем, окуймун, мурапмын, кетесиң, окуйсун, мурапсың, кетесиз, окуйсуз, мурапсыз, кетет, окуйт
-быз, -сыңар, -сыздар, -т	көптүк сандагы жак мүчөлөр	кетебиз, окуйбуз, сугатчыбыз, кетесиңер, окуйсуңар, кетесиздер, кетишет, окушат (окуйт)
-ууда, -оодо	учур чактын мүчөлөрү	чыгууда, келүүдө, кароодо, сугарууда
-ар+ жак мүчөлөрү	келер чакты уюштурат	барармын, окурсуң, көрөрбүз
-ды	өткөн чактын мүчөсү	күлдү, басты, кетти, ырдады, сугарышты
-ды + жак мүчөлөрү	өткөн чакты уюштурат	бардым, бардың, бардыңыз, бардык, бардыңар, бардыңыздар
-ган + жак мүчөлөрү	өткөн чакты уюштурат	жазган, жазгансың, жазгансыз, барганбыз, баргансыңар, баргансыздар
-гандыр	өткөн чак	алгандыр, бергендирмин, келишкендир
-ыптыр	өткөн чак	келиптир, казыптыр
-чу	өткөн чак	иштечү, турчу, келчүсүң
-ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу	атоочтук мүчөлөр	окуган, кеткен, барар, келер, окубас, кетпес, барбас, чуркоочу, ойноочу, айтуучу, келүүчү
-а, -й, -ып, -ганы, -ганча, -гыча,	чакчыл мүчөлөр	чыгат, карайын, жүрөм, келем, күлүп, окуп, ыйламсырап, чаап (чабып), тээп (тебип), ээмп (эмип),

уландысы

1	2	3
-майынча		жуумп (жумуп), окуганы, учурашканы, барганча, жеткиче, келмейинче
-оо, -уу, -ыш, -мак, -май	кыймыл атоочтун мүчөлөрү	барбоо, жазылуу, жүрүш, келиш, жетмек, отурмак, ырдамай, кете бермей, билмексен, көрмөксөн, укмаксан
-сын, -гын, -гыла, -даш, -са, -са экен, -са де, -гай эле, -айын, -алы, -гым келет	этиштин ыңгай мүчөлөрү	чертсин, черткин, черткиле, жардамдаш, жардамдашса, жардамдашса дейт, жардамдашкай эле, жардамдашайын, жардамдашалы, жардамдашкым келет
-ыш, -ын, -ыл, -дыр, -гар, -гиз, -т, -ыз, -ыр, -ар	этиштин мамиле мүчөлөрү (буларда сөз жасоочу менен сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн экөөнүн тең белгиси бар)	келиш, жазыш, кийин, таран, онол, ачыл, бердир, окуттур, бүткөр, жеткир, жуткуз, ичкиз, сонуркат, ылымсырат, угуз, көчүр, ичир, учур

§ 5. «МҮЧӨ» ТОПТОМУ

Темасы	Эрежеси	Мүчөлөр	Мисалдар
1	2	3	4
	Унгуга уланган бөлүк мүчө деп аталат. Тыбыштарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мүчөлөр эки топко бөлүнөт. Мындай бөлүнүш куранды жана уланды мүчөлөрдүн экөөн тең ичине (алат) камтыйт.		
1. Ээрчибес мүчөлөр.	Унгуга уланганда үндүү, үнсүз тыбыштары өзгөрбөйт.	-кор, -кеч, -ке, -кана, -стан, -поз, -тай	сүткор, арабакеч, атаке, уйкана, Өзбекстан, илимпоз, агатай

1	2	3	4
2. Ээрчиме мүчөлөр. Ал төрткө бөлүнөт.	Бул мүчөлөр уңгуга карата аздыр-көптүр өзгөрөт.	–	–
а) Туруктуу мүчөлөр.	Уңгуга карата мүчөнүн үндүү тыбышы өзгөрсө да мүчө башындагы үнсүз тыбышы ээрчибейт.	-чы, -чыл, -чык, -чак, -сыз, -сак, -мак,-мыр, -сыра, -сын, -са	өтүкчү, эпчил, көлчүк, иничек, алсыз, алымсак, чакмак, кытмыр, этсире, келсин, женсе
б) Оошмо мүчөлөр.	Уңгуну мүчөнүн үндүү, үнсүз тыбыштары түгөл ээрчийт.	-лык, -лак, -нын, -га, -ны, -дан, -дай, -луу, -кул, -гыч, -ган, -ба, -бы	тоолук, таштак, койдун, отко, сүттү, оттон, канттай, мээримдүү, учкул, кескич, баккан, кетпе, этпи
в) Сыйлыгышма мүчөлөр.	Үндүү менен аяктаган сөзгө жалганса, мүчөнүн башындагы үндүү тыбышы сыйлыгышат.	-ым, -ынчы, -ың, -ым, -ып, -ылга, -ыптыр, -ыраак, -ырка	энем, жетинчи, балаң, санаш, ченеп, жасалга, иштептир, жакшыраак, санаарка
г) Сыйлыгыштырма мүчөлөр.	Уланган мүчө унгунун аягындагы үндүү тыбышты сыйлыгыштырат.	-оо, -уу	кыштоо+оо=кыштоо, жети+оо=жетөө,чири+үү=чирүү, оку+уу = окуу

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн айрымдары өтө көп, кээ бири орточо жана сейрек колдонулат. Ошого жараша алар үчкө бөлүнөт.

1. Өнүмдүү мүчөлөр.	Булар тилдин лексикасынын өсүшүнө орчундуу салым кошушат.	-чы, -лык, -лук, -дай, -ла, -ыт, -ынчы, -ыш, -ма	башчы, ортолук, таалайлуу, кашыктай, тиште, онунчу, жайыт, уруш, басма

1	2	3	4
2. Аз өнүмдүү мүчөлөр.	Өнүмдүү мүчөлөргө караганда азыраак сандагы сөздөрдү уюштурат.	-чан, -чак, -ак, -ан	күрмөчөн, кемирчек, конок, жыйын, түйүн
3. Сенек мүчөлөр.	Бирин-серин гана сөздөрдүн жасалышына катышат.	-ша, -ы, -ра, -ырка	тыңша, жашы, маара, ташырка

§ 6. «СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ» ТОПТОМУ

Сөз түркүмдөрү	Эрежеси	Мисалдар
1	2	3

Сөздөр маанилерине жана грамматикалык белгилерине карата сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт. Кыргыз тилинде он эки сөз түркүмү бар. Алар үч топтон турат. 1. Маани берүүчү сөздөр, буга төмөнкү сөз түркүмдөрү кирет: зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч. 2. Кызматчы сөздөр: жандооч, байламта, бөлүкчө, модалдык сөздөр. 3. Өзгөчө түзүлүштөгү сөз түркүмдөрү: тууранды сөз, сырдык сөз.

1. ЗАТ АТООЧ. Ага **жалпы аттар** (тоо, таш, талаа), **энчилүү аттар** (Сейтек, Кумайык) кирет. Зат **жекелик** (алма) жана **көптүк** (алмалар) сандан турат. Жөндөмө, жак жана таандык мүчөлөр менен өзгөрөт.	Зат атооч заттын атын билдирет. Суроолору: **ким? эмне?**	чагылган, жамгыр, шамал, рынок, бирикме, карышкыр, кирпи, айры куйрук, окуу, күрөш, Кыргыз Республикасы, оруу-жыюу, козголон, жакшылык, ийгилик

1	2	3
2. СЫН АТООЧ. Анын эки түрү бар. 1. **Сапаттык сын:** ак, аппак, жашыл, жапжашыл. 2. **Катыштык сын:** элдик, илимий, бүгүнкү, кечки. Эки даражасы бар: 1. **Салыштырма сын:** чоңураак, бозомук, көгүлжүм. 2. **Күчөтмө сын:** өтө чоң, чымкый көк, топтомолок.	Заттын сын-сыпатын, өңүтүсүн, даамын, формасын, көлөмүн көрсөтөт. Суроолору: **кандай? кайсы?**	шамдагай, жапалдаш, тоголок, супсак, ачуу, күрөң, жашыл, чоң-кичине, көпкөк, даамдуураак, токойлуу, суусуз, уйкучу, мүйүздөй, илберинки, унутчаак, кызгылтым, улуу-кичүү, майда-чүйдө, жоон-жолпу, ачык ооз, көк кашка
3. САН АТООЧ. Алты түрү бар. 1. **Эсептик сан:** он, жүз, мин. 2. **Иреттик сан:** экинчи, онунчу. 3. **Жамдама сан:** үчөө, бешөө. 4. **Чамалама сан:** он чакты, кырктай, жүздөгөн, элүүлөр чамасында. 5. **Бөлчөк сан:** бир жарым мин, үчтөн бир. 6. **Топ сан:** эки-үчтөн, эки-экиден, төрттөн, үч тоннадан.	Заттын санын, иретин билдирет. Суроолору: **канча? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө?**	бир, алтымыш, миллион, миллиард, тогузунчу, жетөө, жүздөй, миңдеген, беш-алты, он беш, алты, он беш чамалуу, жыйырма чакты, ондон бир, жарым мин, 35 центнерден, бирден-экиден, эки бүтүн ондон үч
4. АТ АТООЧ. Ат атооч алтыга бөлүнөт. 1. **Жактама:** мен, биз, сен, сиз, силер, ал, алар. 2. **Шилтеме:** бул, ушул, ошол. 3. **Сурама:** ким, эмне, кандай, кайсы, канча? 4. **Тангыч:** эч бир, эч качан, эчтеме, эч ким, эч нерсе.	Зат, сын, сан атоочтордун жана тактоочтордун ордуна колдонулуучу сөз түркүмү ат атооч деп аталат. Суроолору: **ким? кайсы?**	мен, ал, ушул, тээтиги, эч, качан, эч нерсе, ар бир, баары, кээ бир, алда кандай, мүлдө, бардыгы

уландысы

1	2	3
5. **Аныктама:** бүтүн, бүткүл, баары, ар ким, ар бир, өз. 6. **Белгисиз:** кимдир бирөө, кандайдыр, кээ бир, кай бир, алда кандай, кайсы бир.		
5. ТАКТООЧ. Тактооч маанисине карай төрткө бөлүнөт. 1. **Орун тактооч:** алыс, жакын, өйдө төмөн. 2. **Мезгил тактооч:** быйыл, эрте, кеч. 3. **Сын-сыпат тактооч:** ылдам, тез, бат, акырын, аран, зорго. 4. **Сан өлчөм тактооч:** аз-аздан, көп-көптөн, саал-паал.	Кыймыл-аракеттин түрдүүчө кырдаалын билдирет. Суроолору: **кандай? качан? кандайча? кайда? кайдан?**	бүгүн, кечээ, алда качан, капкачан, азыр, ар дайым, ар убак, ар качан, анда-санда, эртели-кеч, кыштыр-жайдыр, алга, артка, күздү-күздөй, алда кайдан, ары-бери, илгери, аста-секин, айбанча, орусча, бетме-бет, адатынча, көзүнчө, жайбаракат, кайра, кайта, ээн-эркин, ачыктан-ачык, тымызын, чогуу-чаран, өтө тез, алмак-салмак, ташка-тамга баскандай, акчалай, мурдатан, алтүндө, жандата, атайы, эртерээк
6. ЭТИШ. Этиштин мүнөздүү белгиси мамиле, ынгай, жак жана чактарда турушу. Ал эми чакчылдар, атоочтуктар, кыймыл атоочтор анын өзгөчө түрүнө кирет. **Тубаса этиштер:** кел, кет, бар. **Туунду этиштер:** аттан, тиште. **Татаал этиштер:** иштеп отурат, жазып жатат, бара бер.	Этиш – бул кыймыл-аракетти, алабалды билдирүүчү сөздөр. Суроолору: **эмне болду? кантти? эмне болуп жатат? эмне кылууда?**	бас, кел, кет, ташта, чапкыла, кетменде, күрөктө, араала, намыстанды, кыялдан, чене, сана, мөлтүрөдү, көөнөр, сууса, жүрөксүндү, эрдемсийт, толукшуйт, талыкшыды, шапшы, уяткар, ыйламсыра, улгайды, күлүмсүрө, капа болду, коюп кой, жаза сал, алып чык, чыкпайт, коюп жүрбөсүн, иштеп келе жатабыз

1	2	3
Жөнөкөй этиштер: жазды, иштейм. Сүйлөмдө баяндоочтук милдет өтөйт.		жуун, жашын, жазыл, майлан, суут, жылмайды, көбөйүүдө
7. ТУУРАНДЫ СӨЗ. Ал экиге бөлүнөт. 1. **Табыш тууранды сөздөр:** мөө, тарс, шуу, бырс. 2. **Элестүү сөздөр:** жылт, бөкчөң-бөкчөң, балпай.	Заттардын дабышын, кыймылын, элесин туурап көрсөтөт.	маа, бытпылдык-бытпылдык, чырк-чырк, ызз, калдыр-шалдыр, шаңк, дүңк, каңгыр-күңгүр, далдан-далдан, сорок-сорок, чокчоң-чокчоң, делдей, саксай, мелт-калт, бал-бал, жалп-жалп, мөлт, жарк-журк, бырс, шалп
8. СЫРДЫК СӨЗ. Экиге бөлүнөт: 1. **Сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр:** кап, бали, төх, капырай, аттин. 2. **Айдоо чакырык сырдык сөздөр:** ош, күчү-күчү.	Адамдын ички сезимин, айбандарга карата айдоо-чакырыкты билдирген сөздөр.	пай-пай, кашайгыр, баракелде, ассалоом алейкум, бали, бах, ой тобо, аттигинай, апей, алдей-алдей, чү, чөк, ий, эй, ай, оо, кап, кокуй
9. ЖАНДООЧТОР. Эки топко бөлүнөт. 1. **Нака жандоочтор:** менен, сөрөй, аркылуу, боюнча, жөнүндө, дейре, чейин. 2. **Функционалдык жандоочтор:** карай, көздөй, ката, жараша, мурда, кийин, сон.	Толук маанилүү сөздөрдү жандап, ага кошумча маани берген кызматчы сөздөр жандооч деп аталат.	аркылуу, бойдон, тууралуу, жөнүндө, менен, сөрөй, сайын, сыяктуу, сымак, сон, карай, көздөй, кийин, бери, андан бери, мурун (андан мурун), башка (өзүндөн башка)
10. БАЙЛАМТАЛАР. Төрткө бөлүнөт: 1. **Байланыштыргыч байламталар:** жана, жана да, да, дагы, менен, ары. 2. **Каршылагыч байламта-**	Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруучу грамматикалык каражат байламта деп аталат.	а, ал эми, да, дале, бирок, жана, менен, же, ошондой, болсо да, анткени, себеби, андыктан, ошон үчүн, анткени менен

1	2	3
лар: а, ал эми, бирок, антсе, да, анткени менен, ошондо да, ошондой болгону менен. 3. **Божомолдогуч байламталар:** же, же болбосо. 4. **Себеп байламталар:** себеби, ошол себептүү, анткени, ошон үчүн.		
11. БӨЛҮКЧӨЛӨР. Алар маанисине карай экиге бөлүнөт. 1. **Чыныгы бөлүкчөлөр,** алар сөздүн айрым бир бөлүгү өндүү көрүнөт: гана, эле, да, дегеле, деле, ээ, ыя, гой, түк, эң, өтө, абдан, эч, куду, ылгый, өңчөй, чылк, чылгый, чымкый, беле. 2. **Функционалдуу бөлүкчөлөр,** алар бүтүн сөз сыяктанып көрүнөт: дал, так, жөн эле, тим эле. Бөлүкчөлөр сөз алдында (эң, өтө, чылк, абдан, куду, дал, нак) жана сөз соңунда (да, дагы, гана, эле, ээ, ыя, белем, бейм, го, гой) келет. Кээ бир бөлүкчөлөр (деле, деги, тим эле, жөн эле) эркин сөздөн мурда да, кийин да келе берет. Бөлүкчөлөр сегизге бөлүнөт:	Бөлүкчөлөр да сөзгө, сүйлөмгө кошумча маани берет. Өз алдынча турганда маани бербейт. Бирок ал сөз да эмес, мүчө да эмес, сөз менен мүчөнүн ортосундагы аралык көрүнүш – бул анын өзгөчөлүгү.	чылк, го, гана, эле, ээ, ыя, да, дале, деги, нак, как, куду, так, эч, абдан, өтө, эң

1	2	3
1. Чектегич. 2. Аныктагыч. 3. Сурама. 4. Болжолдомо. 5. Күмөндүү. 6. Жалынгыч. 7. Күчөткүч. 8. Тангыч. 12. МОДАЛДЫК СӨЗДӨР. 1. **Ойго бекемдик, ырастоо берет:** албетте, арийне, чындыгында, ырас, сөзсүз, шексиз, ооба ж.б. 2. **Ойго күмөндүүлүк, божомол маанисин берет:** балким, чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, мүмкүн, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өндөнөт сыяктуу, шекилдүү.	Модаль – латындын «модус» деген сөзү, ал «ык, жол» деген маанини билдирет. Модалдык сөздөр сүйлөмдөгү ойдун чындыкка карата болгон катышын, ар түрдүү кырдаалын туюндурат.	гана, эле да, деле, дагы, куду, нак, так, дал, кап, деги ээ, ыя бейм, белем го, миш гой эң, өтө, абдан, эбегейсиз, түк, чымкый, дегеле, ого бетер, ылгый, өңчөй, чылк, тим эле, жөн эле эч албетте, арийне, балким, мүмкүн, ыктымал, чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, чындыгында, ырас, сөзсүз, шексиз, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өндөнөт, сыяктуу, шекилдүү, имиш, ооба

7. «ЖӨНДӨМӨ» ТОПТОМУ

Жөндөмөлөр	1-жөндөлүш (таандык мүчөсүз сөздөр)	2-жөндөлүш (таандык мүчөлүү сөздөр)	3-жөндөлүш (ат атооч)
1	2	3	4
Кыргыз тилинде алты жөндөмө бар. Алар атооч сөздөрдү башка сөздөр менен байланыштырат. Жөндөмөлөр зат атооч менен ат атоочко таандык. Бирок заттык мааниде колдонулган сын, сан атоочтор, атоочтуктар, кыймыл атоочтор да жөндөлө берет.			
1. АТООЧ ЖӨНДӨМӨ. Өзүнчө тиешелүү мүчөсү жок. Суроолору: **ким? эмне? каер? канча?**	бала, кар, от, күү, кызыл, барган, оң	китебим, мектебиң алмасы, элдики	мен, бул, сен, ал, ошол
2. ИЛИК ЖӨНДӨМӨ. Таандыкты билдирет. Суроолору: **кимдин? эмнени? каердин? канчанын?** Мүчөсү **-нын** (вариантары менен).	баланын, кардын, оттун, күүнүн, кызылдын, баргандын, ондун	китебимдин, мектебиңдин, алмасынын, элдикинин	менин, мунун, сенин, анын, ошонун
3. БАРЫШ ЖӨНДӨМӨ. Багытты билдирет. Суроолору: **кимге? эмнеге? кайда? канчага?** Мүчөсү **-га** (вар. менен).	балага, карга, отко, күүгө, кызылга, барганга, онго	китебиме, мектебиңе, алмасына, элдикине	мага, буга, сага, ага, ошого
4. ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨ. Багытталган затты атайт. Суроолору: **кимди? эмнени? каерди? канчаны?** Мүчөсү **-ны** (вар. менен).	баланы, карды, отту, күүнү, кызылды, барганды, онду	китебимди, мектебиңди, алмасын, элдикин	мени, муну, сени, аны, ошону
5. ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨ. Орунду билдирет. Суроолору: **кимде? эмнеде? кайда? канчада?** Мүчөсү **-да** (вар. менен).	балада, карда, отто, күүдө, кызылда, барганда, ондо	китебимде, мектебинде, алмамда, элдикинде	менде, мында, сенде, анда, ошондо

уландысы

1	2	3	4
6. ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨ. Кыймыл-аракеттин кайдан, эмнеден болгондугун билдирет. Суроолору: **кимден? эмнеден? кайдан? канчадан?** Мүчөсү **-дан** (варианттары менен).	баладан, кардан, оттон, күүдөн, кызылдан, баргандан, ондон	китебимден, мектебинден, алмасынан, элдикинен	менден, мындан, сенден, андан, ошондон

8. «ЧАК» ТОПТОМУ

Этиштин чактары	Мүчөлөрү	Мисалдар
1	2	3

Этиштин чактары кыймыл-аракеттин болуп өткөн, болуп жаткан жана боло турган мезгилин билдирет. Алар баяндагыч ынгайга таандык, калган ынгайлар чактык маанини ачык туюндура алышпайт. Этиштин чактары үчкө бөлүнөт: 1) учур чак; 2) келер чак; 3) өткөн чак.

1. Учур чак.		
а) Жөнөкөй учур чак.	-ууда -а(-й)+жак мүчө	Жер айдалууда, мала тартылууда. Мен шаарда иштеймин. Сен чарбада иштейсиң. Ал талаада эмгектенет.
б) Татаал учур чак.	-а+ (-а+жак мүчө), -ып+(-а+жак мүчө)	Султан тоого бар-а жат-а-т. Сиз жайлоодон кел-е жат-а-сыз. Мен жаз-ып жат-а-м. Ал оку-п отур-а-т.
2. Келер чак.		
а) Айкын келер чак.	-а(-й)+жак мүчө -а(-й)+эле+жак мүчө	Мен театрга бар-а-м. Ал базарга бар-а-т. Чөп чабууга бүрсүгүнү бар-а-т элем (барат элең, барат элек, барат элеңиздер).
б) Арсар келер чак.	-ар+жак мүчө	Мен да керегине жарармын. Окууну бүтсөк, колуман көп иш келер.

1	2	3
	-ар+эле+жак мүчө, бас+жак мүчө	Тоого барсаң ышкын терер элең. Мен жазбасмын. Сиз жазбассыз.
3. Өткөн чак. а) Айкын өткөн чак	-ды + жак мүчө -ды+эле	Мен жаздым. Сен окудун. Сиз көчүрдүңүз. Ал ырдады. Биз жаздык. Силер окудунар. Алар ырдашты. Мен айдадым эле.
б) Жалпы өткөн чак.	-ган+жак мүчө	Мен жазганмын. Сен окугансың. Сиз көчүргөнсүз. Ал ырдаган. Биз жазганбыз. Силер окугансынар. Сиздер окугансыздар. Алар ырдашкан.
	-ган экен	Илгери бир кемпир-чал болгон экен.
в) Капыскы өткөн чак.	-ып+жак мүчө	Мен казыпмын. Сен казыпсың. Сиз казыпсыз.
	-ыптыр+жак мүчө	Мен окуптурмун. Сен окуптурсуң. Сиз окуптурсуз. Ал окуптур.
г) Адат өткөн чак.	-чу -оочу, -уучу -чу+эле	Мен эрте турчумун. Сен иштечүсүң. Атам малга чөп салуучу. Күндө чокуга чыкчу элем.

9. «ЖАК МҮЧӨ» ТОПТОМУ

Жак	Жак мүч. толук түрү	Мисалдар	Жак мүч. толук эмес түрү	Мисалдар
1	2	3	4	5

Жак мүчөлөр – тилге ырааттуу жана маанилүү мүнөз берүүчү грамматикалык каражат. Алар ээ менен баяндоочту байланыштырат. Сүйлөмдө жак мүчө уланган сөз дайыма баяндоочтук милдет аткарат. Кыргыз тилинде үч жак бар.

Жекелик сан. 1-жак	-мын	окуучумун	-м	бардым

1	2	3	4	5
2-жак	-сың	окуучусуң	-ң	бардың
	-сыз	окуучусуз	-ңыз	бардыңыз
3-жак	–	окуучу	–	барды
	(-т)	(келет)	–	–
Көптүк сан.				
1-жак	-быз	окуучубуз	-к	бардык
	-сыңар	окуучусуңар	-ңар	бардыңар
			-ңыздар	бардыңыздар
2-жак	-сыздар	окуучусуздар	–	барышты
3-жак	–	окуучу		

Жак мүчөлөр атооч жана этиш сөздөргө уланат. Ошого жараша атоочтук жана этиштик жакталыш болуп экиге бөлүнөт.

1. Атоочтук жакталыш. Жекелик сан.				
1-жак	-мын	дыйкан-мын	-м	жумушчу элем
2-жак	-сың	дыйкан-сың	-ң	жумушчу элең
	-сыз	дыйкансыз	-ңыз	жумушчу элеңиз
3-жак	–	дыйкан	–	жумушчу эле
Көптүк сан.				
1-жак	-быз	дыйкан-быз	-к	жумушчу элек
2-жак	-сыңар	дыйкансыңар	-ңар	жумушчу элеңер
	-сыздар	дыйкансыздар	-ңыздар	жумушчу элеңиздер
3-жак	–		–	жумушчу эле
2. Этиштик жакталыш.				

уландысы

1	2	3	4	5
		дыйкандар		
Жекелик сан.				
1-жак	-мын	барганмын	-м	окугай элем
2-жак	-сың	баргансың	-ң	окугай элең
	-сыз	баргансыз	-ңыз	окугай элеңиз
3-жак	Мүчөсү жок	барган	Мүчөсү жок	окугай эле
Көптүк сан.				
1-жак	-быз	барганбыз	-к	окугай элек
2-жак	-сыңар	барган-сыңар, бар-гансыздар	-ңар	окугай элеңер
	-сыздар		-ңыздар	окугай элеңиз-дер
3-жак	Мүчөсү жок			

10. «МАМИЛЕ» ТОПТОМУ

Этиштин мамилелери	Мүчөсү	Мисалдар
1	2	3
		Ээ менен кыймыл-аракеттин ортосундагы ар түрдүү байланыштан, катыштан этиштин мамилелери пайда болот. *Апам кир жууду. Апам кир жууштту. Апам жуунду. Кир жуулду. Апам келинине кир жуудурду. Жууду* –кыймыл-аракет ээ тарабынан аткарылды, *жууштту* – кыймыл-аракет биргелешкендикти билдирди. *Жуунду* – кыймыл-аракетте өздүк маани бар. *Жуулду* – кирди апасы, келини же башка бирөө жуудубу, белгисиз, туюк, *жуудурду* кыймыл-аракет башка бирөө тарабынан аткарылды. Ушундай жагдайга байланыштуу этиштин мамилелери бешке бөлүнөт.
1. **Негизги мамиле.** Кыймыл-аракет ээ тарабынан аткарылат.	Мүчөсү жок.	барды, оку, кел, жаз, ырда, бара жатат, ойно, сонурка, тынчы, ылымсыра
2. **Кош мамиле.** Этиш сөз биргелешкен аракетти билдирет.	-ыш (-ш)	барыш, окуш, келиш, жазыш, ырдаш, бара жатышат, ойношту, сонуркашты, тынчышты, ылымсырашууда

уландысы

1	2	3
3. Туюк мамиле. Кыймыл-аракеттин ким тарабынан иштелгендиги туюк болот.	-ыл	окул, жазыл, ырдалды, ойнолду, кошул, тосул, ачыл, төгүл жайыл, терил, оңол
4. Аркылуу мамиле. Кыймыл-аракет башка бирөө тарабынан иштелгендигин билдирет.	-дыр, -гар, -гыз, -т, -ыт, -ыз (-из), -ар (-ер), -ыр (-ир)	келтир, келтирт, ойнот, алдыр, желдир, каздыр, бердир, окуттур, бүткөр, сонуркат, тынчыт, ылымсырат, качыр, өткөз, жуткуз, чыгар, учур, агыз, көрсөт, санат, бошот, угуз, тилдирт, ичир, көчүр, көгөрт, бозорт
5. Өздүк мамиле.	-ын (-н)	жуун, кийин, таран, жасан, токун, аттан, сүйлөн, тиштен, ойлон

11. «ЫҢГАЙ» ТОПТОМУ

Этиштин ыңгайлары	Мүчөсү	Мисалдар
1	2	3
Сүйлөөчү менен тыңдоочуну байланыштырган кыймыл-аракет ыңгайына жараша тилекти, ниетти, шартты, буйрукту, жайынча баянды билдирет. Ушул өзгөчөлүктөрүнө карата этиштин ыңгайлары бешке бөлүнөт.		
1. Буйрук ыңгай. Кыймыл-аракет буйрук иретинде болот.	-сын, -гын, -гыла, -ыңыз	ырдасын, бийлегин, келсин, черткин, кеткиле, камчылангын, оолжубагын, ойноңуз, жазыш, жардамдаш, табышкыла, учурашкыла, санааркабасын, күлүмсүрөгүн
2. Шарттуу ыңгай. Кыймыл-аракет шартты билдирет.	-са	көгөрсө, жашарса, этсиресе, тамылжыса, сууса-са, ажылдаса, кубулжуса, чубалжыса, сүрдүксө,

1	2	3
3. **Тилек ыңгай.** Кыймыл-аракет каалоону, тилекти туюндурат.	-са экен, -са, -де, -гай эле, -айык, -алы, -гым келет	балкыса, ачууланса, кыйынсынса, берсе, жазса, окусам, окусак, окусан, келсе, женсе экен, чакырсак дейт, сыйласа дейм, баргай эле, уткай элек, жеткей элек, келгей элек, учкай элем, бүтөйүн, жөнөйүн, кетели, баралы, иштегим келет
4. **Ниет ыңгай.** Сүйлөөчүнүн ниетин чагылдырат.	-мак, -макчы, -мак (эле), экен, тура, беле, эмес	окумак, келмек эмес, бармак эле, үйрөтмөкчү экен, сүйүнчүлөмөкчү экен, кетмек беле, угушмакчы тура, жыйнамак эле, тазалямакчы экен, эс алмак, даярданмак
5. **Баяндагыч ыңгай.** Кыймыл-аракет белгилүү учурда тушташ келет. Демек, этиштин чактары ушул ыңгайга таандык.	-ды, -ган, -ыптыр, -чу, -ып +жардамчы этиш, -а +жак мүчө	окуду, келди, барган, үйрөтүптүр, кетүүчү, ойноодо, алгамын, жазып отурам, издеп жүрөт, окулуп жатат, кетемин, кетесиң, кетесиз, кетет, кеттик

12. «ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ТҮРЛӨРҮ» ТОПТОМУ

Этиштин өзгөчө түрлөрү	Эрежеси	Мүчөсү	Мисалдар
1	2	3	4

Этиштин өзгөчө түрлөрүнө атоочтуктар, чакчылдар жана кыймыл атоочтор кирет. Анткени атоочтуктарда сын атоочтук, чакчылдарда тактоочтук, кыймыл атоочтордо заттык белгилер бар. Ушул себептен улам алар атоочтор менен этиштин ортосундагы өзгөчө бир туунду болуп саналат. Бирок буларда атоочторго караганда этишке мүнөздүү белгилер басымдуулук кылат.

1. Атооч-туктар.	Булар кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөткөн этиш сөздөр. Бирок ал атоочтук да, этиштик да, касиетке ээ. Сын атооч сыяктуу аныктоочтук милдетти да аткарат. Заттык мааниде колдонулган кезде, ага жөндөмө, көптүк жана таандык мүчөлөр жалганат.	-ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу, -чу, -а (-е, -й)+ эле	Эл сыйла**ган** эшикке жатпайт, ат сыйла**ган** жөө баспайт *(макал)*. Бер**бес**ке эртең менен саамал, бере**рге** бешимде кымыз *(макал)*. Ойго салу**учу**, көңүлгө ал**чу** иш. Чабыла **элек** беде тукабадай кулпурат.
2. Чакчылдар.	Чакчылдар – чакты, жакты көрсөтпөй туруп, негизги этишке кошумча кыймыл-аракет кийрүүчү этиш сөздөр. Суроолору: **кантип? кандай?**	-а (-й), -ып, -ганы, -гыча, -майынча	**Жарыша** жөнөдүк. **Бажырая** күлдү. Ал **коркуп** келбей калды. Уулум **келгени** жатат. Атама **учурушканы** келдим. Жатып **өлгүчө,** атып өл *(макал)*. **Айтмайынча** ким билет, **ачмайынча** ким көрөт *(макал)*.

уландысы

1	2	3	4
3. Кыймыл атоочтор.	**кайсы убакка чейин? эмнеликтен?** Мааниси жагынан тактоочторго жакындашат жана сүйлөмдө негизинен бышыктоочтук милдет аткарат. Кыймыл атоочтор кыймыл-аракеттин атын билдирет. Кыймыл-аракеттик мааниси сактaлуу менен, зат тык мааниде да колдонула берет. Ага чак жана ынгай боюнча өзгөрүү мүнөздүү эмес. Кыймыл атоочко жөндөмө, таандык жана көптүк мүчөлөр жалганат.	-оо, -уу, -ыш -мак, -май -гу (-сы) + жок, (бар, келди)	Таштоого болбойт. Билүүгө болот. Эгин чабуунун маалы келди. Анда улуудан иймениш жок. Дароо мектепке барыш керек. Эрден ашмак бар, элден ашмак жок *(макал)*. Кел демек бар, кет демек жок. Класста секирмей, кыйкырмай жок. Уккусу жок, баарын көргүсү келет.

13. «СҮЙЛӨМ» ТОПТОМУ

Сүйлөмдүн түрү	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
	I. Грамматикалык жактан уюшулган, айрым бир ойду, мазмунду чагылдырган кептин жыйнактуу бүтүн бирдиги сүйлөм деп аталат. Сүйлөм айтылыш максатына жараша төрткө бөлүнөт.	
1. Жай сүйлөм.	Жайынча баяндалат.	Кечээ балдар шаардан келишти. Эң сонун эс алышыптыр.

1	2	3
2. Сурoолуу сүйлөм.	Суроо иретинде айтылат.	Атамдар Ысык-Көлгө кетиштиби? Көпкө чейин эс алышат бекен?
3. Буйрук сүйлөм.	Буйрук иретинде айтылат.	Белет алып бер. Театрга киришсин. Андан кийин шаарды кыдырт. Үйгө такси менен келгиле.
4. Илептүү сүйлөм.	Күчтүү сезим менен айтылат.	Бах, мындай жайлоо болорбу! Төх, айлана көз жоосун алган гүлдөр. Чиркин, абасынын тазасын айт, шаркырап аккан көк кашка суунун тунуктугун айт!

II. Баш мүчөлөрдүн толук катышына же алардын биринин кемип калышына карата сүйлөм экиге бөлүнөт.

1. Бир тутумдуу сүйлөм.	Мында баш мүчөлөрдүн бирөө эле катышат.	Түн. Асман толо жылдыздар (атама сүйлөм). Эгинди богок байлаган маалында сугарууга болбойт.
2. Эки тутумдуу сүйлөм.	Баш мүчөлөр толук катышат. Кээде сүйлөмдүн ээси көмүскөдө калат.	Мен китептин кызыгына аябай *берилипмин*. Кечке чейин баш көтөрбөй *окуптурмун* (ээси–*мен*, көмүскөдө).

III. Айкындооч мүчөнүн катышышына жараша сүйлөм экиге бөлүнөт.

1. Жалаң сүйлөм.	Жалаң ээ менен баяндоочтон түзүлөт. Айкындооч катышпайт.	Күн көтөрүлдү. Кар эриди.
2. Жайылма сүйлөм.	Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн түзүлөт.	Күнгөйгө жайылган кой тез эттенет. Мен ат суутканды үйрөндүм.

1	2	3
IV. Сүйлөм мүчөлөрүнүн толук же кемип айтылышына байланыштуу сүйлөм экиге бөлүнөт.		
1. Толук сүйлөм.	Тиешелүү мүчөлөрү толук катышат.	– Сиз англисче эркин сүйлөй аласызбы? (толук сүйлөм).
2. Кемтик сүйлөм.	Бир же бир нече, кээде сүйлөм мүчөлөрүнүн баары кемип айтылат.	– Ооба (кемтик сүйлөм). – Кайдан окудунуз? (толук сүйлөм). – Бишкектен (кемтик сүйлөм).
V. Сүйлөм түзүлүшүнө карата экиге бөлүнөт.		
1. Жөнөкөй сүйлөм.	Бул бир гана сүйлөмдөн түзүлөт. Ал жалаң, жайылма, атама, кемтик, жай, суроолуу, буйрук, илептүү, жаксыз сүйлөм түрүндө кездешет.	Жаратылыш – бул Мекен. Токойлорду көздүн карегиндей сактоо керек.
2. Татаал сүйлөм.	Эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара тутумдашуусунан түзүлөт да, бир бүтүн ойду билдирет.	Жаз келди, көк чыкты. Айдоо талааларын суу андап кетпесин үчүн, дыйкандар жалпак арыктардын түбүн терендетип казышты.

Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн экөөнө тең таандык. Ошол себептен сүйлөмдүн кандай түрү менен бирге келсе, ошону менен чогуу-чаран: 1) кириндиси сөздүү сүйлөм, 2) каратма сөздүү сүйлөм, 3) сырдык сөздүү сүйлөм деп талданып кете берет.

14. «СӨЗ АЙКАШЫ» ТОПТОМУ

Сөз айкашы	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
Сөз айкашы	Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр маанилик жана грамматикалык жактан өз ара байланышса, сөз айкашы деп аталат.	Медер тоодон келди. Бул сүйлөмдө эки сөз айкашы бар: 1) Медер келди; 2) тоодон келди.
I. Сөз айкашы эки түгөйдөн турат. Алардын бири багынынкы түгөй, экинчиси багындыруучу түгөй болот.		
1. Багындыруучу түгөй. **2. Багынычтуу түгөй.**	Багынычтуу түгөйдү өзүнө баш ийдирет. Ал багындыруучу түгөйгө баш иет.	Ачык асман. Бул сөз айкашында багындыруучу түгөй – **асман.** Илимдин жаңылыгы. Бул сөз айкашында багынычтуу түгөй – **илимдин.**
II. Багындыруучу түгөйгө жараша сөз айкашы эки чоң топко бөлүнөт.		
1. Атоочтук сөз айкашы. **2. Этиштик сөз айкашы.**	Багындыруучу түгөй зат, сын, сан, ат атоочтордон жана тактооч сөздөрдөн болсо, атоочтук сөз айкашы деп аталат. Сөз айкашынын багындыруучу түгөйү этиш сөздөрдөн болот.	Алтын **ээр,** суудай **таза,** аталаштан **алтоо,** күлгөндүн **баары,** үндөн **ылдам.** Жети **өлчө,** бырс **күлдү,** музейге **барды,** ат менен **келүү,** самолеттон **түштү.**
III. Сөз айкаштары туруктуу жана эркин колдонулуштарына жараша экиге бөлүнөт.		
1. Туруктуу сөз айкашы.	Мындай сөз айкашынын түгөйлөрү туруктуу, алардын ойго келгендей өзгөртүүгө болбойт.	Тил эмизүү, узун жолду кыскартуу, тишинин кирин соруу, мурдун балта кеспейт, төбө чачы тик турду.

1	2	3
2. Эркин сөз айкашы.	Толук маанилүү сөздөрдөн курулат. Түгөйлөр эркин айкашат.	Чоң үй, ак алма, жарык үй, китеп оку, комуз черт, бийлеген кыз.
IV. Сөз айкашынын тутумундагы түгөйлөр бири-бири менен төрт түрлүү байланыш жасайт.		
1. Ээрчишүү.	Ээни баяндооч сан, жак, түр боюнча ээрчийт. Кээде түгөйлөр сан же жак боюнча ээрчишпейт. Багындыруучу түгөй – ээ, багындыруучу түгөй – баяндооч.	**Биз** атаандаштарыбызды **жеңдик.** Ээрчишүү – **биз жеңдик. Балдар** экскурсиядан **келди** (сан боюнча ээрчишкен жок). **Чалгың** үйдө **кальптыр** (жак боюнча ээрчишкен жок).
2. Башкаруу.	Багындыруучу түгөй багынычтуу сөздү барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде турушун шарттайт. Кээде жандооч сөздөр да башкаруу байланышын уюштурууга катышат.	Чокуга чыгышты, коёнду көрдү, Таласта болот, Бишкектен келдик, Ошко чейин кыдырдык, Суусамырга карай жөнөдүк, автобус менен бардык.
3. Ыкташуу.	Түгөйлөр бири-бири менен мааниси боюнча байланышат. Багынычтуу түгөй багындыруучу сөздөн мурда келет.	Алтын шакек, тигилүү кийим, ойногон бала, тез иштеди, шашып сүйлөйт, жетинчи класс, бир кылым.
4. Таандык байланыш.	Илик жөндөмөсүндө турган багынычтуу түгөй таандык мүчөлүү сөз менен байланышат. Кээде илик жөндөмөсүнүн мүчөсү (Аралдын эмес, Арал токою), кээде таандык мүчө (биздин мектеп, мектебибиз эмес) түшүп да айтыла берет.	Тоонун жели, ата-эненин сөзү, мектептин алмасы, манасчынын кеби, үйдүн ичи, биздин класс, айыл чөлкөмү, театрдын тепкичи.

15. «СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ» ТОПТОМУ

Сүйлөм мүчөлөрү	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
Сүйлөм мүчөлөрү	Сүйлөмдүн тутумунда турган сөздөр кандайдыр бир суроого жооп берсе, алар сүйлөм мүчөлөрү деп аталат.	Жамгыр себелеп жаады. Эмне? Жамгыр. Кантип? Себелеп. Эмне кылды? Жаады.

Сүйлөм мүчөлөрү экиге бөлүнөт. 1. Баш мүчөлөр (ээ, баяндооч) – сүйлөмдүн грамматикалык өзөгү. 2. Айкындооч мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) сүйлөмгө аныктык, тактык киргизет.

1. Ээ.	Сүйлөмдө туюндурулган мааниге ээлик кылат. Суроолору: **ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? канча? нече?** Ээге баяндооч да, башка сүйлөм мүчөлөрү да багынынкы абалда болот. Атооч жөндөмөсүндө турат.	Алиаскар үйгө келди. Ай сүттөй жарык. Жылдыздар жымындашат. Акыл – тозбогон тон, илим – түгөнбөгөн кен. Жүз экиге бөлүнөт. Кыбыраган кыр ашат *(макал)*.
2. Баяндооч.	Ал сүйлөмдө ээнин кыймыл-аракетин, ал-абалын, кимдигин, эмнелигин, кандайлыгын, канчалыгын билдирет. Суроолору: **эмне болду? кантти? эмне болуп жатат? эмне кылды? ким? эмне? канча? кандай?**	Мектепти карай кетти. Ондун жартысы – беш. Токтогул – кыргыз элинин улуу акыны. Класстын ичи таза.
3. Аныктооч.	Заттын сын-сыпатын, ар кандай белгисин, бир жакка таандык экендигин билдирет. Суроолору: **кандай? кайсы? канча? нече? канчанчы? кимдин? эмненин?**	Узун бойлуу, кара тору сулуучa аял кичи пейилдик менен сынар тизелеп, Сабыржандын бет мандайына отурду.
4. Толуктооч.	Кыймыл-аракет багытталган затты билдирет. Суроолору: **кимге? эмнеге? кимди? эмнени? кимде? эмнеде? кимден?**	Отун албаганга от жактырба *(макал)*. Мен силер менен иш тууралуу ангемелештим.

уландысы

1	2	3
	эмнеден? ким менен? эмне менен? ким жөнүндө? эмне жөнүндө? ким тууралуу? эмне тууралуу?	Айбанды өңүнөн таany, адамды сөзүнөн тааны *(макал)*.
5. Бышыктооч.	Бышыктооч сүйлөмдүн тутумундагы кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, ордун, мезгилин, себебин, максатын жана өлчөмүн билдирет. Суроолору: **кандай? кантип? кайда? кайдан? качан? качантан бери? эмне үчүн? эмнеликтен? эмне максат менен, канча?**	Эртен менен үйдөн чыгып, мектепке кечикпей жеттик.
Берген маанисине карай бышыктооч алтыга бөлүнөт.		
а) Сыпат бышыктооч.	Кыймыл-аракеттин сыпатын билдирет. Суроолору: **кандай? кантип? кандайча?**	Бермет орусча мыкты сүйлөдү.
б) Орун бышыктооч.	Кыймыл-аракеттин ордун, багытын билдирет. Суроолору: **кайда? кайдан? каякка? кайсы жерде?**	Чат-Базар айылында жаңы базар ачылды.
в) Мезгил бышыктооч.	Кыймыл-аракеттин мезгилин, болгон убактысын көрсөтөт. Суроолору: **качан? кайсы убакта? качантан бери?**	Бүгүн түштө чогулуш болот.
г) Себеп бышыктооч.	Кыймыл-аракеттин себебин билдирет. Суроолору: **эмне үчүн? эмнеликтен?**	Бала коркконунан унчуккан жок. Ал шашпагандыктан кечикти.
д) Максат бышыктооч.	Кыймыл-аракеттин максатын билдирет. Суроолору: **эмне үчүн? эмнеге? эмне максат менен?**	Айпери билим алуу максаты менен шаарга кетти.

1	2	3
е) Өлчөм бышыктооч.	Кыймыл-аракеттин сан-өлчөмүн билдирет. Суроолору: **канча? нечен-чи? канча ирет? нече жолу?**	Үйүнө үч ирет бардым. Картөшкөнү эки жолу чаптык.

16. «ТАТААЛ СҮЙЛӨМ» ТОПТОМУ

Сүйлөмдүн түрү	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
	Татаал сүйлөм өзгөчөлүктөрүнө карай эки чоң топко бөлүнөт: 1) ТБТС; 2) ББТС.	
I. **Тең байланыштагы татаал сүйлөм (ТБТС).** 1. **Байламтасыз ТБТС.**	ТБТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бирине багынбайт, өз ара тең укукта болот. ТБТСтин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара интонация аркылуу байланышат. Байламта керектелбейт.	Бүгүн адабий ийрим болду, ага баарыбыз катыштык. Катуу сөз–камчы, жылуу сөз–укурук *(макал)*. Жамгыр катуу төктү, биз шөмтүрөп суу болдук. Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жааган жок.
2. **Байламталуу ТБТС.** а) Бириктиргич байламталар.	Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр байламтанын жардамы менен байланышат. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү **да, жана, ары, жана да** байламталары жалгаштырат.	Асман ачык жана жылдыздар күндөгүдөн коюу.
б) Каршылагыч байламталар.	Жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырууга **бирок, бирок да, а, ал эми, ошондо да, анткени менен** деген өндүү байламталар катышат.	Уйлар жайыттан кеч келди, бирок ачка экен, капшыттары чыкпаптыр, кыязы, уйчуман байкуштарды сарайга камап койсо керек.
в) Себеп байламталар.	Жөнөкөй сүйлөмдөрдү **себеби, анткени, ошол себептүү, ошондуктан, неге десең** деген өндүү байламталар байланыштырат.	Быйыл түшүм мол болот, себеби эгин эки жолу кандыра сугарылды.

1	2	3
г) Божомолдогуч байламталар.	Жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырууга **же, же болбосо** деген байламталар катышат.	Эл үчүн башынды бай тигип эмгектенерсиң, же көптүн арасында, көчтүн карасында эптеп жан багарсың.
II. **Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм** (ББТС).	Баш жана багыныңкы сүйлөмдөн турса, ББТС деп аталат.	Механик келгенде, комбайн жүрдү. 1. **Комбайн жүрдү** – баш сүйлөм. 2. **Механик келгенде** – багыныңкы сүйлөм.
а) Баш сүйлөм.	Татаал сүйлөмдөгү ойдун негизин билдирет, ой-пикирди жыйынтыктайт.	Көз ачырбаган күчтүү бороон болгондуктан, **илгери жылуу баарыбызга кыйын болду.** **«Качан жүрөк кагышынан танганда,** Бир тартылып өтүп кетер элесиң» *(Мидин).*
б) Багыныңкы сүйлөм – БС.	Баш сүйлөмгө багынычтуу болгон жана анын түрдүү кырдаалын билдирген сүйлөм багыныңкы сүйлөм болот.	
Багыныңкы сүйлөм маанисине карай тогузга бөлүнөт.		
1. **Мезгил БС.** **БСтин** баяндоочуна **-ганда, -бай, -майынча, -майын, -ганы, -гыча, -арда** деген мүчөлөр, **же бери, кийин, соң, чейин, дейре, мурун, мурда, замат, менен** деген жандоочтор, же **учурда, убакта, кезде, мезгилде, маалда** деген сөздөр кошулуп айтылат.	Ал баш сүйлөмдүн мезгилин билдирет. Суроолору: **качан? качанга чейин? кайсы убакта? качантан бери? качанга дейре?**	Карышкыр чокуга чыга бергенде, капталдан оттоп келе жаткан койлор көрүндү. Эт казанга түшкөнчө, карыя жалгыз күүсүн алда канча чертип жиберди *(А. Токомбаев).*

1	2	3
2. Себеп БС. БСтин баяндоочуна **-гандыктан, -ган үчүн, -гандан соң** деген мүчөлөр жана жандоочтор уланат.	Ал баш сүйлөмдүн себебин билдирет. Суроолору: **эмнеликтен? эмне үчүн? эмне себептүү?**	Бороон катуу болгондуктан, алмалар күбүлүп түштү. Көпчүлүк батпай турган болгон соң, чогулуш сыртта өттү *(Т. Сыдыкбеков)*.
3. Максат БС. БСтин баяндоочуна **-оо, -өө, -уу, -үү, -ыш, -сын, -бас, -басын** мүчөлөрү уланып, аларга **катар, үчүн, деп** деген сөздөр кошулуп айтылат.	Баш сүйлөмдүн максатын билдирет. Суроолору: **эмне максат менен? эмне үчүн? эмнеге?**	Көчөттөр тез күч алсын үчүн, аларды үзгүлтүксүз сугарып турабыз. Алар туюп калбасын деп, эч кимге айтпадык.
4. Шарттуу БС. БСтин баяндоочуна -са (-сам, -сың, -са) -бай мүчөлөрү уланып, аларга **эгер, эгерде** деген байламталар кошулуп да, кошулбай да айтыла берет.	Баш сүйлөмдөгү ойдун шартын билдирет. Суроолору: **эмне болсо? эмне болбой?**	Жаман атты жакшы бакса, тулпар болот, жаман кушту жакшы бакса, шумкар болот *(макал)*. Жамгыр болбой, дан болбойт, тегирмен болбой, нан болбойт *(макал)*. Жаман айтпай, жакшы жок *(макал)*. Иштесе – тиштейт.
5. Каршы БС. БСтин баяндоочу **-са да, -са деле, -са дагы, -ган менен, -ганы менен, -ганы болбосо** өндүү формалар менен аяктайт.	Ал баш сүйлөмгө каршы мааниде айтылат. Суроолору: **эмне болсо да? эмне болгону менен? кантсе да?**	Күн чайыттай ачылса да, чыйрыктырган сыдырым жел согуп турду. Ашым калса да, ишим калбасын *(макал)*. Кеч кирип келатканы менен, күндүн аптабы али кайта элек *(Ч. Айтматов)*.

уландысы

1	2	3
6. Сыпат БС. БСтин баяндоочуна **-гансып, -багансып,** жана чакчыл **-ып** мүчөлөрү жалганат.	Ал баш сүйлөмдөгү ойдун сыпатын билдирет. Суроолору: **кантип? эмне болгонсуп?**	Зоолору күмүш кымкап кийгенсип, Алай тоолору асман мелжийт *(К. Жантөшев)*. Өңү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү *(Ч. Айтматов)*.
7. Салыштырма БС. БСтин баяндоочу **-дай, -ган сыяктуу, -гандан** бетер деген формалар менен аяктайт. БСке **кандай,** баш сүйлөмгө **ошондой** деген сөздөр да кошулуп айтылат.	Ал баш сүйлөмдөгү ойго салыштырылып айтылат. Суроолору: **кандай? эмне болгон сыяктуу? эмне болгондон бетер?**	Кар жаап тургандай, оттун учкуну жерге жалбырттап түшүп жатты. Алда кандай бир укмуш болуп жаткандай, айыл арасы ызычуу. Устат кандай болсо, устаттык да ошондой *(макал)*.
8. Өлчөм БС. БСке **канча, канчалык, баш сүйлөмгө ошончо, ошончолук** деген сөздөр кошулуп айтылат.	Ал баш сүйлөмдөгү ойдун сан-өлчөмүн билдирет.	Төө канча болсо, жүк ошончо *(макал)*. Канчалык мээнет кылсаң, ошончолук үзүрүн көрөсүң *(макал)*.
9. Орун БС. БСке **кайда, каерде, кайсы жерде, кайдан, баш сүйлөмгө ошол жерде, ошерде, ошерден** деген сөздөр уланат.	Баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун ордун билдирет.	Тартип кайда болсо, жеңиш да ошол жерде *(макал)*. Тентек каерде болсо, чантополоң ошол жерде. Токтогул ырчы кайсы жерде болсо, ыр менен күлкү ошол жерде болот.

1	2	3
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм. Бул татаал сүйлөм да экиге бөлүнөт. 1) Бир өңчөй багыныңкылуу ТС.	Татаал сүйлөмдүн тутумунда эки же андан ашык багыныңкы сүйлөмдөр болот. Алар баш сүйлөмдүн бир түрдүү же ар түрдүү кырдаалын билдирет. Баш сүйлөм менен бир нече багыныңкы сүйлөм бир түрдүү маанилик катышта байланышат.	**Зуура атты байлаганча, Чүкөбай эшик ачып, Тойчубек үйгө кирди** *(К. Баялинов)*. Мында эки багыныңкы, бир баш сүйлөм бар. **Анын өңү минут сайын кумсарып, эрди көгөрүп, бүткөн бою калтырап, суусуз чөлдөгү гүл сыяктуу сулуу беттин нуру өчүүдө** *(К. Жантөшев)*. Мында үч сыпат багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен байланышты.
2) Бир өңчөй эмес багыныңкылуу ТС.	Бир нече багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен ар кандай маанилик катышта байланышат.	**Кычан жакындап барганда, өрт чет жагынан тутанып, куураган беделер чатырап, кыпкызыл жалын асманга көтөрүлүп жаткан экен** *(Ш. Бейшеналиев)*. Мында баш сүйлөм, бир мезгил, эки сыпат багыныңкы сүйлөм байланыш жасады.
Аралаш татаал сүйлөм.	Мында тең байланыштагы жана багыныңкы татаал сүйлөм аралаша келет.	**Поезд өтүп кеткенден кийин, бир топко чейин станцияда эч жан жоктой байкалды, ээн тынчтык өкүм сүрдү** *(Ч. Айтматов)*.
Төл жана бөтөн сөз.	Өз сөзүбүздү төл сөз, башка бирөөнүн сөзүн бөтөн сөз дейбиз. Бөтөн сөз тике сөз, цитата деп да атала берет. Төл жана бөтөн сөз – татаал сүйлөмдүн ичинде өзүнчө түр. Ал диалог менен да туюндурулат.	**«Кыбыраган кыр ашат»,–деген Медербек.** Мында **«Кыбыраган кыр ашат»**–бөтөн сөз, **«деген Медербек»**– төл сөз. Төл жана бөтөн сөздүн ар бири өзүнчө сүйлөм болуп эсептелет.

уландысы

1	2	3
		– **Кыбыраган кыр ашат, – деди Медербек** (диалог түрүндө жазылды).
Кыйыр сөз.	Бул – өзгөчө түзүлүш. Төл сөз менен бөтөн сөз биригип кетет. Татаал сүйлөм жөнөкөй сүйлөмгө айланат.	**Кыбыраган кырды аша тургандыгын Медербек айтты** (жөнөкөй сүйлөм).
Чечме сүйлөм.	Негизги сүйлөмдүн маанисин чечмелеп айтылат.	**Быйыл киреше мол болот: жаз убагында келди, эгин-тегин өз учурунда айдалды, жаан-чачын көп болду, сугат өз маалында жүргүзүлдү.** Мында биринчи сүйлөм – негизги, калганы аны чечмелегендер.
Кыстырынды сүйлөм.	Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн ортосуна кыстырылып келет.	**Күн жаанчыл болгондуктан, түшүм мол болду** – ББТС. Муну эки түрдүү жол менен кыстырынды сүйлөмгө айландырууга болот. 1. **Түшүм, күн жаанчыл болгондуктан, мол болду.** 2. **Түшүм (күн жаанчыл болгондуктан) мол болду.**

17. «БАЙЛАНЫШТУУ КЕП» ТОПТОМУ

Темасы	Мазмуну
1	2
ТЕКСТ.	Маанилик жана мазмундук жактан ыраатту байланышкан, бир же бир нече, оболу, жүздөгөн сүйлөмдөрдөн түзүлгөн, кагаз бетине түшүрүлгөн маалыматтар. Ал адабий чыгарма, илимий эмгек, макала, документ,

1	2
1. Тексттин көлөмү.	доклад жана башка түрүндө болот. Текст абзацтардан, параграфтардан жана главалардан турат. Текст бир сүйлөмдөн да түзүлөт. М.: **«Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт»**–бул макал, бир сүйлөм, ошол эле учурда бир текст. Ал эми 2–3 сүйлөмдөн турган ишеним кат да, он чакты сүйлөмдү кучагына алган токтом да, 668 беттен турган «Келкел» романы да текст болуп эсептелет.
2. Тексттин мүнөздүү белгиси.	Текст камтыган маалыматтардагы байланыштуулук жана бүтүндүк.
3. Тексттин темасы.	Баяндоого, сүрөттөөгө жана изилдөөгө негиз болгон мазмун. Негизги ой. Ал текстте эмне жөнүндө сөз болуп жатканын билдирет. Текст кээде бир нече майда темалардан (микротема) да турат.
4. Абзац.	Чакан, сулп маалыматтын текст ичинде өзүнчө айырмалуу чагылдырылышы. Ал жол башына калтырылган кемтик менен белгиленет.
5. Тезис.	Илимий чыгармалардын, лекция, докладдардын негизги мазмунун чагылдыруучу түпкү пикир. Ал кыскача маалымат берүү максатын көздөйт жана жыйынтыктуу ойго ээ.
6. Конспект.	Жарыкка чыккан чыгарманын негизги оюн, көздөгөн максатын кыскача жазып алуу. Ал көркөм чыгарманын, лекциянын, докладдын жана илимий эмгектердин негизинде түзүлөт.
7. **Реферат** (латын сөзү, билдирүү, баяндоо деген мааниде).	Окуп чыккан илимий эмгектин, адабияттын негизинде жалпылоо менен жасалган кыскача баяндама.

Тексттин баары бир түрдүү окшош эмес. Өз ара айырмасы, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Ошого жараша тил илиминин аны тескеп, тастыктай турган тармагы – стилистика. Ал адабий тилдин стилин, тилдин каражаттарын, анын максатка жараша колдонулуш ыкмаларын изилдейт. Ал эми тилдин стили сөздөрдүн оозеки жана адабий тилдеги колдонулуш өзгөчөлүктөрүн иликтейт. Стиль экиге бөлүнөт: 1) оозеки сүйлөшүү стили, 2) жазма стиль.

уландысы

1	2
1. Оозеки сүйлөшүү стили.	Бул – өз ара пикир алышуулар. Ал кыскалыгы, суроо-жооп иретинде айтылгандыгы, сүйлөө интонация, мимика (ымдоо-жандоо), кыймыл менен коштолгондугу, айрым сөздөрдү көп кайталоого жол бергендиги, диалект сөздөрдү (М.: **асел, бытыра, мака, подвод** сыяктуу сөздөрдү) колдонгондугу менен айырмаланат.
2. Жазма стиль.	Бул – иш кагаздарынын, көркөм чыгармалардын, коомдук-саясий адабияттардын, илимий-техникалык эмгектердин, окуу куралдарынын, басма сөздүн тили. Ал адамдын ой-пикирин кагаз бетине түшүрүү жолу менен ишке ашырылат. Жазма стиль төрткө бөлүнөт.
а) Көркөм адабий стиль.	Турмуш чындыгы адамдын акыл-эсине көркөм сөз аркылуу чагылдырылат. Окурмандын ички сезимине таасир этүүчү жана толкундатуучу көркөм сөз каражаттары (салыштыруу, эпитет, метафора, метонимия, ирония, гипербола, литота), макал-лакаптар, сөз берметтери, учкул сөздөр өтө кенири колдонулат. Ал адабий чыгарманын бардык түрүн, лирикалык ырдан эпопеяга чейин кучагына камтыйт.
б) Илимий стиль.	Бул стиль илимий эмгектерди жазууда колдонулат. Ал ойду так, ырааттуу жыйынтыктуу берет. Ой жүгүртүү далилге таянат. Анда так эрежелер, формулалар, аныктамалар берилет. Илимий терминдер, байламталар жана киринди сөздөр арбын пайдаланылат. Бул стилге илимий эмгектер менен окуу китептеринин тили кирет.
в) Публицистикалык стиль.	Буга коомдук, саясий, маданий темадагы гезиттик-журналдык макалалардын, ар кандай мүнөздөгү кабарлардын, репортаж, очерк жана фельетондордун тили кирет. Бул стилде илимий жана көркөм адабий стилдин белгилери тогошо келет. Кээде ал официалдуу иш кагаздарынын стилине да жакындашып кетет. Ал жалпы элге арналат. Анда үндөө, үгүттөө, жайылтуу, кабарландыруу багыты басымдуу.

1	2
г) Расмий-иш-тиктүү стиль 1. Расмий иш кагаздары.	Бул стиль да тейлөө чөйрөсүнө карай экиге бөлүнөт. Буга мамлекет тарабынан кабыл алынган ар кандай, указ, программа, устав, мыйзам, токтом, келишим, жобо, билдирүүлөр ж.б. кирет.
2. Расмий эмес иш кагаздары.	Буга коомдук мекеме-уюмга, ишканага, ар кандай бирикмелерге жана жеке адамдарга тиешелүү иш кагаздары кирет, алар: акт, отчёт, кулактандыруу, токтом, арыз, ишеним кат, мүнөздөмө, өмүр баян, күбөлүк, маалымдама, рапорт, буйрук ж.б.

Байланыштуу кеп – бул айтылган, жазылган сөз. Ал байланыштуу сүйлөө менен байланыштуу жазууну кучагына алат. Мазмунду чагылдыруу, ой-пикирди байланыштыруу өзгөчөлүктөрүнө карата үчкө бөлүнөт: 1) баяндоо, 2) сүрөттөө, 3) ой жүгүртүү.

1. Баяндоо.	Мында кандайдыр бир болгон, боло турган жана болуп жаткан нерсе жөнүндө ырааттуу кабар берилет.
2. Сүрөттөө.	Кабарландырылган текст сүрөттөө менен шөкөттөлөт, б.а. заттын сыпаты, ар кандай белгилери көрсөтүлөт.
3. Ой жүгүртүү.	Мында тексттин мазмуну удаалаш байланышкан ой топторунан турат. Адегенде орчундуу маселе же максат белгиленет. Анан анын зарылдыгы жана мааниси мисалдар менен далилденет. Андан соң корутунду чыгарылат.

18. «АЙРЫМ ТҮШҮНҮКТӨР» ТОПТОМУ

Темалар	Түшүндүрмөсү
1	2
1. Фонетика (грекче phone – тыбыш).	Тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдеп, аны үйрөтө турган бөлүгү.

уландысы

1	2
2. Фонетиканын үч негизи.	1. Акустикалык негиз. 2. Анатомиялык-физиологиялык негиз. 3. Лингвистикалык негиз.
а) Фонетиканын акустикалык негизи.	Тыбыштын жаралышы үн жөнүндөгү илимге (акустикага) байланыштуу. Кептеги тыбыштар өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымынын сүйлөө органдарыбызга сүрүлүшүнөн пайда болот. Демек, үн –дирилдөөнүн толкуну.
б) Фонетиканын анатомиялык-физиологиялык негизи.	Кептеги тыбыштарды жасоого кекиртек, алкым, көмөкөй, ооз көңдөйү, тил, жумшак жана катуу таңдай, кичине тил, тиш, эрин, мурун, көңдөйү жана өпкө катышат. Булардын аракетин мээ, борбордук нерв системасы жөнгө салат.
в) Фонетиканын лингвистикалык негизи.	Тыбыш – маани менен байланышкан эң кичинекей бирдик экендиги.
3. Фонема.	Тилдин мааниге ээ болгон бөлүгүн түзүүчү жана алардын маани жагынан башка бөлүктөрдөн айырмалай турган эң кичинекей тыбыштык бирдик. М.: **бал–тал–кал–сал–жал–мал–чал** деген сөздөрдүн башында келген тыбыштар фонемалык касиетке ээ, алар ар бир сөздү мааниси боюнча айырмалап турат.
4. Морфология.	Грек сөзүнөн алынган. Грамматиканын тилдеги сөздөрдүн турпатын, түрлөрүн жана түзүлүшүн изилдөөчү бөлүмү. Ал сөздөрдү, сөз түркүмүн жана сөз мүчөлөрүн изилдейт.
5. Морфема.	Сөздүн маани берүүчү эң кичине бөлүгү. М.: **малчылардын** деген сөздө төрт морфема бар. 1) **мал** – зат, 2) **-чы** – куранды мүчө, 3) **-лар** – көптүктү билдирет, 4) **-дын** – таандыкты билдирген илик жөндөмөнүн мүчөсү.
6. Лексика.	Бир тилдеги сөздөрдүн жыйындысы.
7. Лексикография (грекче lexikos – сөзгө таандык деген мааниде).	Тил илиминин сөздүк түзүү практикасы жана теориясы жөнүндөгү бөлүгү.
8. Лексикология.	Тил илиминин лексиканы изилдөөчү бөлүгү.

1	2
9. Синтаксис (грекче suhtaxus–түзүлүү, тартип деген мааниде).	Сүйлөмдүн түрүн, түзүлүшүн жана анын тутумундагы сөздөрдүн байланышын изилдөөчү бөлүгү.
10. Грамматика (грекче grammatike – тамга жазуу деген мааниде).	Тил илиминин сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш жана өзгөрүш эрежелерин изилдөөчү бөлүгү. Ал өз ичине морфология менен синтаксисти камтыйт.
11. Лингвистика.	Тил жөнүндөгү илим.
12. Пунктуация (латынча punctum – чекит деген мааниде).	Тыныш белгилерди колдонуу эрежелеринин жыйындысы.
13. Орфоэпия (грекче orthos epos–туура сүйлөө деген мааниде).	Сөздөрдү адабий үлгүдө так жана туура сүйлөө эрежелеринин жыйындысы.
14. Орфография (грекче orthos grapha – туура жазуу деген мааниде).	Тилдеги жазуу эрежелеринин жыйындысы.
15. Интонация (латынча intoho – катуу айтат деген мааниде).	Сүйлөгөндө үндүн көтөрүңкү же басыңкы чыгып кубулушу.
16. Фразеология (грекче prasis – айтылган ой деген мааниде).	Тил илиминин бир тилдеги туруктуу сөз айкаштарынын катмарын изилдеген бөлүм.
17. Муун.	Сөздөгү ыргак менен айтылган бир же бир нече тыбыш. Муунду үндүү тыбыштар түзөт. Ал үчкө бөлүнөт. 1) ачык муун **(-а, -та, уу-луу, э-ле)**, 2) жабык муун **(ал, эр, ор)**, 3) туюк муун **(бор-кок, кой-лор-дун, мүм-күн)**. Муундун бул үч түрү сөздө аралаша келе берет. М.: **ар-гы-мак, ар** –жабык муун, **гы** –ачык муун, **мак**–туюк муун.

МАЗМУНУ

БЕТ АЧАР 3

VII класс

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ 5

§ 1. Фонетикалык талдоо 5
§ 2. Морфологиялык талдоо 8
§ 3. Синтиксистик талдоо 12
§ 4. «Сабат санжырасы» топтому 19
1. Энчилүү аттардын жазылышы 20
2. Тырмакчага алынган энчилүү аттардын жазылышы 21
3. Кош сөздөрдүн жазылышы 24
4. Киринди сөздөрдүн жазылышы 25
5. Сырдык сөздөрдүн жазылышы 25
6. Каратма сөздөрдүн жазылышы 26
7. Төл жана бөтөн сөздөрдүн жазылышы 28
8. Диалог сөздөрдүн жазылышы 30
9. Бир өңчөй мүчөлөрдүн жазылышы 32
10. Жалпылагыч сөз 35
11. Татаал сүйлөмдүн жазылышы 36
12. -кк, -гг, -дд, -тт, -мм, -сс, -пп тыбыштарынын пайда болушу 41
13. Айрым сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы 43
14. Созулма үндүүлөрдүн айтылышы жана жазылышы 45
15. я, ю, е, ё тамгаларынын жазылышы 45
16. Ташымалдоо 47
17. Ээ менен баяндоочтун ортосундагы сызыкча 48
18. Иреттик сан 49
19. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөнүн (ОТМ) жазылышы 49
§ 5. Жазып машыгуулар («Сабат санжырасы» топтому боюнча) 50
§ 6. Жат жазуу (Кемчонтойдун көчүрүп алгандарынан) 59

КЕП КУРЖУН 72

§ 7. «Макал» топтому 73
§ 8. «Санат сөз» топтому 77
§ 9. «Сөз берметтери» топтому 80
§ 10. «Мээр сөз» топтому 84
§ 11. «Санжыргалуу казына» топтому 88
§ 12. «Тил кутучасы» топтому 91
§ 13. «Илхам кеп» топтому 96
§ 14. Дилбаян 98
§ 15. Татаал сүйлөм 109
§ 16. Тең байланыштагы татаал сүйлөм – ТБТС 111
§ 17. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм – ББТС 114
§ 18. Синтаксистик талдоо 125

VIII класс

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ 133

§ 19. Фонетикалык талдоо 133
§ 20. Морфологиялык талдоо 137

§ 21. Синтаксистик талдоо 141
§ 22. «Сабат санжырасы» топтому 148
20. ь, ъ белгилеринин жазылышы 154
§ 23. Кемчонтойдун көчүрүп алгандарынан 157
§ 24. Стилистика 162

КЕП КУРЖУН **174**

§ 25. «Макал» топтому 174
§ 26. «Санат сөз» топтому 178
§ 27. «Сөз бермети» топтому 180
§ 28. «Мээр сөз» топтомунан 184
§ 29. «Санжыргалуу казына» топтому 187
§ 30. «Тил кутучасы» топтому 189
§ 31. «Илхам кеп» топтому 193
§ 32. Дилбаян 195
§ 33. «Сабат санжырасы» топтому боюнча маектер 205
§ 34. Кемчонтойдун көчүрүп алгандарынан 211

IX класс

§ 35. «Сабат санжырасы» топтому 218
22. Чакчыл түрмөктүн жазылышы 221
23. Айрым сөздөрдүн үтүр менен жазылышы 222
24. Кыстырынды сөз менен кыстырынды сүйлөмдүн жазылышы 223
25. Чекиттин коюлушу 224
§ 36. Кемчонтойдун көчүрүп алгандарынан 225

КЕП КУРЖУН **231**

§ 37. «Макал» топтому 231
§ 38. «Санат сөз» топтому 235
§ 39. «Сөз бермети» топтому 237
§ 40. «Мээр сөз» топтомунан 242
§ 41. «Санжыргалуу казына» топтому 245
§ 42. «Тил кутучасы» топтому 248
§ 43. «Илхам кеп» топтому 252
§ 44. «Чечендик жана сын сөз» топтому 255

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ

§ 45. Фонетикалык талдоо 264
§ 46. Морфологиялык талдоо 269
§ 47. Синтаксистик талдоо 274
§ 48. «Сабат санжырасы» топтому 284
§ 49. Дилбаян 295

СЕРЕКТИН СЫР САНДЫГЫ (VII–IX класстар үчүн) 305

Окуу басылмасы

ИСАКОВ БЕКТУР

КЫРГЫЗ ТИЛИ

VII–IX класстары үчүн окуу китеби

Толукталып, экинчи басылышы

Редактору *С. Төлөгөнова, С. Дуулатова*
Көркөм редактору *С. Иманкулов*
Компьютердик калып жана дизайн *У. Дуулатова*
Корректору *Ч. Исакова, Н. Эсенаманова*
Техникалык редактору *М. Курбанбаева*

Басууга 24.03. 2012-ж. кол коюлду.
Форматы 60X90$^{1}/_{16}$. Офсет кагазы № 1. «Мектеп» ариби.
Көлөмү 22,0 накта басма табак. Нускасы 54000. Заказдын № 5/09

«Билим-компьютер» басмасы
720065, Бишкек ш., Чыгыш-5 кичи району, 14/2, 3

«Принт Экспресс» басма-полиграфиялык комплексинде басылды.
Бишкек шаары, Куренкеев көчөсү, 89.
Тел.: +996 550 242040, +996 556 910-720